Скырм
Б-85

Маматибраим
**БОСТОНКУЛОВ**



# МЕЗГИЛ САПАРЫ

Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

25000

17.02.10 – 173

С Кыргыз
Б 85

Маматибраим
Бостонкулов

# МЕЗГИЛ САПАРЫ

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ №...469755.........

Бишкек 2005

ОТДЕЛ ГОРОДСКОГО АБОНЕМЕНТА

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
Б 85

Китеп «Полиграфбумресурсы» фирмасынын төрагасы
Төрөкулов Көчкөнбайдын демөөрчүлүгү
менен жарык көрдү.

Бостонкулов Мамаибраим
Б – 85 Мезгил сапары: Повесттер жана аңгемелер. – Б., 2005.
- 176.

ISBN – 9967-22-729-х

Бостонкулов Маматибраимдин «Мезгил сапары» аттуу повесттер жана аңгемелер жыйнагы анын өмүр тажрыйбасынан топтолгон. Ал жыйырма беш жыл эл агартуу тармагында иштеп, миңдеген улан-кыздарга тарбия берген. Эки жүздөн ашык обондуу ырлардын автору, композитор.

Бул жыйнакта мекен, эл-жер, сүйүү, достук темасы басымдуулук кылат. «Мезгил сапары» жыйнагы аркылуу агайдын тарбиясы дагы уланмакчы.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

Б 4702300100-05
ISBN 9967-22-729-Х

УДК 82/821
ББК 84 Ки 7-4
@ Бостонкулов М., 2005

# КАН ТАМГАН ТЕРЛЕР

Тээ чокулары асман тиреп, жаратылыштын көркүнө көрк кошуп, тизилип турган аска-зоолор. Биринен-бири "Мен бийикмин. Мени карагылачы", дегендей бой керет. Башынан ак мөңгү кетпеген, саратандын деминин эпкини да жакындашып койбогон зоолордун учунда апакай кебездей болуп учуп жүргөн ак булуттар сызылышат. Андан төмөн көздөй мөңгүнүн ээриген суулары менен кошо, булактын мөлтүр суусу биригип алып, буркан-шаркан агып жаткан, кылымдардан бери адамдар менен кошо болуп, алардын суусап жаткан талааларын сугарып, курсактарын ачыра койбой балыгы менен багып келген Нарын дайрасы. Жээктен-жээке урунуп, күч алып турган Буура өңдөнгөн, атырыла агып, көбүктөнө айлампаларды тартуулап кылымдарды карытып келген бул дайранын эки тарабына жердеп жашап келишкен адамдар. Бул дайра көптөгөн чакырым агып келип, жетеленген агымы менен Токтогул өрөөнүн аралай, Таш-Көмүрдү бөлүп өтүп түз жерге түшөт да, андан ары Сыр-Дарыяга барып кошулат.

Ошол Нарын дайрасына келип куйган кичине агын суулардын ичинен адамдарды жээгине батырып келген, суусу менен камсыз кылып жашоо улатып турган Эш-Сай. Нарын дайрасынын аркы бетинде Беке чал суусу. Эш-Сай суусун жээктей жашап келген адамдар эрте жазда буудай эгишип, жапайы алма, өрүк, жүзүм, мисте, жаңактарды чогултушуп, кышкыга камылга түзүп алышат. Мергенчилери ууга чыгышып, кайберендердин, кекилик, чилдердин эттери менен айылын тоюнтуп келишет.

Согуш башталганына бир жыл болбой бир тууган агасына чакыруу кагаз келип, салаалаган көз жаштын акканы токтобой, кайгы менен жөнөтүшкөн. Эми атасы Айткулга да чакыруу кагаз келип, ал да согушка даярдана баштады. Көзүнөн жашы кылгырып турса дагы балдарына билдирбеске аракет кыла Кынабүү эне кайраттангансыйт.

- Барсаң балаңды сураштырганча жүрчү? Мүмкүн жолугуп калаарсыңар. Чогуу болуп калсаңар караганча жүр. Өзү тыкан бол-

гону менен оорукчан экенин жакшы билесиң, – жасап жаткан ишин токтото ойлонуп туруп калды.

- Көп кайгыра бербе байбиче. Кудай аманчылык берсе, эл катары барып кайра келебиз. Андан көрө балдарыңдын алдында өзүңдү кармап, кайратыңдан жазбай тың болгонго аракет жаса. Сатыш дагы чоңоюп калды, кол арага жарап берет.

- Кагылайын Сатышым. Бели ката элек болсо да оор жу-мушка карабастан аракет кылып, кол-арага жарап бара жатат. Ал дагы агасына окшоп тың. – Атасынан алыс кетпей айланчыктап турган баласына карап, – Сатыш короодон улак алып чыкчы. Союп туруп айыл-апаны чакырып коелу. Агаң менен атаңдын бул каргашалуу согуштан эсен-аман келишине жакшы тилек болсун.

- Кара улакты эле соелучу? – апасына жалдырай тиктеп Сатыш короону көздөй басты.

- Мейли балам. Ошол кара улакты эле соелу. Кагылайын Сатышым ак улак меники деп энчилеп жүрбөйбү. Кайда барса да өзүнө чакырып, ээрчитип да алат. Анысы да энесинин маараганына карабай Сатышты ээрчип кетип калат, байкушум. Кой! Омээй бо-том, мынча сүйлөнүп туруп калгамын. Казан аякка киришейин. Отунду?… - Айткулга муңдуу карап, аны аягандай, - жок өзүм эле баарын алып келем. Сен эс алып олтуруп турчу, - деп отун жыйылган текче жакка жөнөдү.

- Жок, Кынабүү! Сен убара болбой эле кой. Отунду тез эле өзүм алып келе коем. Сен андан көрө казан аягыңды даярдап тур. Оо-ой Сатыш! Улакты алкы жерге байлап туруп, ичкеридеги менин союш сое турган бычагымды алып чыкчы.

- Азыр! – улакты үйдүн бурчундагы тирелип турган жыгачка чалма салып байлай койду да, дыр коюп үйгө кирип кетти.

Кеч да кирип бараткан эле. Талаага айдалган малдар короолорго кайтып келишип, ар ким өзүлөрүнүн тиргилиги менен алек. Айткулдун согушка кетип жатканын баары качан эле угушуп алышкан. Короолорго малдарын киргизишкенче Айткулдун үйү таранка кылчактап карап коюшат. Айткулдун үйүнүн жамбашына тыкан кылып жасалган очокто улактын эти боркулдап кайноодо.

- Сатыш, о-ов! О-о Сатыш!

- Эмне, ата!

- Элдерди чакырып келе гойчу? Эч ким калбасын. Бала-чакалары менен чогуу келишсин деди де?

- Маакул! – ушуну эле күтүп тургандай Сатыш ар үйгө баш бага элдерди чакырып жүрдү. Ууртунда күлкүсү жок, тээ алыста



согушта жүргөн агасын эстей, ойлуу. "Кантип согушуп жүрөт болду экен? Фашисттерди талкалап жатты бекен? Канча фашистти өлтүрдү экен?" – дегендей суроолор кыялынан чыкпай келет. Эгер жашы жеткенде атасы менен чогуу согушка барып, фашисттерди талкалап келгенге жардам бермекмин дегендей кыялданат. "Алар кандай адамдар болушту экен? Алардын жакшы көрүү сезими, биздикиндей эле жүрөгү болду бекен? Эгер болгон болсо, эмнеге кыргын салып, тынч турган элге кол салып келишет? Гитлер деген ким өзү? Аяба-ай каардуу киши дешет го? Чоң киши болгонумда, күчүмдү топтоп алып, мылтык менен Гитлерди атып келмекмин." Балалык кыял менен аралашканча чуркап жүрүп элдердин баарын чакырганга үлгүрдү.

- Ке-ел балам! Бул, сен кимдин баласы элең ия?! – көзү көрбөй, кулагы да укпай калган сексендердеги Абды чал үн катты.

- Мен, Сатыш, Айткулдун баласымын!

- Аа?! Кимдин?! Асандын дейсиңби? Кайсыл Асандын баласысың?!

- Жо-ок! Айткулдун, Айт-ку-ул-дуун! – чалдын кулагына жакындап, такай кыйкырып калды.

- Ээ ботом, Айткулдун баласы турбайсыңбы, кагылайн десе. Атаң, апаң аман турушабы? Мен эми эч жакка чыга албай, аларды дагы көптөн бери көрө да албай калдым көрүнөт. Өткөндө атаң атайы мени көргөнү келиптир, айланайын десе. Ыраазы болдум. Тапканын тамак кылып жасап кошо ала келиптир. Эшимдин суусунун боюнда өскөн картошкодон бышыра келген экен, жумшак көрүп абдан жеп да алдым. Кемпиримдин өлгөнүнө көп болуп калды балам. Суранчыга келин болгон кызым келип кабар алып турат. Эмне үйүңөргө чакырып жатасыңар? Же агаңдан кабар барбы? Кагаз жазып турабы ия?

- Ооба! Жакында кабар келди. Каты келген. "Москванын алдында Волоколомск шоссесинде катуу салгылашууда болдум. Кичине убакыт таап, согушуп жаткан жеримден эле жазып жатам" дейт.

- А-а, балам. Мен кайдан угайын. Иши кылып аман бекен? Бизге ошонусу эле керек. – "Ооба" дегендей Сатыш башын ийкеди. – Мен силердин үйүңөргө барбасам болбойт балам. Айткул мен ардактаган кишилердин бири. Апаң да асыл адам. Сатыш, тиги бурчта менин таягым турабы? Мага берип койчу? Менин жардамчым ошол болуп калды. Жолумду да таап берген ушул таяк. Көзүм да, кулагым да ушул таяк.

Абды чалды жетектей кармап Сатыш үйүнө кирди.

Төрдө жыйылган төшөнчүлөр. Үйдү айланта жерге салынган төшөк. Ортосунда дасторконго боорсок менен нандар коюлган. Кеселерге салынып куюлган каймак-майлар. Кичинекей эки кеседе толо майдын чөбөгөсү. Дасторкондун бурчунда Кынабүү апа дайыма кастарлап жасап элдин оозунда калган таруу бозо. Жыгач челекте мелт-калт болуп куюлуп турат. Чакырылган коноктор акырын агылып келе башташты.

- Ассалоому алейкуум! Кандай амансыңарбы? Чакырган экенсиңер?

- Ооба, ооба келиңиздер?! Төргө өтүңүздөр! – келген меймандарды орундарга жайгаштырганча, - нандан алганча олтуруңуздар, - деп Сатыш нандан сындырып алдыларына узатып жатты.

- Оо кагылайын десе. Бул Айткулдун баласы деле кол-арага жарап калган тура. Чоң кишидей болуп, адамдарды кабыл алганча кызмат кылып жатканын карачы. Агасы дагы ушундай өзүнө тыкан бала эле.

- Ошону айтсаң, байбиче. Ал дагы боорукер жакшы бала эле. Оюндагыны айттырбай билген, сезимтал болчуу. Өзүнүн үйүнөн башка, кошуна-колоңдордун үйүнө да жардам берип, жаңы салган үйлөрдүн ылайларынын гүбаласине элпектик кылып эле айттырбай жардам берип турчуу, - чачтары агарып калган жетимиштерден ашып калган кемпирдин сөзүн улап Бегиш чал сүйлөп жатты. - Бир жолу катуу жамгыр жаап, кой, эчкилерим тээ тоодо калып калса болобу. Барып айдап келгенге чамам жок олтурганымда, кудай жалгап Тагай үйүмүн жанынан өтүп калбадыбы. "Э ава, эмне эле тоонун башын карап олтуруп калгансыз? Суу да болуп калыпсыз. Жок жоготтунузбу?" - деп сурап калды. Мен малдарымдын тоодо калып калганын айтсам эле, "Азыр ава, мен…" – деген боюнча, "Кой чыгып кетсе болобу. "Ай, ай, бекер эле айттым. Эми караңгыда эмне болот" деген боюнча кайгырып олтуруп калдым. Жамгыр болсо челектеп төгүп да кирген. Кокту-колоттордон кыяндар жүрүп, коркунуч да туула баштады. Айлана көрүнбөй караңгылык тарта баштаган убакта "ма-а-а!" деген эчкилердин үнү жакындап келип калды. "Э, кудайга шүгүр!" деп, айдап келип калган Тагайга жалынып-жалбарып ыраазычылыгымды айта эчки, койлорду чарк арга айдап киргиздим.

- Шорпо келди. Кана, шорпого караңыздар. Кынабүү жыгач кашыктан берип койчу?! – Айткул байбичесине карап муңайыңкы



үн салды. Шорпо менен кошо эт да бөлүштүрүлүп, жетишинче олтургандарга тартылды. Өткөндөрдү эске салышып, кичинекей бир айылдын адамдары Айткулдун үйүндө көнкө чейин олтурушту. Айткулдун эки көзү олтурган адамдарда. Согушка атганып кеткенден кийин кайрадан келбей, ушуларды көрбөй кала тургандай көңүл коюп, алардын сөздөрүнө кунт коe тыңшап карап турду. Кыялында чаалардын сөздөрүнө кунт коe тыңшап карап турду.

Чокчо сакалы бар, дайыма жылмайып жүрүп, кайгы эмне экенин билбеген атасы менен балпайган жоон-жолпу, салмактуу сүйлөп, баркы менен элге жаккан энесинин элесин көз алдынан өткөрөт. "Жакшы барып кел, балам. Элиң үчүн тынчтыкты орнотуп, кол салган душмандарыңды жеңип кел" дегендей. "Арбагыңар колдоп жүрсө болду, кагылайын атам менен апам" деп ичинен сүйлөнө олтургандарды тегеретe карап алды.

* * *

Нарын дайрасын бойлоп жардын кыргактарына чейин тиреле салынган үйлөр. Көмүр кенинин шаарчасы. Көмүр кен казылганына байланыштуу авасы да ис жыттанып, үйлөрдүн шыптары да көмүрдүн күкүмүнө толуп, кара-тору шаар болуп калгандай. Атарaба менен кыйма-чийме келип жатышкан адамдар. Шаар аралап өткөн поезд жолду аралай, көзүнөн жашын аарчыганча мурдун шыр тартып бала келе жатат. "Согушка кетти" деген суук сөздү кулагы уккусу жок. Эми эле күн батышты көздөй поезд менен кеткен атасынын артынан кыйлага чейин "аталап" чуркап олтуруп, акыры чарчаганда кайра артка кайткан эле. Былтыры агасы согушка кеткенде тоодо болуп калып жөнөтүүгө катыша албай калган. "Балаам, энеңди кара! Жакшы болуп жүр! Мен кайрылып келе-е-ем…!" Тездеп жүрүп бара жаткан поезддин үнү менен Айткулдун кийинки сөздөрү угулбай алыстап кетти. Кош сызыктай көрүнгөн релстин үстү менен сызып жөнөгөн поезд Нарын дайрасынын үстүнөн өттү да Андижан тарапты карай чиркелген вагондорун жетелей кирип, кыйладан кийин көрүнбөй калды. Атасы кетээрдеги "Малды жакшылап карагыла балам. Апаңа жардам бер, аял киши го. Кыйналып калбасын. Германды жеңип келебиз. Сөзсүз жеңебиз!" деген сөздөрү кулагында жаңырып турду. Илең-салаң басып үйүнө келе жаткан Сатыш Эш-Сайдын оозуна жакындай бергенде жалгыз эле тамтаңдап араң баскан эшектин коделегине кезикти. Атасы экөө келе жатышканда туулган бул коделекти көрүшкөн эле. "Кайтка-

нында ада кет балам. Чоңойсо бир керегинерге жарап калат. Бул жакшы жөрөлгө болот. Кудай буюрса элибизде тынчтык боло турган күн да жакын экен." – деген атасынын сөзүн эстеп, коделекти жөлөп-таяп жетелеп алып үйүнө ала кетти.

- Ассалоому алейкум! – атын желпилдете бастырып жогорудан Сатышка жете келген Тыныбек ууру салам айтып калды.

- Ва-алейкума салам! – Сатыш колун берип учурашып алик алды.

- Сага эмне болду Сатыш? Көздөрүн да кызарып калыптыр. Кайгырып тургандайсың? Бир жериң ооруп турабы?

- Жо-ок ооруганым деле жок. – Көзүнө жаш ала, - Атамы согушка жөнөтүп келе жатам.

- Аа. Ошол жактан келе жатам де? Кой балам ыйлаба. Кайрат кыл! Сен жигитсиң да. Көп ыйлай берген болбойт. Кайрат кылып, атаңдын аман келишин кудайдан тиле.

Сатышка кайрат айтканы менен Тыныбек ууру да жакын тууганынын согушка кетип калганын, аны менен коштошо албай калганына ичи ачышып калды. Булар жакын эле бир уруунун балдары болушат. Жакшылык-жамандыкта бирге болушуп, бири-бирин урматташып турушкан адамдардан болушкан.

Тыныбай ууру деп коюшат. Өзү шыңга бойлуу, кырдач мурун, ак жүздүү. Муруту келбетине жарашып турган сулуу адам. Жашы кырктарга чыгып калган. Чачтарын ак аралап калса да, ошол чачы өңүнө көрк кошуп тургандай. Колунан көөрү төгүлгөн устачылыгы бар. Жыгачтан кесе, кашык, ээр жасай билген, терилерди ийлеп, андан маасы, өтүктөрдү тигип ошол айылдагы белгилүү адамдардын бири. Бирок анын кол туткактык жагы да бар. Башка айылдарга чаап барып, алардын мал-жандыктарын уурдай качып, түнү менен алып келип союп салчуу. Ошол сойгон малдын эттеринен колунда жокторго берип, алардын ыраазычылыгын алчуу. "Бул мынча этти кайдан алып жатат?" деген суроо туулар эле элден. "Кыңыр иш кырк жылдан кийин билинет" дегендей анын кылган уурулугу кийин жарыкка чыгып олтурбайбы. Үч-Коргон тарапка барып, арпа, буудай, ун уурдап келип өзүнөн ашканын ачка турушкан элдерге таратып берүүчү. "Кызык эле адам. Өзү ууру болсо. Ошончо мээнет кылып алыстан уурдап келип, анан алып келген нерсесин элдерге берип жибергени эмнеси? Өзү эле тапканын жеп жата бербейби? Айтор Тыныбек ууруга түшүнүп болбойт." – дешип калышат. Кээде туруп анын бул кылганына ыраазы болуп коюшат. Айла канча, заман оор калат экенсиң дешип адамдар шыпшынып калышат.



Атын тездетип бастыра Сатыштан алыстай, айылга баруучу жолдон атын башка жакка буруп дөңсөөдөн ашып кетти.

Коделекти жөлөп-таяп алдына айдап алган Сатыш түш оой үйүнө жетти. Эргилчектин жанына келип үйүнүн айланасына бир сыйра көз жүгүртүп өттү. Тигинде атасы өз колу менен курган үй. Анын катарында чаркар (малкана). Үстүндө былтыркыдан калган чөп жыйылып турат. Чаркардын кире беришинде атасы атайлап жасап берген чана турат. "Эмнеге сыртка чыгып калган. Али кыш жокко." – деп ойлонуп туруп калды.

- Ээ Сатыш, келдиңби балам? Атаңы жөнөтүп келдиңби? – апасынын үнүн угуп селт дей түштү.

- Ооба апа, уу-уу… - Сатыш чыдай албай ыйлап жиберди.

- Болду балам ыйлаба. Сени кайраттуу бала десе? – өзү ыйлаганы араң турса да көзүндөгү жашты Сатышка билдирбегенге аракет кыла Кынабүү апа баласынын башынан сылай эркелеткенсиди.

- Мен да барам дедим. Командирлер болбой койбодубу. Мен да атамдай, Тагай акемдей болуп фашисттер менен салгылашып келет элем. Жок дегенде, уйкум аздыгын билесиз го, апа? – апасына карап, - түнкү разветкага чыгып, алардын кайсыл жерде, эмне кылып жаткандыгын билип берет элем.

Баласынын балалык кыял менен атасынын кеткенине, агасынын эрдигине суктанып сүйлөп жатканына ыраазы боло, бетинебетин кое олтуруп калды.

- Сен жашсың балам. Согушка чоң адамдарды алышат. Карасаң? Айылда жалаң эле сага окшогон жаш балдар эле калышты.

- Жок апа! Тигил Сагындын мендей эле баласы кетти го?

- Ал сенден кыйла эле улуу экенин билбейсиңби? Бою эле кыска болгону болбосо… Коделекти кайдан таап алдың? Ээси жок бекен?

- Эштин оозунда туруптур. Бара жатканыбызда турган эле. Атам кайра келе жатканыңда ала кет. Силерге чоңойсо ишинерге жарап калат деди.

- Курсагың да ачкандыр, коделегиңди чаркарга киргизип коюп, үйдө жарма бар, кирип нан менен кошо жарманы ичип курсагыңды тойгозуп ал.

* * *

Эш-Сайды бойлоп өскөн чычырканактар быйыл мөмө ала турган убагы болгудай болуп абдан гүлдөгөн эле. Негедир сууктун анча кетпей, жамгырдын тынбай жаап турганына байланыштуу, гүлдөрдү суук алып койгон белем, мөмөлөр анча байлабай калып-

тыр. Мурунку ушул убакта мөмөлөрдүн алдын теришип, анча-мынча курсактарын тойгозууга жарашып жатышкан эл, быйыл ал жемиштер жок кандай болоор экен дегендей ойдо калышат. Эркектердин согушка жарамдуулары согуш майданына аттанып кете беришип, айылда колго жарамдуу адамдар калбагандай. 10-12 жаштагы балдар гана аталары менен агаларынын кызматын кылууга аракет кылып келишүүдө. Көбүнчө аялдар, жаш балдарын аяшып, оор жумушту өзүлөрү аткарышып келишет. Согушка барууга чакыруу кагаз келбей "жакында кетсек керек" дешип ойлонуп даярдана жүрүшкөн мергенчи Рысбек менен Жаркынбай бектин баласы Суранчы гана калышкан. Мергенчи Рысбек узун бойлуу, кең далылуу келген, көзү көк, мурду кырдач келген, муруту бар, ак жуумал келген киши. Жашынан бери тоо-таш аралап, көп күндөр боюу түнөп жүрүп, талаадан, тоолордон кийик, теке жана башка кайберендерди атып келип, айылдагы адамдарга алып келген кайберендин эттеринен бөлүп берип турган.

Бүгүн да үч күндөн бери тоолорду аралап жүрүп, жолунан болуп атып келген кайберендин эти менен, кекилик, коендун эттерин үйүнө алып келди да, чоң баласы Арстакени айылды аралата чакырганга чуркатты. Көп өтпөстөн эле жогору тараптан Абды чал, андан кийин Сайкал эне, Шекер эне, Сатыштын апасы баласын ээрчите келишип, анын артынан уккан коңшулары келе башташты.

- Кагылайын Рысбек балам! Сен согушка кетип калсаң бизге кыйын болуп калат го? Сени военкомдон сураныпэле калсак бейм. Уурдаса да пайдасы тийип турган Тыныбек уурунун да согушка кеткенине алты ай болуп калды, - Сайкал эне ыраазы болгондой үн катты.

- Ошону айтсаң ботом! Рысбек тоого кетти дегенден баштап эле, "качан келет болду экен" деп эле тоо тарапты карай бере турган болдук. Тоо-таштан учуп кетпей аман келгендей эле деп тилегенибиз эле сен, кагылайын балам. Арстакең да жумушка жарай турган болуп чоңоюп бара жатат. Ал да жакын арада сенин ордуңду басып ишке жарап калат го. Орункулуң менен Айшакүлүң али кичине. Айшакүлүң да жоош момун кыз болуп келе жатат, кагылайын десе, - колуна жыгач кесени кармап алып эшиктен кирип келген Жыпар эже сөзгө аралашты.

- Кел Кынабүү, тартынбай эле кире бер! Сатыш дагы келдиби? Азыр эттерди жиликтеп союп жиберсек, анан бөлүштүрүп бере салабыз. Баардыгыңыздарга жетип ашат го. Кадыйча, Кынабүүнүн кесесин колунан алчы. Менин жаныма коюп кой! – Рысбек аялына



үн катты. Баарына теңдештирип бөлүп берүүгө аракет кылып эттерди курч бычак менен бөлүп кирди.

- Ээ Кынабүү! Айткул менен Тагайдан кабар барбы ия?! – Тиги бурчта баятан бери унчукпай олтурган Шекер эне сөзгө кошулду, - өткөндө эле Айткулдан кат келди дедиң эле. Эмне жаңылыктар болуп жатыптыр, айтканча олтурчу? Тагайга жолугуптурбу деги?

- Ооба өткөндө Тагайдан кат келген. Анча деле жаңылыктарды жазбаптыр. Атасына жолуга албай жатам дейт. Анысы эмне экенин билбейим, экинчи Украина фронтуна кошулдум дептир. Шаардын атын жазбаптыр, бир шаардын жанында катуу салгылашууда болуп чыктык дейт. Ар бир кадам үчүн согушууга туура келип жатат, кулактарында октор ышкырып өтүп, өлүм гана көзүнө элестеп тургандай, кээде туруп "Кош Ала-Тоо! Кош Ата-Журт! Кош апаке!" деп алып согушка сүңгүп кирип кетесиң, аман калганыма кудаага шүгүр деп, катарындагы жоокерлердин курман болгондорун көрүп үрөйүң уча, андан ары согушууга аттанасың дейт.

- Бу Китлир деген (Гитлер дегени) кандай киши болду экен ия? – ачуусун көзүнө чыгара, кызарган бети андан бетер кызара түшүп Кадыйча сөз улады, - Аны бизге окшогон эле эне төрөдү бекен ботом? Же, төрөлсө дагы эне мээримин көрбөгөн бир макулук болсо керек.

- Ээ Кадыйча! – деди колун шилтей Рысбек, - аларды фашист деп бекеринен айткан эмес да. Алардын боору таш болушат. Аны силердей эле эне төрөгөн. "Беш кол барабар болбойт" дегендей, балдарыңдын ичинен бири акылдуу болсо, бири жинди чалыш болуп калат тура. Ошолордун ичинен бир кара мүртөз, арамза, жашоонун карама-каршылык гана тарабын ээлеген адамдан болуп калат тура.

- Туура айтасың балам! – Рысбек баятан бери теңдеп бөлүштүрүп жаткан эттерге көңүлүн буруп олтурган Абды чал үн катты.

- Кана эмесе туугандар, алып келген идишиңерди бергиле?! Келиңиз аксакал, мына бул бөлүгү сиздики. Бул жагы Кынабүүгө караштуу. сайкал эне, алдыңыздакы турган бөлүгүн ала бериңиз. Шекер энеге жумшагыраак коен менен кекиликтин этинен узаткыла, бул жакка бөлүп койдум. Калгандарына бул жактагы бөлүктөрүн тарткыла!

Рысбек менен Кадыйча болгон эттердин бөлүкчөлөрүн келгендерге теңдеп бөлүп беришти.

- Ай Арстаке!
- Ов! Ата эмне дейсиз?

- Тиги бейиттин жогору жагына барбай калдыңбы? Гүлай эже жокко?

- Бардым. Үйү ачык эле турат, бирок эч кимиси көрүнбөдү.

- Анда мына бул бөлүгүн үйүнө алып барып бер. Маакулбу?!

- Азыр алып барып берем, - колуна учтай кармаган эти менен Арстаке жогору жактагы бейит жакка чуркап кетти.

- Кагылайын балам. Бул жакшылыгыңды эч унутпайбыз го. Кудайым сага дайыма жакшылыктарды берсин. Мын бул үч чүрпөңдүн жакшылыгын Кадыйча экөөң көр, - дешип олтургандар аларга бата тилеше ордуларынан козголо үйлөрүнө бет алышты.

Колунан көөрү төгүлгөн саймачы, ар кандай жакшы кийимдерди тигип, чапан, шым, көйнөктөрдү тиккен жагынан бул өрөөндө эч кимди алдына салдырбаган Кадыйча эне. Күйөөсү менен тең катар келген, бетинен нур жанып, өрүп койгон чачы боюменен катарлаша сулуулугун арттыра баскан сайын оңго, солго серпиле, келбетине жарашып турган мүчөсү менен, ошол жердеги аялдардын сулуусу делген бул аял Рысбек менен он беш жылдан ашык бирге жашап, ысыгы менен суугуна чыдап келүүдө. Жаштыгыбы? Кээде Кадыйчага колун тийгизе коюп, бопузалап турганы менен, аны жакшы көрөөрүн да жашыра алчуу эмес. Тоого чыгып кетип, күн алыста келсе дагы, келген убакта балдарынан “Кадыйча барбы?” деп сурап алчуу. Бопуза жеп калса дагы жолдошунун кээ бир кылыктарына ыраазы боло, анын жолунан тосо “келдиңби жигитче” деп эркелей сүйлөп, болгон тамагын алдына кое салчуу.

“Элдин баары согушка кетти, эмне үчүн менин эримди чакырышпай жатышат болду экен? Али чакыруу кагазы келе элек. Өтрөддөр (отряд дегени, калган адамдарды согушка жөнөтүп жатышкандар) кетише элек адамдарды аз-аздан жөнөтүп жатышат. “Сен эмнеге барбайсың?” дешип күнөөлөшпөсө эле болду. Мүмкүн согуш тез эле бүтүп, Рысбектин калып калаар күнү болсо гана? Айланайын кудай! Кана ошондой эле болуп калса?!” - деп Кадыйча эне кээде бушайман тартып жүрдү.

- Ээ Кадыйча, сенин Арстакең кайда кетти? Менин Бектемирим менен эчкиге кошо кетпедиби ия? Эрте менен эле кетишти эле, же эчкиден, же өздөрүнөн кабар жок ботом, - Гүлчач эне кабатырлана короого баш бакты.

- Жок Арстаке ушул эле жерде. Азыр эле суу жакка басып кетти көрүнөт. И-и тигинде келе жатат, сурайлычы. Арстаке! Оо Арстаке-е!

- О-ов! Эмне дейсиз?!



- Бектемирди көрдүңбү ия?!

- Ооба! Ал о-о эрте менен эле Сагын, Кулам болушуп эчки айдап келебиз дешип тоого чыгып кетишкен.

- Айланайын. Тоодон эсен-аман келишсе эле болду. Ой-нооку балдар, чуркайбыз дешип түшүп кетишпесе эле болду. – Гүлчач эне кабатыр боло тоо жакты карап койду.

- Камтама болбой эле коюңузчу ботом. Балдардын дайыма эле чуркап ойношуп, басып жүрүшкөн жерлери да. Мына менин Арстакем керек болсо күнүнө эки жолудан чыгып кайра түшүп келе коет.

- Ээ Кадыйча туура айтасың го. Сенин балаң тоо-ташка бышып калган. Атасын тартып мергенчиликке шыгы да бардай. Кээде кекилик, коендордон өзү эле атып келе койсо мен да кубанып калам. Удан кайтып калганда “Гүлчач эне мына бул кекиликти эч кимге билгизбей алып алыңыз. Жакшы бир шорпосу менен этин жеп алсаңыз кубатыңызга кирип каласыз” деп таштап өтүп калат. Кагылайын десе. Акыл-эстүү жакшы бала болуп өсүп келе жатат. Атасына окшоп колу ачык, барпаңдаган бала.

Гүлчач эне баласын издеп бул тарапка басканда тоодон Сагын менен Кулам экөө өңдөрүндө каны жок кубарышып, чуркашкан боюнча Гүлчач эненин үйүнө келишти. Ыйлап алышкан. Гүлчач эненин жоктугун көрүшкөндөн кийин коңшу жашап турган Гүлай эженин үйүнө баш багышты.

- Ай балдарым силерге эмне болду?! Ким? Сейитби?! А-ай силер жөн келбей калдыңар го?! – тигил балдардын ыйлап турганын көрүшүп, жакында эле согушка аттанып кеткен баласын элестетип алды.

- Бектеми-ир, Бектемир!

- Бектемир дейсиңерби ботом! Ага эмне болду?

- Уу-у Бектемир…

- Ыйлабай жакшы айткылачы деги, - Гүлай эже өзүн түздөй балдарга карап.

- Гүлчач эне үйүндө жок экен. Бектемир согон терем деп тоодон учуп кетти-и-и. Уу-у…

- Аа-ай кокуй-күн десе, Гүлчачтын шору каткан тура! Эмне турасыңар! Тез айыл-апага чуркагыла. Рысбек болду бекен? Бирөөңөр жогору жактагы Суранчыга чуркагыла. Тез!

Уңулдап ыйлап алган Кулам чуркаган боюнча Рысбектин короосуна кирди. Кадыйчанын жанында Гүлчач эненин турганын көрүп Кулам бакырып ыйлап жиберди.

- Кокуй күн десе! О Кулам Бектемир кана?! Эмне ыйлайсың, тынччылыкпы деги?!

- Эне-е, Бектемир тоодон…
- Кандай тоодон, эмне болду а-айт!
- Согон терип жүрүп таштын башынан учуп кетти.
- Аа-ай! – Гүлчач эне санын аткыган боюнча эси ооп чалкасынан кетти.
- Ай Арстаке, барсыңбы? Тез кел, бол.суу ала кел! – кесеге алып келинген суудан Гүлчач эненин бетине сээп алды, - Гүлчач эне! Туруңуз, өзүңүздү кармаңыз. Оой Арстаке, Рысбекти тапчы тез. Кайсыл жерде болду экен, барып алып келише коюшсун.

Бул окуя айылга тез эле тарады. Эчки айдап келем деген үч бала согон тергенче келели дешип, колдоруна чыптадан алып алышкан эле. Эчкилерди таап алышкандан кийин, аларды айдашып жолго салып коюшкан да, анан согон тергенге киришкен. Бектемир согондун көп өсүп турган жерине туш келип, алды чоң зоо экенине карабастан кызыгып терип кете берген. Зоонун кырында турган чоң согонду көрүп кызыккан да, жөрмөлөп барып аны тарткылап кирген. Алы жетпей кыйла алышкан. Акыры күч менен тартып ала коем дегенде буту сыйгаланып зоодон кулап кетиптир. Бийиктиги жарым чакырымдай зоодон кулаган баланын тамтыгы да калган эмес. Ар жерде бөлүнүп жаткан сөөгүн чогултуп, төшөккө орошо айылга алып келишти.

- Аай-ай кагылайын балам ай! Сенин ордуңа мен өлбөймбү! Мен шордуу, ушуну көрмөк белем. Эрмегим сен болуп жүрсөң, эми жалгыз каламбы-ы?! Атаң өлгөндөн кийин сени эптеп чоңойтуп келе жатпадым беле, жалгызым! Уу-у-у.

Гүлчач эненин ыйы тоо-ташты жаңырта тээ алыска чейин сүңгүп кирип жатты. Бектемир эми он экиге чыккан убагы эле. Көздөрү бакырайган, аппак жүздүү, сулуу жигит болуп өсүп келе жаткан. "Гүлчачтын баласы сулуу жигит болуп өсүп келе жатат" деп тамшанып карашып калышчуу. "Апа, мен чоңойсом сиздин курсагыңызды ачырбай багып алууга алым жетет. Германды жеңсек. Анан мен окусам. Бекечалдын тушуна чоң көпүрө салып, аркы өйүздөгү туугандарыбызга кыйналбай барып-келип тура турган кылат элем. Ушул жердеги окуй элек балдарды бүт үйрөтмөкмүн" – деп жакшы ойлорун жебиреп апасына айтып калаар эле. Кургур эне баласынын мындай болуп калаарын кайдан туйду дейсиң. Бектемиринен көп үмүттөнгөн, аны ачка калбасын деп тоолорду ашып, Ташкөмүргө чейин барып, чыпта менен буудай, ун алып келип жүрүп чоңойтподу беле. Баласынын тилегин орундатам деп Ташкөмүргө барганда, окута турган мугалими болбосо дагы китептерден сатып алып берген. Ар жагында аракети бар бала кээ бир тамгаларды сүрөттөргө салыштырып үйрөнө баштаган эле.



Гүлчач эненин үйүнүн алдына чалы барында олтургузуп чоңойткон тереги турат. Чоң адамдын кучагы кеңири жете тургандай. "Насип буюрса Бекишиме аял алып бергенимден кийин, ушул терек бир ишине жарап калаар" – деп үмүттөнүп калчуу. Терек да бир жамандык нерсени сезгендей, айлананың, шум болуп жаткан ыйды угуп жаткандай, Бектемирди жоктогондой, жалбырактары кыймылсыз. Терекке жанаша атайлап жасалган үйчөдөгү Бектемирдин жакшы көргөн ити Жолборс да бир нерсени сезгендей, кулактарын шалпыйта, келип жаткан адамдарга да көңүл бурбастан жерге жабышып жатып алган. Кээде гана көзүн ачып айлананы бир карап алат да, кайрадан мурдагы калыбына келтире жатып калат. Чындыгында эле макулук болсо дагы бул ит көзүнөн жашы чыгып ыйлап тургандай түрү бар. Кичинекей күчүгүнөн тартып коюнуна көтөрүп жүрүп багып чоңойткон ити эле. Дайыма Бектемирди ээрчип алчуу. Анын сөздөрүн да түшүнө билген ит болгон. Эмне айтса да аткара билгенине калган балдар таң калып, "менин да ушундай итим болсо" дешип тамшанып калышчуу. Бүгүн да ээсин жоктоп тургандай, эл менен кошо кайгырып жаткансыды.

Салтка жараша сөөктү даярдашып, баланы бейитти көздөй алып жөнөштү. Көздөрүнөн салаалап аккан жаштары менен Бектемирдин достору, курбалдаштары анын сөөгүн көтөрүшүп, колмо-кол алып келе жатышты. Тигинде ата-бабалары, жакын тууган-дары жаткан бейит. Бул бейитте Бектемирдин атасы, чоң энеси, чоң атасы да жатат. Бектемирдин жайы атасына катарлаш казылыптыр. "Лааилаха иллалло, мухаммадура сурулло!" Рысбектин көрсөтмөсү менен казылган жайга Бектемирдин сөөгүн коюшту. Баргандардын өз колдору менен арнаган бир ууч топурактарын маркумдун башына жаздап коюшту да, жайдын оозун жаап, күрөктөрдү колдоруна кармашты. Өмүр деген ушул тура. Жерден жаралып, жерге кетесиң дегени туура бейм. Кечээ эле сербеңдеп чуркап жүргөн кичинекей наристе адам, эми жер алдында калып, жарыкчылык менен түбөлүккө кош айтышып олтурат. "Мен чоноем, апакемди багам. Окуп, адам болуп, аял алып, бала-чакалуу болом" деген Бектемирдин максаттарынын баарын жер кошо алып кетти окшойт. Эми эле колдору менен жерге жашырган досунун элеси гана калып, анын ордуна жер өскөндөй дөңсөө пайда болгонун көрүшкөн достору көздөрүнөн салаалап аккан жаштарына жуурулуша үйлөрүнө кайтышты. "Жок, сен өлүшүң керек эмес эле.

Буга да согуш күнөөлүү болду. Эгер согуш болбогондо, курсактын айынан согон тергени тоого чыкмак да эмессиң. Эгер согуш болбогондо, мүмкүн биз үчүн атайын мектеп курулуп, баардыгыбыз окуп үйрөнмөкпүз. Ташкөмүрдөн атайын мугалим келмек. Атасы согушта каза болду дегенден кийин Азамат дагы согушка барам деп, апасынын айтканына карабай качып кетип калган. Ал дагы үйүндө тынч олтурмак. Эгерде согуш болбогондо...” деген ар кандай ойлорду ойлонушуп кайгырып келишет.

* * *

Кайгынын кубанычы болсо, кубанычтын да ээрчип келе турган кайгысы болоору бышык. Кубаныч менен кайгы эриш-аркак болуп ээрчишип жүргөн макулуктай эле нерсе го. Согуштун башталганына бир жылдай болуп калса да, согушка аттанып жаткан адамдардын катары суюлбай келүүдө. Бүгүн да Базар-Коргон, Ноокент тараптан, Токтогул жактан чогулуп келген адамдарды жөнөтүшүп бүтүшкөндөн кийин военкомдун башчысы “дагы кимдер калды экен” дегендей ар бир айылдан берилген согушка жарамдуулардын тизмесин карап олтурду. Майлы-Суудан 5 адам, Коч-кор-Атадан – 3, Ноокенттен – 7, Шамалдуу-Сайдан – 7, Таш-Көмүрдөн – 2, Күрп, Кызыл-Бейит, Кулама, Миң-Жылкы, Кыз-Коргон, Бекечалдан 10 адам калышыптыр. Аларды кийинки кезекте жөнөтөм. азырынча айылдагы кыйналып жаткандарга жардам берип турушсун дегендей улутуна китепчесин акырын жаап туруп, азыр эле шарактап жүрүп күн батышты көздөй жылып кеткен поездин артынан карап калды. Жакында эле өзү кечип келген согуш майданын элестетип, гранаталар жарылып, танкалардын күркүрөгөнү, октордун кулагынын учунан ышкырып учуп жаткандай элестете башын мыкчып кыйлага чейин олтуруп калды. Москвага кирип келген душмандардын огунда калып оор жаракат алгандан кийин, эки ай госпиталда жатып кичине өзүнө келгенден кийин, өз жерине жөнөтүшүп жиберген. Желкесинен кирип башын аралай барып туруп калган окту алууга мүмкүнчүлүк болбогондугунан ошол боюнча тим коюуга туура келген. Ошол ок менен жүрө берсе жашай берээрин догдурлар эскертишиптир. Өзү менен кошо “согушка жарамсыз” деген эки жигитти жардамчы кылып алган. Шаңырайган мурду бар, жайык бет, сары чийкил жигит Тегене тараптан. Аты Курмушу. Экинчисинин аты Турсунбай. Ал дагы Аксы тараптан. Нооча келген, тамагын кыра сүйлөп, тамашакөйүраак жигит. Алардан башка калаа жактан келген эки Николай жана



Михаил орус жигиттер кызмат кылышат. Николайынын чачы сары келип, ак жуумал келген, узун бойлуу, ал эми Михаилинин көзү көпкөк, жайык мурун, денелеринде тегизинен жүн баскан. Адам менен анча мамилеси жок. Корс жигит. Ошондой болсо дагы колунан көп нерсе келе турган адам экенин келгенден баштап эле билдирип койду. Начальник олтурган олтургучтарды оңдоп, эшик-терезелерди калыбына келтирип, мурдатан эле такыр жараксыз болуп, жабылбай келе жаткан коргондун чоң эшигин да жакшына кылып оңдоп койгонуна начальник кубанбай койгон жок. Мылтыкта атуу боюнча дагы башкалардан өзгөчөлөнүп таамай атып калат.

Күн түштөн ооп калган убак. Көп өтпөстөн эле кызматчылары экиден болушуп анын бөлмөсүнө баш багышты.

- Разрешите! Уруксат бекен жолдош лейтенант!

- Уруксат, киргиле! Да-а жолдоштор, согушка кезектегилерин жөнөттүк. Эми жогору жактан кабар келгиче, кийинкилерин да даярдап коелу.

- Туура айтасыз жолдош лейтенант. Согушка жарамдуу элдин арасында көрүнбөй жүрүшкөндөрү дагы көп. Бизге ашыкча эле көзгө атаар мергендер керек деп айтылып жатышпады беле. Ошолорду чогултсак кандай болот. Элдердин арасында мергенчилерден калгандар бар го. Ошолор снайперликке жарашат да.

- Эч ким деле калбады көрүнөт. Же сиздин билип жүргөндөрүңүз барбы? – баятан бери безилдеп сүйлөп жаткан Курмушуга карап.

- Ооба менин билгеним бар. Мына катарыбызда эле турган Күрп, Эш-Сай, Бекечалды аралай чаап кайберендерди атып жүргөн Рысбек деген кишини айтсак болот. Тиги Кичи-Акжолдогу Жолон мерген, Майлы-Суудагы Кадыр мерген жана башка бир топторун атасак болот.

- Жолдош Курмушу Салиевич! – өктөм сүйлөй, - эмне үчүн буларды мурунтан кабар бербедиң?! Буларды жашырып, айтпай жүргөндүгүң үчүн трибуналга кетээриңди билесиңби?! Азыркы убакта согуш майданына ушуга окшогон снайперлердин абдан керектигин билбедиң беле?! Вста-ать! Тез аранын ичинде аларды таап бул жакка алып келгиле. Даярдыгы менен келишсин! Уктуңарбы?! Даярдыгы менен!! Шаго-ом марш!!

Начальниктин ачуусун көрүшкөн калгандары ордуларынан тез турушту да, эшикке чыгышып, бастырманы бойлото байланып турган аттарды мине камчылана тез жөнөп кетишти.

- Я же сказал. Найдите снайперов. Канча жолу айттым, акмактар десе. Бизге ошондой адамдар керек деп айтпай койсом экен, -

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА ИНВ №.469756

дарыныкына кеткен, барсаңар таппайсыңар дешти. Ал эми Бекечал, Майлуу-Суу тарапка өтө албадык. Нарындан өтүш кыйын болду. Аларга эртеңден барып келебиз го, - Курмушу начальнигине бапылдап эмне аткаргандарын билдирип жатты.

- Эш-Сайда бир мерген бар дебедиңер беле?

- Рысбекпи? Аны да таппай койдук. Тоого чыгып кетиптир. Кеткенине эки күн болду дейт. Жолдош начальник, болду-болбоду ушул адам согуштан качып жүрөт. Биздин келгенибизди туйду да, бир болсо качып кетип калды. Аялынан, жакын туугандарынан сурасам, баары эле «Рысбекти согушка жөнөтпөй эле койсоңор эмне болот? Ал кетип калса биз ачка калабыз» дешип безилдешет. «Ачка калсаңар эмне кылалы. Бул жакта андан жаман нерсе – согуш болуп жатса. Значить, аны силер атайлап качырып жиберипсиңер» дедим.

- Не-ет. Наверно ал качкан эмес. Понимаете, ал мерген, ошол айылды багат. Курмушу ты наверно неправ.

- Эмнеге неправ? Кызык эй! Үйүндө жокпу, значить качты. Азыр өзүңөр деле жакшы билип жатасыңар. Согуштан качкан адамдар биригип алышып, көрүнгөн жерден адамдарды талап-тоноп жатышат. Рысбек бекеринен тоого чыгып кетип, көпкө жүрүп алган жери жок да. Да Михаил, правилно?!

- Басмачыларга го түшүнүктүү дечи. Алар менен, бул адамдын айырмасы болуп жатпайбы. Кайдан билдиң Рысбектин аларга кошулуп калганын. Мен ал адамды өз көзүм менен көргөмүн. Бирөөгө жамандыгы жок, жакшы боорукер адам. Ууга чыкса келээр. Бизге али шашылыш жок го, - Турсунбай сөзгө аралашты.

- Да-а товарищи... - начальник бир кыйлага чейин батыш тарапты телмире карап унчукпай турду да, - аркы жумада дагы барып келесиңер. Ошондо дагы тоодо болуп жүрсө, бала-чакасы менен чогуу айдап алып Токтогулга алып барасыңар. Аны уккан Рысбек өзү эле кантип барып калганын билбей калат. Эгерде ага дагы көнүшпөсө согуштан качкан деп, каршылык кылгандарды атып саласыңар. Түшүнүктүүбү?!

- Да, жолдош, начальник!

- Азыр үйүңөргө барып эс ала бергиле. Эрте менен Майлуу-Сууга барып келесиңер.

- Эгер ал да маакул болбосо атып эле салсак эмне болот? -Курмушу начальнигинин алдында жакшы иш кылып жаткандай, жайылган чоң оозун кере күлүп, атынын ээрин өбөктөй үн салды.

- Жок! Жолдош Курмушу Салиевич! Кандай болсо дагы бул жакка алып келүүгө аракет кыласыңар. Болду жөнөгүлө! - өзү шарт бурулуп үйүнө карай бет алды.



* * *

Украинанын кең талаасы. Батыштан соккон шамал менен кезкезде немецтердин аткан огу жакын эле жерге учуп келип түшүп жатты. Жарым эле саат алдында эки тараптан тең айыгышкан катуу согуш болуп, эки тараптан тең оор жоготуулар болду. Алардан келип түшкөн снаряды Тагай турган окоптун катарына түшүп оңго жакын жоокерди набыт кылып, көптөрүн жарадар кылды. Окоптун арка четине да снаряд жарылып, ал тараптан да бир топ жоокер жаракат алды. Тагай менен жанаша турган украин жигити жарылуунун кесепетинен кулагы жакшы укпай дендирей түштү. Эми гана эки тараптан тең маакулдашкандай октор акырындап атылып, тыныга түшкөнсүдү. Немецтер тараптан келишип окопторго жетпестен жарылып күйүп турган танкалар, алардын жан-жакаларында жарадар болушуп кайра кете алышпай жанталпас алып кыйналып жатышкан жоокерлери. "Азамат десе, ушул бизге күч берди. Тиги турган танкаларды талкалаган ушул жигит болду. Командирдин берген приказы өз убагында болуп, душмандарды артка кайтарганга мүмкүнчүлүк алдык көрүнөт" - деп, экинчи катардагы окопко жайгашкан замбиректи атып жатышкан Сергей Ковалев менен казак жигити Бектур Шаршенбаев экөөнү карап койду. Тагай айткандай эле, кечээ эле атайын алынып келинген бул замбирек, командирдин макулдугу менен экинчи окопко жайгашылган эле. Техниканы кармап жүргөнсүңөр деп экөөнө берген. Ок ташыганга эки жоокер берилген. Тагай башындагы каскасын колуна алды да, койнунда сактап жүргөн махорканы алып чыгып тамтыгы чыгып калган гезиттин айрындысын чөнтөгүнөн алып чыкты да, махоркадан чымчып ала, бүктөндү гезитке орой, күкүрт жандырып кериле түтүнүн тартып кирди. "Кагылайын эл журтум. Андагы бизди күтүп жатышкан апам, инилерим, жакын туугандарым. Амансыңарбы кагылайындарым? Тынч болсоңор эле болду. Биз болсо, силер көрүп тургандай кетпес мээнетке жолугуп, каргашалуу согушту аралап кан кечип жүрөбүз. Нечендеген күнөөсү жок адамдар набыт болушуп жатышат. Мына, эми эле менин катарымда эч кимге кереги жок болгон куралды колуна кармаган боюнча ондон ашык ар улуттун адамдары жер кучактап жатып калышты. "Ты хороший человек, давайте подружим" деп аз эле күн мурда колун берип мени менен достошкон Сергей дагы алар менен кошо курман болду. Кайран гана бала. Согуш бүтсө машина жасоочу конструктор болом деп, машинанын сөлөкөтү чийилген ар кандай түрдөгү сүрөттөрдү мага көрсөткөн эле. Машина тууралуу

түшүнүгүм жок болсо дагы, анын мындай өнөрүнө ыраазы боло сукtанып караган элем. Согуш бүтсө сени Свердловскийге үйүмө конокко чакырам, сөзсүз барасың, э? – деп" Тагайдын оюо бүтө электе эле снаряддын ышкырыгы угулуп келип, анча алыс эмес жерге келип жарылды. Бирөө атайылап келип таяк менен башка бир чапкандай болду да, көздөрү чагылыша түшүп, кулагы тунжурай эч нерсени укпастан жамбаштап барып жатып калды.

Көзүн ачканда согуштук госпиталда жатканын көрдү.

- Сестра-а! Оой кызым, келчи бери?! Су-у...

- Даваі пер-е-ед! Немцы-ы!! Стреляй!, - дешип, бири жөөлүп жатса, бири оорунун уусуна чыдабай апалап жатышат. "Догдур, мени кыйнабай эле өлтүрүп таштачы" -дегени андан көп. Тагайдын сол жак колу менен башын снаряддын катуу келген эпкини жарадар кылып кетиптир. Сол колу такыр эле жулунуп калгандай кыймылсыз.

- Эй шырагым, сен казахсың гой?! - үч-төрт кроват арыраакта жаткан адам, Тагайдын көз ачканын көрүп туруп үн катты.

- Кыргызмын.

- Аа Фрунзеденсиңби?

- Таш-Көмүрдөн болом.

- Оо баурласым турмайсыңбы. Коркмо, жаксы болуп каласың. Снаряд менин да аягымны жок кылды, - эми менин жашоого эмне керегим бар дегендей колун шилтеп көзүнөн жашын кылгырта бутун карап койду. Айткандай эле эки бутунан тең, жоон санынан ылдый жагы жок.

Бир айдай жатып Тагай кайрадан согуш майданына аттанып, 1943-жылдын жазында душмандар менен бет алышты. Атасына жолугаар бекемин деп, ар кимден сураштыра коюп жүрдү. Бирок дайынын биле албады. "Айланайын атаке, аман эле жүрсөң экен", - деп атасына жамандыкты ыраа көрбөй. Жакында эле үйүнөн кат алган. Эптеп кат тааныган адамдарды суранып жүрүшүп кат жаздырышыптыр. Туугандардын баары тынч олтурабыз дешет. Катында:

"Алыскы согуш майданында жүрүшкөн агабыз Тагайга жана атабызга. Мындагы Эш-Сай боюнда жашап жатышкан балдарыңдан деп билесиң. Жазган катыңды алып, абдан сүйүндүк. Согушка кеткендердин биринерден кат келсе эле айыл боюнча чогулуп олтуруп окуучу болдук. Тынч жүргөнүңөрдү укканда кубанып калабыз. Кыйынчылыксыз жашоо болмок беле. Анча-мынча кыйынчылыктарды жеңүүгө аракет кылып жатабыз. Бизден камтама болбогула.



Сатыштың үй-арага жаран, менин ооруму колумдан алып калган. Кезкезде кыйналып калганыбызда туугандарыбызга жөнөтүп турам. Алар дагы алдарынын жетишинче жардамын аяшпай, болгонун берип жиберишүүдө. Сатыштың Кара-Көл, Таш-Көмүр жолуна ишке да кирип алган. Ошол жолдун жардамы да тийүүдө. Кызыл-Бейиттеги Өмүрбек согуштан катуу жарадар болуп кайтып үйүнө келген. Күрптөн эки адамга кара кагаз келди. Сайкал эненин баласынан кара кагаз келген экен, апасына айта албай жүрүшөт. Өзү деле бир нерсени сезгендей эле бизге "бир нерсени жашырып жатасыңар" деп сырдуу карап коет. "Кызык эле кишисиз да, сизден эмнени жашырат элек" деп айласыз күлүмүш болуп коебуз. Ой! Болдучу, мындай жаман окуяларды жазышым керек эмес эле. Согуш болуп жатканда этият болуп жүргүлө. Биз силерди күтөбүз. Атаңа жолуксаң бизден салам айтып гой. Андан да бир жолу кат келди эле, эми жазбай да койду. Көптөн бери кат жок. Таш-Көмүрдө согуштан келген бир адамга жолуккан экен Сатыш. "Айткул мени менен бирге болдум, тынч эле жүрөт" деп айтыптыр. Анын аманчылыгын угуп көңүлүм тынчып калбадыбы. Болуптур анда, эсен-аман келгиле, деп аманчылыгыңарды тилеп, инилериң жана апаң Кынабүү".

Эки күндүк катуу салгылашуудан кийин немецтик баскынчылардын топторун талкалашып, калгандарын сүрүп таштап батышты көздөй кетип жатышты. Тагайдын бутуна чырпып тийген октун жарааты, баскан сайын чыдатпай, басканга каршы болуп бара жатты. Аксап бара жатса дагы, калгандарынан калып калбаска аракет жасап тездеп басып, келет. Бир эле Тагай чаалыкпастан, согуштун каарын аралап, кан кечип келишкен жоокерлер дагы араңдан басышып бара жатышкандай. Командири Василий Иванович, жарадар болсо дагы, жарылган башын таңдырып алып жоокерлердин катарында басып барат. Жумалап уйкудан калышса дагы кетип бара жатышып үргүлөп укташканга көнүп калышкан. Ооруган бутунун бастырбай баратканынан улам, кичине болсо дагы дем алып алып, анан шериктеринин артынан жетип барам деген ойдо жолдун кырына чыга олтуруп калды.

- Что с табой, Толик!

- Сейчас, пять минут отдахну?!

- Догони потом!

- Хорошо! – командиринин айтканына маакул боло жамбаштай калды.

- Ээй дорогой, тебе плохо да?! – катарынан батышты көздөй бара жатышкан танкалардын ичинен бири сыртка чыга бере токтоду да, ичинен чыккан адам жакындап барып, - пайдемте с нами а?

"Орусчаны толуктап сүйлөй албаган бул адам, улуту орус болбосо керек" – деп ойлоно тиги жоокерге башын бурду. Согушту аралап кан кечип жүрсө дагы, кийимин таза боюнча кийинип алган азия улутундагы адамды көрдү.

- Ой тууган, сен казак эмессиңби?

- Жок, кыргызмын.

- Кыргызмын? – өз баласын көргөндөй кубана ордунан Тагай атып турду. – Кыргызым менин, кагылайын боордошум, - кучагын жая тиги адамды бооруна кысты.

- Мен Кара-Кулжанын, Гүлчө району деп коет, мүмкүн уккандырсыз? Чалма айылынан болом. Атым Асан Токтобердиев.

- Мен Токтогулдун Эш-Сай айылынан болом. Атым Тагай. Согушка келгениме үч жыл болуп калды.

- Кана эмесе машинага түшөлү, калганын жолдо сүйлөшөбүз.

- Кеттик анда! – Тагай асанды ээрчип танканы карай басты.

Асандын согушка киргенине үч жыл болгону менен, армиянын кызматы менен төрт жылдын жүзү болду. "Балам, мен Сабакан карындашыңар экөөңөр менен кошкондо он алты бала төрөдүм. Ошолордун ичинен, калгандары каза болушуп, экөөңөр гана калдыңар. Сен эгиздин пайы элең. Зуура бир жарым жашында чарчап калган", - деп айтып калаар эле апасы. Асан жаштайынан эле чыйрак бала болуп, үчүнчү класска чейин окуп, тамганы жакшы таанып алган. Армияга келгенден кийин, анын тамганы таанып билгендиги менен жөндөмүн карап туруп, барган жоокерлерге тамга таанытууга мугалим кылып дайындалган. Бир жыл бою танкистерди даярдашканга жардамчы болуп, кичи лейтенант деген наамга жетип олтурат. "Сенин билимиң мындан ары окуп кетүүгө мүмкүнчүлүк туудурат. Армия кызматыңды аяктай берсең, сени Москвага окууга калтырабыз" - деп окуу жайдын начальниги айтып калчуу. Келгенине бир жыл болуп калганда каргашалуу согуш башталып олтурбайбы. Согуш башталаары манан эле бирден танкты кабыл ала майданга аттанышып киришкен. Москванын алдындагы катуу салгылашууда да болуп, немецтерге каршы эрдиктерди көрсөткөн. Ошол эрдиги үчүн "Каармандыгы үчүн" деген медаль менен сыйланыптыр. 2-Украина фронтунда кызмат өтөп, нечендеген эрдиктери үчүн "ага лейтенант" - деген наамга татыктуу болуптур.

"Атамы жашымда эле көрбөй калдым. Ооруп жүрүп каза болуптур. Апам Бүбүсайра менен карындашым Сабакан экөө гана калышты. Азыр кантип олтурушту экен? - деп Тагайга үйүндөгүлөрдү айтып бара жатты.



Алар сөз менен кыялданып бара жатканда, танканы башкарып бара жаткан казак бала үн катты.

- Жолдош командир! Оң тарапта душмандардын танкасы көрүндү. Эмне кылабыз? Кайрылалыбы, же?...

- Жолдош старший сержант, биздин танкалар көрүнөбү? -байланышчы жоокерге карап, - эгер көрүнбөсө байланышчы?

- Жолдош ага лейтенант! Биз алардан кыйла артта калып калганбыз. Аларга кабар берип олтургуча душмандардын колунда калып калабыз го?

- Туура айтасың. Андай болсо алардын алдынан тосо чабуулга өтө бер! Эр Манастын арбагы колдосун. Алга-а! - дайыма согуш майданына кирээр аддында Асандын ушинтип кыйкырып алчуу адаты бар эле, - жолдош сержант сиз да мекенибиз үчүн согушка даярсызбы?!

- Даярмын, жолдош ага лейтенант! - Асандын "Манас атанын арбагы колдосун" деген ураанына кубаттана колундагы автоматты бекем кармай, аларды көздөп жүткүнүп келе жаткан душмандардын танкаларын көздөй бет алышты.

- Ок салгыла-а! Аткыла-а!! Оңго бур! Эми түз айда?! Солдо келе жатат! - Асандын башкаруусу алдында алардын танкасы оңго, солго чимириле, жакындап келишкен душмандардын ташын талкалап бара жатышты. Танканын тешигин издеп жүрүп кирип келген ок, эми эле катарында ок менен камсыз кылып турган татар жигитине жаңылып, катарында жанаша турган казак жигити Шекербекти кучактаган боюнча жатып курман болду.

- Сол жакка бур! Көпчүлүк болуп калды. Катарыбызда чоң дарыя бар экен. Мүмкүн ошол дарыяга салып жиберсек кандай болот.

- Жолдош командир! Сиздин айтканыңыз туура болгону турат. Андай кылбасак алардын туткунунда калаарыбыз бышык.

- Кеттик анда! - танканын багытын шарпылдап агып жаткан дарыяны көздөй буруштү. Душмандардын атылган огу алардын качып бара жаткан изин жашырганга мүмкүнчүлүк бербей, жерди антарып келе жаткансыды. Сууга кирген сайын танканын жүрүшү оорлошуп, ичине суу толо баштады.

- Тешиктен эптеп чыгып, жээкке чыкканга аракет кылгыла!

- Мен сууда сүзүштү билбейм, - Тагай чындыгында эле сууга түшүп көргөн эмес эле.

- Мындай шартта аракет кылышыбыз керек. Кана алдыга! Эгер чөгүп бара жатсаң жардамдашып коебуз. Коркпо! - Асан үстүндөгү люкту ачты да, душмандардын атып жаткан огуна карабай, тез сыртка чыга дайрага боюн таштады.

Тагай өзү айткандай эле, сууда сүзүүнү анча билбегендигинен сыртка чыгып кетүү үчүн жанталпас кылып көп эле аракет кылгансыды. Агып жаткан суунун басымы ага күч бербей бара-бара алып кетирип бара жатты. Дем ала коем деп эки жолу суудан жутуп алган эле. Талыкшып бара жаткан денесин башкара албай күчтөн тайып калган Тагай аз убакыттан кийин өзүн жоготуп, агын суунун эркинде колдору жайылган боюнча үстүндө калкып калды. "Чын эле өлөмбү? Душмандардын колунан өлбөстөн, суудан агып өлүптүр деген сөзгө каламбы? Дайрага бекер эле салдык окшойт. Кош апаке! Кош ата, инилерим!" Кандайдыр бир башка дүйнөдө жүргөнсүгөн сезим менен ушуларды ойлонуп бара жаткансыды. Канча акканы белгисиз. Бир убакыттан кийин бирөө колтуктан кармап бир жакты көздөй тартып алып жөнөгөндөй болду.

Көзүн ачса калың өскөн токойдун арасында жатат. Ар жерде дарактарга байлануу турган аттар. Арыраак жагында от жагышып алып тегеректеп олтурушкан адамдар.

- Эсиңе келдиңби тууган? Сууну көп жутуп алыпсың. Аябай эле аракет кылдык. Жакшы дагы жамандыктын баары артта калды. Дайрадан суу алганы барып калсак эле агып келе жатыпсың. Көп убакыт өтпөстөн дагы бирөө агып келди. Сен тирүү калдың. Ал адамга ок тийген экен. Ушул жерге сөөгүн жашырып койдук. Же атын, өзүбекпи, кыргызбы же улутун билбейбиз, - Тагайдын көз ачканына кубана канча убакыттан бери жанынан кетпей карап жаткан ак халатчан адам сүйлөп жатты.

* * *

Бүгүн асманды ала булут каптап турганы менен күндүн жылуулугунан, айлана үп тарта, ырп эткен шамал жок бак дарактар кыймылсыз мемирейт. Көбүгүн чачырата булкунуп агып жаткан Нарын дайрасы. койнуна нечендеген сырларды жашыра арымын улап келүүдө. Кылымдар бою тынбай агып тургандыгына байланыштуу, жээктердеги таштарды да желитип чуңкурчаларды пайда кылган. Токтогул өрөөнүнөн жайыраак аралап келгени менен, Күрп менен Таш-Көмүргө жакындаган сайын буркан-шаркан түшүп чамынып агат. Дайраны бойлоп бир дагы көгөрүп өсүп турган дарakты көрбөйсүң. Кез-кезде гана жолуга калганы болбосо, көбүнчө эле шагырап турган таш аралашкан шагыл. Ошол какыраган шагыл жерден Токтогул менен Таш-Көмүргө атчан. кээси жөө каттачып турган жалгыз аяк жол өткөн.

Бүгүн да ошол жол менен Токтогулду карай төрт атчан мылтыгы менен алдыларына онго жакын аялдарды балдары менен айдап алышкан. Күрп менен Эш-Сайдан эрте менен чыгышкан. Артына эки баласын ээрчите, Орункулун жонуна көтөрүп, боюн көтөрө албай төрөйүн деп келе жатса дагы, Кадыйча эне отряддын айдоосу менен чыдап кадам таштап келе жатты. Рысбек көрүнүп калаар бекен дегендей тоо арасын кылчактап карап коет. Жакшы басалбай калгандарды атынын омуроосу менен түрттүрүп, кундактын арты менен ой келген жерге уруп айдап келишет. Утуру өрдөп барган сайын Кадыйчанын дем алуусу кыйындап, ичи ооруй баштаганын сезди. Эне кургур ооруганын тигилерге билгизбегенге аракет кылат. Илебин кесе тиштеп алып дагы эки белден ашканга чейин чыдады. Кыйлага чейин жогору барып анан түзөлө калган жолго келгенде ичи жарылып кеткендей боло баланын туйлаганы билинди. Төрөттүн убагы келгенин сезген Кадыйча тигилерге жалооруп жалдырай,

- Кагылайын балдарым. Силердин деле энеңер бардыр. Кичине убакыт тыныгып алалычы. Мага кыйын болуп бара жатат. Ичимди бошотуп алайын анан каалаган жерге чейин бара беребиз, - деп жолдун катарында турган таштын далдоосуна жамбаштай калды.

- Эй албарсты! Тур оордуңдан! Сени менен күтүшүп олту-рууга убактыбыз жок. Биз кечке чейин кайра кайтышыбыз керек, - Курмушу кундак менен Кадыйчаны түрткүлөдү.

- Курмушу, может ненадо а?

- Жок! Булар басмачылардын уругу. Атасы талаада согуш-тан качып жүрүшсө. Биз эмне буларды аяшыбыз керек экен?! - Курмушу Николайдын сөзүн укпай апасына арачылап келген Арстакени кундак менен көмөлөтө салды.

- Арстаке-е...

- Слыш, Курмушу подожди! - атпа дегендей Курмушунун Кадыйчаны мээлей салган мылтыгына колун созгондо "токтой тур" дегендей белги бере Николайдын колун түртө, толгоонун күчү жетишип, эми эле толгоо менен кошо баланын башы чыгып калган убакта, тоо жаңырткан мылтыктын үнү жаңыра берди. Өзү да толгоонун күчү менен араң турган Кадыйча "ап-па-а-а!" дегенге араң жарады.

- Апа-а-а! Апаке-е-е!! - үстүнө үйрүлө түшө калышкан Арстаке менен Гүлайшаны жакындата койбой мылтыктын арты менен түрткүлөшүп алдыларына салып айдап жөнөштү. Рысбек келип калса бизди куткарып калаар деген үмүт менен эки тарапты элеңдеп келе жаткан Кадыйча, Рысбекти көрбөстөн, балдарын жаш боюнча жетим калтырып о дүйнөгө атганып кете берди. Артына кыл-

чактап тиктеген боюнча, али жаштыгына армаң кыла Орункулун жонуна көтөрүп, Гүлайшаны жетелеген боюнча Арстаке отряддын алдына түштү. Ушундай өлүмгө дуушар болгон Кадыйчанын эмне күнөөсү болду экен? Али төрөлө элек жатып, жарык дүйнө эмне экенин билбей туруп курман болгон наристенин эмне күнөөсү бар? Ушуларга себепкер болду делген, ууга чыгам деп жүрүп качкын атыгып калган Рысбекте кандай күнөө болду экен? Жок. Күнөө аларда эмес. Күнөө согушта. Ооба согушта! Эгерде согуш болбогондо булар мынчалык кыйынчылыктарды көрбөстөн, мындай өлүмгө да дуушар болмок эмес. Кадыйчанын өлүмүн кошо жүргөндөрдөн башка бир да жан көрбөй калды го. Мынтыктын жаңырыгына чочуй учкан талаа чымчыктары гана күбө болду окшойт. Жаңырыкты койнуна сиңирип алган тоо-таш дагы күбө. Ээ-жаа бербей агып жаткан дарыя күбө болдубу? Анча деле алыс эмес жерде турган жалгыз түп мистенин дарагы күбө болдубу? Жок, алардан башка аска зоонун арасынан аралап келип, Кадыйчанын өлүмүн өз көзү менен көрүп, оор жоготууга учурап, кайгырып олтурган Рысбек да күбө.

Мынтыгын даярдап алып, тоолорго ууга чыгып кеткенине үч күндүн жүзү болгон. Улуу тоолорду аралап жүрүп, керектүү болгон коен, кекиликтерден атып алып, атынын канжыгасына байлап алып айылына жакындап келе жаткан Рысбекти алыстан келе жатканын байкаган Сатыш алдынан утурлай чуркап барып.

- Ава-а! Ава-а! – деп кол булгалай токтоду.

- Оов Сатыш, сенсиңби?

- Ава үйгө барбай эле коюңузчу? Отряддар келишип сизди издеп жатышат.

- Ии. Мени согушка жөнөтөлү деп жатышса керек да. Мейли кечикпестен эл катары мекенибизди коргоого барып келейин.

- Жок ава. Өткөндө да алар келип кетишкен. Арасында Курмушу дегени бар экен. "Ал атайлап эле качып жүрөт. Качкын басмачыларга кошулуп алган. Келсе кармап, камакка алабыз. Качса атып салабыз" деп жатышат. Азыр да келип алышып, Кадыйча апамды урушуп жатышат.

- Кой балам. Мен барбасам болбойт. Баары бир мен барбасам согуштан качты деп андан бетер куугунтукта калбайымбы?

Аңгыча көп деле алыс эмес жерден Кадыйчаны балдары менен, дагы бир топ аялдар менен балдарды алдыларына айдап алышкан отряддар көрүнүп калды. Алардын мынтыктын кундагы менен түрткүлөп айдап келе жатканын көрө, Рысбек айласыздан далдоого жашырынды.



- Сатыш! Балам мына бул атты жетеле. Андагы эттерди айылга бөлүп бер. Мен булардын артынан кеттим, - аттын чылбырын Сатышка кармата салып башка жолго салып жөнөтүп жиберди да, тигилердин артынан көзөмөлгө салып кетип баратты. "Кургурум а, сага кыйын эле болду го? Ай күнүң келип төрөйүн деп турган убагың эле." Нарын дайрасын бойлой келгенде Таш-Көмүргө бурулбастан, Токтогул жакка бурулуп жөнөштү. "Мунусу кандай? Эмне Токтогулга алып барышабы? Таш-Көмүр жакын эле го? Кадыйчага эмне болот. Алыс жол жүрө алаар бекен?" деген ойдо Рыскул тоолордун арасынан тигилерге көрүнбөөгө аракет кыла жөрмөлөй басып келе жатты. "Апаке-е-е! Апакеба-а-ай!" деген тоо жаңырта чыңырган Арстакенин үнүн уга Рысбек зоокага жабыша тигилер тарапты карап жатып калды. Мынтыктын үнү менен кошо чыккан баласынын үнү, аны менен коштой "а-ай!" дегенге араң жара ган аялынын үнү кулагына жаңырып туруп алды.

- Акмактар десе! Алар силерге эмне күнөө кылышты эле! Андан көрө мени эле атып салсаңар жакшы болот эле го? Курмушу деген сен болосуңбу? Кадыйчаны эмне күнөөсү үчүн аттың экен, - деп көзүнөн жашын чубурта шыбырап сүйлөй тигилердин окуясын карап турду. Чуркап түшүп барайын десе тоодон түшө турган жол жок. Атышайын десе ок жетпесине көзү жетип айласыздан көргөн көзүнө ишенбей карап олтуруп берди.

Кадыйчанын сөөгүн калтырып тигилер алыс узап кеткенден кийин Рысбек тоону айланып жол таап ылдый түштү да, Кадыйчаны ошол жерге таш менен короолоп жашырды. Кайрадан тоого чыгып отряддын кайрылып келүүсүн күтүп жатып калды.

Эртеси күнү түшкө жетпей эч нерсе менен капары жок каткыра күлүшө төрт атчан дөңсөөдөн чыга калышты. Алдында Михаил, Николай андан кийин Курмушу, артында Турсунбай. Мынтыктын мээленген учу а дегенде Михаилге сунулду "жок, Курмушу биринчи. Анан... Та-арс!!" Тоо жаңырта кеткен мынтыктын жаңырыгы менен кошо аттын үстүнөн учуп түшкөн Курмушунун денеси, угулаар-угулбас "апа-а!" деген сөзүн угузбай жерге кулап түштү.

- Ээ-э, кто-о там?! Не стреляй!, - Михаилдин сөзү менен кошо жаңыра көкүрөгүн мыкчыган боюнча ал да жерге кулап түштү.

- Кагылайын Рысбе-ек! Бул сенсиңби?! Токтот атканыңды! Күнөө бизде эмес!, - каякка жашырынаарын билбестен аттарын тегерете бура тоону карай Турсунбай кыйкырып жатты.

- Рысбе-ек! Дорогой, мени ук! Керектүү адамды атып алдың. Бизге жан соога кыл?! Биз эми сени эч нерсе дебейбиз. Күнөө Кур-

мушуда. Кой десек болбой койбодубу! Балдарың азыр Кара-Көлгө барып калды. Бүгүн ошол жерде болот! - Николай мынтыктын доошу чыккан тарапты карай кыйкырып сүйлөп жатты.

"Чын эле, буларды эмнеге атам? Керектүүсүн туурулaдым. Убакытты өткөрбөй балдардын артынан барайын". Мынтыгын жонуна арта сала тоо аралай Кара-Көлдү карай жол салды. Күн салкын тартып, асманды ала булут каптаган. Батыштан соккон шамалдын жетеги менен келе жаткан булуттар улуу тоолорго барып такалып, андан ары өтүп кете албай жаткандай айлананы каптап калды. Бара-бара коюуланган булуттар менен жаан себелеп жаап кирди. Бир топко чейин жол жүргөн Рысбек Бекечалдын коосуна келди. "Балама жолугуп калсам, ага кереги тийип калаар. Мынтыгымды ушул жерге жашырып кетейин" деген ойдо Бекечалга кирип кеткен жолдун оң тарабындагы бадамга жанаша турган таштын далдоосуна койду да, таш менен корумдап койду. Андан ары жол жүрүп Кайрыгачка келгенде такыр эле айлана караңгы болуп калган эле. Жол таап басуу да кыйын болуп калды. Ошондой болсо дагы өмүр бою тоо аралап көнүп калган Рысбек үчүн жол жүрүү кыйынчылыкка турбагандай сыйпалай басып тынбай келет. Жээн-Кыштоо, андан кийин Кара-Көл. Көп өтпөстөн эле Жазы-Кечүү. Токтогул менен Арсланбапты ортолой жайгашып калган, тоо арасындагы Кара-Суу көлүнөн чыгып агып келген Кара-Суу дайрасы Көк-Белди жандай өтүп Жазы-Кечүүгө келет да, жайлап агып барып, Кара-Көл аркылуу Нарын дайрасына барып куюлат. Ошол дайранын батыш тарабы менен келе жаткан Рысбек Жазы-Кечүүнүн тушуна келип эс алып олтуруп калды.

- О Буудайчы бастыр атты! Эмне артта калдың?

- Мына, келе жатам! - деген үндү уга, бадалдын далдоосуна кире калган Рысбек, Буудайчы деген тааныш атты укканда кайрадан алар тарапка жакындады.

- Ээ туугандар! Силер кимсиңер?

Тигилер бир топко чейин унчукпай калышты да, кайра жооп арсалышып:

- Биз тоодон келе жаттык эле. Бул Буудайчы, мен Тажи-баймын. А сен кимсиң, караңгыда жүргөн?!

- Мен Рысбекмин. Күрптөн келе жатам. Отряддар айдап келишкен Арстакелерди көрдүңөрбү? Жазы-Кечүүдө деп уктум эле.

- Ооба, мен көрдүм, - Рысбекке жакындай келип аттан түшө колун берип учурашып олтура калышкан экөөнүн бири геп сала, - Кечкурун бир тобун алып келип суунун аркы өйүзүнө токтошкон. Жайлоого бара жатып Арстакенин жүргөнүн көргөн элем.



- Кагылайындар. Өзүбүздүн эле балдар турбайсыңарбы. Силерден сураныч. Бириңер барып Арстакени чакырып келе койгулачы. Түн пакырдыкы, отряддар уктап жатышкандыр.

- Маакул, мен барып келе коеюн, - Узунунан чапан кийип алган, шайдоот жигит Тажибай ордунан туруп жөнөп калды.

- Этият боло гөр?! - Тажибайды узата экөө калып калышты.

- Сизге да кыйын болгон тура, - Рысбектин айткандарын угуп Буудайчы улутунуп алды, - эми эмне кылайын деп жатасыз?

- Эмне кылат элем? Согушка аттанам. Эл катары, "качкын" аталбай согушка катышып келейин. Өлсөм дагы жигиттик намысым менен өлөйүн. Силерден сураныч, туугандарга айтып койгула Арстакелерди жакшылап караганча турушсун. Алардын эми карай турган эч кимиси калбай калды го, - көзүнөн жаш ала тигилер кеткен тарапты карап туруп калды.

- Жакшы болот. Камтама болбой бара бериңиз. Туугандарга айтып коем. Арстакелерди Карорчо (уруунун аты) талаага таштапшайт го.

- Ырахмат! - андан ары унчугушпай бир аз туруп калышты.

- Өмүш, Шербеттер Бекечалда элеби? - тынчтыкты буза Рысбек сөзүн улады.

- Ооба. Жакында барышса да, үй салышып отуруктaшып калышты.

- Согуштан качкандар чогулуп алышып басмачылык кылы-шып жатышыптыр. Акмактар десе! Өткөндө аларды да баскындап кетишиптир дейт, туурабы?

- Ооба, Өмүштү аябай урушуп, үйүнө эч нерсе коюшпай алып кетишиптир. Шербеттин катуулугунан, аял киши дегенби, ун, талкандарынан башкасына тийбептир.

Агын суунун үнү менен кошулуп "ата-а" деген үн чыгып калды. "Секин! Угуп калышат" Тажибай менен Арстакенин келе жатканын билишип, аларды утурлай басышты.

- Атаке-е, келдиңизби!, - атасын кучактай эчкире ыйлаган Арстаке көпкө чейин токтобой ыйлап турду.

- Кагылайын ыйлабачы балам. Мен баарын көрүп турдум. Тоодо болгонумдан апаңды куткарып алууга жарабадым. Сенден сураныч. Кайраттуу болгун. Кичинекейлериңди жакшы карагын. Сен чоңоюп калдың го? Мен эми өз ыктыярым менен согушка кетем. Аман болсом келип калаармын. Кайрылып келбей калсам согуштан кийин элге куран окутуп кой. Жаздыгымды ала жаттым окшойт. Апаңды өлтүргөндөрдү өз жолуна сала келдим. Эми кош балам! Кайрат кыла кичинекейлериң менен жакшы кал.

- Жо-о-ок ата, кетпеңизчи?! Биз эми каякка барабыз?!

- Айттым го балам, кайраттуу бол деп. Силерди кое берсе Бекечалга баргыла. Сага керек болуп калат деп мылтыкты жайлуу жерге коюп койдум. Таап алсаң ошол мылтык силерди багат. Бекечалга бурула бериште бадам өсүп турат. Ошол бадамдын түбүндө бодур таш бар экен. Ошол ташка катарлаш жаткырып койдум да, таш менен корумдап койдум, - Арстакени сыга кучактай бетгеринен өөп алды да, чачынан жыттап алып, шарт бурула караңгы жакка сүңгүп кирип кетти.

- Ата-а-а! Ата-а-а! Уу-у... - ыйлаган боюнча артынан чуркаган Арстаке караңгыдан атасын таппай туруп калды.

* * *

Согуш талаасы. Кычыраган кыштын эпкини менен талаа, түздөрдүн баарын кар аппак түскө боегон. Алты айга жакын партизандар менен бирге согушуп келген Тагай эми өз ротасын таап, алар менен чогуу согуш талаасында окопто олтурат. Кечээ эле үйүнөн кат алып кубанычта. Апасынын эптеп жазган каты:

"-Амансыңбы балам! Ала-Тоонун салкын авасында жашап турушкан инилериңден жана апаңдан деп бил. Бул жакта жашап турушкан эли, журтуң аманчылыкта турушат. Өткөндөгү сенин жазган катыңды алып абдан кубандык. Кагылайын балам, эсен-аман экениңди уксак эле болду. Согуш бүтсө өзүң айткандай, бир жакшы келиндүү кылсаң. Небере көрүп ошолор менен атаң экөөбүз аралашып ойнотуп олтурсак арманыбыз жок эле. Андан дагы кат келе элек. Мурунку катында мүмкүнчүлүк болуп калса издештирип барып калам деген эле. Деги согуш бүтөйүн дейби? Сени инилериң абдан сагынды. Атасы менен сенден санаа тартышкан го инилериң арыктап да кетишти. Ушинтип кабарыңды билдирип кат жазып тургун. Аман бол кагылайын балам.

Эш-Сайдан, апаң Кынабүү."

Колунан чыгарбай кайра-кайра окуп, апасы менен инилерине болгон сагынычын жашыра албай көзүнөн жаш ала олтуруп калды. Бир жердик жердеши Рысбектин келгенине бир жылдан ашып калган. Экөөнүн жолукканына аз эле убакыт болсо дагы, согуш башталганынан бери чогуу жүргөндөй кайсыл жерде болсо дагы бирге жүрүшөт. келгенден бери Рысбек көзгө атаар мергендикти кылып, душмандардын эң керектүү болгондорун жок кылууга жарап жатты. Анын бул кылган эрдиги менен көп жерди басып алууга жардамы тийгендиги менен Рысбекке "Эрдиги үчүн" деген медалга татыктуу



болуп, башкаруучулар тарабынан көптөгөн алкыштарды алды. Азыр да экөө Тагайдын апасынан келген катты чогуу окуп олтурушту. Рысбек көзүнөн жаш агыза унчукпастан катты угуп олтурду. Анын көз алдында окко жаңылган Кадыйчанын, анын тегерегинде чыңырып ыйлап турган балдарынын элеси келип туруп алды. "Балдарым кандай акыбалда болушту экен? Бекечалга кайрылышып келе алышты бекен? Кат жазышты да билишпейт эле. Мага кайдан кат жазышсын. Кабарымды деги билбейт. Арман дүйнө" деп үшкүрүнүп алды. Алар турган жердин алдында анча бийик эмес дөңсөө турат. Ал жерге немецтер жайгашып алышкан. Дөңдүн чокусунда душмандардын атайы жасалган дзоту жайгашыптыр. Тагайлар эки жолу барышып, канча жоокеринен айрылып, кайра кайтышты. Эми арттан келише турган жардамды күтүшүп тыныгуу жасашып турганы эле. Көп убакыт өтпөстөн "Ур-ра-а!" деген үн менен кошо танканын үнү жаңырып, аларга жакындап калышты.

- Келе жатышат! Биздикилер, кана жолдоштор "Алга-а!" Бар күчү менен бакыра Тагай өзүнүн ротасын алдыга сүрөдү.

- Ур-ра-а!, - көпчүлүктүн шары менен, атылган октордун чуулдаган үнүнө катарлаш, жоокерлер дөңсөөгө жакындап бара жатышты.

- Ой ма-ма-а! - эми эле автоматы менен аткылай чуркап келе жаткан жоокердин бири көмкөрөсүнөн кулап түштү.

- Серега,чо стабой!?

- Прощайте ребята, - араң сүйлөй курман болду.

- Тагай! Сол жагыңды кара. Душмандар жакындап келе жатат! - Рысбектин кыйкырыгы менен сол жагындагы келе жатышкан душмандарга автоматтын огун жаадырып калды. Ага Рысбек жардам берип, онго жакын душманды өлтүрүшүп, калганын кайтканга мажбур кылышты. Аралыгы элүү метирдей калган дзоттун тешигинен жалындап чыгып турган душмадын огу, алардын башын көтөргүзө койбой жаалданат.

- Тагай сен оң жагынан, мен болсо сол жагынан барууга аракет кылалы. Этият боло гөр. Кана кеттик! - боортоктоп көрүнбөскө аракет кыла жөнөшкөн душмандын огу да таап алгандай, алардын артында улаа келе жатышкан жоокерлердин экөөсүн жалмап кетти. Ышкырган снаряддын үнү менен "баң-ң!" деп жарылган үнү кулакты тундура жерди көтөрүп жаткансыды. Рысбек уламдан Тагай кеткен тарапка көз салганча жөрмөлөп бара жатты. Тагайлар дагы дагы дөбөөгө жакындашып бара жатышкандай. Айткандай эле, тездик менен жылып олтурушкан жоокерлер тез эле душ-

мандар ээлеп турушкан дөбөгө чыга келишти. Дзоттун катарында жайгашкан окоптордон чыга келишкен душмандар менен айыгышкан кол менен кармашуу башталды.

- Рысбек! Тез аранын ичинде дзотту тазала! - Тагайдын кыйкырганын уга Рысбек төрт жоокер менен дзот турган жакка бурулушту. Арт жагынан жабылып турган эшикти буттары менен тээп ачышып, капысынан кирип келишкен жоокерлерге душмандар бурулушканча, автомат менен жаадырышкан октун жаалына турушук бере алышпай, ок тийип курман болуш-кандардан башкалары колдорун көтөрүшө багынып беришти. Ачуусу келген Рысбек дзоттун, эртеден бери жаагын жанып турган тешигиндеги душманды, колун көтөрүп тургандыгына карабай жерге жыга тээп, автомат менен атып салды. Алар колго түшүшкөн душмандардын бир катарын сыртка карай айдап чыгып калганда, окоптордон колдорун көтөрүшө "багындык" дегендей белги бере баскынчылардын чыгып келе жатканын көрүштү. Бул жолку салгылашууда Советтик жоокерлердин жакшы аракети менен женишке жетишти. Колго түшүшкөн немец жоокерлерин тылды көздөй айдатып жиберди да, жарадар болгондорду жакынкы госпиталга жөнөтүшүп, андан ары Берлинди көздөй бет алышты. Берлинге барууга жакын эле калган эле.

- Рота, катарга тургула! - Тагайдын үнүн уга катарга туруп калган жоокерлерден жетиси эле калыптыр, - катарыңарды жоктогула. Кимдер жок?

- Жолдош командир! Арабыздан он адамды окко учурдук. Бешөө оор жарадар, госпиталга жөнөттүк.

- Жарадарлар кимдер экен? - жоокерлердин катарына көз жүгүртө.

- Ковельев Миша, Серикбаев Талантбек, Момунов Күчүк-бай, Бородин Алик...- калгандарын кулагы чала угуп жатса дагы Күчүкбайдын оор жарадар болгонуна ичи ачышып алды. Бою узун келген, колунда күчү бар, татамал жигит эле. Жүзгө жакын килограмдык буюмду бир колу менен так көтөрүп жоокерлерди таң калтырчуу. Кол күрөштүрө келгенде ага тең келише турганы жок эле. Жарылган снаряддын бөлукчөсүнө дуушар болуп бутунан катуу жаракат алыптыр. "Эми эки бутунан ажырабаса эле болду"' деп Тагай кайгырып алды.

- Кана, түз тургула! Мынтыгыңарды асынгыла! Кеттик! - катар турушкан боюнча жоокерлер Тагайды ээрчий андан ары жол салышты.

Батыштан соккон шамал жоокерлердин беттеринен аймалап "камтама болбогула Берлинди алууга аз эле калды. Үйүңөргө кайтып барасыңар" дегендей. Чилденин суугу качан эле кетип, токсондун суугу аралап турган убак. Дыйканчылык кылып жүрүшкөндөрдүн айтуусуна караганда, быйыл жаз эрте келгидей. Рысбек да үй жагын ойлонуп. жоокерлердин катарында басып келет. "Арстакем Бекечалга келди бекен? Кагылайын Айшөкүл, кичинесинен эле бир нерсеге аракетчил эле, а Орункулчу, эми эки жарым жашка чыгып калды. Там-туң басып, жонума чыгып алам деп аракет кылат эле. Бытыйган колдору менен сакалымды сылагылап эркелегенин айт. Эсен-аман жеңишке жетишсек, анан үйүбүзгө барсак, анан балдарымды чогултуп алып алдымда эркелетип олтурсам. Андан ашкан кандай рахат болду экен? Орункулумдун сакалымды сылагылап турушу, Арстакемдин куудулданып сүйлөп турганы. Кагылайыным десе Арстакемдин тамашалап, куудулданып сүйлөгөнүнөн, үйүбүздө дайыма күлкү жаңырып турчуу эле. Анын сүйлөгөнүнө күлө берип кээде тамакты да иче албай калган күндөрүбүз болбодубу. Айшөкүлүм оор басырыктуу. Назик сүйлөп коюп, жумушун так аткарып коюп жүрө берген, бирөөгө эч качан жаман сүйлөбөгөн, колунда жок болсо дагы дайыма колу ачык боло турган кыз болоору бышык. Айылдагы кемпир-чалдардын кээ бирине үйдөгү болгон эт, нанды "ачка олтуруптур" деп алып барып берип койчуу, кагылайын десе".

Алардын катары суюлуп калса дагы, душмандардын мизин кайтаруута батышты карай кеңири кадамын салышып бара жатышты.

* * *

Эки аска зоонун ортосунан орун алган Бекечал жайлоосу. Тоо аралап агып келген шар аккан сууну бойлой өскөн жапайы өсүмдүктөр. Атайлап кол менен эгип койгондой катарынан жайгашкан жаңактар, мистелер, алмалар, тыттар, боорду аралай өскөн жүзүмдөр, долоно, ыргай, бөрү карагат, чиелер, шилби, караган жана башка өсүмдүктөрдүн катары жайгашкан токой. Ошол токойду жерден аралай чуркап жүрүшкөн ар түрдүү жаныбарлары бар. Канаттуу куштарга толгон. Тээ жогортодон төмөн карай түшүп келишип, чөбүн оттошуп кайра чыгып кетишчүү кайберендер да үйүр алышкан жер. Жогору жактан агып түшүп келген суунун кошулган жеринен башталган жер түзөңчө келип, адамдардын арпа, буудай эгип алганына ылайыкташылгандай. Бул жерден Бекечалдын коосуна чейин сегиз чакырымдай аралыкта.

Арстакенин бул жерге келгенине бир айга жакындап калды. "Келгиле, кагылайын балдарым" дешип Өмүш менен Шербет эне

аларды тосуп алышкан. Өмүштүн жардамы менен алар корголой турган чакан өжүрө тургузушту. Үстүнө дарактардан кыйып келишип жаткырышып, топурак менен тумуйтушкан. Алдыларына чөптөн калың салышып, үстүнө Шербет эне камыштан жасап берген төшөнчүнү жамынууга берген. Күнүмдүк тамак үчүн Арстаке күндө токой аралап жемиш тергени кетет. Кечкиргенде алынын жеткенинче жемиштерден терип келип эки кичинекейлеринин курсагын тойгозгонго аракет кылат. Кээ күндөрү мергенчилер атышып таштап кеткен кайберендердин терилерин таап алып келип, бөлүштүрүп кайнатып жешип жатты. Күндө эрте менен чыкканда Бекечалдын коосуна, атасы мынтык бекиттим деген жерге келип кетет. Атасы айтып калтырган мынтыкты таба албастан убара. Бүгүн да эрте менен кеткен Арстаке колуна азыраак алма менен карагат терип, кабагы түшө өжүрөсүнө баш бакты. Көзүнөн жашы кылгырып алган.

- Сизге эмне болду аке? Бир жериңиз ооруп калдыбы?

- Жо-ок. Жакшы элемин, - Айшөкүлдүн суроосуна капалыгын билдирбеске аракет кыла.

- Эмне, бүгүн дагы мынтыкты таба албадыңызбы?

- Ооба, таба албадым. Бирөө эле алып койгондой. Атамын айткан жерин күндө эле карап жатам. Башка жагын да карадым.

- Мүмкүн ошол жерге окшош башка жерди айткандыр?

- Карабаган жерим калган жок. Табылбады, - үмүтүн үзө Арстаке астана тарапка олтуруп калды.

- Аке кайгырбаңызчы? Өмүш авам менен Шербет энемдер бар го. Алар бизди ачка калтырышпас?

- Туура айтасың Айшөкүл. Алар бизди ансыз деле карап жатышат дечи. Мындай кыйынчылык заманда өзүбүз өзүбүздү багып кетүүгө аракет кылышыбыз керек да?

- Аркы өйүзгө өтүп, мергенчилердин мынтыктарынан сурасак кандай болот эле? - агасын жалооруй тиктеген Айшөкүл көзүнөн жашын чыгара бышактап ыйлап жиберди. Аны көрүп олтурган Орункул да бакырып ыйлап кирди.

- Оо кагылайындар десе, болду ыйлабагыла! Мынтык табылат. Мына бул жемиштерди жеп тургула. Мен азыр келем, - колуна Өмүш берген кичинекей таш балтаны алды да сыртка чыгып кетти.

"Каякка барам? Кимге барып мынтык сурайм? Бара турган жерим жакын болсо да дурус эле. Балтаны эмнеге алдым?" деген ойдо чуркай баса бир чакырымдай жерге барып калганын өзү да билбей калгансыды. Күн уясына батып бараткан убак эле. Кеч болуп калганын сезген Арстаке кичинекей дөбөчөгө чыгып бир аз олтурду да, кайра артты көздөй бурулду. "А га-бабабыз өмүр бою ууга чыгып кайберендерди атып келишкен. Илгерки убакта мылтык деген болгон да эмес. Мылтык болбогон убакта эмне менен атып алышчуу эле. Албетте жаа". Оюна ушул келе калганда токой арасындагы ар кандай жыгачтын ылайыктуусун карап келе жатты. "Чын эле жаа жасасам болбойбу? Ийилчээк, бышык жыгач ыргай, табылгыдан жасаса болсо керек" деген ойдо, үйүнө жакын эле жерде өсүп турган түз ыргай эсине түшүү. "Мурдатан эмне ойлонбодум экен? Эми деле кеч эмес го". Өзү айткан ыргайды таш балта менен чаап кыйып алды да, үйүнө сүйрөп келди.

- Ий аке? Муну эмне кыласыз? Жакканга суу го? - Айшөкүл Арстакенин алдынан тосо сөз сүйлөп.

- Жакканга эмес, мен муну оюнчук кылам.

- Орункулгабы?

- Мага.

- Сиз чоң эле бала болуп калдыңыз го? Сизге оюнчуктун эмне кереги бар? Хи-хи-хи! - Айшөкүл каткыра күлүп алды.

- Бул силерге ылайыктуу оюнчук болбойт. Чоң кишилерге ылайыктуу оюнчук болот.

-Камчы жасайсыз го?

-Жаа болот.

- Жаа?.. Чооң болобу? - колун кере "ушундайбы" дегендей.

- Андан дагы чоң болот. Мен жасайын анан кийин көрөсүң.

- Ии-и..., - далысын күйшөп үйгө кирип кетти.

Айшөкүл үйгө кирип кеткенден кийин Арстаке колундагы таш балта менен кыркып алган ыргайды чапкылап, сыртын сыйра тегиздеп кирди. Сыртын толугу менен тазалап болгондон кийин, эки уч жагына жакыныраак жерин кескилеп, жип байлаганга ылайыкташтырып койду да, сай тарапка түшүп барып, сайда жакын жанаша өсүп турган дарактарга эки учун кыстарганча, жипке байланган оор ташты салаңдата асып койду.

Эрте менен эрте турган Арстаке, кечээки байлап койгон жыгачына келди. Оор таштын салмагы менен ийилип калган ыргайдын жыгачындагы байланып турган оор ташы менен жипти чечип алды да, жаа сымал ийилип калган ыргайдын эки учуна түнү менен атайлап жасап койгон жылкынын кылынан өрүлгөн жипти байлап, катуу тартып койду. Табылгынын чыбыктарынан даярдалган жаанын октору менен, жасалган жааны көтөрүп алып, эл көрбөс жерде аткылап көрдү. Билектен жоон ыргайдын жыгачы Арстаке үчүн

кыйла оордук кылгандай. Ошондой болсо дагы утуру аткылап жа-
тып жаанын сырын да билип алгандай. "Огум анча болбой калды.
Толук тийген кезде дагы өлбөй кетип калаары бышык. Мейли эми,
бир аракет кылып көрөйүн, мүмкүн талуу жерине тууралап атсам,
бир нерсеси болоор" деген ойдо кеч киргенде жааны бир жерге коюп
койду да үйүнө кайтып келди.

Түнү менен уйкусу качып, уктай албай чыкты. Уйкуга көзү жу-
мулуп кеткенде атасы түшүнө кире калат. Баягындай эле тоодон
кайберендердин эттерин көтөрүп алып түшүп. элдерге
бөлүштүрүүдө. Айткул авасы согуштан келип калгандай, арасын-
да жүрөт. "Мага да эттен берип койчу балам" деген каарыган кем-
пирлер жүрүшөт. Арстаке аларды таанубайт. Тигинде артыраак-
та апасы Кадыйча турат. Жүзүн кайгы басып тургандай, ойлуу.
"Апаке, сизге эмне болду? Капаа болуп турасыз го?" дейт. Апасы
бир нерсе айтып жаткандай колдорун гана булгалап турат.

Чочуп ойгонуп кетип, кайрадан уйкунун жолун аралап кирип
кетет. Түшүндө тоо-таштарды аралап жүрөт. Колунда атасы бер-
ген мылтыгы бар. Алдында көрүнгөн кайберендерди аңдып келе
жатканда капысынан алдынан жалгыз көздүү, коюу жүнү бар жа-
пайы адам жолугат. Суунун аркы бетинде турган жалгыз көздүү
желмогузду мылтыгын октоп туруп атып калат. Ал желмогуз эч
нерсе болбогондой суудан кечип өтүп келет да, Арстакенин мыл-
тыгын колунан сууруп алып, төрт-бешке бөлүп сындырып салат.
Ага да ыраазы болбогондой Арстаке менен алышып күрөшүп ки-
рет. Бирок Арстакени жеңе албастан жыгылып алдында калат. Ошол
кезде ойгонуп кетип андан ары өткөндөрдү көз алдына элестете
таңдын атканын уктабай тосуп алды. "Ээ Кудай, өзүң жардам бере
гөр. Орункул да эки күндөн бери тамак жейм деп тынбай ыйлап
жатат, эптеп бир кайберен атып алсам, жылуу эт жегенден кийин
ыйлабай калаар", - деген ойдо, кичинекейлер тура элегинде бекит-
кен жеринен жаасын алып алып тоо тарапка жөнөдү.

Күн чыгыш тараптагы тоону этектей өскөн мистелерди аралай
улам өрдөп барган сайын, авaанын басымы оорлошуп барат. Атасы
менен көп жолу тоо-ташты аралап калган Арстаке тез басып бара
жатканы менен чарчоону билбеди. Бир тоону ашып, экинчи бийик
тоого жармаша бергенде, анча алыс эмес жерде оттоп жүрүшкөн кай-
берендердин тобу көзүнө чалдыкты. Атасы үйрөткөн жол менен,
шамалга каршы тарабы менен айланып барууну эстеди. Кайберен-
дердин оттоп жүргөн жерине айланып баруу үчүн тээ ылдый жакта-
гы агып жаткан сууга түшүп туруп, кайрадан жогору чыгуу керек



эле. Көтөрүп жүргөн жаа гана алып жүрүүгө олдоксон болсо дагы,
бара-бара жол жүргөн сайын көнүшө түштү. Суунун боюна түшүп,
кайрадан жогорулаганда токой башталат. Бир топ жүргөндөн кий-
ин, ачык жерге чыгып орчук таштарды аралай боортоктой басып,
топ болуп өсүп турган карагандын далдоосуна келип токтоду. Бир
аз эс алып алгандан кийин жөрмөлөй басып, капысынан добушун
алдырбоого аракет кыла кайберендерге жакындай берди. Эч нерсе
менен капары жок оттоп жаткан топ кийикке бир топ эле жакындап
калды. "Ушул жерден ата берсемби? Жок жаанын жебеси жетпей кал-
басын, дагы жыла түшөйүн" деп Арстаке андан ары да боортоктоп
жөнөдү. Бир нерсени шек алгандай серкеси тоонун башындагы ур-
чукка чуркап чыга эки тарапка карап калгандыктан, Арстакеге бир
аз унчукпай жатууга туура келди. Тегеректи бир аз карап алган-
дан кийин "эч нерсе жок окшойт" дегендей кошкуруна артты көздөй
бурулуп чөп оттоп кирди.

Арстаке колундагы жааны алдына ала, даярдап койгон жаа-
нын огун тартылып коюлган жипке артын бекемдей кармады да,
жакын эле жерде оттоп турган чаарчыкка мээлей берди. Жипти тар-
та берип кое берээринде чаарчыктын жанына келип калган энесине
көзү түштү. "Чоңураак ушуну эле атып алайынчы" деген ойдо же-
бени ошол тарапка мээледи. Эч нерсе менен капары жок элик,
күнүмдүк жашоо үчүн тамагын тойгуза чөптү аймалап келе жат-
кан. Сүт ичкиси келип кеттиби, катарында чөп оттоп келе жаткан
чаарчык, энесине эркелеп так-так секирип алды да, чуркап барып
энесинин эмчегине башын катты. Энеси да анын эмчек эмгенин күтө
айлананы карап туруп калды. "Энекебай, мен да сизге дал ушундай
болуп эркелей эмчегиңди ээмп чоңойбодум беле? Эми кичине торо-
луп, чоңоюп келе жатканымда, жаман адамдардын колунан каза
болуп олтурасың. Бул элик да сизге окшогон эне го." Көз алдына
апасынын акыркы жолу көзүн чала ачып, бир нерсе айтам деп ба-
рып, айта албай өлүмгө дуушар болгону көз алдына элестей түштү.

- Апаке-е-ебай! А-а-а! – Арстакенин кыйкырган үнүнө чочуган
кайберендер кулактарын тикчийте чочушуп үркө качышып тоону
ашып кетишти. Ачуу кыйкырык тоону аралай чаап, зоого жабыш-
ты да, кайрадан жаңырган үнү кайрылып өз кулагына угулду.

Энеден ыйык нерсе болду бекен. Тогуз ай боюна көтөрүп жүрүп,
толгоонун күчүнө чыдап бала төрөгөндөн кийин, торолуп эр жет-
кенге чейин канча кыйынчылыктарды көрбөйт дейсиң. Эмчегинде-
ги уузун ээмп, эне бөлөгөн ак мамыктуу бешикте жатып, тамтуң
баса өз жолуна түшкүчө эненин түйшүгү чоң экенин кимдер гана

билбейт? Катуу жерге тийип жыгылбасын, бирөө уруп койбосун, суудан агып, жардан учуп кетпесин деп канатына ката корго онгогон эне. Жакшы адам болуп өссө экен деп, жамандыкка барган балдардан алыс болсо экен деген эне.

Ооба ошол энелердин бири Арстакенин апасы Кадыйча эмес беле. Балдарым чоңоюп калгандан кийин мени багышат. Кудай буюрса келиндүү болуп, небере көрсөм, балдарымдын үйүнүн төрүндө олтуруп алып, чекемди тердете чайын ичип олтурсам арманым жок деп айтып калаар эле. Эми мына анын шейит болгонуна кыйла убакыт болуп калса дагы Арстакенин оюнан кетпей, кайгынын койнуна батып келет. Кээде, тээ тоолордун учуна чыгып алып, "апа-аке-е! атаке-е-е!" деп кыйкырып алгысы келет. Атасынан алигиче кабар дагы жок.

Атайы ууга чыгып эч нерсеге ээ боло албастан шылкыя басып үйүнө жеткичекти түн дагы кирип кетти. Береги дөбөдөн аша берээри менен Өмүш авасынын олтурган үйү жалындап күйүп жатканын көрүп, чуркап жөнөдү. "аа-йт! Ча-а-ап! Шамил кеттикпи-и?! Кара үйдүн ичин жакшылап, кантип эле эч нерсе болбосун?!" деген үндөргө аралаш чаңырып жаткан Шербет эненин үнү угулуп жатты. "Дагы басмачылар келген окшойт" деген ойдо өзүнүн үйүнө жакындап барды. Алардын үйүн да аңтарышып көргөндөй. Эч нерсе таба алышпагандан кийин калган үйлөргө кире баштапшкан тура. Каршылык көрсөткөн го Өмүш аванын үйүн өрттөп жиберишиптир. Ал башын кучактап үйүнөн анча алыс эмес жерде чөкчөйүп олтуруптур. Онго жакын жоочун караан "эми ала турганыбызды алып бүттүк" дегендей аттарын мине тоону карап чаап караңгыга сүңгүп кирип кетишти.

- Өлүңөссейиндер десе!! Качан болсо бизге келишин болгон нерсебизди тоноп кетишет! Ок, жакшылык бетин көрбөй калгырлагыр десе!! Ушундан көрө, эл катары гермaндар менен жигиттердей согушуп келишпейби?! Жырткычтар!! Билем силердин ким экениңерди, отред (отряд) келсе каерде жүргөнүңөрдү айтып бербесем элеби!! - деген ачуу сөздөрү менен үйүндө чачылып жаткандарды жыйнаштыра Шербет эне кайгырып сүйлөп жатты, - Оо Өмөш! Болду эми үңкүйбөй ордуңдан тур! Кел бул жакка! Бүгүн бир үйдө чогуу болуп турабыз. Эрте менен кайрадан үйүңдү ордуна келтиргенге чогулуп аракет кылабыз го.

- Шербет эне, эмне болуп кетти ия?! Бул келген адамдар кимдер экен? Отряддар эмеспи?

- Кайдан отреттер дейсиң балам? Мени согушка деп келишмек беле? Тиги үйүң күйгүрлөгүр, басмачылар келишип олтурбайбы?!



Нокент менен Майлуу-Суу жактан чыгышкан басмачылар го. Ушуну менен экинчи жолу бизге катылышып жатышканы, өлүңөссейиндер десе!!

Өзү дагы арандан келген Арстакенин мындай окуяга дуушар болушу, ага андан бетер катуу таасир калтырды. Үйүнө кайрылып келсе Айшөкүл менен Орункул тигилерден корккондорунан бир бурчка тыгылышып олтургандарын көрдү.

- Аке-е!! Келдиңизби?!

- Коркпогула?! Ооба мен келдим. Баскынчылар кетишти, - өзү коркуп турса дагы кичинекейлерди жубата аларды коюнуна имерди, - курсагыңар кантти, ачка болдуңар го?

- Курсагыбыз ток эле. Шербет эне курсагыбызды тойгозуп кеткен эле. Сизге да кичине тамак калтырдык мына, жеп алыңыз?, - Айшөкүл бытыйган колдору менен бир сындырым нанды бекиткен жеринен алып чыгып Арстакеге сунду.

- Мага мына бул бөлүгү эле болот, калганын силер бөлүп жегиле, - нанды дагы үчкө бөлө, экөөнө сунду.

- Биз жедик го? Сиз эле жей бербейсизби?

- Жок, жегиле! Мен талаадан жемиштерди терип жеп алдым, - курсагы ачып турса дагы кичинекейлерин аяп, алар сунган нандын бөлүгүн албады. Нандын эки тиштемин жегенден кийин, калганын койнуна катып алды да, төшөк ордуна салынып коюлган чөпкө барып кынтайды. Түн бир убакыт болуп калган эле. Катарындагы агып өткөн суунун шары менен кошулуп сүтактын сайраганы гана угулганы болбосо, тегерек тынчтыкка бөлөнгөн. Ошол Тынчтыкка кулагын төшөгөн Арстаке "эртең эмне кылам" деп ойлонуп жатып уйкуга кетти.

* * *

- Рысбе-ек артыңды кара!! Туура жактан келе жатышат, мен ошолорду атайын! Тигинде алдыда боортоктошуп келе жатышат. А-ат!!

- Октон калдыбы? Окто-он!

- Мына-а ок! – татыраган автоматтын жаңырыгы менен оңдон, солдон келе жатышкан душмандар менен айыгышкан кармашуу болуп жатты. Шаардагы үйлөрдү аралай ар бир квартал үчүн кармашуу болуп, улам алга жылышкан сайын катарындагы жоокерлердин катары суюлуп бара жаткандай.

- Тага-ай, этият бол, снаряд!

- Давай сюда! Гранату бери, на-а!

- Рысбек, тээтиги тынбай атып жатканды жок кылчы?!

- Молодец, вот так надо! Там еще наверху!

- Кеттик, алга-а-а! – катуу үн сала чуркап жөнөгөн Рысбектин артынан калгандары да атырылып жөнөдү. Булардын жаадырган огуна туруштук бералбаган душмандар, айласыздан колдорун көтөрүшүп багынып берүүгө мажбур болушууда. Алардын бекинген жеринен автоматтын арты менен койгулаша, жоокерлер сыртка айдап чыгып жатышты.

Берлиндин көчөсү. Кооз үйлөрү бар, көчөлөрүндө ар кандай айкелдер менен кооздолгон, жолдорунун түздүгү менен суктандырган шаар экени көрүнүп турат. "Да, город был красивый" деген бир жоокердин сөзүн угуп тамшанып калды эле. «Эгер согуш болбостон жөн эле, атайы көргөнү келгенибизде сулуу шаардын өзүн көрмөк экенбиз. Эми кара, тегеректин баары талкаланган, көчөсүнүн тамтыгы жок. Айкелдери да сынып талкаланып калган». – деп ойлонуп алды Рысбек.

Эртеден бери айыгышкан катуу салгылашуудан кийин, барабара атышуулар азайып, тегерек тына түшкөндөй болгонсуду. Аз убакыт өткөндөн кийин ураалаган үндөр менен атылган автоматтын тынбаган залпы угулуп калды.

- Побе-еда-а! Товарищи, мы победили!!

- Тагай, согуш бүттү! Карасаң?! Рейхстахта кызыл байрак желбиреп турат! – Рысбек Тагайдын мойнунан кучактай сүйлөп жатты.

- Чын эле… Согуш бүттүбү?… – көзүнөн кубанычтын айынан чыгып жаткан жашты жашыра албастан ыйлап жатты.

- Биз жеңдик, Тагай! Жеңиш биздики, – автоматындагы калган октордү түгөтө асманга атып калды.

Ооба согуш бүттү. Адам баласынын жашоосундагы бирден бир кан төгүлгөн, алаамат болгон, канчалаган адамдардын жанын алган, балдарды жетим калтырып, аялдарды жесир калтырган согуш бүттү. Дүйнө боюнча өз тарабына каратып, өзүнүн гана жашоосунун рахатын ойлонуп, фашизимдин бейиш төрүн орнотом деген Гитлердин ташы-талкан болду. Беш жыл айтканга оңой болгону менен, согуш жолунда канчалаган шаарлар талкаланып, жүз миңдеген адамдар курман болушту. Тигинде жеңиштин символун тартуулап турган кызыл желек Рейхстагдын төбөсүндө желбиреп турат. Советтик жоокерлердин эле эмес, бүткүл дүйнөдөгү адам баласынын көптөн күткөн тилеги ушул эле. Ошолордун катарында, дал ушундай тилек тилеп келишкендерден Рысбек менен Тагай эле. Орус талааларын аралап, кээде жөрмөлөп келсе, кээде чуркай



басып Берлинге чейин согуш отун кечип келишип, жеңиштин келгенин өз көздөрү менен көрүп олтургандарынан, ураалаган үндөр менен пилоткаларын көккө ыргытып жатышкан жоокерлер менен кучакташып ый аралаш, күлүп жатышты.

Эми эле согушуп келип тынчып калган катарындагы кабат үй тарап дагы эле үңүрөйүп, сырдуу көрүнгөнсүйт. Жеңилгенине көздөрү жеткендери колдорун жогору көтөрүшүп, жеңилгендерин билдиришип сыртка чыгып жатышкан немец аскерлери колдорундагы куралдарын ортого чогуу ташташып жатышты. Негедир ошол убакытта экинчи кабаттын терезесинен кылт эткен караан көрүнгөндөй болду.

- Жолдоштор! Жогору жакта дагы жүрүшкөндөй! Чыгып текшерип койгула, - Рысбек айтып бүтө электе автоматтын тынбай атылган үнү жаңырып, эми катарынан туруп калган жоокерлердин катары суюла түштү. Ичине тийген октон агылып аккан кандын, тизесинен ылдый жылып келе жаткандыгын түйганы менен, көз алдына өлүм келгендей айлананы бир карап алды да, Рысбек көмкөрөсүнөн жатып калды. Ажал ок анын өмүрүн аркы дүйнөгө алып кете берди. Азыр эле анын катарында турган Тагай дагы оор жаракат алып калган эле.

* * *

Жылдагыдан быйылкы жаз эрте келгендей болду. Бак-дарактар көгөрүшүп, айланага көркүн тартуулап турган кези. Кечээ эле Нарын дайрасын бойлой эки күн жүрүп келген Сатыш. Атасынан калган, жакын эле туугандарынын карызын өндүрүп алып, кайрадан Эш-сайга жол салды. Берген бир кап жүгөрүнү «кандай болсо дагы эптеп алып кетем» деп, бар күчү менен жонуна салып алып келет. Эми он төрткө чыгып калган бала, мындай оор салмактагы жүктү алып жүрүү кыйынчылыкка туулгансыды. Жонуна эптеп коюп алып, алы жеткен жерге чейин көтөрүп барат да, бийигирээк таштын үстүн «көтөргөнгө оңтойлото» коюп эс алып калат. Кайра көтөрүп жөнөйт… Ошентип жүрүп олтуруп кыйла эле жол арытып койгонсуду. Эрте менен Токтогулдан жөнөгөн Сатыш, түш оой Шалпылдак жонуна жакындай берди. Белге чыга берип жонундагы капты жерге коё эс алып олтуруп калды.

Тээтигинде тоо тараптан агып түшкөн Кара-Суу суусу. Баш жагында кол менен атайлап жасап койгондой эки кичине көлү, андан кийин он чакырымдай узунунан келген көлү бар. Ошол көл менен, айланасындагы ар түрдүү өсүп турган дарактар менен кошо

түркүн куштардын, кайберендердин көптүгүнөн ал жердин кооз-
дугу көрүнүп турат. Атасы барында Токтобекке ат менен таанын
тууганДарынын боз үйүнө көп эле барчуу. Ошол Мөкчү суусу агып
олтуруп Нарынга куюлат. Ал эми түндүк тарапта Кетмен-Төбө
жайылып жатат. «Эми тезираак басып, Токтобекке жетип барсам,
эптеп бирөөнүкүнө калкалап турам да» деген ойдо оор капты он-
толоп жатып жонуна көтөрүп алды.
- Чу! Чу жаныбар! Адамкалый бастыр тез! Караңгы кире элек-
те жол арытып алалы?! – аттарын темите бастырышып алты атчан
кишилер Сатышка жакындай берди.
- Эй бала! Кумурскадай болуп алып мынча оор жүк менен кай-
дан келе жатасың ия?! – эткел келген адам Сатышка суроо узатты.
- Токтогулдан келе жаттым эле. Аа ава, сиз белеңиз?
- Ооба мен элемин. Сен Сатышсыңбы? Жолуң шыдыр болсун!
– аттарын алчактата Сатыштын жанынан кыя өтүп алдыга өтүп
кетишти.
Же «жакшы баргыла» дей албай, жакын эле аваларынан бол-
гон Молдокулдун «жардам керекпи» деп койбостон өтүп кеткени-
не ыза боло, алардын артынан тездеп басып жөнөдү.
Бара-бара ылдыйлап барган сайын Сатыш абдан чарчап кал-
ганын сезди. «Аз эле калды көрүнөт. Тиги бурумдан бурулсам эле
Токтобеке кирип барам. Ал жерде бир үй тургансыйт эле. Ошол
адамдыкына эптеп консом. Эрте менен эртелеп жолго чыксам, кеч-
ке чейин барып калам го» деген ойдо кадам таштап алдыга бара
жатты. Өзү айткандай Токтобектин баштала беришинде салынган
там бар экен. Караңгыда жылтылдаган чырактын жанган карааны
менен Сатыш ошол үйгө бет алды.
- Ээй кемпир, чыкчы! Эшикке бирөө келдиби?! Ит каап албасын!
Сатыш жакындап калганда алдынан тосо үрүп чыккан итти
өзүнө чакыра үй тараптан аял чыкты.
- Кү-үч, кү-үч! Ма! Ке-ет!! Ой сен кимсиң?!
- Мен жолоочу элемин. Бүгүнчө сиздин үйгө калкалай турай-
ынчы? Алыс кетип жаттым эле. Жата турган жерим жок!
- Жаш баланын үнү угулгансыйт. Коркуп калбасын, чакыр бул
жакка! Ой бала кире бер?! – чапанын желбегей жамына сыртка чыга
келген узун бойлуу, нооча келген киши Сатышка жол көрсөтүп үй
жакка чакырды. Үйдүн катарына салынган малкананын кире бери-
шинде эми эле басып келип отко коюлган алты аттын бышкырып
чөп жеп турганын көргөн Сатыш, тиги жердеги андан озуп кетиш-
кен жолоочулардын дагы ушул жерде конокто экенин билди. Ко-



лунда байлыгы жакшы эле бар, бай адам экенин үйгө баш бакканда
эле сезди да, жогору чыкпастан астана жакка тизесин бүктөй олту-
руп калды.
- Ии жээн! – жактырбаган түрдө, - тез эле жетип келип калдың-
бы ия?! Тиги көтөргөн кабың сага оордук кылбадыбы? Али тоонун
ичинен чыга элек болсо керек деп ойлоп турдум эле. Эр экенсиң.
Кайым айтышканга тили кычышып турса дагы, тилин баса ун-
чукпай олтура берди. Алдыларына жаңы эле союлуп коюлган жаш
улактын эти коюлуптур. Чекелерин тердетишип шорподон ичише
кызуу сөздүн учугун улап алышкан. Кирип астана жакта олтуруп
калган Сатыш менен эч кимдин иши да болбогон өңдүү. Үй ээси дагы
сөздүн кызуусуна кирип алгандай Сатышты шорпо ич дегенге да
жарабай көңүлү тигилерде. Акыры тамак ичилип бүткөндөн кийин
гана, артып калган шорподон Сатыштын алдына коюшту. Ошону-
суна дагы шүгүр деп, бая эле алдынан үн сала кароолдук кыла жүгүрүп
чыккан ит менен кошо дос боло даам сызып жатышты. Таң да атып,
эми айланага жарык чача баштаган убакта, тигилерди ойготпостон
жыла басып малкананын бир бурчуна жөлөп койгон кабын эптеп
жонуна көтөрө жолго түштү. «Кеттиңби жакшы бар, сен да менин
шеригим окшойсуң» деген өңдүү, кетип бара жаткан Сатышты бир
карап алды да, ит кулагын бир серпип ала уйкуга киргенсиди.
Күн төбөгө жакындай берээрде Достун тушуна келип калды.
Жогорудан агып келген булактын суусунун боюна токтоп кыйла эс
алды да, кайрадан жолун улантууга камынды. Тигинде арт жактан
дагы алты атчандар жете келишти. «Мүмкүн эми жардам берип ка-
бымды алып алаар бекен» деген үмүттө басыгын азайта басып калган
Сатыш, көңүл да бурбастан аттарын желпинте өтүшүп кетишкенден
кийин ыза боло авасына ызырынып ичинен сөгүнүп алды. «Мен атын
минбейт деле болчуумун. Жок дегенде Эшке чейин кабымды ала ба-
рышса жакшы болот эле го. Үйдө апамдар мени күтүшүп ачка олтуру-
шат. Жей турган эч нерселери калышкан эмес эле. Ачкадан өлүп ка-
лышпады бекен, кагылайындарым». Көзүнөн жаш тамыза, үнүн чы-
гара ыйлап алып, ачуу ызасы менен көтөргөн кабынын оордугу би-
линбегендей тиштене көтөрүп келе жатты. Күн батканга аз эле кал-
ганда Эшке кирип келди. Өр таяна берип эки тамдан өткөндөн кийин,
жолго жакын салынган тамдын жанында уйкусурап жамбаштап жат-
кан эки балага көзү түштү. Өңдөрүндө кан жок, ачкалыктын айынан
жанына кимдин келгенин да сезишпей калыптыр.
- Керим сага эмне болду? Эй Керим, тургула?! Иниңди да тур-
гузсаң? Эмне ооруп калдыңарбы?

- Ж…жжок… ачка кал… - сөзүнүн аягына жетпей көзүн жуумуп алды.

- Ачкасыңарбы? Азыр анда. Чыдай тургула, мына мен жүгөрү алып келдим. Казаныңар барбы, кууруп бере салайын. И-и тигинде турат. чыдай тургула, - Үйдүн ичинде турган казанды алып чыга калды да, үйдүн алдындагы кемегеге аса салып, куурайлардан термелеп келе калды. Ташты чакмактап от күйгүзө жүгөрүдөн кочуштап салып, казанды аралаштырып кууруп кирди. Аз убакыттан кийин даяр куурулган жүгөрүнү Керим менен иниси Салыйга бере сала. андан ары үйүнө жөнөдү. Эргилчекти жылдыра берип короого кирди да, катарында жыйылып турган, малга жедирилгенден калган үймөк чөпкө кабын тикелей коюп, үйүнө баш бакты. Үйгө анча кирбей айланага чуркап тынбай турган Исраилден да дайын жок.

- Апа-а, о апа-а?! Исраи-ил! Барсыңарбы?!

- Ээ балам келдиңби? - үнүн кыргылданта чыгарып, ооруганынын айынан арыктай түшкөн апасы Сатыштын алдынан каршы алды, - Кечиктиң да балам? Кыйналбадыңбы?

- Кыйналсам да келип алдым. Исраил көрүнбөйт да апа?

- Эмне кылайын балам?! – жалооруй, - ачкалыктан үн катпай жатып калган. Азыр уктап жаткансыйт.

- Апа. Мен азыр… - Сатыш чуркап эшикке чыгып кетти да, кайрадан алып келген кабын үйгө сүдүрөп кирип келди. – Мына апа, карызды өндүрүп келдим. Азыр казанды асып куура коеюн.

- Мен жардам берейинчи. Кантип куурушту билесиңби деги?

- Билем апа. Сиздер жүгөрү куурганда карап олтуруп эле үйрөнүп алганмын. Жолдо келе жатсам, тиги Жолдошбайдын эки баласы соолуп жатыптыр ачкалыктан. Аларга кыйла жүгөрүнү кууруп, азыраагын жедирип коюп келдим, - шатырап сүйлөй очоктогу казанга жүгөрүдөн кочуштап сала, алып келген куурай-отундарын тутандырып аралаштырып кирди.

- Апа-а! Ким келди? Сатыш акемби-и??

- Исраил, бул мен Сатышмын. Азыр сага жүгөрү кууруп берем. Туруп олтуруп тур, маакулбу? Же бери кел. Карасаң, казанда бадырактар жайнап калды, ой-ий десе?! – Сатыштын кызыктырган сөзүнө кумарлана төшөктө жаткан Исраил акырын жыла жөрмөлөп агасынын жанына жетип келди.

- И-ий чын эле, бадырактар жүрөт го? Тезирээк эле колума салып бере салыңызчы?

- Азыр иним! Шашылбай тур. Жакшы кууруп алалык, анан колуңа салып берем. Калганын жаргылчакка салып талкан кылып. жарма бышырабыз ээ?



- Мм-м! – Ооба дегендей башын ийкеп, эки көзүн казандан айырбай, бышкыча карап тура берди.

* * *

Шарактаган поезддин үнү Айткулдун кулагына жаңырып, уйку келтирбей алга жылып келген поезддин ыргагында үйүнө карай кайтып келе жатты. «Дагы төрт күндөй жол жүрсөк үйүбүзгө да барып калабыз го» деген ойдо, катарындагы текчеде ооруп жаткан Керимбайды карап койду. Эки жылдан ашык согуш болуп өтүп кеткен, талкаланып калган шаарларды калыбына келтирүү кызматын аткарышып келишкен экөө, эми үйлөрүнө кайтаар убагында Керимбайдын катуу ооруп калганына Айткул кыйла эле кайгырды. Догдурларга көрсөтүшсө «тез үйүнө алып баргыла» деп айтышкан. Кетип жаткан поезддин да басыгы акырындап калгансыды. «Дү-үт деп үн сала жонупа оор жүк артынган өгүз сымал «гүш-ш» деп барып бир силкинип алды да, созулуп барып токтоп калды. Казакстандын кең талаасы.Тигинде кез-кезде жолуга калуучу төөлөр оттоп жүрөт.

- Су-у-у… - Керимбайдын алсыз айтылган сөзүн угуп Айткул шашыла сыртка жөнөдү. «Чын эле суу алып чыгайынчы. Өзүмө жолго да керек». Поезддин тепкичинен шашыла түштү да, анча деле алыс эмес жерде колуна таяк кармап жүргөн адамга үн салды.

- Эй жигит! Мени карачы! Суу табылаар бекен?!

- Аркы бетте чогулган суу бар!

- Ырахмат! - поезддин түбүнөн жөрмөлөп өтө, алиги адам айткан жакка чуркап жөнөдү. Айткандай эле жүз метрдей арагыраак жерде атайы суу алуу үчүн чогултулган суу бар экен. Бараары менен эки колун сала кочуштап суудан жутуп алды да, идиш жоктугунан кепкасына сууну куя артты көздөй чуркап жөнөдү. Ал убакта поезд оор үшкүрүнө куйругун тарта күүлөнүп жол салып калган эле.

- Ээ-э-эй токтогула! Ээ-эй!! - жетиш үчүн тездеп чуркаган Айткул канча аракет кылганы менен поездден калып калганын сезди. «Эми эмне кылам? Ай талаада калат деген ушулбу ия? Керимбайга да кыйын болду го. Аны ким жеткирет? Менден башка эч ким анын үйүн билбейт эле. Суу ичпей калайын деги,» - деген ар кандай ойлорду ойлонуп, эми эле түштүктү карай жол салган поезддин релсине олтура кайгырып олтуруп калды.

- Чо с вами? А шырагым кешиктиңми? - колуна таяк кармаган алиги адам жакындап келди.

- Ээ тууган, бул поездиң сени күтүп олтурбайт турбайбы. Жанымдагы шеригиме суу алып чыгып берейин деп барып кел-

генче жетише албай калып калбадымбы. Эми эмне кылаарымды билбей турам.

- Не кылардын, олтурмастан мобурски жак менен түз аттансаң гой, эки күндө Кыргыз жергесине жетип каласың. Поезд күтсөң жумалап туруп калышыңгыс мумкун.- казак жигит түштүк-чыгыш тараптагы уланып өсүп кеткен дөңсөөлөргө жол көрсөтө колун жаңсап.

- Ырахмат тууганым. Сен айткандай эле кылат окшоймм. Тобекел «кыбыраган кыр ашыптыр» дейт. Жүрө берсем жетип калаармын.

- Кичине күтө турчу. Азыр мен... - бир нерсесин унуткан адамдай тиги киши өзү олтуруучу өжүрасына кирип кетти да, кайра тез эле колундагы гезитке оролгон бир нерсени Айткулга берди. - жол узак болот. Аз болсо дагы бул нанды алып ал тууган.

- Кагылайын десе. Ырахмат сага. Бул жакшылыгыңды унутпаймын. - Тиги адамды кучактап бетинен өөп алды да, ал көрсөткөн тарапка жол салды.

Узак жол. Бирде жогорулап дөңсөөгө чыкса, бирде төмөн түшүп, кайрадан жайылып жаткан талаа менен басып келет. Чарчаганына айла канча, кадамды тездетпесе бул талаада калып ач карышкырларга жем болоору да бышык. Күн да өз жолун арыткандай жылуулугун өзүнө ала, кечти бере баштады. Салкын боло түшкөнгөбү, арымын дагы тездете түн кире элегинде өзүн коргоо үчүн ылайыктуу жерди карап бара жатты. Тегерек салкын боло түшкөнгөбү, айланада учуп жүрүшкөн чегиртке, курттар, кара коңуздар көбөйүп, Айткулду жүдөтө баштады. «Ушул жер дем алып жатканга ылайыктуу өңдөнөт. Эмнеси болсо дагы айлананы карап жатканга боло турган экен» деп дөңсөө жерге, айланасы таш менен оролгондой таштаң жерге барып жайгаша баштады. Жырткыч айбандар келип калышса таш менен коргонгонго болгудай деп ойлонуп алды. Казак жигит берген нанды койнунан алды да, четинен кичине үзүп алып оозуна салды. Калган нанды этияттап ороп туруп койнуна салып койду. Узак жол жүрүп чарчагандыктан го, эч нерсени деле туйбастан куш уйкуга кирип кетти.

Айткулдун жол жүргөнүнө эки күн болуп калды. Үчүнчү күн дегенде ар жерде топ жайгашпаган кичинекей айылга туш келди. Сырттан караган адамга бул айылда деги эле эч ким жашабаган өңдүүдөй көрүнөт эле, анткени ал айылдын адамдары, эркектери согушка кетишкенден кийин эле жакын эле жерде жайгашкан шаарга көчүшүп кетишкен. Кетишпеген азыраак бөлүгү гана күнүмдүк оокаттарын эптеп өткөрүшүп турушат.



- Ээ бул короодо ким бар?! - дубалдары көчөйүн деп калган, эргилчеги сынып жерде жаткан короого баш бага Айткул үн салды, - Оо ким бар?! - анын чакырыгын эч ким кабыл албады. Андан өтүп экинчи короого баш багып ага да үн салды, - Тирүү жан барбы?!

- Барбыз, барбыз! Ки-им бул?! - Үнү араң эле чыккан аял кишинин үнү чыгып калды. - Кире бергиле, кимсиңер деги?!

Короонун ичи чаңга батып, көптөн бери шыпырылбай тургањы билинип турат. Ылай менен урулган үйдүн шыбы торсунга кайчылаштыра жабылган майда шакчаларда жөргөмүштөрдүн желелери жайгашкан. Үйгө кире беришге бут чечүү үчүн атайы текчече жасалган. Эскилиги жетип калган эшиктин үстү жагында торсунга байлануу турган жыгач челек салаңдап турат Эшикке катарлаш жайгашкан терезе. Анын ичиндеги текчеде сасык майдын күйүндүсүнөн карарып кеткен эски чырак көрүнөт. Аялдын үнүн уга короого баш баккан Айткул эшиктин кармагычынан кармай акырын өзүнө тартты.

- Арбаңыздар! - караңгы бөлмөгө баш бага үн катты.

- Кел, келгиле! Кимсиңер? Эмне жумуштап келдиңер?

- Кечиресиз эне. Мен жолоочу элемин. Өз жериме кетип бара жатып поездден калып калбадымбы.

- Поездден дейсиңби балам? Каяктагы поезд эле? Бул жерден поезд өтпөйт го?

- Туура айтасыз эне, бул жерден өтпөйт. Тиги Казакстандан кала бербедимби. Андан бери мына үчүнчү күн, жөө келе жатам.

- Ия-я ботом! Ошондойбу. Алыс жол жүргөн турбайсыңбы. Кичине эс алып ал анда. Өзүң көрүп тураарсың балам. Менин турганга акыбалым жок. Кечке чейин ушинтип жатканым-жаткан. Солдойгон бир балам бар. Ал эрте менен кетет, кеч кайтып келет. Эмне кылып жүргөнүн да билбейим. Кээде ачка деле калып калам. “Сен өлүп деле калбадың да” деп сөгүнө кичине нан алып келип берип коет. Ушинтип өлбөстүн күнүн көрүп келе жатам. Сага да берээрге эч нерсем жок балам.

- Ырахмат эне. Мен кичине эле “тук” этип алсам. Анан кайра жөнөйүм. Мындан ары дагы көп жүрсөм керек ээ?

- Ооба балам дагы кыйла жүрөсүң. Менин билишимче айылдан чыккандан кийин жол оңго бурулат. Сен ошол жерден эле солго бурулуп жөнөсөң, кыйла жүргөндөн кийин чоң машина жолго чыгасың. Ошол жерден күтсөң мүмкүн бирар машинага туш келип калаарсың. Ошондо тез жетесиң го.

- Туура айтасыз. Ырахмат эне. Азыр-р... - чарчап калган Айткул сөзүнүн аягына жетпестен эле кош уйкуга кирип кетти.

Тумар эне жашынан элдердин алдында тыкан болуп, турмушка чыккандан кийин жолдошунан жети балалуу болгон эле. Жетөөнүн бешөө жашынан эле оорулуу болушуп көп жашашпай каза болуп калышкан. Эки баласын торолтуп чоңойткондо каргашалуу согуш пайда болуп, бир баласын жалмап кетти. Экинчи баласы азыр эле энеси айткан бала. Жашы жетип калса дагы согуштан качып жүрүп калып калды өңдөнөт. Эми мына жаман адамдарды өз катарына кошуп алып, Чүй тарапка барышып чөп чогултуп келишет. Чогултkан чөп эмне экенин эне кургур кайдан билсин. Кээде баласынын көзү кызарып калса "балам сага эмне болду? Көзүң кызарып калыптыр, ооруп калган өңдөнөсүң?" деп калат. Анын кээде каткырып өзүнчө эле күлүп калганына таң кала "ээ,бир нерсеге кубанып келген болсо керек кагылайын десе" деп калаар эле. Бир баласы менен кошо күйөөсү дагы согушка кетип дайынсыз. Эки жолу кат алган. Андан кийин такыр эле кат эмес өзүнөн да кабар жок. "Колхоз дегениңе жакшы эле кызмат кылдым го. Элдерден малдарды чогултушуп, дан чогултуп, деги койчу?! Ошентип жүрүп колхоз курбадыкпы. Басмачылар менен канча чабышпадык. Эми мынтип согуш болуп калбаганда, силер үчүн жакшы заман курулуп калды эле," - деп баласына айтып калаар эле.

Канча уктаганы белгисиз, эшиктин катуу тебилген үнүнөн чочуй Айткул ордунан ыргып турду.

- Апа-а, үйдөсүзбү ия?! Бол тез төшөк сал! Меймандарым келди! - Эч жакка деле көңүл бурбастан колдорун жаңсай апасына өктөм сүйлөй кайрадан чыгып кетти.

- Кагылайын жолоочу эртерээк чыгып кетпесең болбойт. Дагы өзүнүн кишилери менен келип калган өңдөнөт. Баламдын көзү дагы кызарып калган тура. Чогулуп олтуруп алып бир нерсени чегип алышат да, каткыра күлүп олтура беришет. Өткөндө дагы бир келишкенде, бирин-бири союп кое жаздашпадыбы.

- Анда мен кеттим, жакшы калыңыз, - деп сөзүн жыя элегинда эле тигилер кирип келишти.

- О-оо, ап-ке-е?! Бул киши ким ия? Мен кеткенден кийин эле болочок ата таап алгансызбы дейим да, ха-ха-ха-ха!

- Поздравляю с папой, ха-ха... - көзүнүн карегинде кара тагы бар мурду салаңдай жайгашкан, мурутчан орус бала күлүп калды.

- Жо-ок айланайын балам. Бул эч кандай деле ата эмес. Кой андай дебе?! Жолдон эле келе жаткан жолоочу киши экен. Кыргызстанга кетип жатыптыр.

- Кыргызстанга кетип жатса, бул үйдө эмнеси бар экен? Бул жер деген Өзүбекстан эмеспи, - апасына жини келе баласы сүйлөнүп.



- Апаңар туура айтат. Мен чарчаганымдан эле, кичине эс алып алып, жолго чыгайын деп эле сурандым эле. Апаңардын күнөөсү жок. Мен анда барайын... - чыгууга жүткүнө бергенде, тигилердин ичинен бири Айткулдун далысынан кармады.

- Братан, давай поговорим а?! Жолоочу болсоңуз. Анан келе жатып эле кандайча бул үйгө кире калдыңыз экен дейим да? Бул силер ууру эмессиңерби ия?! Айылда ууру дагы көбөйдү эле. Тигил Жаркынбайдын койлору уурдалган. Шаматтын эки эчкиси дайыны менен жок. Султандын уюн дагы ордунда союп кетиптир. Значить ошол ууру сен окшойсуң? Милиция чакырып колуна карматып бериш керек муну.

- Туура айтасың Коля! Дал ушул ууру болуш керек. Өткөндө менин да тоокторумду ушул киши уурдаган, - деп үйдүн бурчу тарапка келип туруп калган үнү ичке сүйлөгөн Самат деген бала.

- Кагылайындар! Каяктагы уурулукту айтып жатасыңар деги? Мен эми эле Казакстан тараптан келдим. Поездден калып калып жөө келе жаткан жолоочу элемин. Уксаңар дагы керек? Тигил Таш-Көмүр дегенди. Көмүр чыгат го? Ошол тарапка кетип жаттым эле. Кичине тук этип алайын деп кайрылып калбадымбы.

- Жо-ок сен жалган айтып, жатасың. Сен эми эч жакка кетпейсиң. Бүгүнчө ушул жерде болуп турасың. Жылсаң өлдүң дей бер. Мына бул бычакты ичиңе малып алабыз.Түшүндүңбү?! Эртең дагы ойлонушаарбыз, - кең далылуу. көкүрөгүн жагжайта ачып алган, аюу мүчө келген, чоң мурун бала жамбашына аса байлап алган кынынан шамшар бычагын сууруп, кайра салып койду.

Эне кургур эмне кылсын. Жөрмөлөп жүрүп төшөк сала баштады. Коркконунан эч нерсе деп айта албай денесине калтырак баскан эле. Булардын түсүн көрүп туруп Айткул унчукпай эптеп туруп турууну ылайык көрдү. Бир убагы келгенде, ылайыгына карап качып чыгууну ойлонду. Өздөрү ала келген союшту союшуп, казан асып салып коюшту да, эт бышкыча жамбаштай жатып алышып, көнүп калган нерселерин түтөтүп киришти. Тез эле убакыттын ичинде бөлмөнүн ичи жагымсыз жытка айлана көк түтүнгө толуп кетти.

- Эй ит! Эмне олтурасың?! Бол тиги кишиге жардам берип этти алышып кел! Качам деп ойлобо! Жамалдин, бул адамды караганча турчу. Качып кетпесин! - Төр тарапта жамбаштай салып олтурган, чекесинен тери куюла бакылдай сүйлөп олтурган, сары чийкил бала кыйкырып жатты. Айтканын кылбаса болбогондугуна көзү жеткен Айткул ордунан козголо, сунулган чоң табакты колуна ала сыртка чыкты. Эшиктин оң жагындагы оолуга жабыша куюлган кыш-

тан жасалган очокто боркулдап эт кайнап жатат. Үстүндө өзүбек чапаны бар, допу кийген кара тору келген өзүбек жигит эттин шорпосун сапыра Айткулга үн катты.

- Гөш бышып калууду. Келиниң, дагараны тосуң. Гөштү чыкарайлик а?

- Макул, мына! - боркулдап кайнап жаткан шорпонун арасынан бышып калган эттерди акырын алып, табакка сала баштады.

- Эт бөлүшнү биласизми? - кыргызча аралаштырганга аракет кыла өзүбек жигит Айткулга сөз салды.

- Жакшы эле билем. Эмне бөлүштүрүп берейинби?

- Ошанака кылсаңгиз гана?

Азырынча баардыгына маакул боло, эптеп бир мезгилин күтүп турууга туура келди. Тигил кароолчу кичине болсо дагы алаксый түшсө, бул өзүбектен каратып туруп эле качып кетээрине ишенди. Казандан алынган эттерди табакка салып алды да, ошол эле жерден жиликтеп бөлүштүрө баштады. Бир табакка бөлүштүрүп бүткөндөн кийин, тигил кароолчулук кылып турган адамды өзүнө чакырды.

- Сиз муну алып кирип тарта бериңиз. Азыр мен калганын турулай берейин, маакулбу ия?! - болуптур дегендей башын ийкеп. Айткул берген табакты колуна алып ичкери кирип кетти. Ошону эле күтүп тургансып, Айткул акырын жыла басып короодон чыга качты.

- Ва-а-ай кармайлар!! Тиги киши качяпти-и!!! - тигил өзүбектин Айткулдун качып бара жатканын билип кыйкырганынан, калгандары жабыла сыртка чыга калышты.

- Эмне-е?! Аны качырып сен эмне кылып олтурасың?! Айбан десе, кубалап кармап келгиле!! Союп эле салалы.Эгер бошонуп кетсе эле биздин өлгөнүбүз ошол. Менттерге кабар жетти дегичекти иштин бүткөнү. Бол эй! Сен эмне аңкыясың, жөнө!! -эт бышырган өзүбекти да таап келесин деп Айткулдун артынан чуркатты. Кайдан табышмак эле. Алар буйдалып анын артынан кубалагыча күчүнүн бардыгынча чуркаган Айткул айылдан анча деле алыс эмес жерден агып өткөн дайрага боюн таштап, аркы өйүзгө өтүп кеткенге үлгүргөн эле. Мындай коркунучтуу жерден араң кутулганына сүйүнгөн Айткул, түн экенине карабастан жолун узартып келе берди. Эттин ысыктыгына карабастан жолдо жегенге деп коюнуна сала койгон эттери, этин күйгүзүп бара жатса дагы дайрага чейин эптеп жетип сууга түшкөндөн кийин муздап калган эле. Курсагынын абдан ачканын эми сезип. катар турган тыттардын далдоосуна олтура калды да, эттен сугунуп кирди. Кичине курсагын компойтуп алгандан кийин кай-



радан жолун улантты. Канча узак жүргөндүгүн ким билсин, капкараңгы түндүн кучагына имерилип, кээ жерден чалынып жыгылып, арыктардагы сууларга чөмүлүп, бара турган жагын толуктап биле албаса дагы тобекел дегенсип жолун улап келет. Ошондой болсо дагы Айткулдун чарчаганы сезилип турду. Бир жагынан уйкусу абдан келе, кээ жерден басып бара жатып деле көзү илинип кетип жатты. Дагы бир топ жүргөндөн кийин кичинекей дөңсөөлөрү бар жерге келгендей болду. Негедир тегерегин коргондоп койгондой. "Ушундай жер абдан тынч болчуу эле" деп адамдардын мүрзөсү экенин сезип, сыйпалай барып тегизирээк жерин тапты да, жамбаштай калып жерге башын койду. Чарчап араңдан турган дене талыкшып барып, уйку талаасына алып кетти.

Көңүлүнөн кеткис жерден качып чыккандан бери жол жүргөнүнө бир жумадай убакыт болду. Эч кимге көрүнбөстөн жашырына басып, уламдан өзүнүн туулган жерине жакындап келе жатты. Тигинде Нарын дайрасы күрпүлдөп агып жатат. Аны бойлой салынган үйлөр. Бул жер Шамалдуу-Сай эле. Андан жогорулай барганда Таш-Көмүр, андан кийин өзүнүн туулуп өскөн жери Эш-Сай, Бекечал. Оюна туулган жери келгенде көзүнөн жаш кылгыра түштү. Нарын дайрасын бойлой жогорулаган сайы- Айткулдун басыгы оорлошуп бараткандай. Кадам салган сайын дем алышы оорлоп, тез-тез дем ала калып жатты. Жанында жегенге дагы эч нерсеси жок, алы куруп бара жатканын сезди. Жолдо келе жатканда ачкалыктан эмнени гана жебеди. Курттар гана эмес, капысынан кармап алган талаа чычканы дагы анын курсагын тойгозгонсуду. Улам жерине жакындаган сайын эч жакка бурулбастан үйүнө баруну самаган Айткул бутунун ооруп чолоңдогонуна карабастан сүдүрөлө басып алдыга ашыгат. "Тигинде Күрп, андан кийин көп өтпөстөн Эш-Сай - менин жерим. Аз калды, аз калды, аз калды... а-азз-з..." - көздөрү караңгылай буттары чаалыштап барып жерге жыгылганын сезбеди. Кандайдыр бир күчтүү сезим рахаты "болдучу эми, эс алсаң боло" дегендей тээ туңгуюкту көздөй Айткулду алып учуп бара жаткандай. Анын курсагы ачтыбы? Жоок. Ачкан жок. Курсагы тойду, карасаң? Жашоого курсагы тойду. Жашоодогу көргөн азаптарынын баарын унута, кыска эле убакыттын ичинде курсагы тойду. Жакшынакай канаты бар жаш бала, анын колунан бекем кармады да, өмүрүндө мындай жерди көрбөгөн бак дарактуу, шаркыраган агып жаткан суулары, суктандырган жерлери бар жерге алып учуп кирип кетти. Суу бойлошуп оюн куруп жүрүшкөн өтүп кеткен атасы менен апасына, чоң аталарына, чоң

энелерине жолугууга шашылды. "Ии, Рысбек да ушул жакка келип калган тура. Ал да согушка кетти беле?"

* * *

- Жеңиш! Апаке-е Германдарды жеңипбиз! Эми атам менен акем келет ээ?!

- Эмне дейт! Ээ Сатыш балам кайталап койчу?! Жеңиш дединби ия?! - уккан кулагына ишене бербестен Сайкал эне тездеп басып Кынабүүнүн үйүнө жакындай берип.

- Ооба эне, бүгүн төмөндөн келе жаткан адамдарга жолуктум. Болду эми согуш бүттү, улуу Герман жеңилип бериптир. - дешип жатканын өз кулагым менен уктум да, ишене бербей алардан атайы барып сурадым. Чын айтканын билгенден кийин бул жакты көздөй чуркадым. Эми согушка кеткендер кайрылып келишет ээ. Тагай акем Магнитагорскийде госпиталда экен, андан сакайып чыккандан кийин тез эле келип калаар. Атам мүмкүн келе жаткандыр?

- Туура айтасың балам. Атаң мүмкүн келе жаткандыр. Акеңден болсо камтама болбо. Андан тездеп кат келип жатпайбы. Кудага шүгүр, өлүмдөн калыптыр. Эми жакшы болуп калса келип калат го.

- Ээ апа?! - бир нерсени айтайын деп барып, кайрадан токтоп калды.

- Ийя? Эмне дегени турасың балам, айта бер?

- Неме..., тиги Тагай акем...

- Ийе кагылайын Сатыш, мынча онтолойсуң? Айта турга-нынды айта салчы мукактанбай! Же жаман нерсе айтканы турасыңбы? - Сатыштын айталбай жатканына чочулай ачуусу келе түштү.

- Мен жазган катын айтайын дедим эле. Өткөндө бир каты келген экен. Аны сизге билдирбей эле бекитип койгонбуз.

- Э, өлүңөссейиндер десе! Ал эмне деген каты экен деги. Тынччылыкпы?!

- Чочулабай эле коюңуз. Жакшы эле. Болгону сизден кечирим сурап кат жазыптыр. "Алмабина деген башкыр кызына үйлөнүп алдым. Эми мен Кыргызстанга барбайым. Заводко ишке кирип алдым. Бир балалуу болдук" дептир. Сизди капаа болот деп окутпай койдук эле.

- Кагылайын балам ай! Ал эмне кылганы? Туулган жеринен ал жак ашыкча болот бекен. Согуш деле бүтүп калды эле го. Аялын алып келе бербейби ия? Ага жакшылап кат жазгылачы? Келсин, сөзсүз келсин. Биз аны күтөбүз. Жаз балам. Азыр эле жазгын, - Тагайдын жазган катына капаа боло Кынабүү эне көзүнө жаш ала түштү.



Кынабүү эне баласына үч жолу кат жаздырды, бирок ал жактан же маакул же жок деген кат келбеди. Болгону, "жакшы элебиз, жаңы үй салып кирдик, заводдо иштеп жатам" деген кана кабар келди.

* * *

Согуштун бүткөнүнө бир жыл болуп калган. Айылдын четинде колхоздун малканасы турат. Малкананын үстүндө кышка камылгага башынан, аягына чейин жыйылган чөп турат. Шербет эне эки баласы менен ошол чөптү караганча турууга малкананын бир бурчунан орун беришкен.

- Абдирайи-им! Оо Абдирайм, келбейсиңби тезирээк! Ойноп жүрө бересиңби?! Бол тамак муздап кала турган болду! -баласынын оюнга кызыгып ойноп жүргөнүн күн кечкирейин дегенде көрүп, "дагы ойноп берсинчи" деп унчукпай койгон эле. Эми караңгы кире баштаганда чакырып жатпайбы. Он бештерге жакындап калган бала чикилдек чаап, чүкө ойноп кечке чейин убакытты өткөрөт.

- Мени чакырдыңызбы апа? - мурдун шыр тарта караңгы тарта үйгө кирип келген Абдирайым, карындашы Сүйүмкандын катарына тамак ичүүгө олтуруп калды. Алардын жакшы көргөн тамагы гүлчөтай (шапалак деп коюшат). Бүгүн дагы Шербет эне балдарына майрамдык тамак жасагандай. Эне кургур эмне кылсын, ушул эки баласынын аманчылыгын тилеп, алынын жетишинче колхоздо иштеп багып келе жатат. Согуш мезгилинде да балдарын ачка калтыра койбоду. Чалынан алигиче кабар жок. Согуш аны да апат кылып койгондой. Найин жасалган жука камыр, жегенге даамдуу болгон өңдөнөт Шербет энени кубандыра, балдары тамшана жеп жатышты. Алардын тамакты жакшы ичкенине эне кубанып калаар эле.

- Тамакты ичип болдуңарбы? Кана эмесе эшикке чыгып келгиле! Мен төшөнчү салып коеюн, - балдарын эшикке чыгарып, өзү төшөк сала баштады. Негедир күндөгүдөн балдарын эртерээк жаткырып жаткандай Шербет эне төшөктөрүн салып жатып, айылдагы иттердин улуганын, мал, жандыктардын аянычтуу үн чыгара бышкырып жаткандарын уга, - Өлүңөссейиндер десе! Мынча конкурунушат ия?! Башыңарга көрүнсүн илайым! - деп карган алды. Ноябрдын аяк чени болуп, айлана кыйла эле суук болуп калган. Эрте менен арык бойлоруна муз жармашып, кыштын белгисин тартуулагандай.

- Абдирайым! Сүйүмкан, келгиле төшөк салып койдум. Жаткыла, - балдарын төшөккө жаткырып коюп, өзү идиш-аяк жууган-

га камынды. Чоң табакка идиш аяктарды салып, ысык суудан куюп эми эле жууй баштаганда, айлана кандайдыр бир башкача качыраган үн бере жерди бир силкип алгандай болду. "Лаайлаха иллалла, мухаммадура сурулло!" Шербет эне келме келтире ордунан жылбай туруп калды. Балдары эч нерсе менен чатагы жок кош уйкуга качан эле киришкен эле. Суу куюлган чарасындагы суу, үстүнөн түшкөн тупуракка кир болуп калгандыктан, аны төгүп салып, кайра суу толтуруп жууй баштады. Негедир жакындан бери ушинтип жердин бир силкинип алышы адат болуп калгансыды. "Болду эми, кайрадан титиребес" деген ойдо көнүмүш адат катары жумушун аткарып кирди. Казан-аягын жууп тазалап, тегеректи шыпырып бүткөндөн кийин өзүнө төшөк салды да, эс алууга кынтайды.

Көзү эми эле илинип кеткенсиди эле. Согуштагы танкалар келип каптап киргендей дүркүрөгөн үн аралаш, кайрадан жердин термелиши күчөп кирди. Бара-бара катуулаган жердин титирөөсүнөн малкананын керегелери күчкө чыдабастан жерге кулап түшө баштады. Иттердин чуулдап үргөнүнө аралаш, адамдардын ач кыйкырыктары, онтогон үндөрү угулуп жаткандай.

- Кагылайы-ын Абдирай! Турчу балам! Сүйүмканды да ойгот! Жер титиреп жатат. Эшикке малкананын үстү түшө электе чыгып кетели! - Шербет бул сөздү айткыча малкананын үстү качан эле урап түшүп калган эле. Чапчаңдыгынан Абдирайым малкананын бир бурчунан суурулуп чыгып кетти.

- Апаке-е! Апакебай барсыздарбы?!

- Коркпо балам, барбыз! - куланып түшүп калган малкана-нын бир бурчунан араң угулган апасынын үнүн уга, чыйрыга түшүп, малкананын үстү менен кошо кулап түшүп, чачылып жаткан чөптөрдү ар жакка чачып кирди. Жердин титиреши али уланып жаткан эле. Түз басып жүрө албагандыгынан жөрмөлөй басып иш кылып жатты.

- Мен өлсөм өлөйүн! Жок дегенде, сен тирүү калчы?! -дубалдын ички тарабынан алты жаштагы Сүйүмканды Шербет эне, дубалдын жыртыгынан сыртты көздөй ыргытып жиберди. "Бир жери сынып калса дагы, эптеп аман калаар" деген ой башына келе түшүп, тобекелге сала ыргыткан эле. Ыргытылган камгак сымал топ этип түшүп калган Сүйүмкандын колу гана кайрылганы болбосо, эсен-соо жерге келип түштү.

- Апа-а, апа-а! Барсызбы?! - көзүнөн аккан жашын аарчый албай ыйлап алган Абдирайым, малкананын бурч тарабын тырмалап сүрүп жатты.



- Коркпо балам! Эч жерим, эч нерсе деле болгон жок.

- Апа-а! Бери бул жакка келе аласызбы?! Чоңураак тешик таап койдум!

- Мына бара жатам, - баласы үн чыгарган тарапты көздөй акырындан жыла жакындап келе берди, - азыр балам. Мына бул түркүктү алып коеюнчу. Ушундан өтсөм эле сен айткан жерге барып калам го, - малкана кулап түшкөндө, оор жыгачтын бир бурчу Шербет эненин бутуна катуу тийип калган эле. Ошого болсо керек, бутун сүдүрөй араң жылып келе жатты. Алдын тосуп турган түркүктү да баласынын жардамы менен башка жакка түртүп койду да, акырындан сүрүлүп сыртка чыга келди.

- Айланайын апаке-е, аман чыктыңызбы?! - кубанганынан Абдирайым көзүнөн жаш ала апасын кучактай ыйлап жиберди, - Карасаңыз апа айылдагы үйлөр дагы бүт кыйраптыр.

- Кагылайын куда-ай! Эл аман болгой эле! Эптеп жетчи балам, тиги Таажибай, Арстакелер аман болушту бекен? Алардын үйлөрү да көрүнбөйт го. Сатыштардын үйү да кулаган тура. Оо кудайым а-ай! - дагы эле токтобой силкинип турган жер титирөөгө үрөйү уча, баласын тигилерге кабарга жөнөттү. Чындыгында эле, мындай катуу жер титирөөдөн айылдагы үйлөрдүн кулабаганы калган эмес эле. Эпчилдик менен сыртка чыгып аман калган азыраак адамдар гана калбаса, көпчүлүк уктап жаткан аял, бала-чака, кишилер үйлөрүнүн ичинде басылышып мүрт кетишиптир. Медердин үй-бүлөөсү толугу менен каза болушкан, Семетейдин бир баласы гана калыптыр. Жолдошбектин эки баласы жок. Үмүт эне каарылыгынан сыртка чыга албай калган. Сатыш менен Арстакенин үйүндөгүлөр толугу менен аман чыгышты. Керимбек болсо, аял, бала-чакасын эсен алып калып, өзүн оор жыгач басып калыптыр. Сатыш менен Арстаке дагы, бир топ аман калган кишилер менен үйлөрдү аралап жүрүшкөн экен. Жер титирөө кыйла азая түшкөндөн кийин, тез аранын ичинде, кулаган үйлөрдү ажырата курман болушкан адамдардын сөөктөрүн чогултуп, атка чегилген арабага салып, жайга алып барып жатышты.

Тирүү калган адамдар, курман болгондордун сөөгүн чогултуп жашыргычакты, таңды берген күн, эми уясына батууга шашылып бара жатты. Күндө үрүп үн сала чуркап жүргөн Абдирайымдын ити да, кайгырган түрдө кулагын шалпыйта ийининен чыкпай жатат. Айбан болсо дагы, адамдар менен кошо кайгырып тургандай, жакшылап көңүл бурган адамга, бул иттин көзүнө жаш ала кайгырып турганын сезмек, "Ме-е күчүк, ме-е! Мойно-ок ме-е!" дешип

колуна ала келген нандын сындырымынан берип тойгозо. Мойнок менен кошо кечке ойноп жүрүшкөн наристе балдардын бир тобу бул түнү жарык дүйнө менен коштошуп "шейит" болушкан эле. Айрыкча мойнокту кучактап алып оозу, мурдунан кучактап алып өпкүлөп жакшы көргөн Айбектен дагы айрылды. Жазы-Кечүүнүн жогору жагынан кулап түшкөн таштар, адамдар өтүүчү жолдорду да тороп калыптыр. Бул жер титирөө адамдардын эсинен чыккыс болду го. Ал жерде тирүү калгандары, каза болгондор үчүн кудайы кыла, куран окутушуп, кулап калган үйлөрдүн ордуна кайрадан жаңы курулуштарды баштап киришти.

* * *

Сатыштын армиядан келгенина бир айча болуп калды. Быйылкы кыш жылдагыга караганда өтө суук болбой, кардын да жаашы жылдагыдан азыраактай. Жылда Нарын дайрасынын жээктери муз тартып турган болсо, бул жылы муз каптабады. Дарактардын учуна уя жасап алышып, чогуусу менен, сайрап жатышкан чымчыктардын чуруулдаганы айлананын тынчын алып жатканы гана болбосо, кыштын суукту менен жаныбарлар чээндерине жашырынышып алышкандай айлана тынчтыкта. Тээ жогору тарапта кыш мезгилинин көркүн ачып жаңырта "чакылыктап" жаткан кекиликтердин үндөрү жаңырат. Бүгүн эрте менен кылымык жааган ак кардын, эми эле майда жандыктар басып өткөн жалгыз аяк жол менен келген Сатыш, Эштин оозунан дайрадан өтүүчү асма көпүрөдөн өтүп алып, Токтогулду карай жөнөдү. Аны райондун борборуна учетчик болуп иштеп берүүсүн өтүнүшүп чакырышкан эле. "Мейли, кандай болсо дагы иштеп турайын. Кийинирээк трактордук окууга кирип, ошол ишке кирем го? -деген ой менен бара жаткан.

Апасы Кынабүү, Айткул согушка кеткенден кийин балдарын талаага калтырбай тың жашоого аракат кылып келбедиби. Тиги Наманган тарапка базарга жүн, тери сатышып, ун, буудай алып келишип турушчуу. Согушка кете элегинде Айткулдун жоктугун билгизбей, Айткулдун жакын досу Дадакозу, Кынабүү менен Сага базарга барып жүрдү. Бирде дагы Пишкаранга базарга барып калышты. Дадакозунун соодасы жакшы өтүп, алып баргандарын тез эле сатып алган эле. Кынабүүгө жардам берип чогуу кетүүгө камынган убагында, допу кийген, чапанын арбына кайра байланып алган өзүбек киши келип, базардын катарындагы көпүрөнүн арқы бетине чакырып алып кетти. Ортодон



кыйла убакыт өтүп калгансыды. Жамандыктын жышаанын сезген Кынабүү тигилер кеткен тарапты көздөй басып барды. Көпүрөдөн өткөндөн кийин эле, катарынан салынган үйлөрдүн алдында казанга эттер салынып бышырылып жатканын көргөн Кынабүү, - Оой Дадакозу барсыңбы?! Бо-ол сени элдер күтүп жатышат! Сени издешип эркектер баары келишти! - деп кыйкырып кое берди. Кынабүүнүн мындай деген кыйкырыгынан кийин Дадакозу бир үйдөн акырын чыга келди.

- Кагылайын Кынабүү, жакшы кылбадыңарбы. Тиги адамдар мени бычак менен союп кое жаздашты. "Болгон акчаңды чыгар, болбосо соем" дешет.

- Капырай ботом! Мен тиги сени алып кеткен кишинин кабагынан эле жамандыкты туйбадымбы. Азыраак күтөйүн, болбосо артынан барам деп ойлонуп олтурган элем. Айткандай эле көпкө чейин жоголуп кетпедиңби.

- Жүрүңүз сизди бирөө чакырып жатат. Бураадарың экен десе, кайсыл досторуман болду экен деп барып албадымбы. –Кынабүүдөн уялгандыктан жер тиктеп бети кызара түштү.

- Болду эми кеттик. Карагыла бир топ адамдар бизди карашып эле калышты. Кеч кире элегиде тезирээк бул жерден жылып кетели, - Сатыш айткандай эле аларга көз салып турушкан бир топ адамдар өз ара сөз кылыша, буларды ээн жолдо тосуп тоношууну маадар турушкан эле. Булар менен чогуу келишкендерден үчөө кулдашып турушкан. Алардын жолго чыкканына бир топ убакыт болуп калган. Алар кошулушуп жолго чыкканына бир топ убакыт болуп калган. Алар кошулушуп жолго кетип калышканда, шытыраган үн чыгып, аларга кол салышкан топ адамдын чыкканын көрүштү.

- Кана-а энди, тапканийларди ерге төкийлар! Бомаса машу бычок билан башийларди аламыс! - бетин сакал аралаш түк баскан, кара каш, кара көз, кара тору келген өзбек киши тигилердин алдынан чыга сүйлөнүп алды.

- Ээй жигиттер! Койгула мындай кылганыңар болбос деги. Туган адамбыз го деги. Бири-бирибизге жамандык ойлобойлу а?

- Йо-ок бомийди-и! Кана-а болийлар,болийлар! Бомаса...

- Биз силерге эмне күнөө кылдык ия?! Бала-чака багабыз деп ушинтип жүрөбүз. Силерде да балдар бардыр. Мындай кылганыңар болбойт го.

Кынабүүнүн сүйлөп жатканын угуп да коюшпагандай. Бири чуркап келип Сатыштын колундагы куржунга асылды.

- Тур эй ары! - Катуу түртүп жибергендиктен Сатышка асылган адам жерге кулап түштү.

- Ой да-ат караң нима кыляпти-и а?! - Ачуулана ордунан туруп келе жатып Сатышты урууга колун кезеп жөнөдү. Калгандары дагы жөн турбастан тигилардин мээнет менен таап келе жаткан нерселерин тоношуп алууга кол көтөрүп киришти. Ошондой болсо дагы Сатыштардын чапчаңдыгынанбы, болгон буюмдарын алдыра бербей коргонуша Аксы тарапты көздөй качып кутулушту.

Бул өткөн окуяны эстеп Сатыш бир күлүп алды. Өзү салып бүтүргөн жолго чыгып күтүп олтурганына кыйла эле болуп калган. Тээ бурула бериштен чаң чыгара бир машинанын келе жатканын көрүп ордунан турду.

- Э-эй Токтогулга барасызбы?! Ала ке-ет! - анын Токтогулга дегенин угуп, шофер өтө берип тормузун басты.

- Кабина бош эмес. Үстүнө эле чыгып ал!

- Жакшы болот! Болду, айдай бериңиз! - машина ордунан жылала бергенде артын карап олтурду. "Атамдан кабар жок. Атам менен бирге согуштан келе жаткан Керимбай Таш-Көмүргө келгенден кийин бир айга жетпей көзү өтүптүр. Анын айтуусунда Казакстандын бир станциясында калган экен. Суу алып чыгам деген боюнча дайыны жок дептир. Бир адамдын айтуусунда, Таш-Көмүрдүн тушунан өтө берип жамбаштап жатканын көргөн экен. Анын чындыгын да толук билбейбиз. Тагай акемден болсо кабар жок. Эми жашап жаткан еринен такыр эле келбейт окшойт. Үч ай Магнитогорскийде үйүндө жүрүп келдим эле. Барам дегендей болгон, Алмабина жеңем кое бербей койгон өңдөнөт. Василий Иванович болбогондо агамды тапмак эмес экемин. "Товарищ солдат! Кто это, Вам знакомый?!" - деп калбаспы, сүрөт көрүп олтурсам. Ооба, бул менин бир тууганым болот. Аты Тагай. Согушка кеткен боюнча кабар ала элекпиз" десем, "Мен жакшы билем бул тууганыңды, экөөбүз согушта бир болгонбуз. Азыр тирүү эле Магнитагорскийде жашап турат. Анда мен сага турган жерин айтып берип жөнөтөйүн, барып келесиңби?" десе болобу. Сүйүнгөнүмдү айтпа. Командирибиз-дин уруксаты менен Магнитагорскийге бардым. Ал айткандай эле шаардын четинде жер үйдө жашап жатыптыр. Эшикке чыккан аялдын Алмабина жеңем экенин билдим".

Сатыш өткөн окуяларды ойлонуп келе берип, Токтогулга келип калганын да билбей калгансыды.

Трактор окуусун бүткөн Сатыш тракторист болуп иштеп калат. Эрте менен кеткен, иш менен болуп жүрүп караңгы киргенде гана үйгө келип, келинчеги Анаштын жасаган тамагын ичээрге акыбалы калбай жатып калган күндөрү болду.



Быйыл да кыштын келиши эрте болгонсуду. 7-ноябрь Октябрь майрамын эл майрамдап жатышат. Колхоз майрамга карата элге бээ сойгон. Майрамдык жайнаган жүздөрү менен татынакай жарашыктуу кийинип алышып жүрүшкөн кыз-келиндер, жигиттердин көпчүлүгү жакшы аттарын минип алышып, байге болуп калса, же эңиш жана башка ат оюндарга катышууга аттанышып келишкендери аттарын ойдолоктото бастырышып жүрүшөт.

- О-ой Сатыш, сен эмне тракторуңду эми көргөнсүп! Атыңды минип келбейсиңби ия?! Же ушул атың менен жарышка чыгасыңбы?! Ха-ха-ха..., - тракторун али кое элек Сатышты теңтуштары тамашалап сала берди.

- Шашылбагыла досторум. Азыр эле коюп келе калам, -тракторун айдап жөнөй берээринде Мамбет аксакал колун булгап кайра токтотту.

- Ай балам! Кагылайын десе, тиги чырагымда май калбай калыптыр. Сасык майыңдан кичине каралашпасаң болбойт.

- Азыр ава! Үй жакка бара бериңиз, ошол жерден куюп бере салам. Маакулбу?!

- Ок кагылайын десе! Ырас кылбадыңбы! Азыр шишемди алып бара калам. Байбичем да сүйүнүп калсын.

Үйүнө келээри менен май куюучу челекти алып чыгып куя баштады.

- Э балам, Анаш майрамдап калдыбы? Сен да барасыңбы?

- Ооба апа!

- Мамбет аваңдын май куюп бер деп таштап кеткен челеги үйдө турат. "Берем деди эле" деп азыр эле келип кетти. Конистрине куюштуруп койсоң го, келип калса берип коет элек, - колуна сүт куюлган табакты кармай апасы үйдү карай басты.

- Туура айтасыз апа. Азыр тиги майрамдап жаткан элдер тарапта жолугуп сурады эле. Азыр келем деп калган.

Тракторунан куюлган майга челек толгондон кийин, май аккан жерин жаап, челекти көтөрүп алып үйүнө кирди. Апасы даярдап койгон конистрдин оозун ачты да, май куюлган челекти конистрдин оозуна алып барды.

- Апа-а, үйдүн ичи караңгы экен, күкүрт жагып жарык кылып туруңузчу тешигин көрбөй жатам.

- Болуптур балам. Азыр! - колундагы күкүрттү челектеги куюлуп жаткан майга жакындата бергенде, кокустукту кайдан деп болбойт эмеспи, күкүрттүн күйүп турган жери майга жабыша түшүп, челектеги май алоолонуп күйө баштады.

- А-ай Саты-ыш! Эшикке алып чык челекти. Үй жарылып кетпесин!! - Кынабүү эне чочугандыктан кыйкырып жибергенин билбей калды. Жалбырттап өрттөнүп жаткан челекти колуна алган Сатыш, сабынан кармай эшикке атып чыгып, алысыраак алып барып таштоого чуркаган сайын чачыраган жалын аралаш өрт бүт денесине жабышты. Күйүп жаткан кийимин өчүрүүгө жардамдашып жатышкан апасы менен Ажаркүл жэеси суу куйган сайын өрт андан бетер бийиктегендей. Май көбүрөөк куюлуп калган шымдын өртүн өчүрүшө албай, же шашылгандан кемеринин чийесин чече албай өрткө куйкаланып бара жаткан убакта, ары жактан атчан бастырып келе жаткан Оргара аксакал жардамга келип үстүндө кийип жүргөн чапанын чечип Сатышты орой сала өрттү өчүрүп калды. Ошол куйүктөн Сатыш тогуз ай ооруканада жатып чыкты. Бир жыл өтпөй кайрадан Эштин оозуна көчүп келишти.

## ЭПИЛОГ ОРДУНА

Арстаке Жазы-Кечүүдө, Сатыш Жээн-Кыштоо айылында орун алышып отурукташып калышкан. Тагай Магнита-горскийде иштеп калган боюнча жерине келбеди. Арстаке менен Сатыш Токтогул ГЭСинде көп жыл эмгектенип келишип, эс алууга чыгышкан.

Жашоо өз нугу менен улана берет тура. Балдарын үйлөшүп, кыз чыгарып, неберелерин жетелеше арманы жок өтүп жаткан кийинки күндөрү менен сыймыктанышат.

Сатыштын балдарынын ичинен Токтомаматы курулуш техникумун бүткөндөн кийин, институтун да ийгиликтүү аяктады. Андан кийин Фрунзе шаарындагы Мамлекеттик университетинен укук таануу боюнча кесиптикти бүтүрүп келди.

- Кудайга шүгүр, - дейт атасы Сатыш. - баламдын баласына келин алып, той өткөрүп келдик. Оштогу менмин деген адамдар тойго келишиптир. Келинибиз болсо, тиги Токтогулдан Шахра деген белгилүү аялдын кызы экен. Аты Кыял. Эрнисиме жарашып эле калса болобу, кагылайындар десе. Токтомамат Оштун борборунан жаңы үй сатып алган экен. Той ошол жерде болду. Келиним Сабира дагы кубанычта болуп, деги айланайын элимде ушундай эле тойлор боло берсинчи. Тынчтык болуп, жакшылыктар элимди аралап жүрө беришин кудайдан тилеп олтурбайбызбы. Эми кан тамган терлер акпасынчы... - ушул сөздү айтып алып Сатыш оор үшкүрүнүп алды.



Бул той улуу той. Өмүр сапарындагы кайгы менен жашты көкүрөгүнө катып келген, кыйынчылыкты баштарынан өткөрүшүп келишкен, өлүмдүн канына жуурулушуп, жеңиш үчүн тайманбай салгылашкан аталардын, эмгек майданында талыкпай орок оруп, согуш майданында канга жуурулушуп жүрүшкөн эркектерге нан жөнөтүшүп турушкан энелердин тою. Ачка менен токчулуктун арасында кыйынчылыкка моюн сунбай келишкен кары чал-кемпирлердин тою. Адам учугун улашып, беш өрүм чачбалдар менен кыздардын тою. Адам учугун улашып, беш өрүм чачтарын сербейте өрүшүп жүрүшкөн секелек кыздар менен чикилдек чаап ойноп жүрүшкөн боз балдардын улуу тою.

Тигинде карасаң? Буркулдап көбүгүн чачып, кылымдар бою тынбай агып жаткан Нарын дайрасы. Адамдардын жаманы менен жакшысын, ыйы менен күлкүсүн көрүп, угуп, бир калыпта тынбастан шоокум салып келет. Бул шоокум тирүүлүктүн шоокуму.

*17-июль 2001-жыл.*
*Ош шаары.Төлөйкөн.*

## МЕЗГИЛ САПАРЫ

Бүгүн күнгө жекшемби. Онунчу классты ийгиликтүү аяктаары менен Маликтин алдына койгон максаты, жогорку окуу жайына барып тапшырып бир кесиптин ээси болуу эле. Жаштайынан чиймени жакшы көрүп, архитектор болуу анын бирден-бир күсөгөн максаты. Атестатты берээр алдында колхоздун жумушуна бир айлык чөп чабыкка окуучуларды айдаган. Ким жакшы иштегендердин атестаттарын берип жөнөтүшүүдө. Малик да жан-алы калбай аракеттене чөп чаап, чөмөлө кылып, жыйноо менен алек. "Атам окууга жиберээр бекен? Кой балам, окууну эмне кыласың? Андан көрө жөн эле, эл катары колхоздо эле кал. Же колхоздун койлорун алып бак. Окуу менен эмнеге жетишет элең" - деген атасынын сөзү кулагында жаңырат. "Жок мен окушум керек, келечекте алдыңкы адамдардан болушум керек. Эптеп атестатты алсам, жөнөөрдө атама түшүндүрүп коюп кетем да" - деп ойлоно ишин улантат. Тигинде Эркин менен Манаптын чөптөрү аяктап барат. Акыркы чөмөлөлөрүн чогултушуп машинага салышты. Араагыракта Таши чөбүн оруп бүтүп, чөмөлөсү калган. Эки күндүк иши калган. Тиги экөөнө азыр аттестаттарын беришип жөнөтүшөт. Күн да кечкирейин деп калгансыды. Тээ Алайдын кырка тоолору тарапка жай

илкип бара жаткан күн, "бол тезирээк, сени күтүп жатам" дегеңдей Маликти жылмайып карагансыйт.

Күйүп-быша эмгектенип жаткан Маликтин эмгегине көңүлдөрүн буруп ыраазы болуп турушкан агайлары, аны өзүлөрүнө чакырып алышты.

- Э Малик, бул сен кайсыл окууга барайын деп жатасың ия? Атаң окууга барбайт деп жаткансыйт.

- Барам агай.Атам жибербесе да, барам.

- Деги ким болгуң келет?

- Үй куруучу.Архитектор.

- Об-бали-и! Азамат Малик. Тилегиң жакшы экен. Экзамендери кыйын эле. Кандай тапшыраар экенсиң. Же өткөнгө тааныштарың барбы?

- Жок. Тааныштарым деле жок. Өз күчүм менен тапшырып көрөйүнчү.

- Эгер өтпөй калсаң кайрылып келесиңби? Көпчүлүгү шаарда эле калып жатышат.

- Барып көрөлүчү. Быйыл өтпөсөм, эмдиги жылы дагы ба-рып тапшырам.

- Туура кыласың Малик. Сен өзүң окууда да, эмгекте да тырышчааксың. Сага ийгилик каалайбыз. Мына сенин аттеста-тың, бара гой. Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун.

- Ырахмат агайлар! Кубангандан көздөрүнө жаш кылгыра, чалгы менен бешиликтерин далысына арта, чуркаган боюнча кыштоого жөнөдү.

* * *

Эрте менен эрте турган Малик автобустун келишин күтүүдө. Шаарды жакшы билбегендиктен, өзүнүн классташы, эки жыл мурда шаарга окууга кетип, окуп жаткан Темирди ала кет деп, ага кошула турган болгон.

- Э балам, шаарда кыйналып каласың го. Барбай эле койбойсуңбу?

- Барам ата! Окушум керек. Акелерим да окушпай калышты. Мен өтүп окуп калганга аракет кылам, көрөсүз го.

- Ооба, көйөшүш го дейт! Агаларың да, окуу жайда тааныштары жок, жалаң беш алышса да, өтүшпөй келишти. Сен да ошолордун шериги болосуң да. Көйөшүш деп жинге тийип коюшат дагы! (Ачуусу келгендей түрү менен атасы малкананы карай кадам таштады.)



- Ата. Токтосоңуз. Мага жолгирege эле акча бериңизчи. Темир кетип жатат, ал шаарды билет го. Ошону менен кетип калайын.

Улам көчө жакка чыгып-кирип жаткан баласынын азыркы акыбалын көрө атасы Маликти өзүнө чакырды.

- Ме ушул эле акчам бар. Жетээр бекен. Кат жазып тур. Турган ордуңу айттырып жибер. Тилимди албадың. Көктүгүн ай… - Чөнтөгүн оодарып жатып 6 сом акчасын Маликке карматты. Колуна тийген акчанын аздыгына карабай. Малик үйүнүн катарына келип калган автобусту чуркап чыга алдынан тосту. Артынан улай келген атасы "жакшы бар балам. сага ийгилик каалайым. Жакшы жүр" деп айтып, колун булгалап калып калды.

* * *

Оштун көчөсү. Мөлтүлдөп бышып турган гиларстардын мөмөсү. "Мени жечи" дегендей көздүн жоосун алат. Катар салынган окшош үйлөр. Жылчыгы жок коргон менен тосулган короосу. Ысыктын күнүндө шаардын бир да шамалы жок үп тартып турганы Маликке жага бербеди. Ошондой болсо да Темир жашаган жер, бийигирээк жер болгондуктан, шаардын коодугуна суктана тегеректи тиктейт. "Кабат салынган үйлөр бар дечүү эле. О-ий тиги заңкайган бийик тоодой болгон үйлөр тура. Ичинде канча адам жашайт болду экен. Машиналардын көптүгүн о-о." Кеч да кирип келди. Жол жүрүп чарчап келген экен. Тез эле жатууга камынышты. Аңгыча үйдүн ээсинин ачуу үнү угулду.

- Э-э Темир, о-о Темир!

- Ия, угуп жатам айя.

- Эмне, үйүңдөгү мейманың калабы?!

- Ооба калат. Сизден сураныч, бүгүнчө эле. Эртең башка жакка кетет.

- Эмне! Калат дейсиңби?! Жок, чыксын! Мүмкүн эмес. Үйгө адамдарды алып келбе дебедим беле! Кулагыңыз укпайт экен да. Болбосо сен да чыгып кет!

- Айя, сизден сураныч, бүгүнчө эле дедим го.

- Жок болбойт! Уктуңбу, туалетимди толтурат. Короомду тебелейт? Чыгарың тез. Болбосо милиция чакырам.

Же чыгып кетишин билбей, же калып кала албай бушайман жеген Малик, Темирдин араңдан маакулдатып келгенине чейин ордунда козголбой олтурду. "Шаардын жашоосу ушундайбы? Бир түнгө жатып кеткенге да конокту кабыл албаган шаардыктар ушундай болсо, шаарда жашоонун да кереги жок өңдөнөт. Кыйналсам

да окуп алгандан кийин кыштакка эле кетем.” “Кыйналып калаар бекенсиң” деген атасынын сөзү эсине келди. Каары адам, көптү көргөн, көптү билет. Түнү менен уйкусу качып. Маликтин кулагына үйдүн ээсинин “кетсин”деген сөзү жаңырып кетпей туруп алды. Эрте менен турган мезгилде Темир али да уктап жаткан эле. Аны ойготпостон эле акырын чыгып кетүүгө ашыкты. Аны менен кошулуп келе коем деп, үйдүн ээсине жаман көрсөтүп койдум окшойт. Эртераак чыгып батир тапканга аракет кылайын” деп кийимин кийине көчөгө чыкты.

Эрте мененки мэлүүн жел Маликтин чачтарын уйпалап, анын чала уйку болгон уйкусун аймалап ойготкондой. Шаардын ортосунан орун алган татынакай тоо турат. Жогору жагы жылаң ташка бөлөнгөн.Төмөн жагы борпоң топурактуу болуп, маркумдар үчүн жайлар тизилген. Эртелеп эле, тоонун кырларында адамдар жүрүшөт. Пайгамбарыбыз Сулайман көрүп суктанып кеткен тоо, ошондуктан Сулайман-Тоо аталып калган дешет. Тиги ортоңку тоо бетиндеги чоң тешик менен сол жактагы четки таштын тешиги Сулайман-Тоого дагы коoздук киргизгендей. Тоонун түбү менен каптарлаш машина жолду бойлой, Малик тез эле өзү тапшыра турган окуу жайга жетип келди. Бул окуу жай шаардагы биринчилерден болуп ачылган, нечендеген белгилүү адамдар окуп чыгышкан: мугалимдер, тарыхчы, математик, музыкант, тилчи, спорт чеберлери, химия-биологдор жана башкалар бүтүп чыгышкан. Институттун кире беришинде өзүнүн классташы Акылга жолукту.

- Салам Малик. Келдиңби дос? Кайсынысына тапшырайын деп жатасың?

- Үй куруучулукка. Архитектор болсом дейим.

- Ээ дос, дагы эле ошону ойлонуп жүрөсүңбү? Андай окуу бул жерде жок. Ал тээ Фрунзеде экен. Бекер эле убара болуп жатасың. Давай андан көрө Музфакка тапшырабыз. Сен да жакшы ырдайсың го. Өтүш оңой, анан кийин сүйлөшүп алып башкага которулуп алабыз да.

Акылдын айткандарына көңүлү кирдей, эмне кыларын билбей калды. Чындап эле өзү каалаган окуу институтта жок болуп чыкты. Шаарда курулуш техникуму бар экен. Ага Маликтин окугусу келбеди. Акылдын айтканына маакул боло тобокелге сала Музфакка тапшырды.

Документтерди кабыл алган кыз жайдары гана:

- Экзамендик баракчаңызды алыңыз. Үчүндө музыкадан, сегизинде кыргыз адабияттан жазуу-сочинение, он экисинде - кыргыз



тилден - диктант, он алтысында - тарыхтан - ооз эки, жыйырма бештеринде - буйрукту окуйсуздар, - деп түшүндүрүп берди.

- Акыл жүр түштөнүп келели. Сенде акча барбы? Мен үйдөн азыраак эле акча алып келгемин.

- Маакул кеттик. Новои паркына эле киребиз го. Жакшы чайкана бар экен. Кечээ да ошол жактан чай ичкенбиз.

Экөө ээрчише Ак-Буурага жанаша жайгашкан Новои паркынын ичиндеги чайканага киришти. Чайкананын сырты менен ичи толо ар кандай адамдар. Кире беришинде катарынан тизилишип таттуу сатып олтурушкан өзүбек балдар. Каймак сатышып олтурушкан аялдар. Аския айтышып, каткыра күлүшүп олтурушкан 50-60 жаштагы адамдар. Аркы бурчта узак сөзгө киришип баштарын ийкегилешип олтурушкан карыялар. Анча-мынча гана аялдар болбосо, көбүнчө эле эркектер олтурушат.

Түз эле кирип барып отуз тыйынын узата “экита помыл чай, экита нан” деп тыйынын сунган Акылга таңдана Малик:

- Экитасы эмнеси? - деп суроо узатты.

- Экитабы? Ха, ха Бул деген өзүбекче айтылганда “эки” дегенди айтат.

- “Тани” кошпой эле сүйлөсөң түшүнүшпөйбү?

- Түшүнүшөт. Бирок, биз үйрөнүшүбүз керек да. Мына мен келгенден бери кыйла сөз үйрөнүп койдум. Мисалы: пакыр, йок, өл, нима, катта, чыкииң, бариинң, кириинң. Жана, жана, жана башкалары.

- Оо, өтө эле көп үйрөнүп ийипсиң да. Өл дегени эмне экен. Өлүп кал дегениби?

- Ха. ха. өлүп кал эмес. Ал дегени суу же ным болуп калыптыр дегени экен. Мисалы терек...

- Чыкиин, бариинчи?

- Ай эмне түшүнбай турасыңбы? “Ииң” эле болбосо, калганы кыргызча болуп жатпайбы.

- Анда оңой эле турбайбы. Ар бир сөзгө “ииңди” кошуп сүйлөй берсе болот тура. Мисалы: Сенинииң, мениниң, турасыңиин, күлөсүңиин...

- Ха, ха, ха...

Экөө каткыра күлө. алган чайларын ичишип көпкө чейин олтурушту. Күндүн кечкиргенин туюшкан экөө бара турган жерлери жок. базарды аралап көпкө жүрүштү. Базарда бир да адам калбай калганда ошол жердеги бир чайканага баш багышып, кароолчуга бир сомдон беришип, бир күнгө жатып кеткенге маакулдатышты.

Эртеси институттун алдына келишти. Күндөгүдөн адамдар көбүрөөктөй көрүнөт. Пирашки саткан аял “5” тыйындан сатып

алгыла деп жар салат. Экиден пирашки сатып алышып эрмектеген-че институттун алдындагы олтургучтарга олтурушту. Кайдандыр пайда болгон лөлү аялдар, Акыл менен Маликтин колдорун кармашып "пал ачып бераман, сиз окууга өтөр экансиз. кана кичина акча бера койсаңлар, дагы айтып бераман" - дешип арбашып киришти. Чындап эле өтөт экенбиз деп сүйүнүп алышкан экөө, болгон тыйындарын беришип олтуруп калышты.

- Малик жүр, тигил Пахтабад көчөсүндө Токур аке батирде турушат. Бүгүн ошонукуна баралы. Аялы Ырыс эжебиз да жакшы адам.

- Койчу эй, уят го. Андан көрө Новои паркынын бир бурчуна эле жатып алалы. Азыр жай мезгили го.

- Жүр, жүр Малик, болбойт. Паркта калсак ачка калабыз. Болгонун лөлүлөргө берип койдук. Алардын айтканы келип институтка өтүп калсак гана...

Экөө Пахтабад көчөсүн карай бет алышты.

Ырыс эже үйүндө экен. "Келгиле үкаларим" деп аларды жылуу кабыл алды. Токур аке, алардан кийин көп өтпөй келип калды. Эшиктен кирээри менен күйөөсүнүн кийимдерин алып, ботинкасын чечишип "келдиңизби?" деп жылуу кабыл алган Ырыс эженин күйөөсүнө кылган мамилесине Малик ыраазы боло, үй бүлөөлөрдүн баары ушундай болушса кана, деп суктанып турду.

- Оо, келгиле инилерим. Кандай, эл журт аманбы? Качан келдиңер? Бул, окууга келген окшойсуңар, туурабы?

- Ооба, таптыңыз. Малик экөөбүз бир факультетке чогуу тапшырдык.

- Ким болгуңар келди?

- Мен архитектор болгум келди эле. Бул жерде андай окуу жок экен. Акыл экөөбүз макулдашып музфакка тапшырдык.

- Э Акыл, Малик го анча-мынча кыяк тартып, ырдап калат. А сен ал жагынан барсыңбы? Же эптеп эле тапшырып коюш керекби?

- Мен деле ыр жагынан Маликтен калышпайым. Кыяк эле тартпаганым болбосо...

- Менин айтканыма терикпе. Билем сен деле өнөрүң бар окшойт эле. Ырдаганыңды угуп калчуумун. Адамдын колунан эмнелер гана келбейт. Эң башкысы адамдын аракети, жөндөмүнө жараша эмгеги. Мына Рысбай акеңерди билесиңер. Мүмкүн силерден да ошол адамдай өнөр чыгып калаар. Тартынбай экзаменге даярдыгыңарды уланта бергиле. Ийгилик каалаймын.

- Ырахмат. Айтканыңыз келсин. Бүгүн бизге лөлүлөр да өтөсүңөр деп айтышты.



- Лөлүлөрбү? Ха. ха. Алар силерди да алдаптыр да. Канча бердиңер? Көп эмеспи?

- Менден эки жарым сом, ал эми Маликтен болгон бир жарым сомун алды. Эмне алар туура эмес айтышабы ия?!

- Хи, мүмкүн. Мейли, аман болсоңор болду. Акча табылат. Мындан кийин аларга алданбай жүргүлө. Ырыс алып кел тамагыңды! Кана балдар, келгиле дасторконго. Ал жак, бул жакты коюп, мындан кийин биздин үйгө эле келе бергиле. Силер үчүн дайым эшигим ачык. Аркы бөлмө силер үчүн. Болгон буюмуңарды көчүрүп келгиле.

Тамакты ичкенден кийин жылуу төшөктүн ичинде эки дос тез эле мемиреп уйкуга кетишти.

* * *

Акыл биринчи эле экзаменден өтпөй калган. Ал кеткенден кийин Малик жалгыз калды. Токур акесинин үйүнө баруудан да уялат. Жанында болоор-болбос калган акчага бөлүп буханке нан гана алат. Аны бекитип жүрүп бөлүштүрүп көп күнгө жеткиргенге аракет кылат. Жата турган жерлери Новои паркы менен Токтогул паркы, кээде Сулайман-Тоого чыгып эл көрбөй турган кычыктарга жатып жүрдү. Эки экзаменди ийгиликтүү тапшырып, үчүнчү экзаменинен өтпөй калды. "Балам, эгер өтпөй калсаң калып-калбай баса бер" деген атасынын айтканы эсине түшөт. "Өтө коймокчумун деп кыйын болуп кетпедиң беле. Кана өткөнүң" дегенсип турган айылдагы адамдардын элеси. "Э Малик, чын эле өтпөй калдыңбы?" дегенсип турган алгачкы сүйүүсү Замиранын элеси.

Намыс дейбиз. Оо намыс, адамдарды эмнеге гана алып барбайт. Намыс үчүн өлүм - ак. Намыс үчүн жашоо - кумар. Намыс менен жеңиш келет. Намыс жок нерсени, бар кылат. Акты кара, караны ак кылат.

Үйгө барам деген Малик, жарым жолдо атасы менен бир тууган эжесиникине бурулду. Бапылдаган жайдары, ак көңүл жездеси, эжеси экөө Маликтин келгенине кубанышып, үйүнө жөнөтүшпөй бир жума кармашты. Ошол мезгилде Оштон барган орто окуу жайлардын бири тамеки теришип совхозго жардамга барышкан экен. Малик алардын жайын билип үйгө кетпестен. алар менен ошол окуу жайда окууну каалап, кайрадан шаарга кайтты.

Насос чыгаруучу заводу шаардагы алдыңкы ишканалардын бири. Окуу жай заводдун короосунун ичинде жайгашкан. Окуу жайда ар улуттун өкүлдөрү окушат экен. Окуу жайдын жатаканасы

жоктугунан, батир таап чыгууга туура келди. Жумушчу-Дыйкан көчөсүнөн батир табышып, 4 бала чогуу жашап калышты. Кез-кезде мотоциклдин артына учкаштырып алып, Эрмат агайы үйүнө алып кетип турду. Ишемби, жекшемби күндөрдөн башка күндөрү окуу жайдан түштө бир убак ысык тамак берилет. Маликтин колуна тийген акча - стипендия 17 сом. Анын 5 сому батирге берилсе, өзүндө 12 сом калат. Бир айга эптеп жеткирүү зарыл. Кыш мезгили. Күн суук чилде. Алардын жашаган батиринин терезесинин айнектери жок. Карылыгы жетип калган чал менен кемпир экөө гана турушат. Батирдин ичинде эки жыгачтан жасалган сөөрүчө бар. Бири төрдө, бири - терезенин түбүндө. Терезеден чаба жааган кар, таң атканча катарында жайгашкан сөөрүчөнүн үстүн толтуруп жаап салчуу. Ошол карга да чыдашып кышты ошол жерден чыгарышты. Кээ күндөрү ачка, нан алганга тыйындары жок. Үй ээсинен сурашканда көңүлү келсе каткан нанынан бирди берип коюшат. Кээде "таап жегиле" дешип бербей коюшат. Короосунда чыптага салынган өрүк кактан онго жакыны турган. Кез-кезде андан да үйдүн ээси жокто тешик жеринен ала коюшуп жеп турушчуу. Алардын өрүккө кол салгандарын сезген үй ээси, жер түлөгө алып кирип бекитип салды. Көп өтпөй батирди алмаштырып текстил тарапка өзүнөн үч жаш улуу жердеши Окен менен чыгып кетти. Көп өтпөй Окен үйлөнүп, өзүнчө батирде туруп калышты. Малик алардан бөлүнүп, үй ээсинин бир бөлмөлүү батирчесинде туруп калды. Батирче дегени менен, ичинде жашаганга шарты жок. Ным тарткан, жөргөмүштөр желелеп турган, полу дагы жок бөлмө экен. Ошол жерде жашап жүрүп окуу жайды аяктады.

* * *

Украинанын батыш тарабында жайгашкан шаарлардын биринде жоокердик кызматын өтөп бүтүп үйүнө кайткан Малик, май айынын башында Ошко келип конду. Самолеттон түшөөрү менен эки жыл бою өз жерин, элин, ал эмес тилин сагынган Малик көзүнөн жашын алып, аларга болгон сагынуусун жашыра албады.

- Айланайын балдарым кызматыңарды бүтүп келе жатат окшойсуңар? Каерден келе жатасыңар? Кызматыңар жакшы болдубу? - дагы толгон суроолорду беришип жатышкан кемпир-чалдар менен дагы сүйлөй түшүшсө экен деп, Малик сөзүн улап келет.

- Украинада кызмат өтөдүк.

- Кыйналбадыңарбы?

- Жигит адам үчүн кыйналдык деген уят го.



- Ата-эненерди сагынгандырсыңар. Алар да силерди күтүп жаткандыр? Кызматыңардын жакшы өткөнү өңүңөрдөн көрүнүп турбайбы. Кыйналганыңардын изи дагы жок.

- Оо биз армияга барганда, - деп сөз улап кетти автобуздун артында олтурган толмоч келген, орто жашап калган адам, - эки жыл эмес, үч жыл кызмат кылат элек. Матрос болгонмун. Деңиз аралап, кээде деңиз түбүндө алты айлап жүрчүүбүз. Биринчи барганда анча кыйналып жүрдүк. Кеменин чайпалганынан көңүлүбүз айланып, тамак да көңүлүбүзгө барбай кыйналчуубуз. Кийин көнүп кеттик. Кеме таза турса дагы күндө жууп турчуу биздин көнүмүш адатыбыз эле. Тамагыбыз түрдүү түрдө жасалып, балык, койдун эти, уйдун эти, чочконун эти, тооктун эти, ээ койчу - чымчыктын да эти келип жатты го. Арак, вино…

- Койчу эми мактана бербей. Сен эле солдатта болгонсуп. Андан көрө бул балдардын кызматынан сурайлы, - аялы, эрин түртө.

- Туура айтасың Саки, балдардын сөзүн угалычы, - катарында олтурган сулууча келген, кара каш, чачын өрүп таштап койгон. Бир караган адамды "меники болсо" дей турган, келин сөз козгоду.

Малик армияда кызматты кандай өткөргөнүн анча-мынча кыскача айтып бара жатты. Тигинде өзү туулуп өскөн жери. Тегереги тоо менен курчалган кооз жайлоолору. Ал жайлоодо кымыз ичип, чикилдек чаап, чүкө ойноп чоңойгон. Ортосунан жарып өткөн, буркан-шаркан түшүп агып жаткан дарыя. Катарында түзөңчөдө катар-катар көчөлөрү бар, дүпүйгөн бак-дарактуу айыл, анын туулган жери. Чоң жолдун катарындагы үйүнүн жанына токтогон автобус "силерге адам келди" дегендей кыскача белги берип койду. Жоокерче кийинген баланы көргөн үйдөгүлөр "Малик келди. Малик экен" дешип чуркап алдынан тосуп чыгышты. Эсен менен Токон акеси жеңелери менен балдары болушуп Маликти үйгө алып киришип олтургузушту.

- Сени кызматын бүтүп келе жатыптыр деп тиги досуң Манаптан уктук, - деп Эсен агасы сөз козгоду.

- Ал армиядан качан келди?

- Бир жума болуп калды. Ал да Украинада кызмат кылган тура.

- Ооба, жакын эле жерде кызмат кылдык.

- Ээ кичине бала келдиңби? Эсен-аман кызматыңды өтөп келип алдыңбы? Чоң акең азыр келет. Ал да сени угуп сүйүнүп жүрөт, - деп чоң жеңеси Батма эшиктен кирип келе Малик менен учурашып калды.

- Тигине өзү да кирип калды.

- Айланайын үкөм. Келчи боорума кысып алайын. Кызма-тыңды жакшы өтөп келдиңби? Кыйналбадыңбы? Көрүнүшүңө караганда кыйналган түрүң жок. О-о, мурут да коюп алыпсың. бизде мурут жок кое элекпиз, сен бизден улуу болуп. ак сакал болуп калыпсың да, - деп үкесинин кичине коюп койгон мурутуна карап тамаша иретинде сөз менен чымчып кетти.

- Жок, бул жолдо келе жатканда өскөн кылдар эле. Алып коюуга убакыт жок, анан… - күлүп калган агаларынан сүрдүгө.

- Сүрдөтпөгүлөчү, мурут Маликке жарашып эле калат экен. Мейли койсо. Өзүнө жаккандан кийин. Алың жетсе сен деле коюп албайсыңбы? – деп Батма жеңеси кыйпычыктай кайнисинин сүрдөгөнүн сезе.

- Болду тамашаладым, эмне турасыңар. Андан көрө камыл-гаңарды көрүп союшуңарды даярдагыла. Токон тез баргын да, менин чаркарымдагы койлорумдун арасынан жүнү кыркыла элек көк токту турат. Ошону алып кел. Бүгүнчө үйдө эле болоорсуң же…

- Жок, кое тургула. Мен жайлоого барышым керек. Атам менен апамы үкө-карындаштарымды сагындым. Алар менен учурашып келейин. Мен тез эле…

- А андай болсо кое туралы. Чарчап келгендирсиң ысык тамак ичип алып, анан чыккыла. Жамгыр да жаап турат. Кыйналбай эле эртең жамгыр токтогондо барбайсыңбы? - деп чоң агасы сөзүн улады.

Жасалган камыр тамактан ысык ичишкенден кийин Эсен акеси, жеңеси, Токон акеси аялы менен балдары болушуп жайлоого аттанышты. Убакыт кеч болуп турса да, Маликтин сөзүн кайтарышпай жамгырга кол чатырча алышып жөнөп калышты. "Бул жамгырдын суусуна нечен жолу калгам, Украинанын челектеп төккөн жамгырына да туруштук берип келгенмин" дегендей кол чатыр да пайдаланбай жайлоого тез жетүүнү эңсейт. Жолго чыкканына бир сааттай убакыт болду. Жол бара-бара татаалдап баратты. Улам өрдөгөн сайын кыя жолдордон жамгырдан чогулган жамгырдын сели агындылары менен алардын тез жүрүшүнө тоскоол болуп жатты. Ошондой болсо да алар сүйүнүчтүн шарапатынан жолдун кыйынчылыгын сезишпегендей. Тигинде туурдуктары жабылган боз үйлөр көрүнөт.

- Ушул жердеби же дагы жүрөбүзбү?

- Жок бул жерде эмес. Кийинки конушта олтурушат.

Дагы бир кыя жол менен жарым саатча жүрүшкөндөн кийин, биринчи катар боз үйлөр көрүндү. Сол тарабындагы боз үй Маликтин көзүнө жылуу учурады. Айттырбай эле Малик ошол жакка жол баштады.



- Эмне тааныдыңбы? Өзүң чоңойгон боз үй кантип таанывай калат элең. Мына келдик.

- Ассалому алейкум! Ата биз келдик, апа балаңыз келди, Малик келди, - катарынан сүйүнчүлөп жатышкан балдарынын кубанычына коштоп, эми эле жата турган болуп жатышкан боз үйдөгүлөр чурулдашып ордуларынан козголушту.Төшөктү ары-бери жыйнай коюшуп, кичинекейлердин гана уйкусун бузбастан катар олтуруп калышты. Малик жата калып кичинекей ини-карындаштарынын жүзүнөн ойготпостон жыттап сүйүп жатты. "Баары эле бар Назбү көрүнбөйт да. Кайда болду экен же ооруканадабы?" Ал карындашынын оорулуу төрөлгөнүн, кичинесинде башынан минингит оорууга чалдыгып аз жерден догдурлардын жардамы менен өлбөй тирүү калганы. Ошондон баштап сүйлөбөй, бир ордунан жыла да албай итий деген оорута чалдыкканы. Ар кандай сөздөр сүйлөнгөнү менен Назбү карындашы тууралуу сөз болбой жатты. Алардын өңдөрүндө бир кайгынын сыры жатса да, Маликке билдирбегенге аракет жасашат. "Мүмкүн мен көрбөй калгандырмын, тиги ашкана жакта болуп жүрбөсүн?" деген ойдо бир нерсени шылтоолоп ашкана жакты да карап чыкты. Ал жакта да көрүнбөйт. "Мейли эрте менен сурап билейин" деп ойлонуп унчукпастан олтуруп калды.

Эрте менен күн чайыттай ачылып, айлана Маликке өтө кооз көрүнүп турду. О жогору жакта Молонун бели, андан тууралап келсе кыяндуу жер - Кыяндын оозу. Аркы өйүздө - Кой кашаа, тээ чоку Таштын башы. Өзү чуркап чоңойгон жерлер. Жамгырдан кийинки аванын тазалыгы, булбулдардын сайраганы кулагына жагымдуу угулат. Алардын баарын ырахаттана угуп жатканы менен көңүлүнүн бир жеринде түпөйүл кайгы тургандай. Назбү карындашы кайда болду экен? Апасынан даап сурай албады. Сурайын десе, анын ал жайын сурашып кошуна элдер келе башташты.

- Кел айланайын балам. Эсен-аман келип алдыңбы? Кызматың жакшы өттүбү? - алар деле эч нерсе билбегендей бир сырдуу.

Боз үйдү Эсен агасы менен бирге айлана басып арт жагына өтүштү.

- Э аке, сизден бир нерсени сурайынчы?

- Ия, эмнени?! – чочугандай.

- Кечээтен бери Назбүнү издеп таппайым да? Ал кайда кеткен? Же догдурга алып барып койдуңуздарбы? - инисинин берген бул суроосуна Эсен көзүнүн жашы менен кошо жооп берди.

- Былтыры ооруп жатып каза болгон үкөм. Эмне кылабыз насип экен. Кудай берди эле, 16га чыкканда кайрадан алып кете берди.

- Эмне катка жазбадыңыздар? Айтып эле угузуп койсо-нуздар болмок. Сезгемин. Кийинки убакта катка да анын атын кошпой жазып калгансыздар, - экөөнүн үйдүн артында ыйлап турушканын көрүшкөн адамдар унчугушпай өз иштери менен алек болуп калышты. Көп өтпөй экөө көздөрүнүн жашын аарчышып, келген коноктор менен учурашканы боз үйгө киришти.

* * *

Ошко келгенине үч жылдай болуп калган убак. Өзү каалаган окуу жайга тапшырып өтүп окуп алган. Батирде жакында турмуш курушкан өмүрлүк жары менен жашап турушат. Кыштын күндөрү, күн суук. Отундары жок, үй ээси токту пайдаланууга да уруксат бербейт. Сынык печкесине күнүмдүк чогултуп келген отундар менен, анча-мынча чон капка көтөрүп келген көмүр менен жылыта коюшат.

Күндөгүдөн эрте келген Малик жакын эле жердеги бактан, жыгачтын шактарынан термелеп келди да, печкеге от тутандырды. Майрам тамак жасоого киришти.

- Малик, картошка да калбаптыр. Пияздын да түгөнүшү көрүнүп турат. Стипендияң качан тиет экен. Ага чейин бирөөдөн карызга акча алып турат окшойсуң.

- Камтама болбо алтыным. Пазылдан акча сурап койдум. Эртеге акча болот дейт.

- Пазыл досуңа чоң ырахмат. Ошол көп каралашып турат. Кээде өзүндө болбой калса, бизден тартынбай эле сурап калат.

- Бул кыйынчылыктар эми эле унутулуп калат го. Окууну бүтсөн бизге жумушка кирип ал деп Рысбек аке өткөндө мага айтты.

- Жакшы болот экен. Жумушуң да даяр тура. Андан көрө окууну жакшы бүтүрө бер. Туура айтасың, кыйналсак да эптеп окууну бүтсөң бутубузга туруп калаарбыз. Бул убактылуу кыйынчылык болсо керек.

Аялынын жакшы айткан сөздөрүнө эргий Малик анын чачтарынан сылагылай эркелетти.

- Бүгүн шаар акимчилигинен адамдар келишип сени сурап кетишти. Бизге барып жолуксун дейт. Жумуштары бар окшойт. Эмне экенин айтышкан жок. Телевидениядан да келишти. Жакшы ырларынан бирди даярдай барсын дейт.

- Анда мен кеттим. Пазыл келсе ошол жакка кетти деп гой. Келе жатып анын да үйүнө жолуга келем го.



- Москвага ырдап барып келгениң тууралуу сурашат окшойт. Жакында шаардык конкурста экинчи орунду жеңип алганыңды да сөз кылып кетти. Акунжан агайың өткөндө мага жолугуп, "күйөөңдү дагы жогорку окуу жайына жөнөткүн. Ал өсө турган бала. Көптөгөн чыгармаларды жаратуу керек. Эгер жөнөтпөсөң экөөңөрдү ажыратып анан аны жөнөтөм" деп тамашага аралаштырып айтып өттү. Чындап эле, дагы окугуң келсе тартынбай эле барсаң болот. Өмүрлүк жар болгондон кийин турмуштун ысыксуугуна чыдайбыз да.

- Ырахмат. Менин алтын адамым. Ошол убакыт келе берсинчи. Насип буюрса барып калаарбыз. Малик көчөгө кийе турган кийимдерин алмаштырып кийди да жолго чыкты.

Шаардык советтин алдында көптөгөн адамдар чогулуп турушат. Маликке тааныш эмес адамдар. Ал турган адамдарга көңүл бурбастан Шаардык советтин имаратынын ичине кирди. Өзү таанышган Аскараалы акенин кабинетине баш бакты.

- Кел үкөм! Кандай окуулар? Кыйынчылыктар жокпу ия? Чыгармачылык кандай болуп жатат? Сени биз чакырдык эле. Мына шаарда жакында телеберүүлөргө бир кызыктуу оюн-зоок уюштурсакпы деп жатабыз. Сен да чыгармачыл адамсың. Ушуга өзүңдүн оюңду айтса дедик. Азыр жардамчымы да чакырайын. Ал да ыр жаза коюп жүргөн киши. Мүмкүн анын да жакшы оюу бардыр.

Телефонду бурап, жардамчысын өзүнө кирүүсүн суранды.

Толмочунан келген. Шыпылдап сүйлөгөн, ачык-айрым, жайдары киши, -Мүмкүнбү?, - деп эшикти ачып кирип келди.

- Кел, бул жакка олтур. Бул жак менен таанышып ал. Кыргыз элине белгилүү болуп келе жаткан чыгармачыл адам, аты Малик.

- Ооба, ооба. Бул жакты мен жакшы тааныймын. Облустук ар кандай оюн-зооктторго үзбөй катышып турат. Көп жолу өзүбүз диплом, граматаларды тартуулабадыкпы.

- Анда мындай. Өткөндөгү тема боюнча, телеберүүлөргө жаңыдан элдерге кызыктуу болсун үчүн оюн-зоок уюштурсакпы дедик эле. Албетте бул оюн-зоок ырлар, бийлер менен толукталмакчы. Ушул өтүлө турган оюн-зооктун атын кандай деп атасак болот. Мисалы: Ыр шерине, Ыр майрамы, Чыны тегеретмей, Шакек тегеретмейби?

- Бул берүүлөр оюн-зоок болгондуктан элдин жүрөгүндө дайыма кала турган нускалуу ат керек. Бул эл аралап жүрө турган, элдин ичинен суурулуп чыга турган таланттарды табуу болуп эсептелет эмеспи, - деп Бөрүбай оюн айтты.

- Сиздин айтканыңыз туура. Нечендеген чыгармачыл, та-лanттуу адамдар элдердин арасында жүрүшөт. Бул кылган оюңуздарга мен чын дилимден кошулам. Шакек деген болбосо керек. Мүмкүн ыр майрамы деп эле койсок кандай болот? -Маликтин оюда жөндүү болгонсуду.

- Ыр майрамы деп коюш оңой эле дечи. Бирок, элди аралабаганыраак, кызыктуураак аттардан болсо деп ойлоюм. -Аскаралы аке тигилерге дагы кандай кызыктуу аттарды айтаар экен дегендей көз жүгүртө.

- Мүмкүн Ыр кесе десек кандай болот ия? Ыры да бар, кесе менен чогуу берилип турса, биздин ата-бабабыздан бери кесе берилип ойнолуп келе жатпайбы, - өзүнүн айтканына жооп күтө Бөрүбай жанындагыларга кылчайды.

- Мен кошулам. Ушул ат ылайыктуу болгонсуду. Кесе менен бири-бирине ыр узатып турганга да жакшы. Тигил баланча, тигил түкүнчө делип атап олтуруунун кереги деле жок болот. Кесени ыр түрүндө узатса да кызыктуу го, - деп Малик оюн айтты.

- Мен да кошулат окшоймун, анткени ушул оюңар телеберүүлөргө ылайык келип тургансыйт. Аты да нускалуу болду. Эми сценарий жазгандарга иш берсек. Бир телеберүүнү берип алсак, андан ары уланып кете берет. Позывноюна конкурс жарыялайбыз, азырынча Каныкейдин ырын бере турсак болот.

- Мейли анда сценарийи жазылгандан кийин дагы сүйлө-шөбүз го. - Бөрүбай жакшы калгыла дегендей башын ийкей өз кабинетине кетти. Малик да Аскаралы аке менен коштошо телевиденияны карай бет алды.

* * *

Жайдын ысык күнү. Айлананы үп тарта шаар ичин кара түтүн каптагандай, машинанын маторунан чыккан түтүндөр адамдардын мурдуна ачуу түтүн аралагандай. Кечээ эрте менен Бишкек шаарынан чыккан Ашим, жолдо машинанын балоондору жарыла берип, араң дегенде Ошко күн бата кирип келди. Жумушунан командировкага кеткенине эки жума болгон. Үйүндө калган жубайы менен кичинекей уулу Талант жана Назираны сагынгандыгын ойлоп, таксиден түшөөрү менен үйүн карай маршрутка олтурду. Батыш шаарчасынын ортосунан орун алган үйдөн, жумушунан берилген бул үч бөлмөлүү үйдө олтургандарына он жылдан ашып калды. Үйдүн ичин иретке келтиришип, ала турган керектүү буюм-теримдерден кем эмес, гарнитур, сервант, шфанер, түстүү телевизору видио-магнитофону менен, сервантында толгон түрдүү идиш аяктар. Балдарым ойносун деп алып берген пианино "Беларус" ж.б. керектүү буюмдар бар. Ваннада атайы өзүнчө да сууну ысытып бергичи бар. Тегереги кафель менен жабдылган. Ашим үйүнө келээри менен кызы менен баласынын мойнунан кучактап жыттап-жыттап алды да, жол жүрүп келгендигинен жеңилдегенге суу толтуруп ваннага кирип кетти. Жазира ысык тамак жасоо менен алек болууда.

- Апа, о апа. Тигий Назийяни каяшаңыш?

- И, эмне болду Талант.

- Кыжык эле ээ Назийя. Жыйыйма бешке, жыйыйма бешти кошсо элик бий болот дейт хи-хи. - Назиранын туура эмес айтканын билип алган Талант аны келекелеп колун чаап күлүп калды.

- Апа, о апа.

- Ия дагы эмнени айтасың?

- Бүгүн атам шиш менен жатабы? Айтыңышчы бүгүн мени менен жатшын. Мен атамын мойнунан жыттап жаткым келип жатпайбы?

- Болуптур балам, бүгүн сени менен жат деймин, - баласынын берген суроолоруна мыйыгынан күлө, тамагынын тузун көрүп, Ашимдин чыгышына тамагы даяр экендигине ынанды.

- Апа, о апа.. Назийя эмнеге кыж болуп калган ия? Аны деле мендей бала кылып койбойшуштайбы? Кыждай менен көчөгө чыгып кетип кайып, мени үйгө жалгыж калтыйат экен да. Ыйлашам башыма би-ний коет.

- Ы-кы, жалганчы десе. Качан мен сени башыңа койдум эле. Апа, мунуңуз турушу менен жалганчы экен. Өткөндө да өзү чалынып жыгылып алып, мени түртүп ийди деп атама ыйлап келген.

- Чы-ын, чын. Түйтүп ийдиң эле го. Акия, акия, башыңдагы такия. М.лл.. - Эки кулагын чое, тилин узун чыгарып Назираны жеңилдиң дегендей андан качып апасынын артына өттү.

- Болду эми Талант, эжеңе ал кылганың туура эмес. Жалган айткан жаман болот. Эжесине да катуу айткан болбойт.

- Эмнеге бойбойт ? Эмнеге жаман бойот?

- Жалган айткан жарыбайт, калптын казаны кайнабайт, -дейт элде ошону эске тута жүргүлө.

- Шиждин деле казаныңыж кайнап жатат го.

- Ии, эмнеге анттиң? - Жазира баласынын суроосуна таң кала...

- Өткөндөчү... Асел апам келгенде, атамы Бишкекке эмеш, Алайга кетти деп койдуңуш го. Телефондон шуйагандайга деле "мени жок деп гойгула" - деп айттыйасыш го. Анан кайашаңыж казаныңыж кайнап эле жатпайбы?

Жазира Таланттын берген жообуна бушайман жей, бир жагынан анын сезимтал болуп өсүп келе жатканына "көз тийбесин" деп ичинен ыраазы боло унчукпай калды.

Ашим Бишкекке бекеринен барып келген жок. Иштеген жеринин жумушун бүтүргөнчө, Министерстводон өзүн жогорку иштерге жылдырууну сүйлөшкөнчө келмек.

- Тамак даяр болуп калды, Ашим. Аарчынганча түз эле столго олтур. Бишкекте жумуштарың эмне болду? Өз иштериң да жайындабы?

- Берки иштерим өз орду менен бүттү. Ал эми өзүм тууралуу сурасаң... - кашыкты колуна ала, нанды оозуна бурдай тамакка киришкенче сүйлөп кирди, - өзүмдүн ишим аз-маз болсо да жылыш бардай. Толук сүйлөшүп келе албадым.

- Кантип сүйлөшө албадың? Аркысына бардыңбы? - Аялы ачуулана.

- Бардым. Аракет кылалы, кое тур дейт.

- А беркисичи? Ал тим эле келсеңер бүтүрүп берем деп обищайт эткен эле. Мага келгенде жөн эле жалпаңдап калат. Шашпа дагы Жакиш деп келип калаарсың.

Жазира курортко барганда таанышкан жакын адамдары эле. Ал жерде канча гана сөздөрдү жакшы сүйлөшпөдү. "Жакишим, мен сен үчүн баарын кылам. Ишиң болсо айта бер, бүтүрөм" - деп айтылган сөздөр. Алар тууралуу Ашим толугу менен билет. Өзү Жазирага маакулдук берген. "Чоңдор менен тааныша бер, балким жардамы тийип калаар" – деген Ашим Бишкекке барып алардан алган сөздөрү жогорулар эле. Ашим Бишкекке кеткенде, билмексен болуп, "жолдошум кетти, силерге кирсе айткандарын аткарып койгула", - деп алардан суранып телефон чалган эле.

- Анысы, мени тимеле тикирейе караса болобу. Жакиштин жолдошу сен болосуңбу ия? Мейли айтканыңды караштырып көрөлүк. Комиссияга салалык. Алар эмне дешсе анан чечебиз да. Кабинетинен чыгаарда "Жакишке салам айтып кой" дейт.

- Өзүң анан. Өткөндө колунан келе турган адамдар менен таанышып алайын десе. Кое турчу тигилер деле бар го. Ошолор менен ысык боло бер. Алар деле бир ишти дайындаганга колдорунан келишээр, деп болункурабай койбодуңбу. Тааныш көп болсо артыкча болмок беле. Бою узун, келишкен сындуу жигиттер экен. Айрыкча "волга" минген муруту бар симпатичный жигит абдан жакты эле. Аты ким эле? И Алик деди беле ия?

Аялынын эбиреп-жебиреген сөздөрүн анча жактырбагандай, көңүлү иренжий, ичип жаткан тамагын токтото, төрдө турган телевизорун карай басты. Ушунча болгондон кийин кой дей албай, өзү да Жазиранын көңүл ачып жүрүшүнө маакул болуп калгандыктан ичинен тымыйт. Жазира жылда ар жерге курортко барып келчүү адаты. Келээри менен Ашимге толугу менен, ким менен таанышып, ким менен жүргөндөрүнөн бери ачык айтып берет. Кээде такыр эч ким болбой калганда "Неудачный лето" дешип күлүп калышчуу.

- Кана эмесе, тамак ичип болдуңарбы? Эми жатканга жөнөгүлө. Жазира балдарына орун даярдап кирди.

- Апа. Муйтфийим көйбөйлүбү?

- Жок, бүгүн мультфильм болбойт. Көрдүңөрбү, атаңар чарчап келди. Эс алышы керек. Эртең иш күн. Эртераак жатып, эрте туралы.

Балдарын төшөккө жаткырганча, тамактардын калганда-рын казанга салыштырып, идиштерин эрте менен жууп коермун деп, Ашимди уктоочу бөлмөгө чакырды.

- Келчи жаным. Көптөн бери этим эч нерсе көрбөй кусаланып турат. Сен да сагынгандырсың? Же ал жактан бир бийкечти таап алдыңбы?

- Кайдагы бийкеч дейсиң? Бирөөнү таап жүрүп алыштан да коркот экенсиң. Мейманканада болсо өзүнчө эле "секс" кино, алар өзүлөрү эле бөлмөңө кирип келип олтуруп алат экен, то-оба! - Кийимин чечингенче.

- Канчасын алдыңа олтургуздуң?

- Олтургузганды айтат. Ар бир минутасына төлөмөй экен. Чөнтөгүңдү калтырбай кагып ала турган. Эч кимди киргизбей жаттым. Нарыңдан барган бир "чоңду" сазайын гана берип кетишти го.

- Кантип? - Чечинип бүткөн Ашимди төшөгүнө тартып.

- Бөлмөсүнө кирген бийкечке ресторандан тамак алып келе коюн деп чыгып кетсе, болгон нерселерин, акчалары, сумкалары менен коштоп алып чыгып кетиптир.

- Табылбадыбы? Милицияга беришсе болмок экен.

- Кайдан табылсын. Мейманканадагылар менен милициялар алардын жардамчысы экен да. Табабыз, издейбиз деп коюп, кайра сенин чөнтөгүңдү какшытат тура. Паспорту да жок. Биз бирткеден акча топтоп жолго деп бердик. Ал эмес бутундагы жаңы алган ботинкасын да койбоптур. Сыртка тапочкачан эле чыга калган экен байкуш.

Алар көпкө чейин укташпай сүйлөшүп жатышты. Сагынычтары таркабай, ысык денесинен бөлүнүп чыккан бууга сиңе, дене ра-

хатына бир топко чейин чөмүлүштү. Жазиранын кыңкыстап кыска чыгып жаткан үнү, Ашимдин күшүлдөгөн демине коштоп, назик, мелүүн чыгып жаткан Бетховендин "Айдагы сонатасы" ойнолуп жаткандай алардын бөлмөсү жаңырып турду.

* * *

Бишкекке барып келгенден кийин көп өтпөй эле Ашимдин иштери жүрүшпөй, кабагы түшүп жүргөн убак. Иштеген жумушунан да кыскартууга түшүп, бир айлык гана убактылуу иштеп жаткан кези. Күндө башка жерден иш сураштыра коет. Ага ылайык иштин табылышы да кыйын. Жазира Бишкекке нечен жолу телефон да чалып көрдү. Алардан "карап көрөбүз" деген гана жоопту алат.

"Арман дүйнө ай! Жашоо үчүн эмнелерди гана кылбайт экенсиң. Бирөөнө жагынып, бирөөгө катуу айтып. Кээде адам кылбай турган иштерди да кылууга туура келет тура. Эгер жакшы жерде иштеп туруп, алган айлыгым баардык нерсеге жетип турган болсо, Жазираны ушундай иштерге эмнеге түртмөк элем. Колунда барларга эмне, алдына баргандарды булгап коюп, алыстан күлүшүп карап тура беришет тура. Кээде туруп, мен ошолордой жаманчылык иштерге баргым келип кетет. Аларга окшоп уурулук кылып, бирөөнүн ак мээнетин тартып алгым келет, алардай чет элдин машиналарынан минип алгым келет. Алардай кара мүртөздүккө барсам кандай болот деп ойлоюм. "Жок" дейт кудайым. "Сенин колуңан келбейт. Сен башка, боорукер адамсың. Сенин колуңан жамандык келбейт. Андан көрө, эл катары тапкан мээнетиң менен табылган байлыкты пайдаланып жашай бер. Бирөөнү алдаба, кордобо, ушул калпыңдан жазбай жашай бер" дейт. Кыйынчылыктын айынан "жасаган иштериңерди мен кечирем" дегенсийт. Кээде, эч ким жок жерде үнүмү болушунча чыгарып ыйлап алам, өлгүм да келип кетет. "Жок" дейим. Балдарым гана мени өлүмдөн алыстатдайдан мен кечирим сураймын. Анткени, ага мен маакул болуп жаткандай. Жазирада күнөө жок. Анын кылган күнөөлөрү болсо кукандай пайымбы.

Мейкин талаа, эрме чөлдө тиргилик,
Койгон өңдүү жалгыз бир тал гүлдү илип,
Ал гүл энсейт, жаштык сүйүү талаасын,
Куу жыгачтын капасынан билдирип.

Үн жок куурап жыгач жатат чиренип,
Өмүр белем, тагдыр жашоо түгөнүп,



Үмүт кургур жашоо үчүн умтулуп,
Бийиктикке кетип барат гүл өнүп. - деген

ыл саптарды эстеп,ошол капаста калган гүл менмин деп, ал эми чиренип жаткан куу жыгач байлыгы бар "чоң" адамдар деп ойлоп кетем. Ушул ыр мага кайрат бергендей жашоо үчүн үмүтүмдү үзбөй жашап келем. - деп Ашимдин уйгу-туйгу ойлору менен кабагы түшкөн жүзүндө жылмаюу жок.

- Сиздин жумуштан чыгаар убактыңыз келди. Документ-териңизди качан аласыз?, - деген кадырдагы аялдын үнүн угуп Ашим балчычуугандай селт этип алды. "Эмне чын эле жумушсуз каламбы? Балдарымды кантип багам? Башка жерден жумуш да табылбады. Жазира да декреттик отпускада. Ал жумушка чыккыча качан?" Чогуусу менен колуна документтерин карматкан кадрдагы аял, "жакшы барыңыз" дегендей жылмая каш көтөрө карап койду.

- Ырахмат сизге. Жакшы калыңыздар, дагы келип турам. Кайгырганын билдирбегенге аракет кылса дагы, жүрөгүнүн эзилип тургусун өз денесинен жашыра алганы жок. Анткени, ордунан бурулаганын берээрде буту чалыштап барып, ордуна келди. Алган кагаздарын чөнтөгүнө салып коюну да унутуп, Ашим көпкө чейин көчөдө самсып басып жүрдү. "Мен Россияга кетишим керек. Ал жакка соода менен кеткендер жакшы эле акча таап келип жатпайбы. Мен Жазира менен маакулдашайын". Күн батайын деп калганда Ашим үйүнө баш бакты.

- Ашим, мынча кабагың салаңдап калган? Бир жериң ооруп турабы ия?

- Жок,ооруган деле жок. Болгону...

- Эмне болгону?! Тынчтыкпы деги?!

- Жумуштан бошодум. Кыскартылууга түшүпмүн.

- Кыскартыла турганы, сенден башкалары жок бекен ия!

- Жок экен. Элдин эң арты жумушка мен кирипмин. Ошон-дуктан кыскартылууга укук боюнча мен туура келген имишмин.

- Сен алдыңкы кызматкер элең го. Ага да карашпадыбы?

- Караса ушундай болмок беле. Азыркы убакта сенин кыйналып турганыңды да эске албаган заман тура.

Эмне кылаар алапайын таба алышпай Ашим менен Жазира оор үшкүрүнүп олтуруп калышты.

* * *

Сибирдин оор кышы. Тизеден өйдө жааган карды малтап Жазира оор жүгү менен (Красноярскийдин бир четиндеги базарда бир

жылдан бери соодачылык кылат). Өзү күндө олтуруп соода-сатык
кылган жерге келип сатып, анан акчасын бере турган товардан алып-
сатып күнүмдүк тыйынын таап жатат. Биринчи келгенде болгон
акчасы менен товарларнн ууруларга алдырып жиберип, аябай кай-
гырган. Эми кайрадан, аз-аздан алып сатып иш кылууда. Мурда-
гыдан кыйла сатуунун сырын өздөштүрүп да калды. Кээде манты
кылып да соода кылып турду.

Үй жагынан кез-кезде кабар алып турат. Ашимдин дагы эле
жумушу жок бекер экен. "Бир болсо, мен да базарга түшүп, жок
дегенде араба түртсөмбү деп жатам" деген Ашимдин сөзүнө Жази-
ранын ичи абдан ачышты. Бир ишкананын, болгондо да жогорку
кызматтардагы жөндүү, эл үчүн канча пайда алып келе турган кыз-
матчы, иши жок, базарда араба тартып жүрүү деген, бул жашоо-
нун арманы эмей эмне?

- Э Жазира, бүгүн дагы товарга барабызбы ия? Тигил Асан
шофер товарыңарды алып келип берем дейт. - Арык чырай келген
сулуу келин Ширин Жазирага үн катты.

- Жакшы болот эле. Товарым да түгөнүп бара жатат.

- Уурулардан этият бололу. Кечээ бир чо-оң киши артымда
туруп алып чөнтөгүмө кол салганы жатыптыр. Колун түртө сал-
сам, колуман бекем кармап кое бербей туруп алса болобу. Колун-
дагы шамшар бычакты көргөндө кантип атырылып колунан чы-
гып, качып олтуруп эки километрге чейинки аралыкты акчамды
колума уучтап алган боюнча чуркап барганымды билбейим. Бир
бурчка кыйлага чейин олтуруп ыйлап-ыйлап алдым да кайра ма-
шинага келдим.

- Коркутпаңызчы. Андайды уксам качып эле кетип калгым ке-
лет. Кечээ мага да эки бала келди. Биз "рекетпиз" дешет. "Товары-
ңдын жарым акчасын бер, болбосо базарга киргизбейбиз" дешип
коркутушса болобу. Кудай жалгап Жусуп акелер келишип аларды
артка кайтарышты.

- Ээ, алардан коркпой эле кой. Сенин жаңыдан келгениңди би-
лишип эрмектешкен тура. Биздин өзүбүздүн "рекетибиз" бар. Алар
акчаны көп алышпайт. Өзүбүздүн эле кыргыз балдар. Мындан кий-
ин дагы келишсе ошолорго эле айтып кой. Экинчи келгис кылышат.

- Сиз да Оштонсузбу? Ал жактан кабар алып турасызбы?

- Ооба. Малик агам, Акмат иним бар. Балдарым да ошолордун
колунда. Кантип жатышат деп тез эле кабар алып турам. Буюрса
жакын арада барып калам го. Үйүмдү сатып жиберип бул жакка
келген элем. Эми барып үй алып келишим керек.



- Жолдошуңуз барбы? Ал да күтүп жаткандыр?

- Менде кайдагы күйөө. Ал байкуш эрте эле о дүйнөгө аттанып
кеткен. Балдарды чоңойтом деп, бул жакка келбей кыйла
калды. Мени менен да бул жерде жүрүшүп иштешип да кетишти.
Мурдараак эле келсем, качан эле үй сатып алсам бол-
мок экен. Эми деле кеч эмес го. Балдарым эми кыйла чоңоюшуп
жүрбөдүмбү.

- Тигил, силер менен кошо жүргөн күйөө балаң менен сиңдиң
окшойт? Окшошуп да турат.

- Ооба. Алардын да келгенине үч жылдан ашты. Ошто текстил-
де иштешип жатып, союз мезгилинде же квартирага жетишпей.
Эптеп берилген бир бөлмөлүү жатаканасында эки баласы менен
жашап келишти. Булардын да максаты, кичинеден болсо да акча
курашып алып Оштон үй алып алуу.

- Мурда келгениңиздерде деле ушундай кыйынчылыктар бол-
чуу беле? Байкуш, бизге окшогон аялдарга эле кыйын болот экен
да. Саартан, кечке олтурбай туруп соода кылсаң. Анан бир жерден
экинчи жерге товар алуу үчүн барып, өзүңдөн оор жүктү көтөрүп
бул жерге алып келсең. Деги эле эркек кылбаган жумушту аткарат
турбайбызбы.

Жазира "кайда барса да, мамайдын көрү" дегендей, ойлонуп
оор үшкүрүнүп алды. Бүгүн хозяйка квартиранын акчасын да су-
раган. Кечке чейин иштегеним чыгып калаар деген үмүттө тыры-
шып соода кылууда. Бир базарды ээлеген Кыргызстандык кыргыз
аялдар жана анча-мынча эркектер, сооданын кызыгына батышып
жүрүп, күндүн өткөнүн да билбей калышат. Кеч киргенде кайрадан
сүдүрөгөн арабалар менен товарларды атайы сакталуучу кампа-
ларга алып барып коюшат.

* * *

Оштун базары, жык-жыйма адамга толгон. Кеңири басууга да
жол жок. Катар-катар жайгашкан күркөлөрдө ар кандай адамдар,
"менин буюмуму алып кетсе экен" деген үмүттө, өтүп бара жаткан
адамдарга көңүлдөрүн бурушат. Соода кылышып узап кеткен адам-
га ыраазы боло "дагы келип туруңуз" дешип көз кыйыгы менен
узатып коюшууда.

Сатуучулардын кээлери өз товарларын сатып олтурушса, кээ
бирлери, бул жерден алып эле, тигиндейрээк жылып кайрадан нар-
кын кымбаттата коюшуп сатууда. Мына, катарынан тизилип ту-
рушкан дары-дармек сатылган жер, андан кийин самын, айна, деп-
тер, ручкаларды, андан кийин атир-упалар, чайлар, атайы үсту

жабылган базардын ичинде эт сатылуучу жерлер, арыраагында алма, өрүк, шабдаалы, жүзүм, нан, чеснок, картошка, сабиз, пияз, андан кийин коон-дарбыз, күрүч, семичке. Темирлерди жасап сатуучу жайлар. Катар-катар жайгашкан күркөөлөрдө өз ыгы менен жайгашылган буюмдарды сатышып олтурушкан адамдар.

- Пош! Пош! Эй качкыла! - деген араба түртүшкөн адамдар, элдерге жол беришпей катар тизилишип олтуруп алышкан нан сатуучулар.

Эрте менен үйүнөн чыккан Ашим, кечке чейин эч кандай деле жумушу жок базар аралап жүрдү. Кечээ да келип кеткен эле. Сагын деген бала менен тааныша калган. Ал араба тартат экен. Күндө тамагынан сырткары 100 сомдон ашык акча табам дейт. Мындай болсо мен деле иштесем болот окшойт. Тигил-мең тааныгандардан Калык менен Артык экөөнү деле көрүп жүрбөймүнбү. "Келе бер дос, башталганда аз-маз тартынасың да анан уялбай, тартынбай каласың. Арабаны болсо сүйлөшүп таап беребиз" деген Сагындын сөзү эске келди.

Анын айткан сөзүнө караганда Сагын деле жогорку билимдүү экен. Селхоз институтту аяктаптыр. Убагында өз айылында мал догдур болуп эмгектенип, кийин шаарга келе берген экен. Базардын үстүнөн үй сатып алгамын дейт. Төрт балалуу болуптур. Аялы да базарда алма алып-сатып олтурат дейт. "Тартынба тууган, сен да эми эле көнүп кетесиң" деп жаткандай тобокелге сала Ашим, Сагын турган жакка бурулду.

- О-о досум, кел! Кандай ден соолуктарың жакшыбы? Кечегини ойлонуп келдиңби? - деп бажырандай Сагын Ашимдин алдынан чыга.

- Ырахмат досум. Ден соолуктар жайында эле.

- Бүгүн кечке кайда болдуң? Же жумуш таптыңбы ия?

- Каяктагы жумушту айтасың. Жөн эле ары-бери басып эле...

- Э-эх! Туура айтасың. Азыр каяктагы жумуш. Завод, фабрикалар өз нугунда иштебей жатса. Кызматчы, жумушчулар кыскартылууга калып жатса. Мм... И, айткандай эле досум, сенин иштериң тууралуу сүйлөшүп койдум. Араба да табыла турган болду. Жакында эле эптеп өзүн алып жүргөн бир оорулуу адамыбыз бар эле. Кечээ анын көзү өтүп кетиптир. Арты кайрылуу болсун маркумдун. - Кыйла унчукпай турду да, кайрадан сөз баштады. - Ошол адамдын арабасы бош калыптыр. Азыраак оңдой турган жерлери бар экен. Аны экөөлөп оңдоп коербуз. Азырынча күрүч тарапта турасың. Кийинирээк ортого өтөбүз.



- Кандай болоор экен. Тааныш адамдар көрсө эмне дээр экен. А байкуш ордуң ушул жер беле дебейби ия?

- Эмне-е!? Кайталап койчу эмне дедиң ия!? Значить биз байкуш, алар байкуш эмес экен да? Түкүрдүм ошолорду, аларды...

- Ээ, кой досум, өзүңдү карма. Мен туура эмес айтып алдым окшойт. Капаа болбочу?

- Капаа кантип болбоюн. Өткөндө менин бир эле жакын таанышым. Учурашып алдына барсам. Ишимди сурап калбайбы? Ушундай араба тартып жатам десем, ал да "а байкуш башка иш таба албадыңбы?" десе болобу. Аябай ачуум келип калган экен...

- Эмне уруштуңбу?

- Жок. Урушкум да келген жок. Ошол ачуум менен "эмне иш кылып жатасың" десем. "Мугалиммин" дейт. "Эй, мугалимим. Сенин тапкан айлыгың арандан 500дүн тегереги болсо, эмнеңе кыйынсыйсың? Сен деле мага окшоп байкушсуң. Кээде айлыкты айлап ала албай калат экесиңер. Чөнтөгүңөрдө бир тыйын жок, бири-бириңерден карыз сурачуу күндөрүңөр көп болот го. Анан кантип байкуш болбойсуңар. Азыр деле жаныңда жарытылуу акча болбосо керек. Сага караганда менин чөнтөгүмдөн көбүрөөк акча чыгат" дедим.

- Анын да жини келсе керек?

- Кайдан? Айткан сөзүнө бушайман жеп, кечирим сурап кеткенге шашылды. Сен байкуш эмессиң, муну бир билип кой. Өз эмгегиң менен тамак таап, оокат кылуу бул жөндүү иш эмеспи. Эң башкысы уурулук кылып, жамандык жакка барбай, адам өлтүрбөй, аздан болсо да каниет кыла эмгектене берсек. Балким заманыбыз да оңолуп кетээр.

-Туура айттың Сагын. Азыр жаш мамлекетибиз эптеп бутуна туруп келе жатканда. Ар кимибиз өз аракетибиз менен өзүбүздү багып кетсек, ошол да мамлекетибиз үчүн чоң жардам болот да. Жетимиш жыл "мени бак" деп деле чалкалап иштесиз жаттык го.

- Туура айттың Ашим. Быйылкыга караганда эки жыл мурда анча кыйынчылык болгондой болду эле. Эми карасаң, тегеректи. Элдин чөнтөгү толо баштагандыгы билинип турат. Өз күчтөрү менен зангыраган соода үйлөрдү курушуп, Ак-Буурадан өтө турган көпүрө салышып, Ак-Тилек шаарчасына барып калсаң өзүнчө эле бир жомоктун арасында жүргөндөй болосуң. Кабат-кабат үйлөр салынган. Мына, биз менен көптөн бери иштеп келе жаткан бир адамыбыз, ошолордон калышпаган үй салып алды. Эми болсо, жакында машина алсамбы деп турат ай. Чындыгында жөн эле ол-

тура бербей бир нерсе менен алек болуп аракеттенсен, береке табасың деген туура сөз тура тууган.

- Сен дагы биртке чогулта алдыңбы?

- Эмне, мени бекер жүрөт дейсиңби? Кудай буюрса аялым экөөбүз топтогон акчага мал сатып алып айылда бактырсам дейм. Инилерим да бекер эле жүрүшөт. Аларды ишке салыш керек.

- Анда досум кеттик. Мени ошол арабага алып бар.

Колдорун булгалаша, бир нерселерди сүйлөшүп, базардын орто жериндеги араба сакталчуу кампага кирип кетишти.

* * *

Бишкектен жогорку окуу жайын бүтүрүп келгенден кийин Малик, жогорку окуу жайлардын бирине жумушка орношкон. Батирге олтурам деп батир издеп жүрүп таап, аны сатып алгандан кийин, ремонттоп көп жыл олтурушту. Мамлекеттен ссуда алып, ошол эки бөлмө үйүнүн алдына бышык кирпичтен беш бөлмөлүү үй салып кирген. Салган үйү күнөстүү бийик жерде болгондуктан көргөн адамдарды суктандыраарлык кооз көрүнөт. Короосунда ар-түрлүү сорттогу алма бак, жылына түшүмдү жакшы берип турат. Көп жылдан бери эмгектенип келген окуу жайда эмгегиндеги баркы жогору. Ишканасы үйүнө жакын болгондуктан жөө эле барып-келип турат.

Маликтин бүгүн негедир көңүлү жайында эместей жумуштан кабагы салыңкы келди. Аны байкаган Майрам акырын үн менен Маликке суроо салды.

- Э Малик, сага эмне болду? Кабагың карыш түшүп калыптыр, же жумушуңдан бир нерсе болдубу?

- Жо-ок. Жумушумдан баары эле жайында.

- И анан эмнеге үңүрөйүп калгансың? Бир нерсеге капаа болгонуңда эле, үңүрөйүп коркунучтуу болуп кетесиң, же бирөө менен уруштуңбу?

- Каяктагы нерселерди айтып жатасың? Бүгүн айлык алдым.

- О-ой капырай ботом! Айлык алганда элдер сүйүнүшөт го, а сен тетирисинен кайгырып алганыңа жөн болсун.

- Ээ алтыным... - биртке унчукпай, кайра - Алган айлыгым араңдан отуз эле сом болсо, кимге мактанам ия? Бул отуз сомду кээлери бир эле саатта таап коюп жатышпайбы. Башынан эле башка окуу жайын окуп бүтүрсөм да болмок. Тиги Көлбай менен Кадырбек экөө бизден кетишип, бирөө бажыканада, бирөө болсо дагы бир жерде начальник болуп ишке кирип алышты. Алган айлыктары миңден ашат дейт.



- Эмне сен дагы башка жакка которулсам деп жатасыңбы? Сенин колуңан башка жумуш келээр бекен? - Күйөөсүнүн азыркы акыбалын көргөн Майрам ага боору ооруй түштү. - Ойлонбо алтыным, заман ушинтип эле тура бермек беле. Шартына карап туруп, жакшы жумуштар болсо которулуп да алаарсың. Мүмкүн Бишкектеги Накен акеме телефон чалып көрөбүз го. Ал да бир оюн айтаар. Жакшыраак жумуш айтып калса да ажеп эмес.

- Айткан сөздөрүңө, мени жубаткан кептериңе чоң ырахмат, алтыным. Сенин жакшынакай кеңештериңди угуп, оорлошуп турган денем кыйла жеңилдей түшөт. Самат аке өзүнүн ишканасына келип ал, жүз отуз сом айлыгы бар, дегенинен ошол жакты эп көргөнсүп калдым. Ал жаны түзүлгөн акционердик коому бар ишкана экен. Ишкана жакшы иштеп, товардык продукциянын план нормасы аткарылып турса, тез эле айлыгыңар көтөрүлүп калат деп жатат. - Эми эле капаа болуп турган Маликтин көңүлү кыйла көтөрүлгөндөй болду. - Анын үстүнө, ишкана да үйгө жакын турат. Барып келгенге алыс эмес, жолдон да кыйналбай калам го.

Малик төркү үйдөгү кийим илүүчү шифонерге кийимдерин илди да, өздөрү олтуруучу бөлмөдөгү олтургучка олтурду. Балдары атасынын келгенин күтүп тургансып, тамак ичүүчү столго катар тизилишип олтуруп калды. Майрамдын курорттон келгенине бир айча болуп калган. Ал курортко кеткенде, чоң кызы Гүлзатты Токтогул тарапка качырышып жиберишкен эле. Малик базарга түшүп чыга калайын деп кайра үйгө келгиче чон кызын көчөгө чыгып бара жаткан жеринен, мурдатан аңдып карап жүрүшкөн балдар ала качышып кетишиптир. Ана келет, мына келет менен түнү, эртеси да кечке чейин күтүштү. Маликтин сурабаган тааныштары калбады. "Эгер бүгүн келбесе, эрте менен милицияга издөөгө беребиз" деп олтурганда, Токтогулданмын деп үйүнө бир адам келип калды.

- Кечиресиз, Малик деген кишинин үйү ушулбу? – деп сурады тартынгандай сүрдүгө, кара тору келген, кара каш, кара көз, орто бойлуу, сулууча келген, сөздү так сүйлөп, маданияттуу жооп берген адам.

- Ооба, менмин. Эмне болду кызымды алып барып алдыңарбы? Каякка?.. - Мурдатан билип жүргөндөй, кызынын кабарын айтканы келген жуучу экенин билгендей, ал адамдын өзүнө суроо узатты.

- Эмне десем... - Оозунан сөзүн алдырып жибергендей сүрдүгө аран унчукту. - Ооба, жок... Балдар өзүлөрү макул болушуп эле. Сүйлөшүп калышкан экен.

- Жок дегенде, мени менен маакулдашпайсыңарбы ия! Кыз менен бала маакулдашып калышкан болсо, той өткөрүп эле жакшы шаан-шөкөт менен узатсак аздык кылбас эле. Апасы да дарыланганы Ысык-Атада курортто эле. Ал укса да жаман болот экен да. - Ачууланып турса да, келечекте куда-сөөк боло турган адам экенин эске ала ачуусун жумшартууга аргасыз болду.

- Кулдугубуз бар куда. Сиздерди мурдатан билип-көрүп жүрөбүз. Жакшы жердин кызы деп өзүңүздүн куда, кудагыйыңыз ушул кызыңызды алдырып келүүгө баласын шаштырды. Сиз айткандай эле кылып алып кетелик деп да ойлодук. Бирок балабыз бир келип кеткенде "ала качып кетели" деген балдардын дайынын көп угуп, "тездетип алып келбесе болбойт" деп туруп алды. Ошондуктан маакул болдук.

- Эми мынча болду, кудагыйыңыздар келсин. Калган сөздөрдү ал келгенде чогуу чечели. Алыстан келдиңиз, эч жакка барбай эле үйдө болуңуз. Жай кеңири. - Кызынын сүйлөгөн сөздөрүн, сүйкүм көздөрүн, "ата, апа, куда кааласа, мен чоңойсом сиздерди багам" деген сөздөрү кулагынан кетпей, элестетип, түнү менен көзүнөн жашы тамчылап уктабай чыкты.

Эртеси күнү келген жуучуну узатып жатып, андан кызынын берген катын колуна алды. Кызынын жазган катында: "Атакебай, мени кечирип коюңуздар. Мен бул бала менен мурдатан эле сүйлөшүп жүргөн элем. Менин келип калганыма капаа болбоңуздар. Мен келген жер жаман эмес экен. Боло турган күйөө балаңыздар электирик болуп иштейт. Апам келсе жакшылап түшүндүрүп коюңуз. Сиңдилерим менен Райко иниме салам айтып коюңуз. Саламым менен силерди сүйгөн кызыңыздар Гүлнара" деген жазууну окуду.

* * *

Курорттон кайтып келген Майрам, кызынын качып кеткенине кыйла капаа боло түшүп, кайра ордуна келди.

- Мейли! Деги сен окуткан окууну бүтүп калды эле. Турмушка да чыга турган убактысы келип калган. Өзү маакул болуп турмушка чыкканы балким экөө жакшы жашап турмуш куруп кетээрине өбөлгө болоор. Кана ошондой болсо?

- Токтотчу сөзүңдү! Эми турмуш кура баштаган балдарды "антип кетээр, мынтип кетээр" деген сөздөрдөн алыс болчу. Тууура айтасың. Турмушка да чыгаар убактысы келип калганы чын. Деги барган жери жакшы эле болсо болду. Бала менен кызыбыздын бак-



тылуу болуп жашашына Кудайдан тилейбиз да. Андан көрө тойго камылганы көрүү керек. Ошол жагын ойлонолу. "Кызың турмушка чыкса сөзсүз мени чакырасың" деп Кимсан досум күтүп жүргөн. Сайра жеңени да унутпайлы.

- Толкун аке да барса керек? - Маликтин сөзүнө аралашып Майрам сөзгө кошулду.

- Кошуналарыбыздан Турду эженин кызын алабыз. Экөө класташ эмеспи. Бир эле автобуз алсак болот экен.

- Эшбай досуң бар го, өзү автобазада иштейт. Автобусту ошондон эле сура. Эгер той өткөрсөңөр машинадан жардам берем деген. Айылдан да туугандарды айтып гой, анан чакырбай койду деп таарынып калышпасын.

- Жакшы болот, эртең айылга барып келет экемин да. Той болоордон бир күн мурда келе бергиле деп айта берем да э? - Малик аялына.

- Ооба, тиги Фатима жеңем калбай сөзсүз келсин. Чоң кызды да унутпа. Апамы өзүң ала келгин маакулбу? Атам баралбаса керек, кааpыган киши. Аны бул жерге эле чакырабыз го. - Майрам эбиреп-жебиреп көңүлдүү маанайда Маликке ар нерселерди эскерип жатты.

* * *

Кызынын тою Чоң-Таш деген айылда, кенен короонун ортосунда, кеңири столдорду тегерете даярдалган жерде, жакшынакай шаан-шөкөт менен өттү. Тойдун эртеси Майрамдын атасы да союш союп, Майрам туулуп-өскөн, төрөлгөн Бекечалга алып барышып меймандарды коноктошту. Бир автобус, дагы бир кичине автобус, эки жеңил машина менен барышкан коноктор Токтогулдуктардын сый урматына абдан ыраазы болушту. Кайра кайтканда Малик менен Майрам менен карындашы Ширин, күйөө баласы Курманбек менен шофер болушуп чогуу бир жеңил машинага олтурушту. Ошко келгичекти Курманбектин кичине баласы Мелистин "р"га тили келбей сүйлөгөн сөздөрүнө,

Адый, адый тоолойдон,
Аяк ичип түшөбүш.
Бул дүйнөдө не кыжык, э-эй туугандай,
Ачуу айяк ичебиж, - деген таттуу ырын элжирей угуп келишти.

- Э Мелис. Чоңойгондо ким болосуң ия? - Атасынын сөзүнө.
- Менби? - кыт-кыт күлө, - Мен деген чо-оң киши бойом.
- Кандай чоң киши болосуң?

- Моомундай. - Колу менен ичи чоң кишинин элесин берип.

- Жо-ок. Андай дегеним жок. Мугалим болосуңбу же врач-пысотпу, милициябы же уста болуп жүрбө мага окшоп. Айтчы балам?

- Жо-ок мийиша болбоюм. Алар жаман, уйат. Өткөндө шижмаш болуп түшкөнүңүштө уйду дедиңиш го?

- Жакшы ырдайт экенсиң, же ырчы болуп жүрбө? - Малик балага сөз узатты.

- Жок, мен деген чо-оң шот болом (сот дегени). Анан мийитшалайдын баайын камайым. Анан атамы камабайт. -Мелис чоң ишкылып койгондой боюн түзөй атасын сыймыктана карап калды.

- Ха-ха-ха! Болосуң балам, сөзсүз сот болосуң. Анан мени милициялардан, камоодон сактайсың ээ? - баласынын сөздөрүнө кубана Курманбек Мелистин бетинен өөп койду.

Бир саатка жакын жүргөндөн кийин алар жол боюнда ашканасы бар, кичине эс алып кетүүгө ыңгайлаштырылган, чоң жолдун боюнда жайгашкан Разан-Сайга келип токтошту. Майрамдын атасы менен бир тууган Айшагүл деген эжеси ошол жерде жашоочу.

- Силер кичине эс алып туруп тургула, мен эжем менен учурашып өтөйүн. Тойго да бара албай калды. Өзү оорукчан. Малик сен да барасыңбы, жүр? - Төш тарапта жайгашкан, эскилиги жетип калган, тегеректете тигилген дарактын ортосуна жайгашкан үйгө чыгып барып "үйдө ким бар?" деп Майрам үн чыгарды.

- Кагылайын ий! Бул сен Майрамсыңбы ия! Кел, келегой! Үйгө киргиле. - Ак жуумал келген, жашы алтымыштардан ашып калган, тегерек бет, анча-мынча Майрамга да окшошуп кеткен Айшагүл эжеси алардын алдынан тосуп чыкты.

- Амансыздарбы эже, күүлүү-күчтүү, эсен-аман турасыз-дарбы? Жездем көрүнбөйт да, бир жакка кеткенби? Бул жакты таанып жүрөсүз да? Күйөө балаңыз Малик да?

- Оой таанып жүрөм анан. Мени бир жолу эле каарыга чыгарып аласың да. Өткөн жылы эле келип кетпедиңер беле.

Майрам эжесинин башындагы жоолукту ондоп кайра өзү салды.

- Ооруп жатат деди эле. Деги жакшы болуп калдыңызбы? Өтүп бара жатып бурулганча өтөлү дедик. - Малик сөз катты.

- Кагылайындарым! Менин мынтип ооруп жүргөнүмө көп болду. Болбой эле Арстаке жакшы болуп каласың деп догдурга алып бара берет. Кызыңдын тоюна да катыша албадым. Таарынбай кет Майрам.

- Эмнеге таарынат элем. Бизге сиз аман болсоңуз болду. Калган эч нерсенин кереги жок. Жакшы айраныңыз болчуу эле. Ошондон болсо бериңизчи ичип алып кайталы. - Дайым келгенде нак сүттөн уютулган айрандан кумарлана ичип кетчүү. Майрам алып келинген айрандан дагы кере-кере жутуп алды да, калганын Маликке сунду.

- Анда эмесе жакшы туруңуз. Биз кеттик, дайым өткөндө кабар алып турабыз.

- Жакшы калыңыз эже. - Малик сөзгө аралашып.

- Жакшы баргыла кагылайындар. Мен эми жакшы болбой калдым го. Күндөн-күнгө абалым начарлап баратат. Бул оору мени жейтурган болду. Кудай берген күндү көрө жатаарбыз. Болуптур анда...

- Коюңузчу эже, андай дебесеңиз. Куда кааласа жакшы болуп кетесиз. Биз кеттик анда.

Үйүнөн чыгып кетип жатышкан Майрам менен Маликти жолго чейин узатып барып, көзүнөн жаш ала аларды узатып кала берди. Тагдырдын бергенин кара, көп өтпөй эле Майрам ошол эжесинен айрылып калды.

* * *

Жашынан ичкиликке табити тартпаганы менен Малик кээде пиводон аздап иче коет. Сабыр досунун, жолугуп калганда, чакыруусу менен Алай мейманканасынын маңдайындагы пиво саткан жерге баш багышты. Экиден кружка, куруту менен баалык алып келген Сабыр досунун катарына олтурду.

- Ии дос, сөз салганча олтурчу. Бала-чакаң аманбы? Менин кызым чоңоюп жатабы? - Маликтин кичинекей кызын айтып жатат. Жаңы төрөлгөн кезинде Малик студент кези эле. Сабыр бир ишканада иштөөчү. Айлык алган сайын "Гүчүмө (Гүлсүн) таттуу оокат алып келдим" деп, сүттүн түрлөрүн алып келип берип калаар эле. Ошондуктан Сабырды Гүлсүндүн атасы деп коюшчуу.

- Жакшы досум, баары жакшы. Гүчүң чоңоюп калган. Азыр жогорку окуу жайында окуйт. Деги эле мага окшоп чыгармачыл адам боло турган болду. Ырдап Бишкекке, ал эмес Туркия мамлекетинин Стамбул жана Сахария ж.б. шаарларына да барып келди.

- Аз-замат десе! Мен да ошондой кыз болот деп ойлогомун. Кичинесинен эле ыр жандуу болуп өскөндөй болду эле го. Билесинби, кээде түнү бир убакта да ойготуп алып ырдап берчи десек да, чала уйкудагы кебетеси менен туруп алып жакшына ырдап берээр эле. - Сабыр бапырандап сүйлөп жатты.

Баятадан тигиндейрээк жакта жалгыз олтуруп алып пиво ичип олтурган адам, аз-аздан жылып олтуруп алардын жанына келип кошулду.

- Ас-со-лоому алейку-ум! - колун суна алар менен учурашып калды. Мас болуп калгандыктан тили күрмөөгө келбейт. - Кечиресиз-здер, мен аз-маз и-ичип...анан, ы-ык... - Ыктута чалкасынан барып араң олтургучка олтуруп калды. - Мен сизди жакшы таанyйым, ы-ык... Телевизордон чыгасыз го-о, ы-ык... Өткөндө б-базарда жүргөн экенс-сиз. Катарыңызда ар-раба түртүп кыйлага-а чейин чогуу ы-ык... бардым. Мени ка... р-рабай койдуң-нуз.

- Мейли эч нерсе эмес. Кечиресиңер, биз сүйлөшүп жаттык эле. - Бизге жолтоо болбосоңуз дегендей белги бере Малик.

- Сиздин иш-штеген жериңизди да бил-лем. Ал эмес тиги Пазыл досуңуз болобу? Аны да жакшы бил-лем. Ы-ык...Ал текстил тар-рапта жашашып турганда сиз... ы-ык... барып турчуу элеңиз го? - Билет бекемин дегендей Маликке тигиле карап калды.

- Ооба, ооба ал досум текстилдеги жатаканада жашаганда көп бараар элем. (Анда музучилищада досу менен чогуу окушчуу. Ошондо көрүп жүрчүү экен да, деп ойлонду Малик.)

- Ээ тууган, бул адамды көптөрү таанышат. Маликти таанышым деп учурашканы келгениңе чоң ырахмат. Э-э сатуучу, бери карап кой! - Сабыр сатуучуга кол булгай.

- Ха нима дейсиз?! - Алар тарапка көңүл бура жайдары күлүп сатуучу алардын жанына тез эле келип калды.

- Дагы эки кружка алып келе коюңуз!

- Хуп болади. Хазир! - Сатуучу тез эле эки кружка пиво көбүртө толтуруп алардын алдына алып келип койду.

- Сизге ырахмат! Кана досум, мындагыдан ал. Атыңды да билбейт экенбиз. - Сабыр кружканы Ашимдин алдына тарта.

- Аш-шим. Менин атым Ашим. - Калтырап-титиреп кружкадагы пивону оозуна тарта.

- Каякта иштейсиң? Каяктан болосуң? Таанышканча олту-ралы. - Сабыр ал жакка суроо узата.

Ашим кружканы столго кое, кыйлага чейин унчукпай олтуруп калды. Бир караган жерин бир топко чейин карап турду да, оор үшкүрүнө сөзүн баштады. Көзүндө кайгынын изи тургансыйт. Азыраак жылжып аккан жаштын тамчысы агып олтуруп ээгине келип токтоду.

Убагында жакшы окуп, кызыл диплом менен жогорку окуу жайын бүтүрүптүр. Өзү эңсеген жумушка да жайгашып жакшы иштеп жаткан убакта заман да өзгөрүп, көптөгөн ишканалардан кызматчылар кыскартылууга түшүп жатышты. Ошол жаңылыктын эпкини Ашимге да тийген тура. Базарда араба да тартып көрүптүр.



Аялы Россияга барып иштеген болуптур. Андан эч кандай майнап чыкпагандан кийин аялы экөө ажырашып кетишиптир. Эми жумушу жок. Үйүн да карыздарынан кутулуу үчүн сатышып жиберген. Ар жерде эптеп корголоштоп жүрүптүр. Тартынбай эле, ар адамдардан бир сом, эки сомдон сурап жүрүп курсагын эптеп тойгозот. Кичине акчам чогулуп калганда анча-мынча өзүн сатып олтурган түнкү көпөлөктөргө да бара коем, деп күлүп коет.

- Э-э. аларың жаман болот тура. Саатына, ал эмес мину-тасына санап акча сурайт экен. Өткөндө эптеп ч-чогулткан акчамды бир саатка жеткирбей эле алып коюшту, ы-ык... Али аракет кыла да элек элем. Ха-ха-ха... - Ашим эми эле кайгынын кучагында олтурганын сезбей, бул сөзүнө каткыра күлүп калды. - О-оо, привет! Серега, это ты? - Эми эле кезекке келип турган узун бойлуу мурутчан орус адамды көрө, тамтаңдап баса аның жанына басып барды.

- Эх турмуш! - оор үшкүрө Малик – Жакынкы бир күнү алысыраак эле тааныштарым. Олтурушубуз бар эле, барып бербейсиңби дегенинен маакул деп алар менен чогуу болбодумбу. Олтурушу абдан жакшы өткөнсүдү. Көңүлүм куунак жакшы ырдап олтурдум. Жамгыр катуу жаап жаткан эле. Биз барган жер дөңсөөдө экен. Олтуруш аяктап калганда жатаар камын ойлошуп төшөктөрүн сала башташты. Аккордеонумду бир бурчка койдум да, бошонуп келүүгө туалетке жөнөдүм. Кызык мына ушул жерден башталбадыбы. Бирөөсүнүн аялы, чогуу олтурган аяштаринин бири менен эле туалетке баруучу жолдун боюнда турган эле боюнча бирин-бири “ыраазы” кылып жатышыптыр. Же өтө алсам. Акыры шашылганымдан аларга карабай жандарынан өтө бердим. Мени карап да коюшкан жок.

- Бул эмне кылганыңар? Уят болот деп койбойсуңбу? -Сабыр кабатырлана.

- Аны айтасың, кызыгы бул жакта... Кайра келип үй ээсинин көрсөткөн төшөгүнө жамбаштадым. Чырак өчүрүлүп, кээси уйкуга киргенден кийин аяштары менен төшөк алмашуулар башталса болобу. “Живой” дечүү беле, же “тирүүлөй” дечүү беле, “секс” көрүп жата бердим.

- Сага эле кыйын болуптур да?

- Кайдан кыйын болсун, катарымда жанаша жаткан келин мени арбап албадыбы. Бири-бири менен чатагы жок “эмгектенип” жатышкандардын арасында, мен да билинбей калдым окшойт.

- Ээри байкабадыбы? - Сабыр Маликти суроолуу тиктеп.

- Кайдан, ал да бирөөнүн койнунда жатса. Иши кылып ал олтуруш, жатышка айланып кетти. Эртеси күнү бири-бирин эч нерсе

билбеген, эч нерсе болбогондой эле шаңкылдашып олтурушуп калышты. Мен гана мундай нерсе башыман өтпөгөндүктөн кыйпычыктап тартынып олтурдум.

- Пазыл досуң келип жатабы? Өзгөндө дедиң беле?

- Ооба Өзгөндө бир музыкалык мектептин директору болуп иштеп жатат. Кез-кезде келип калганда үй жакка бурулуп кетет. Сен деле Алайда иштеп жүрбөйсүңбү.

- Малик… - Сабыр пивонун кружкасын ала, - дагы бирден басалы?

- Жок досум. Мага болду. Өзүң билесиң, мен көп деле иче албайым. - Сабыр маакул дегендей ордуна олтуруп калды.

- Азыр каерде иштеп жатасың? Фабрикадасыңбы, же?...

- Ал жерден кайра чыгып өзүмүн көнгөн эле жумушума келгемин. Мугалимдик кесипке көнүп калыпмын. Музыкасыз да жашай албагандаймын. Кеттикпи Сабыр, басканча сүйлөшөлү! Андан көрө үйгө жүр. Бүгүн жатып алып эртең эле кет. Аяшың да сенин келгениңди көрсө сүйүнөт. "Сабыр досуң да анча келбей калды. Алыс жол, балким келалбай жатса да керек" - деп айтып калат.

Андан чыккандан кийин, алар жөө кыйла жерге чейин келиштида, остановкадан автобуска олтуруп Ак-Буура бойлоп жогору жакка Маликтин үйү тарапка кетишти.

* * *

Көздөрүнө ар кандай нерселер көрүнүп, кээде жөргөмүш көрүнсө, кээде жылаандар, албарстыдай нерселер, курт-кумурскалар көрүнүп кыйналып жаткан Ашим облустук наркологиялык диспансерге келгенине үч күндөй болуп калды. Катуу ооругандыктан, үч күндөн бери эсине келбей жатып эми гана көзүн ачып, кайда жатканын билип олтурат. Малик менен Сабырдын жанынан чыккандан кийин, Серега менен жолугуп олтурганы эсинде. Андан кийин жолго чыгып, ал экөө кайсыл бир тарапты көздөй жөнөгөндөй болгон. Кулагында орусчалап урушуп жатышкан сөздөрдү уккандай болгонун эс-эс билет. Андан кийин эмне болуп кеткени эсинде такыр жок. Диспансерде аны менен катар эки кароватта эки адам жатат. Бири кыйла эле жакшы болуп калыптыр. Эшикке чыгып келип турат. Ал эми экинчиси өзүндөй ооруraak.

- Кандай болуп калдыңыз? Эми эсиңизге келдиңизби? А кудага шүгүр. Кетирип ийебизби деп чочуладык эле. - Кара каш, кара көз, мурду кырдач келген тажик түспөлдөшкөн врач киши. - Эми бизге түштүңүз, мындан кийин ичпей калганыңызга аракет кылабыз.



Кааласаңыз көп жыл ичпей кое турганга дарылап да коебуз. Ал сиздин маакулдугуңуз менен болот. Оо Тамара, бери келчи! - Аркы бөлмөдөгү медсестраны чакырып.

- Угуп жатам, азыр! - Чаңкылдап өктөм сүйлөгөн толмоч келген, ак жуумал, аппак халат кийген, жашы кырктан ашкан медсестра башбакты.

- Курсагы да ачса керек, ашканага барып Зуураны айтып койчу, бул оорулууга тамак бердирип жиберсин! Мына жаныңыздагы оорулуулардын келгенине төрт күндөй болуп калды. Эми жакшы болуп калышты. Тигиниси, кой десе болбой дагы ичип алган экен кайрадан сульфазинден укол сайып койгонбуз. Ошого кыйналып жатат, - деп Тамара чыгып кеткенден кийин, кайрадан Ашимге көңүл бура.

- Догдур, мен дагы көп жатамбы? - Ашим врачка суроолуу.

- Ал сенин дарыланышыңдан эле. Бул адамга окшоп кайра-дан иче берсең, анда биздин дайыма келүүчү дарылануучубуз болуп каласың. Ошондой дайыма келип туруучу оорулуу-ларыбыз да бар. Кээлери бир келип кеткенден кийин эле, оздоруна ачууну алышбай жакшы болуп кетишүүдө. Сиздин жакын туугандарыңыз, аялыңыз барбы. Сизди бул жерде деп кабар бердирип коелубу.

- Жок. - Кесе сүйлөй унчукту Ашим. - Бул жерде мага караштуу эч кимим деле жок. Аялым менен ажырашып алгамын.

- Балдарыңыз барбы?

- Бир уул, бир кызым бар. Аялымда… - Аларды сагынгандыгын жашыра албай оор улутунуп, үшкүрүнүп алды.

- Маакул анда. Жакшы жатыңыз. Азыр сизге тамак алып келишет, аракет кылып ичип алыңыз. Ошол сизге турганга жардам берет, - деп Аллаберди врач ага сүйкүмдүү күлө карап, мээримдүү мүнөздө сыртка чыкты.

Арадан бир жумача өткөндөн кийин Ашим эшикке чыгып-кирип, кыйла жакшы болуп калды. Ал келгенден кийин төрт күндөн кийин, баягы пивоканада чогуу ичишип олтурган Серега досу да диспансерге келип түшкөн. Ал дагы эле өзүнө келе элек. Түшкү тамактан кийин оорулуулар ооруkананын алдына чогулуп алышып бири-бири менен таанышып, сүйлөшүп турушканга адат кылып алышкан. Мына бүгүн да ашканадан чыгып келишип, катарынан олтургучка көчүк басышты. Бул жерде жатканына кыйла болуп калган, жашы 55-60тардагы сары чийкил, арык чырай келген, колунан көөрү төгүлгөн уста, ар кандай иштерди жасай билген кыргыз адам сөз баштады.

- Ээ туугандар, мен өзү Өзгөндүк болом. Мурда бул арakты оозума такыр албаган элем. Тамеки да чекчүү эмесмин. Тиги, армияга баргандан кийин эле тамеки үйрөнүп, арақты болсо өзүмүн досторум болбой ичирип үйрөтүшүп коюшпадыбы. Олтуруштарда аяштарим, досторум "эмне сен ичпей, эмнең бизден артык эле? Биз деле аялдар ичип олтурабыз го" - дешип кысташканынан азаздан деп олтуруп үйрөнүп кеттим. Эми бул кургурдан алыстай албай жүрөм.

- Сенин го досторуң ичириптир.А менин ичип калганымдын себеби, тагдырымдын оордугу болду окшойт. - Орто бойлуу, сакал, мурутун албаган колдору титиреп өзүн кармана албай турган адам. Менин турмушумда анча деле кыйынчылык болмок эмес. Ата-энем колунда бар адамдар эле. Бышык кыштан салынган алты бөлмөлүү үй, "волга" машина астында, колхоздо башкарма болуп да иштеп турду. Апам болсо мектептин директору эле. Мектепте окуп жүргөнүмдө эл кийбеген кийимди кийип, эл жебеген тамакты жеп, каалагандай жүрчүү элем. Окууну бүткөнүмдөн кийин, борборго окуюм деп барып, Университетке тааныштарым болсо да өтпөй калып, ал жакта кала бербедимби. Ошол жерден ар кандай "крутой" балдарга жолугуп, эки жылдай өз билгенибизди кылып чардап жүрдүк го, чиркин. Акчаны болсо адамдарды тоноп, коркутуп алып коер элек. Окуу деле эстен чыкты. Тамекини туура тиштеп коюп, Бишкектин гана крутой балдарынан болуп көчөнү бербей кеңири басабыз. Колтугубузда сулуу кыздар. Күндө арактан шыңгыта коюп, мас акыбалыбызда концерттерден, кинолордон калмай жок. Кийин бара-бара арабыздагы балдардан ийне сайып пайдаланчуу болушту. Ийне сайынышып алышкандан кийин эле ырсалаңдап күлүшүп, чалды-куйду маанисиз сөздөрдү сүйлөп калышаар эле. Мени да сайынып көр деп ийне карматып көрүштү. Жакшы дагы сайынган эмес экемин. Ошол балдардын ичинен экөөнүн көзү өтүп кетти. Бири мына силер турган диспансердин ичиндеги катарыбыздагы короодо жатат.

- Ой, мына бул жердеби? Ким деген... калгандары катары менен сүйлөй, катарындагы бийик коргондун ичин көрсөтүштү.

- Ооба! Ушул коргондун ичинде. Ал да мага окшоп түрмөнү көрүп келиптир.

- Сен эмнеге түштүң эле?, - таңдана суроо узатты, жанатан бери унчукпай турган, арык чырай кичинераак киши, Назар.

- Ал жакка барып келгенимдин себеби да ичимдик. Бир күнү дагы аябай аракка тоюп алган экемин. Сашка деген досум экөөбүз



Кызыл-Аскер тарапка барып калдык. Анткени Сашканын бир тааныштары ошол жакта экен. Сашкадан 10 миңден ашуун акчасын алып иштетип, анан проценти менен берем, дегенинен бир жылча убакыт өтүп кетиптир. Барсак биздин келишибизди байкап, үйүнүн ичинен ачпай койсо болобу. "Эй Тагай, ач эшикти. Ачпасаң эшикти талкалап киребиз!" - деп Сашка кыйкырса да, ачпай тура берди. Ачуусу келген Сашка, чоң ботинкасынын таманы менен чуркап барып, бир тепти эле, эшик чогуусу менен сүрүлүп барып жерге түшүп калды. Ичине кирсек аялы, балдары менен чогуу бир бурчке сүрүлүп олтурушуп алышыптыр. Тагайы болсо төркү үйгө кире качкан экен. Сашка аны тез эле ал жактан сууруп чыкты. "Кой тийбегиле, суранам. Акчаңарды тэз эле беребиз" - деп катуу ый аралаш суранып жаткан Тагайдын аялына карабай, Сашка аны тепкилеп уруп кирди. "Эй, энеңдурррайын акмак! Сен мени канча жолу алдайсың ия?! Акча проценти менен эсептегенде билесиңби канча болуп кетти? Мына сага! Мына сага!..." - былч-былч урулган тепкилердин арасында Тагай Сашкага бир да жолу кол кайтаралбай алдына жатып берди.

"Эй Сашка, болду эми, токтот" - дегичекти катуу урулган тепкинин запкысынан Тагай кыймылсыз жатып калгансыды. Сашканын колунан кармадым да, аны сыртка тарта алып чыктым. Эртеси бир топ милиция келди да, экөөбүздүн колубузду артка кайрып түз эле түрмөканага алып кетти. Көрсө, биз чыгып кеткенден кийин эле, катуу жаракат алган Тагай ооруканага жетпей эле жан берген тура. Ошонун кесепетинен түрмөнүн үч жылын көрүп келдим го. Көнүп калган жаным, эми бул арақты такыр таштай албай жүрбөймүнбү.

Баятан бери бул сөздөрдү кунт коюп угуп турган Ашим, "бул арак кимди гана тетири жолго алып барбайт экен. Ушул арактын айынан мен да ушул жерге келип олтурам. Жакшынакай Жазирам менен эки мончоктой балдарыман айрылдым. Деги бул арактын жакшы деген күнү болобу ия? Болду эми! Жакында бул жерден чыксам түз эле Жазиранын алдына барып кечирим сурап, кайрадан жакшы жашоону баштабасам болбой калды. Назира менен Талантымды сагындым. Айланайындар, жинди атаңарды кечиргиле! Мен эми мурда кандай болсом, ошол калыбыма келем. Арак ичкенимди таштаймын." деп ичинен бышып ойлонуп олтурду. Ооба Ашимдин чыны ы көңүлүнөн чыккан сөз эле. Анын үстүнө врачы Аллаберди менен Сабырдын айткан кеп-кеңештери анын жүрөгүнөн орун алган эле.

Эрте мененки чыккан күн айланага нурун чачыратып. жер эненин балдарына мээримин чача асманга көтөрүлдү. Көпкөк болуп турган асманда бүгүн бир да булут көрүнбөйт. Тээ жогортодон кылым арытып агып келип жаткан Ак-Буураныи шоокуму, анын боюнда жуунганы келген Маликтин кулагына жагымдуу угулуп, мэлүүн жели беттен кыздын назик сылап жатканындай эркелете сылагылап өтүп, суунун шары менен кошулуп кетип жатты. Күн чыгыш тарапта асман мелжиген тоолор, андан төмөндөтө келгенде Кожокелен, Арал, Бөрү. Андан кийин Папан суу сактагычы. Андан агып өткөн бул суу аска-зоону экиге бөлө агып, Төлөйкөн айылы менен Жазы кечүүнүн ортосунан өтүп барып куттуу Ошумду аралап, шаардын көркүнө көрк кошуп ортосунан агып өтөт. Бабур бабабыз жердеген, Сулайман пайгамбарыбыздын атын алып жүргөн, Арабиядагы Меккеден кийинки экинчи сыйына турган ыйык тоо, Сулайман-Тоо, бул шаардын сыймыгы. Шаардын көчөлөрү бара-бара көркүнө келип, жаңы имараттар курулуп, ушул шаардын жаралганына 3000 жыл болгондугун белгилөөгө элибиз шатра-шатман даярдыкты какуулатууда. Жолду бойлото курулган ар типтеги соода-сатык курулуштары, күркөөлөр, жаңы окуу жайлары. Түнү ар кандай түстө боелгон чыракчалар менен кооздолгон көргөзмөлөр, миңдеген адамдарды койнуна алып, аларды ачка калтырбай багып турган Ош базары. Андагы түрдүү дүйүм тамактар, ар кандай мамлекеттен алып келинген товарлар. Деги карап турсаң азыркы бул көрүнүштөргө келген адамдар да суктанбай кое албаса керек. "Көп жерлерден биздин Ош шаары тамак-аш жагынан кыйла арзандык кылып, токчулук шаары экен" дешкен элдердин сөздөрүнө кошулам. Азыр заман, кандай заман? Бул заман "алың жетсе өзүңдү-өзүң бак, алың жетпейби мурдуна чүлүк так" деген эле заман.

Тээ түштүк-чыгыш тарапта уланып кеткен тоолордун ары жагында Маликтин туулган жери жатат. Ал жерден Ошко келгенине мына азыр отуз жыл болуп калды. Ал эми бул Төлөйкөн айылында жашап, туруп калганына жыйырма жылга жакын болуптур. Ушул жерде балдары төрөлүп, өсүп. Ушул жердин мектебин окуп бүтүрүштү.

"Кыйла олтурдум окшойт. Эми үй жактан кабар алайын. Бүгүн кечте Пазыл менен Сабырлар келишмекчи. Ашим да убактым болсо келип калам деген. Ал азыр мурдагыдай болбой кыйла оңолуп калган. Балдары менен Жазираны үйүнө алып келип чогуу жашап жатышат. Шаардагы бир фирмага өзү жумушка кирип алыптыр".

Малик кийимдерин кийине үйү тарапка жөнөдү.



Мезгилдин сапары ушинтип улана келип-кете берет. Мезгил сапары кайгы-муңду, күлкүнү кошо ала келет. Мезгил сапары - жашоонун шаңдуу узак жолу. Адамдын сапары да каарыйт. Маликтин да өз сапары улам картайып бара жаткандай. О-о-о жаңы төрөлгөн ымыркайлар! Мезгил сапарын кабыл алгыла. Силер үчүн жашоонун бир белеги... Мезгил сапары...

## АЛИЯ

Аялдамада эл жык. Автобустар тез-тез келип адамдарды алып кетип турушса да, утуру келип тургандары менен толукталып турууда. Бул жерге базар жакын эле. Ошондуктан элдердин көтөрүнчүктөрү оор болуп, ар ким өз билгенинче нан, мөмө-жемиштерди, шекер, коон, дарбыз, картошка, сабиз, пияз жана башкалар менен толукталган. Өтө оор болуп кеткендери атайы араба түртүп жүргөндөр менен жеткирип келүүдө.

Кадырдын бүгүн жолу болуп, көп иштерди аткарып алды. Андан сырткары өзүнүн жумушун да аяктагандан кийин, үйүнө майда-чүйдө ала кетүү үчүн базарга түшкөн. Бир килоо эт алды да, калган акчасына нан менен шекерден тарттырып алды. Али күн бата элек болгондуктан шашылбай базардын аркы башына чейин аралай, сатуучулардын көрсөткөн буюмдарына кызыгып бир топ жүрдү. Кээ бир сатуучулар убакыт болду дегендей буюмдарын чогултуп жыйнап киришти.

"Убакыт да келип калды окшойт, үйгө барайын" деп ойлогон Кадыр автобус токтоочу аялдамага жакындап калган.

Узун көйнөк кийген. Чачын кыска кылып кыркып жакшына кылып тарап алган. Кичинекей сумкасы бар, көзгө жылуу учураган бир келин, аялдамада ары карап туруптур. "Кызык" деп койду Кадыр. "Мындай келинди кайдан көрдүм эле. Бирөөгө окшоп кетет. Балким мен таанып жүрбөйүн?" деген ой менен Кадыр ошол келиндин алдына өттү. Айткандай эле, мындан канча жыл мурда жакшы көрүп, бирге жүрүүчү Сурма деген келин экен. Боюна жараша өзү сулуу келген, келбеттүү кыздардын бири эле. Ошол сынынан ажырабаптыр. Дагы эле дал ошондой тура. "Эмне кылсам? Жанына барып учурашсамбы? Эгер таанылбай койсо уят болом го..."

О анда бала кези. Сегизинчи классты аяктагандан кийин Шайит-Дөбөдөгү педучилищага тапшырган. Сурма экөө катар отуруп калды. Калың өрүлгөн, тизесинен ылдый чачын серпип артка таш-

тай канча жигиттерди өзүнө каратпады дейсиң? Катар отурса да Сурма менен сүрдүгүп сүйлөшө албай кыйла жүрдү.

Бир квартирада чогуу жашап, дайыма чогуу жүрчүү досу Айша да, Сурмага окшош ак жуумал келген, бою гана кыскараак болгону болбосо, кээде адамдар аттарын алмаштырып чакырып калышчуу. Өрүп таштап койгон чачы да Сурманын чачынан кем калышпаган, болгон айырмасы Сурманын көзү көгүш келип, бою керилген. Сулуулугу жагынан өзүнүн курсташтарынын алдында кыйла алдыда эле. Ал эми Айша, көзү кой көз келип, Сурмадан бир топ эле айырмаланып туруучу

Сурманы көргөндөн баштап Кадырдын уйкусу качып, аны менен жакындан таанышууга бел байлады. Жакын досу Медер менен ар кандай ойлорду ойлонушуп, каттарды да түрлөп жазышып көрүштү. Акырында досу Айша менен сүйлөшүп көрүүнү эп көрүштү.

* * *

«Эртең кандай болоор экен, мени менен көчөгө чыгууга маакул болоор бекен? Киного алып барсакпы, же ашканаларга алып барсак эмне болот? Же квартирага эле… мээм жок. Ойлонбой эле…»

Түркүн ойлорду ойлонуп жатып, таңдын кантип атканын да билбей калды. Ордунан тез туруп эшикке чыгып кеткен Медер, кайра эле тез кайтты да, - Э Кадыр турбайсыңбы! Бол эй, кыздар күтүшүп калды!

- Эмне? Качан сүйлөшкөнгө жетиштиң?
- Кечээ эле. Сен экөөбүз сүйлөшкөндөн кийин Алийма жолугуп калды. Андан Айшаны чакырып келүүнү сурандым. «Космос» кинотеатрынын алдында көпкө чейин сүйлөшүп турдук. Эрте менен саат сегизде жолугуша турган болгонбуз.
- Ий…
- Эмне и-ийлеп калгансың? Бол эми, урушта-туруш жок дегендей…
- Кайсыл кийимимди кийсем. Тигил кара костюмуңду кийбесең керек. Ошону мага берип турчу?
- Мейли, кийсең-кийип ал кавалер, - мыйыгынан күлө илгичке колун жаңсап.

Жаз да келип, тегерек шаңдуу болуп түркүн канаттуулардын сайрагандары. Дарактар көктөшүп күндүн берген ысык табын өздөрүнө кабыл ала алдынан өтүп жаткан адамдарга салкындык тартуулап тургандай. Алманын гүлү эми эле гүлүн төгүп бүткөн.



Жогортодон желип өткөн аванын рахатына бата, чачтарды желбирете согуп турган шамалдын жетегинде Кадыр менен Медер кыздар менен жолугуша турган жерге шашылып келүүдө.

Тигинде Новои багына кире бериште жаштар тенис ойношуп жатышат. Андан арыраак барганда балдар үчүн жасалган ойноочу жайлар. Жолдун сол жагында эс алганча олтуруп чай ичүүчү сөөрүчөлөр. Ошол сөөрүчөлөрдүн биринде кызыл гүлдүү көйнөк кийген Айша, анын ары жагында жол жакты карап апакай көйнөк кийип, жаз гүлүндөй жайнап турган Сурма. Анын сулуулугуна суктана апкаарый Кадырдын буту чалыштай түштү.

- Оо, саламатсыздарбы урматтуу айымдар! Кечиресиздер, сиздерди күттүрүп койбодукпу? – Медер эбиреп-жебиреп кыздарга колун берип учурашып калды.
- Саламатчылык! Жигиттер, мырзалар дечүү беле ха-ха… - каткыра күлө жигиттерге колдорун сунуша, – Мырзалардын кечиккендери айыбы менен болоор.

Тигинин катарында басыңыз дегендей көзүн сүзө, өзү Медерди колтуктай алдыга басты.

- Оо, айымдар! Айыпты жууганга аракеттенебиз. Бүгүнкү күн силердики. Эмне десеңер да силер үчүн алтын балык болуп берүүгө даярбыз.
- Ха-ха-ха. А-а-ха-ха… - Колун чапкылап каткыра ырахаттана күлүп Айша Сурмага карап, - Э досум, карачы биз кандай бактылуубуз. Пушкиндин жомогундагы чал алтын балыкты кыйынчылык менен кармаса, а бизге өзүлөрү эле колго түшүп калышты окшойт. Эмне тилек айтсак экен ия. Сен тилегиңди айтчы, анан мен айта салайын.

Баятан бери уялып арандан турган Сурма көзүн сүзө акырын сөз узатты.

- Айша, тезирээк кетеличи? Эртеңки сабакка даярдануу да керек.
- Ай карындаш, бу сиз келечекте жакшы мугалим болот көрүнөсүз ия. Сабактар деле өз убагында дечи. Ал эми анча-мынча эс алуу да керек да, туурабы Кадыр? – сен сүйлөбөйсүңбү дегендей Кадырга бурула.
- Бул мырзадан үн чыгабы деги? Күйөө балага окшоп эле чоюлат, хи-хи.

Айшанын сөзүнө териге түштү көрүнөт, Кадыр үн чыгарды.

- Кана эмесе, биринчи Чолпон ресторанына кирели. Андан арыдагы сүйлөшөбүз.

Алар турган жерден анча алыс эмес жерде жайгашкан Чолпон ресторанЫ ошол убактагы ресторандардын алды болуп эсептелчүү. Кыздар каалаган тамактарын алдырышып, ичкиликти албоону сураныштЫ. Сурманын шашылганы эле болбосо, ал жерде олтуруу кыздарга деле көңүлдүү эле болгондой болду. Жакшы музыка ойнолгондо Кадыр Сурманы ортого көбүрөөк тартканга аракет кылып жатты. Ар кандый кызыктуу окуяларды айтып, күлкүлүү сөздөрдү айтып күлдүрүп да жатты. Айрыкча Кадыр үчүн жеңил музыка менен бийлөө артыкчылык кылып турду. Ошол убактан пайдаланып, Сурма менен жакыныраак таанышып алууга жетишкенсиди.

Алар ресторандан чыкканча кечкирип да калган эле.

- Эми жакшы бир киного кирип чыксак кандай болоор экен, айымдар? Сурма сулуу уруксат берсе, индиянын сырдуу сүйүүсүн кинодон көрүп ырахаттанып, кайгысын көрүп көздөн жаш алып, ичтеги букту жазып чыксак деген ойдомун, кандай дейсиң Айша?, - Медер колдорун серпип кинодон роль аткарып жаткансып чоюла сүйлөп, калгандарына көңүл буруп карап калды.

- Жо-ок. Убакыт да болуп калды. Биз баралык, эртеңки сабакка да даярдануу керек. – Сурма кеттик дегендей Айшанын колунан кармап.

- Би-из эми каршы деле эмеспиз го… - Бир нерсе дебейсиңби дегендей Кадырды колтукка түртө Айша.

- Медер, Сурманын айтканына мен жок дей албаймын го. Биз эми бүгүнкү алтын балык эмеспизби. Булардын айтканын бүгүн оорундатпасак болбойт го. Эгер уруксат берсеңер, силер Айша экөөңөр киного кирип чыккыла, а мен Сурманы жеткирип келейин.

- Жо-ок. Мен жалгыз корком. Чогуу эле кетебиз.

- Оо коркогум десе. Кеч кирсе эле болду, менсиз эч жакка жыла албайт. Кино көрүүнү да жактыра бербейт. Жашоонун кызыгын билбей жүрүп өмүрүң өтсө, деги кандай адам болот экенсиң ия хаха… - Айша каткырып күлө, - Мырзалар, анда бизге уруксат бергиле. Биз үчүн «баю-баю» убактысы келип калыптыр. – Сурмага ачуусу келгендей, жигиттерге «жакшы калгыла» деп жашаган батири жагына кадам таштады.

- Кыздар, ай кызда-ар. Кийинки жекшемби күнү тоого чыгып келели. Жакшы баргыла-а…

Медердин айткан сөзүнө Айша далысын гана күйшөп, короосунун дарбазасын ачып ичине кирип кетти.



Бул таанышуу Кадыр үчүн унутулгус күн болуп калды. Сурманын назик, акырын сүйлөгөнү, ичке үндө кыялдана күлгөнү, манжаларынын пахтадай жумшактыгы, билектей болуп өрүлгөн, тизесинен ылдый чубалжып турган узун чачтары Кадырдын эсинен кетпей туруп алды. Көрбөй калса аны сагынчуу да болду. Ооба, Кадыр Сурманы сүйүп калган эле. Ал эмес Сурма менен көп эле жолугушууга да жетишти. Сүйүүсүн да айта алды, бирок…

Тагдыр татаал жол тура. Арман дүйнө. Кадырдын Сурма менен кыялданган бактылуу келечеги тоо кулагандай кулады белем. Ү мүт менен «окусам, келечекте жакшы мугалим болом» деген Сурманын келечегине балта чабылып, өмүрүндө көрбөгөн алысыраак тууугандарынын баласы ала качып кетип жатпайбы. Сурманын кайда кеткенин Кадыр көпкө чейин билбей жүрдү. Эгер бир кабарын билсе эле бара тургандай болуп турат. Бирок эч кабарын уга албады. Сурманы ала качып кетпесе керек деп ойлойт, анткени Сурма араң эле он беш жашка эми келген убагы эле да.

* * *

- Аке, мен өтүп кетейин.

Араба тарткан баланын үнүнө селт эте Кадыр ордунан козголду. Сурма качан эле көрүнбөй калган. Терең ойго чөмүлгөн боюнча бир ордунда көпкө чейин турганын да сезбегенсиди. Отуз жыл аралык да оңой жыл эмес тура. Ошол жылы төрөлгөн балдар чоң адам болушуп, балалуу-чакалуу болуп калышты. Сурманын да чекесинде тырыш пайда болуп, кыйла толо түшкөн. Жылдар өткөн менен басыгы ошол убагындай эле экен. Ой менен кошо аралашып жүрүп базардын аягына чейин кантип басып өткөнүн да сезбеди. «Күн да кечкирейин деп калган тура. Кой эми үйгө барайын. Ала турган буюмду да ала албадым. Мейли, эртең дагы келем. Мүмкүн Сурмага дагы жолугуп калаармын.» - деген ойдо Кадыр үйүнө карай жол тартты.

Эртеси күнү жумушунан эртерээк чыгып алып, кайрадан Сурма менен кезиккен жерге келди. Бүгүн да мүмкүн көрүп калаармын дегендей айлананы карап үмүттөнө аялдамада көпкө чейин олтурду. Айткандай эле тигинде экинчи каттамдагы автобустан түшүп келе жаткан Сурманын караанын көрдү. Сурма автобустан түшөөрү менен базарды карай тез басып жөнөдү.

- Сурма, ай Сурма… сенсиңби, токточу!

Анын атын атап чакырып турган жоочун жигитти көрүп Сурма токтоп калды.

- Кечиресиз… Сиздин атыңыз Сурма беле?

- Ооба. Жаш кезимде Сурма элем. Сиз кимсиз? Мен таанабай турам.

- Мен. Мен… - сөзүн жоготуп койгондой мукактанып барып. - Мен Кадырмын. Чогуу окубадык беле. Сен экөөбүз… Анан…

- Кадыр. Сен белең? Кыйла өзгөрүп кеткен турбайсыңбы? Андан бери кыйла жыл өттү го. Азыр каяктасың? Эмне иш кылып жатасың?

- Ошол сен кеткенден кийин, көпкө чейин сенин кабарыңды уга албадым. Бир жылдан кийин гана сенин турмушка чыкканыңды угуп абдан жаман болдум. Кыздуу да болуп калган экенсиң. Көп өтпөй эле мен да өз айылымдан үйлөндүм. Сени жакшы жашап жатат дешти. Сага баргым да келген эле. Эгер жакшы жерге барбаган болсоң, алып баса бергим келген. Бирок анте албадым. Азыр мугалиммин. Ошто эле турам. Төрт баланын атасы болдум. Өзүңчү…

Сурма улутуна базарга өтүп бара жаткан көпүрөнүн үстүнө тык токтоду да, - Кадыр менде арман көп. анын баарын айтып олтуруу үчүн өзүнчө бир убакыт керек. Андан көрө эртең бир убакыт тап, жакшы бир ашканаларда олтуруп кеңири сүйлөшөлү. Айша да Ошто. Турмушунан ажырашып алган. Жолдошу ичкиликти көп ичет экен. Айшаны кордоп жибериптир. Ал да сени көп эскерет. Чогуу чакырып койсок кубанып да калат.

- Туура айтасың Сурма. Жакшы болот эртең саат он бирлерге жолуксак туура болобу?

- Маакул. Менин атым азыр Сурма эмес, Алия болуп калган.

- Эмнеге, кантип?

- Анын тарыхын эртең угасың. Болуптур ээ, көрүшкөнчө.

- Болуптур эмесе Алия. – Бул ат менен айтып көнбөгөн Кадыр үчүн Сурманы Алия деп атоо кыйла кыйынчылыкка тургандай болду.

* * *

Шаардын чыгыш тарабынан орун алган дем алуу жайында бүгүн негедир күндөгүдөн адам көбүрөөктөй. Каналды бойлой салынган ашканада катарынан коюлган сөөрүлөрдө аш жасатып жеп олтурушкан ар улуттагы адамдар. Орто бойлуу. сылык сүйлөгөн өзүбек киши колун көкүрөгүнө баса ийиле салам берип, «келиңиздер» – деп Кадыр менен Алиянын алдынан чыкты.

- Сиздер бул жакка олтурсаңыздар болот. - деп ашкананын ичиндеги бөлүк-бөлүк бөлмөлөргө алып кирди. Айткандай эле азыраак адамдар олтурганга ылайыктуу орундар экен.



- Ырахмат сизге! Дагы меймандарыбыз толук келе элек. Тиги нерселериңиз даяр болсо баштай берсеңиз да болот. – Кадыр ашпозчуга керектүү нерселерди айтып коюп, кайра Алияга карады, - Айшага жолуктуң беле? Ал да өзгөрүп калгандыр?

- Ооба. Байкуш, турмуштун азабын абдан эле тарткандай. Бетерине тырыш кирген. Ал эмес, чачына да ак басып калыптыр.

- Эмне иш кылып жатыптыр?

- Азыр каяктагы иш. Тигил күйөөсү менен жашап жатканда айылдагы мектептин буфетинде иштеген болуптур. Аны менен ажырашкандан кийин, эч жерде иш жок. Азыр эптеп базардан күнүмдүк оокатын таап сатыкта экен. Ээ Кадыр, - улутунуп оор үшкүрүнүп алды да, - тагдыр деген ушул турбайбы. Өзүң билесиң чогуу окуп жүргөнүбүздө кандай татынакай, сүйкүмдүү кыз эле. Ачык айрым, жайдары кыз эле го. Азыр түнт болуп кетиптир. Билесиңби, мени сүйлөтө албай кыйналчуу элеңер го? Эми тетирисинен Айшаны сүйлөтө албай кыйналабызбы деп турам. Туура эмесираак сөз сүйлөнүп кетсе эле, көзүнөн жаш алып мукактанып калат экен.

- Тигинде өзү да келе жаткансыйт. Мен тосуп келе коеюн. Сен ысык чайдан ичип олтура тур. Маакулбу? – Кадыр тез басып Айшаны тосуп келүүгө сыртка чыкты.

«Кадыр дагы эле ошондогудай эле экен. Арык чырай сулуу сымбаты, адамга мээримдүү күлө карашы, маданияттуу көңүл бурушу, анын жигиттик адамгерчилик жакшы касиетин айгинелеп тургандай. Өзү кара тору жигит болгону менен, боз костюм, шым кийимди, тыкан байланган галстугу, көгүш кийген көйнөгү анын ажарын ачып, сымбаттуу адам болгонун билгизип турат. Дагы эле ошол кезиндегидей уялчаактыгы жоголбой келиптир.» – Алия оюн жыйып алгыча Айша менен Кадыр да кирип келди.

- Кандай, жакшысыңбы досум? Мени күтүп калбадыңарбы?

- Убагында эле келдиң. Кел Айша, жашоо кандай, деги тынсыңбы?

- Кудайга шүгүр. Эптеп күнүмдүк оокатымды өткөрүп жүргөнсүйүмүн.

- Бул жакка, төргө өт Айша, - Кадыр колун созо Айшага төрдү көрсөтө.

- Жок ырахмат. Мен мындайраак эле досума жакын олтурайын. Ийинимди ийинине тийгизип олтурсам өткөн кусалыктарым жазылып калаар. Сен биздин маңдайыбызга эле олтурчу. Бая-агы ресторанда олтургандай. Медер гана жетишпей турат ээ ха-ха… - Айша кеңири ачылып күлгөндөй болот. Бирок, баягы күлкүсү жо-

голуп кеткендей. Азыркы күлкүнү башка бирөөнөн тартып алгандай.

- Туура айтасың, Медер гана жетишпей турат. Ал азыр Бишкекте, билим берүү министрлигинде эмгектенип жатыптыр. «Эмгек сиңирген мугалим» деген ардактуу наам менен сыйланды дешет. Философия илимдеринин доктору. Доцент.

Кадыр, бири-бири менен көптөн бери көрүшүшпөй сагынышып калган эки достун жакшынакай болуп сүйлөшүп жатканына жолтоо болбоого аракет кылып, кыйлага чейин чай куйганча унчукпай аларды карап олтура берди. Айшанын күлгөнү, кээ бир сүйлөгөндөрү Мырзагүлдүн күлгөнү менен сүйлөгөндөрүнө окшоп да кетет экен. Мырзагүл – Кадырдын мурунку аялы. Аны менен арандан беш жылча жашады. Татынакай эки уулдуу болгондо, аялынын ата-энеси маакул болбостон ажыратып алган.

Анда жаңы эле мектеп босогосун аттап мугалим болуп иштей баштаган эле. Мырзагүл менен турмуш курганына жарым жылча болгон. Шаарда батирде турушат. Алган айлыгы жетишпей эптеп айдан-айга эптештирип жашашат. Мырзагүлдүн ата-энесинин колунда бар адамдар. А Кадырдын үй-бүлөөсүндө колдору беркилерге салыштырмалуу жукараактык кылат. Биринчи жылдары Мырзагүл өз үйүнө барып келген сайын ата-энесинен азык-оокаттарды, акчалай да алып келип турду. Арадан убакыт өтүп Белек, Аман деген эки татынакай уулдуу да болушту. Кадырдын да айлыгы көбөйүп, жашоосуна жетиштүү эле болуп калгансыды.

Бул жетип-жетпес турмуштун агымы Мырзагүлгө бара-бара жакпагансып барат. Элге окшоп үч бөлмөлүү үйгө жетишкени менен, ичинде диван-кресло, стенка дегендер башкалардыкын-дай жок. «Биз эмне алардан кембизби? Табасың, таппасаң ажырашабыз» – деген Мырзагүлдүн суук сөзү Кадырдын жүрөгүнө кол сала баштады. «Кызымды бага албасаң жообун бер, эжелери коммерсанттык кылып эле байып жатышат. Мырзагүл деле алар менен болсо өзүнөзү багып алууга кудурети жетет. Сенин кичинекей болбогон айлыгыңды күтүп олтура береби ия!» – деген ата-энесинин кошумча сөздөрү. «Жок! Балдарыбыз бар. Ажырашпай жашайлык» – деген сунушуна такыр маакул болушпады. «Мырзагүл, мен сага эч жаман сөз айтпасам. Азыркы тапкан айлыгым деле экөөбүзгө кеңири жетишип жатпады беле. Ким сени туура эмес жакка бурду, айтчы? Мына азыр эки миң сом алган айлыгыма сага белек-бечкек алдым. Мына бул миң сом сиңдиңдин туулган күнү экен, эсимден чыгып кеткен тура, ошого бир нерсе алып берип койчу.» «Ф-фу! Ушул да



акчабы!» – деп Мырзагүл акчаны бир уучтап карабастан жемиш салынган сеткага ыргытып койду. Андан кийин да эки жолу, атасы үч жолу барып келди. Акыры келбесине көздөрү жеткенден кийин, өздөрүнө жакыныраак эле туугандарынын турмушка чыга элек кызына нике байлап коюшту.

Азыр жаман эмес, Оштун борборунан үч бөлмөлүү үй алышкан. Азыркы аялы врач болуп эмгектенет. Турмушту түшүнө билген, Кадырды сыйлаган, адамгерчиликтүү аял.

- Ой жигит! Мынча ойлонуп калгансың ия? Бул кебетеңде бизди кайрадан сүйүп калбадыңбы дейим да ха-ха-ха! – Айша олтурушту кызыта олтуралы дегендей жайдарылана үн катты.

- О-о, туура айтасың. Мен бирөөнү өмүр бою сүйүп келгемин. Аны таба албай жүрүп, бүгүн таптым окшойт. Кайрадан сүйүү илеби пайда болуп жатпайбы.

- А-ай! Ким билет? Азыр силердин көзүңөр жаш кыздарга гана сүйүү илеби тегеренсе керек ээ? – туура эмес айтып албадымбы дегенсип. Алияга бир карап алды да, - тамашалап жатам. Бүгүн ушундай тамашалашканча күлө олтуралы. Тултуюп олтурганда не пайда. Ансыз деле отуз жылга жакын убакыт аралыкта, турмуш менен алышып унчукпай тултуюп келдик го (өзүн айтып атканы), - баышын ылдый сала үн чыгарбай туруп калды.

- Ай койгулачы мындай тамаша сөзүңөрдү! Андан көрө кызыктуу окуялардан айтканча олтуралы. – Алия унчукпай кыйлага чейин туруп калды да, кайра сөз баштады, - Кадыр кечээ менин тагдырым тууралуу билгиң келди эле. Ошону айтып берейин.

Ашкананын жанындагы каналдагы агып жаткан суунун, боюна коюлган сөөрүлөрдөгү адамдардын бака-шакасы менен, Алиянын акырындап баштаган назик үнүн коштоп, сайрап жаткан чымчыктардын үндөрүнө аралашып турду.

* * *

- Олжобай, ай Олжобай! Бери бас тез. Адык аял качырып келиптир. Сүйүнчү! Менин айтканымды кылыптыр. Жакшы болбодубу, алыс кетпей… - Дарыянын кубанычы койнуна батпай, сүйүнчүн батыра албай күйөөсүнө сүйлөп жатты.

- Ой кое турчу, тигил торпокту сайга айдап жиберейин, суусап калыптыр, ичип келсин. Биртке туруп бара калам.

- Ай Олжобай, кое тур дейсиң да? Ал сенсиз болбой жатпайбы.

- Болбой жатканы эмнеси? Эмне келин келсе менсиз турмуш болбойт бекен? Каяктагы жомокту айтып… - башын чайкап ары карай басып кетти.

- Жо-ок. Сенсиз болбойт дегеним, сенин агаң Шекердин кызы болуп жатпайбы!

- Эмне-е! Дөөрүбөчү!

- Ооба, дөөрүбөй эле...

- Үнүңү өчүр желмогуз! Оюңдагыны кылдыңбы ия?! Кана ал бала азыр башын жулуп алам! – Ачуусу келген Олжобай үйүн карай шашылып басты.

- Олжобай, кое турсаң. Бир ачууңду мага бер. Силер менен биз илгеритеден эле бир уруудан тууганбыз. Мен деле сага аял болуп жүрөм го. Сурманы алыс кетирбей эле, өзүбүзгө алалы деп...

Бул сөз мурда да канча жолу айтылган эле. Олжобай маакулдугун бербей келген. Шекер акесинен чочулаган эле. Ата-энесинен жетим калышып, жаштайынан Шекер акеси ата ордуна ата болуп калган, кеңеш берүүчүсү, кыйынчылыктарда жакындан жардам берүүчүсү да ошол.

- Мага бей, мага бей! Акмак десе! Сага айттым эле го, мени менен маакулдашып анан иш кылып жүр деп. Эми акеме эмне деп жооп беребиз ия? Андан көрө кеч боло элегинде тууганчылап эле келип кетти деп жөнөтүп жиберели, - колун артына алып Олжобай ары-бери баса кайгысын жашыралбай.

- Жок! – Дарыя кесе сүйлөп, - эл эмне дейт. келген келин кетип калыптыр деп айтпайбы. Намыс кайда...

- Намыш, намыш...! О намысты билип жиберген акмак десе! Токтот сөзүңдү! Сен бул жердеги элдерди айтып жатасың. А мен өзүмдүн айлымдагы туугандарымды ойлонуп жатам. Алар эми мага эмне дешет? Ошол жагын ойлонуп көрдүңбү ия?! Же мени эмне өмүр бою туугандарына барбайт, алар менен катташпайт деп ойлойсуңбу?

- Болду эми. Жинди десе, жүр үйгө кирелик. Элдер карап жатышат.

- Уялбай эле гой! Сен уятты биле белең! – Олжобай ачуусун токтото албай колдору титиреп кетти да, көп өтпөй Дарыянын жетегинде үйдү карай басышты.

Короонун ичи тазаланган. Жаңы эле суу сээп шыпырылган короо топурак жыттанып, келген меймандарга көңүлдүү маанай тартуулагансыйт. Келин көрөлү дешип келген аялдар жоолуктарын көтөрүшүп, бирден-экиден болуп үйдүн ичине кирип чыгууда.

- Ак жуумал келген сулуу татынакай келин турбайбы айланайын. Тигил биздин тууганыбыз Шекердин кызы тура. Апасына окшоп сулуу экен, Жибек да ушундай сулуу болгон. Азыр деле сынын кетирбей жүрбөйбү. Адык кайдан таптыр?



- Ой эне. Сиз билбейсизби? Олжобай менен Шекер бир тууган эмеспи. Дарыя өткөндө эле айтып жүргөн, сүйлөшүп жатабыз деп.

Эл арасында күбүр-шыбырлар. Тиги андай экен, булар мындай экен деген сөздөр тез эле жайылып кетти.

«Жүр агаң чакырып жатат. Андан ары үйүңө өзүм эле жөнөтүп жиберем» – деген Адыктын сөзүнө ишенип, бүгүнкү болгон окуяга дуушар болгонуна Алиянын (Сурма) шаштысы кетти. «Жок кетем!. Мындай болбойт» – деп агасына, жеңесине жалдырап да көрдү. Алардын маакул болоор түрү жок. Жашы да араң эле он беште эмес беле. Али жашы жете элек убакта кантип алып алат.

Улам кеч да кирип бара жататкандыктан, келин көрөлү дегендер азайышып калгансыды. Айлананы караңгылык каптаган убакта баланын жеңелери шашылып даярдык көрө баштады. Олжобай ушулардан алысыраак болоюн деп, коңшу айылга, тааныштарыныкына кетип калды. Жеңелер салган калың төшөк. Бул төшөк эки жаштын түбөлүк жашоосуна, биргелешип өмүр курууусуна тилек кылып салынган төшөк. Бул төшөк балалык менен коштошуп, чоң адамдардын катарына кошулуу төшөгү. «Ушул төшөк дайыма жаңы бойдон болсун. Башка төшөк жаңыруу болбосун» - деп тилек кылынат. Бул төшөк, адам уругун улантуучу, сезимдердин лаззатын, рахатын алууга жашоонун жибин, учугун улантуучу төшөк.

Эки жашты бириктирүүгө жеңелери ашыгышат. Бөлмөнүн ичи атыр жыттанып, кирген адамга кумарлуу рахат тартуулагандай. Жеңелеринин жетеги менен бөлмөгө киргизилген кыз кандайдыр бир коркунучтун жышаанын сезгендей денесин жыйырып алды. Свет өчүрүлүү экен. Сырттан келген шоола бөлмөгө күңүрт жарыгын берип турду. Төшөктүн кырында соксоюп келечек күйөөсү олтурат. «Жок! Мындай болушу мүмкүн эмес. Чын эле эми ушуга аял боломбу? Мен али жашмын го. Окуумду бүтүп анан турмушка чыксам деген тилегим бар эле. Эми окуум эмне болот? Кадырчы?...» – жана башка ойлор кыздын башында уйгу-туйгу аралайт. Эркектин чоң, шадылуу колу кыздын белинен чырмай кармап, апакай төшөккө тартты. – Жок! Жо-ок! Антпе! Жо-ок! А-а-ап-па-а...! – кыздын ачуу кыйкырыгы ааламды жаңырткандай болду.

Көзүн ачса жоочун бөлмөдө жатат. Ак халат кийген адамдар чуркап жүрүшөт.

- Мен каяктамын? Эмне бул жерге алып келип койдуңар?

- Тынч жат, кызым. Сени түндө алып келишкен. Жаш эле турбайсыңбы? Баары жакшы болот, коркпо. Сени ушул акыбалга алып келгендерди сотко берип койдук. Өз маакулдугуң менен бардың

беле, же?.. – Алтымыштардын кырына жетип калган, кыргызчаны так сүйлөгөн орус аял. Алияга мээримдүү күлө сүйлөп.

Алия бир айга жакын ооруканада жатып жакшы болуп чыкты. Адыкты жеңелери менен сотко чакыра берип, акыры Алиянын атасынын маакулдугу менен ишти жапты. Алиянын да боюнда болуп калган эле. Бир жылга жетпей кыз төрөдү. Экинчи жылга жетпей дагы бир кыз төрөдү. Алия окуусун улантып кетүүсүнө шарт болбой да калды. Айылдан анча алыс эмес жерде, талаада өжүрө салынган. Алия келгенден бери ошол өжүрөнүн тегерегине дарбыз, коон эгишет. Мына быйыл да эгилген жемиш дарылабаса да элдикинен өзгөчө чоң-чоң дарбыз, коондор өсүштү. Алия күндө эрте менен огородду аралап, дарылап, түбүн жумшартып туруу анын эрмеги болуп калган.

Эки балага ылайыкташтырылган колясканы түртүп, ичинде уктап жатышкан эки кызы менен огороддун баш жагындагы түзөңчөгө койду да, өзү дарбыздардын сабактарын оңдоштуруп коюуга жөөктөрдү аралап кирип кетти. Арадан жарым саат өтпөй, колясканы көлөкө жерге жылдырып коюуга кайрылып келсе, чоң кызы ойгонуп алган экен, бир нерсени кармайым деп колун суна каткырып күлөт. Тигил нерсе карматпай артка кача берет. Бала колун тартып алса, кайра балага жакындап келет. «Кызык. Эмне менен ойноп жатты экен? Коляскага ойной турган эч нерсе деле таштабадым эле.» деген ойдо жакыныраак келип караса, коляскаңы чырмап ороп алган кара чаар, узундугу эки метрге жакын келген жылаан Алиянын чоң кызы менен ойноп жаткандай. -Аа-ай, жыла-ан! – Жардамга-а…! – деп чуркап жүргөн Алия тарапка тез эле талаадагы иштеп жүрүшкөн адамдар чогула калышты.

- Эмне болду? Тынччылыкпы ия?
- Колясканы карагыла, жылаан ороп алыптыр. Алиянын кызы менен ойноп жатат. Чагып албаганын кара.
- Көп сүйлөшпөй болгула! Эй Закир, тез чуркап барып ун алып келе гой. Бул жаныбар акка кетет дешчүү эле. – Сакалы жайкалган карыя аксакал адамдарга кайрыла. – Көп чурулдай бербегиле. Тынч турсаңар баланы чакпайт. Кана, бери колго бер, – ун алып келген баладан табакка салынган унду колуна алды да колясканын жанына барып, унду узатасынан сээп койду. айткандай эле, жылаан акырын жерге сойлоп түштү да, адамдар тарапты бир карап алып, өз жолуна түштү. Ушуну эле күтүп тургандай Алия кыздарына боюн таштап эчкирип ыйлап жиберди. Мындан кийин балдарын кароосуз калтырбоону эстеди.



Быйыл Адык техникумга окууга тапшырып өтүп алган. Тез-тез Ошко каттап турат. Анын кеткенине эки айдын жүзү болду. Андан кабар да жок. Дарбыз, коондор бышып үзүшкөнгө адам аз. Бишкектен катар-катар машиналар келишип, ордунан сатып алышып кетип жатышты. Элдикинен башкача чоң дарбыздар. Бир адам араң көтөрөт. Алия жакында дагы бир кыз төрөгөн. Кыйналып турса да, талаага чыгып, жүккө көзөмөл болуп турду.

Бир уруудан тарагандардын балдары, бүгүн өзүлөрүнчө өткөндөргө куран окутушуп, кудайы өткөрүүгө камынып жатышты. Беш-алты үйгө союш союлуп, боорсок бышырылып, эт салынып, шорпо кайнап жатты. Адыктын атасы Суран дагы үйүнө казан асып, бөлүнгөн уй союшту союуда. уруунун аксакалы, башчысы деп аталган Кылымбек аксакал да, союштун бир жагына жардам берип бычагы колунда. Алия да уйдун ичегилерин жуушуп арыктын боюнда.

- Ие, авысын. Бул күйөөңүз жоголуп кетти да? Бүгүнкү кудайы болоорун укту бекен? Алыстагыларга да айтылды эле го. – Кайнатасы менен бир тууганынын аялы сөз козгоду.
- Билбейим. Ошко баргандардан айттырып жиберишиптир эле. Таппай келдик дешет. Мүмкүн уккандыр эле. – Алия камырабастан жооп берди.
- Тигинде Ош тараптан автобус өтүп токтоду. Мүмкүн ушунда келип калгандыр. Тигине, айткандай эле Адыктын өзү, - биле да келип калгандыр. Тигине, айткандай эле Адыктын өзү, - биле бекемин дегендей кайынсиндисине боюн түзөй мердемсинди.

Алия шашыла туруп үй жакка басты. «Курсагы ачса керек, чай коюп коеюн» – деп ойлоду.

- А-ий сиңдим карасаң, жанында колтукташканы ким ия? Тим эле үйлөнүп алган аялындай шынаарлашып басышат да, копурай ботом?! Жакшы дагы Сурма үйгө кирип кетти эле.
- Ээ кызыксыз да жеңе. колтукташып алса эле эмне анын аялы болуп калмак беле? Жөн эле тааныштары болсо керек. Мүмкүн классташтарынандыр. Же аяштарынан болсо керек.
- Жо-ок. Алардын көз караштары башкача болуп келатышат. Мында бир сыр бар. – Алар сүйлөшүп бүткүчө Адык да үйүнө жетип келди.
- Ассало-ому алейкум! О-о, бул эмне майрам болууда. Же менин келишиме даярдыкпы ия? Ха-ха…
- Кел балам. келдиңби, жакшы болбодубу. сени укпай калган экен деп… Алия азыр эле үй жакка кирди окшойт. – Сурманы кайын атасы «Менин жакшы көргөн келиним, кызым эле» деп атын

Алия деп эле атайым деп коюп алган. «Силер дагы Алия деп атагыла» – деп коет.

- Ата. Мени кечирип коюңуз. Бул жактын аты Шаани. Сиздин болочок келиниңиз ушул болот. Өзүм менен кошо ала келдим.

- Эмне-э?! – Адыкты бир тиктеп, тигил кызды бир тиктеп. Эмне сөз айтаарын билбей мукактанып туруп калды. – Алиячы?...

- Ата. Ал мага ылайыксыз болуп калды. Мен эми бул келиниңизди сүйдүм.

- Аттаңдын. А-а...а... - Сурандын колу калтырап, же баласын уруп ийе албай, же катуу айта албай туруп калды. – Кыздарыңчы?!

- Аларга алимент берип турам. Башка айла жок.

Тигиндейрээкте карап турушкан туугандары эч нерсе деше албай баштарын чайкашып туруп калышты. Адык менен Шаани Алия кирген бөлмөнүн жанындагы бөлмөгө кирип кетишти.

- Тирмийбей кал десе! Тим эле кыйын иш кылып койгонсуп тигил келиндин турушун карасаң. Уятсыз! Эми эмне болот ия? Алияга эле кыйын болот го. Эмне, чын эле Алия менен Адык ажырашып кетеби ия? Мотурайган Айзат, Бекзат, Жазгүл деген кыздары жетим калышабы? – Алиянын авысыны күйүп-бышып жатты.

* * *

Күн кыйла жогору көтөрүлүп калган убак. Бүгүн күндөгүдөн ава райы айланчыктап тургандай тээ күн батыш тараптан шамал асманды булут каптап келүүдө. Окууга келгенден бери арзасогуп, эми гана ойгонду. Саат 11 болуп калгандыгын көрүп. нырaak батир экен деп, үй ээсинин катуулугуна карабастан, ушул жерди жайлап келүүдө. Негедир Адыктын мүнөзү үй ээсине жакканбы, кандай жүрсө да Адыкка унчукпай келүүдө. Адык кандай болгону менен да өзүнүн ишине тыкан, так аткарган жигиттердин бири болгон.

Түнү менен уйку бетин көрбөй көчө аралап жүрүшкөн эки жаш. өз үйлөрүнө таңга маал кайтышкандыктан, Адык уйкуга катуу кирип, эми гана ойгонду. Саат 11 болуп калгандыгын көрүп. бүгүнкү окуусунан калганын эстеди. «Мейли, агайларга бир шылтоону айтып коермун. Шаани..., Шаани сен жакшы кыз экенсиң. Сурмашчы? Кайнатасынын эркелеткен эрке келини Алияны эмне кылам? Балдарымчы?... Жок! Эптеп бир жолун таап ажырашууга туура келет го. Өзүңүн тууганың болот. Алысыраактан эле үйлөнбөдүң да балам. Эми жашооң кандай болот экен деген апамын сөзүндө калет жок го. Сурмаш өзү жакшы эле аял го? Бирок...» Толгон-токой ойлор менен төшөгүнөн турбай кыйла жаткан Адык.



эшиктен бирөөнүн чакырган үнүн уга ордунан тез туруп эшикке чыкты.

- Адык. Оо Ады-ык!

- Мына чыгып бара жатам. Ким бул?! - жыгачтан түрлөп жасалгаланган чоң эшиктин илинип жабылган эшикчесин түртүп ачып сыртка баш бакты.

- Баятан бери эшигиңди такылдатып жатам. Эмне, уктап жатың беле? - толмочунан келген, орто бойлуу, кара каш, кара көз. Тармал чачы бар, мурда такыр бул адамды көрбөгөн, орто жаштагы адамды көрдү.

- Сен Адыксыңбы? Эгер катуу кетсем кечирип кой. Сени тез аранын ичинде шаардык соттун каанасы чакырып жатат. Алимбек дегенге барып жолугасың, макулбу? Мен кеттим.

- Эмне жумуш экен айтып кое аласыңбы? – Адык ал кишини ойлуу карап.

- Кайдан билейин тез келсин айтып жиберчи деп суранганынан атайы бурулуп сага келдим. Болуптур жакшы кал. Кеттим, - ал киши алыстап кеткиче карап турду да «эмнеге чакыртты экен? Соттко барганга эмне себеп болгон» - деген суроолуу ойлор менен кайра үйгө кирди. Кире бериште турган чөгүндү колуна алды да бетиколун чайканып алып, кийимин кийинип жакын эле жерде жайгашкан чайканага чай ичкени бурулду.

- Адык деген сенсиңби? Кана кирчи бери?! – өктөм сүйлөгөн узун бойлуу көз айнек тагынган адам кабинети чакырды.

- Мен түшүнбөдүм. Мени эмнеге чакырдыңыз?

- Ооба, мен чакыртып ийдим эле. Себебин азыр айтам. Шаани деген кызды тааныйсыңбы?! Кечээ эмне иш кылдың эле?

Адыктын жүрөгү «шуу-у» дей түштү.

- О.. Оо-ооба... та-аныйм, - мукактана араң сүйлөдү.

- Эмне такаласың? Эмне күнөө кылганыңды билесиңби?! 108-статья менен сени түрмөгө олтургузаарымды билип кой иним! Шаани ооруп оорукaнага жатып калды. Тез аранын ичинде барып кабар алып кел! Андан кийин экөөбүз сүйлөшөбүз. Маакулбу?! Качып кетчү болбо. Сени жердин жети түбүнөн болсо да таап аламын, жигит!! – ачуусу келген киши колун серпе «кете бер» дегендей Адыкка белги берди.

Шаардык оорукана анча алыс эмес жерде жайгашкандыктан, Адык тез эле жетип келди. Кечээги кылган ишине бушайман боло, хирургия бөлүмүнө баш бакты.

- Калдыбаева Шаани деген кыз бар болду бекен, айтып койгулачы?! – пастек бойлуу келген апакай халатчан мээрбан кызга сөз узатты.

- Ал азыр эле эс алып уйкуга кирди. Ойготсом кандай болоор экен?. Андан көрө сыртка чыгып, ооруқананын арт жагына өтсөңүз, жогору жагынан экинчи айнектен таап аласыз. Эшикке чыга албасын билбейсизби?

- Ы-кы. Ырахмат чоң кыз, - ооруқананын артына өтүп Шаани жаткан палатага тигилди. – Сизге ким керек – деген сары чийкил аялдын суроосуна, уктап жаткан Шаани жакка сөөмөйүү менен белги бере «ойготсо болот бекен» дегендей белги берди. «Болот» дегендей тиги аял Шаанинин далысынан түртүп ойготту да терезе жакка белги берип «келди» дегендей бир нерсени сүйлөнүп эшикке чыгып кетти.

- Шаани, Шаани! Бул мен Адыкмын!

- И-ии. Сен белең? Эмнеге келдиң? Кылгылыкты кылып коюп, көрүнбөй кайда жүрөсүң? Эрте эле келсең болбойбу?! Кара мени эмне кылып койдуң?! Сени мен түрмөгө жаткырам! Соттотом!!

- Шаани, Шаани, угуп турсаң? Мен..

- Укпай эле койдум сени, - ачуусу аябай келип калган Шаани ак халатчандардын кирип келгенин да көңүлүнө албай кыйкырып жатты. Ооба Шаанинин аябай жини келип калган эле. «Мен сага тийбеймин, сен жакшы кызсың» деп алдап арактан ичирип мас кылган да өз максатына жеткен Адыкты, эми ооруқанага жатып калгандан кийин күтпүрүп келбей жатканына жини келген эле.

- Туруңуз ары! Эмне терезеге келдиңиз! Мүмкүн эмес терезеден сүйлөшүү. Уктуңузбу, барыңыз! – деген ак халатчан кыздын үнүн уга терезеден алыстады.

- Кетпеңиз, азыр чыгам! – деген Шаанинин үнүн уга ооруқананын алдына өттү.

Ооба ичкени чын. Көп ичип алганын билет. Сүйлөгөндөрү да элес-булас эстегендей. Анан…анан…Ии-ий, ооба. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй, түш сымал болуп калбадыбы. Шаани менен бирге олтурган. Арактыда ичкенин билет. Анан… «Чын эле адаштымбы? Же жөн эле түшүм болуп жүрбөсүн? Түшүм эле болуп калса гана. Анан эмнеге Шаани ооруқанада жатат. Ай кургур шоордуу башым а! Эми Сурмашка эмне деп барам? Балдарымдын жүзүн кантип карайым? Сот жообуна тартылып каламбы?» – түрмө көз алдына келе түшүп «селт» этип чочуп кетти.» - Жок, андай болбойт. Түрмөгө түшкөндөн көрө, өлгөнүм артык. Андан көрө «сени алам деп» бир



жолуна келгиче айта турсам окшойт. Тиги агасы да эмне дейт экен. Мүмкүн бир жолун табаармын.

- Адык, бери келе бер! – эшиктен анча чыкпастан туруп, ооруқананын кире бериш жерине колун булгап чакырды. – Агама жолуктуңбу? Ошол менин бир тууган агам болот. Атам да сотто иштеп жүрүп азыр дем алууга чыккан. Адык… - мукактанып ыйлай турган болуп кыйла турду да, кайрадан сөзүн баштады, - Сен мага тийбейм деп айттың эле го. Кой десем болбой жинденип кирдиң да, анан асыла баштадың. Анан көрүп турасың менин акыбалымды. Ооруқанада жатам. Сен максатыңа жетиң да, кийинген боюнча үйүңө кетип калдың. Кан көп кетип калган экен. Эсим ооп калган убакта шеригим келе калып көрүп калыптыр. Тез жардамды чакырышып бул жерге алып келишиптир. Акеми эрте менен чакырышыптыр. Сенин аялың, балдарың бар. Билем, аларга да кыйын болду го. Унчукпай косюн десем, менин намысымды ким ойлойт болду экен. Тамырыма балта чаап кетип кала бересиңби? Же…

- Шаани, алтыным…

- Мен сенин алтының эмесмин! Билип кой, бул мага караштуу эмес! – Шаани Адыкты кага сөзүн жулуп кетти, - Азыр тез аранын ичинде мага керектүү болгон дарыларды сатып алып келип бер. Эң керектүү болгон бир дары табылбай жатат. Анан, ички ак кийимдерден да ала кел. Билээрсиң?! Тиги катыныңа алып берип билсең керек!

Билем дегендей, эч нерсени айта албастан «маакул» дегендей башын ийкеп Адык жолуна түштү. Ооба ага кыйын эле болду го. Мындай болот деп эч ойлобогон Адык азыркы акыбалында түрмөдө көп убакыт жатып чыккан адамдай эле көрүнүп калган эле. «Айла жок. Алып кетем. Сурмаш менен ажырашууга туура келет. Андай кылбасам түрмөгө жатып калам го. Балдарым мени келет. Андай кылбасам түрмөгө жатып калам го. Балдарым мени кечирешээр. Атама да жакшылап түшүндүрүп коем да. Азырынча үйгө барбастан, бул кыз менен чогуу болуп турайын. Кечир мени Сурмаш! Сен кечиримдүүсүң го. Мен бир жаңылдым. Айлам жок Шаани менен бирге болуп калат окшоймун. Кечир мени баарың ар!» деген ойлор менен Араван көчөсүндөгү дары-дармек сатуучу дүкөнгө кирди.

* * *

Тегерегинде дарбыз, коон эгилген жер Суранга караштуу. Ортосунда шыйпыр менен тыкан жабылган шыйпаң. Баласынын бүгүнкү кылган кылыгына ачуусу келип, өз кызындай болуп калган

Алия менен үч небересинин тагдырын ойлоп, Суран шыйпаң тарапка жөнөгөн. Ичинен кайгы тартып күбүрөнүп ачылуу сүйлөнүп алат. «Катары менен үч неберелүү болуп, кудайга шүгүр, кудайым мага жакшылыкты берди. Эми менде арман жокко, деп олтурганда... Ушундан көрө өлүп калсам гана. Эмдиги жашоом кандай болот. Үй арасында жакшылык аралап, Алиянын акылдуулугунан, анын тил билгилигинен жашоонун шарты үйүбүздө жакшы жакка бурулуп калбады беле», - деп ар кандай ойлонуп жатып Суран өжүрөгө кантип келип калганын да билбей калды. Өжүрөнүн айланасына бир сыйра көз чаптырды да, шашыла ичине кирди. Өжүрөнүн ичи кык жытданып турат. Бул жерге кээде мал байлап калышчуу. Тиги бурчта качаңкы байланып турган жип чечилбей турат. Бөлмөнүн төбөсүндөгү бурус тарапта, атайлап эт илинчүү иймек зым турат. Терезесиндеги айнектерди сындырып кетишкендиктен жакында эле кайрадан оңдошуп, сыртын шыбашкан эле. Сурандын башына ар кандай ойлор келип-кетип аны кыйнап жиберди. «Жашап эмне кыласың? Өзүңдү асып ал. Тигинде жип да даяр турат. Эми Алия кетсе, сени эч ким үйгө батырбайт», - дейт бир оюу. «Жок жашаш керек. Кайгырбай кое тур. Кийинки келиниң деле жакшы болсо керек. Ал деле небере төрөп берет да», дейт дагы бир оюу.

Жаман оюу басымдуулук кылып барат. Колу кантип барып жипти чечкенин, асмага жипти байлап, мойнун кантип салып алганын да сезе бербеди. Качан гана буту салаңдап, көздөрү ала-чакмак болуп баратканда гана күлүк ой бул жарыкчылык менен коштошуп бара жаткандыгын сезе коюп «кош-шку-л...» - деген боюнча, буту бир-эки айланага серпилип алды да, чиренип катып туруп калды.

Саат түштөн кийинки экилер чамалап калган эле, жүгөрүгө суу аралатып койгон Керим, бир карап келе коеюнчу дегендей ой менен, өзүнүн огородуна бурула калган. Огородуна агып жаткан суусун бир сыйра карап чыкты да, өжүрөнүн жандап өткөн жалгыз аяк жол менен үйдү карай басты. Өжүрөгө жакындай бергенде, терезени туштай кыймылсыз турган адамды көрдү.

«Бул өжүрөгө азыр ким келмек эле. Баардыгы кудайыда жүрүшөт. Көзүмө жөн эле караанга окшогон нерсе көрүндү окшойт» - деген ойдо өтө берип, караанды дагы байкагансып калды. Кайра артка кайта берип, терезеден жакшылап караса, шыпка мойнунан асынып алган адамдын сөлөкөтү турат. Сакалдуу аксакал болуп калган эле киши өңдүү.

Өжүрөнүн ичине тез кирген Керим Суранды күч менен көтөрө салды да, мойнундагы сыйыртмакты чыгара акырын жерге жаткызды.. кеч болуп калган эле. Жан качан эле чыгып кеткен экен. Керим айылдагыларга кабар айтууга жөнөп кетти.

Ызы-чуу, өкүрүк. Эми эле кудайыга даярданып чуркап, элдер келе башташканда, өлүм менен уланып жатканы, бул уруу үчүн чоң жоготуу болгонсуду.

- Оо-о кудай! Бул эмнеси ыя?! Эми эле тирүү эмес беле? Кайдан ал жакка барып асынып алып жатат?! Суран, сага эмне болду? Эмне кыйынчылыкты көрдүң?! Жакшына эле жүрдүң эле го?! Уу-у... - Кылымбек аксакалдын азасынан, анын жанында туруу кыйын болуп тургансыды.

- Кана тигил жуварымбек! Көрсөткүлөчү мага?! – ачуусу келе колундагы бычагын кармап, - союп эле салайын аны. Бул өлгүчө, ошол шумпай өлсө жакшы болмок.

Эч нерсе менен кабары жок Адык Шаани менен жетелешип келе жатышканын көрүштү. Жүздөрүндө күлкү аралаган. Үйүнө жакындаганда короодон чыккан ызы-чуу ый аларды селт эттирди.

- Шаани, биздин үйдө эмне болду ия? Азыр эле биз кеткенде тынч турбады беле. Же Алия бир нерсе болуп алды бекен? Мага баары бир. Сен болсоң болду, жаным. Азыр кирип аны үйүнө тез жөнөтөбүз, болобу? – маакулбу дегендей жылмая Шааниге көңүл бура анын бетинен өөп койду.

- Кое бер мени! Соем! Биздин буга окшогон балабыз жок! – деп ачууланып, кое бербей жаткан элдердин арасынан булкунуп келе жаткан чоң атасы Кылымбекти көрүп, анын шилтей берген бычагынан кача үйдү тегерене чуркады. – Кармагыла аны! Ал жашаган бул дүйнөнүн кереги жок. Мотурайган төрт адамды үйүнөн кубалаганы аз келгенсип, өз атасын да жутту акмак!

- Эмне-э? Атасы?! Кандайча?

- Ооба, атаң асынып алыптыр. Мына жазган кагазы. Чөнтөгүндө экен. – Адыктын колуна жыртылайын деп калган кагазды кармата салышты. «Балам. Менин тилимди албадың. Мени элге уят кылдың. Куттуу үйүмдөн төрт баламды айдадың. Менин сөзүмө энең да каршы. Жакшы калгыла. Мени эстебей эле койгула. Менин асынганыма өзүм күнөөлүүмүн. Кош болгула!» – деген жазууну окуп, Адык «ата-а» – деген боюнча чалкасынан түштү.

Жаңы келин келди дегенин угуп Алия балдарын алып, машина жалдады да, үйүнө карап кеткен эле. Капысынан балдары менен үйүнө барып калган Алияны, ата-энеси таң кала тосуп алышты. Адыктын аял алып келип алганын угушканда ачуулары келе олтуруп калышкан. Көп убакыт өтпөстөн эле Сурандын тажиясына де-

ген кабар кагазын колдоруна алышкан Алиянын атасы Шекер, апасы Жибек экөө мындай окуяга заманасы заң болушту. Тез аранын ичинде кайрадан машина жалдашып. Алия менен анын балдарын алышты да, кайын журту жакка жөнөп кетишти.

- Алияны таштап кеткиле. Бизге жакшы келин болуп калды эле. Адык болбосо да, башкасына маакулдашалы. – Кайын журту Алияны колдорунан чыгарышкысы жок.

- Жок, айланайын туугандарым. Силер деп кызымдын жаштыгына карабай берип көрдүм. Жашоосун карай албадыңар. Эми уруксат бергиле. Кызым эркин жүрсүн. Балдарынан камтама болбогула. эптеп чоңойтконго жардамыбызды берип турабыз. Кудайдын буйругу ушул да, насип буюрган эмес. Мен күйөө баланы күнөөлөй албаймын. Мейли кааласа балдарына барып-келип турсун. Кааласа өзү баксын. – Алиянын атасы жакшына токтоо сөз сүйлөдү да, Суранды жерге койгондон кийин айылына кайра тартты.

* * *

- Аш бышып калды, алып келе берейинби? – чийкил сары өзбек бала, колуна эки чайнек чайды көтөргөнчө кирип олтургандарга сөз узатты.

- Ооба, алып келе бериңиз. Салаттан көбүрөөк болсун. Анан, тигил, - кандай болот дегендей Кадыр тигилерди карап, - анча-мынча сеп эткенче олтурсакпы, уруксат болсо…

- Эмнеге уруксат эмес экен? Тамактын алдында жакшы бир кыстармайлар, сөздөр, каалоолор менен бирткеден ала олтурсак жаман болбойт го. Алдыра бер, - Алия өзбек балага, «алып келе берсең болот» - дегендей колун жаңсап, - Экини, - деп койду.

- Көптүк кылбайбы? – Айша кооптоно.

- Ай, качантан бери анча ичпей калгансың? Бүгүн мындай жолугушууда анча-мынча алганча олтуралы. – Алия Кадырды карап көзүн кысып койду.

- Мейли анда. Келе бери чайды куйганча олтуралы.

- Жок. Өзүм эле куюп олтурам, - Кадыр чайнекти алдына тарта. – Мына аш да келип калды.

- Эх, кандай сонун жыттанат! Палоону жакшы демдешиптир. – Айшанын шилекейи чубура тамшанып калды.

- Кана эмесе кыздар, бул жакты дагы караганча олтурсаңар. Чөйчөктөрдү колуңарга алгыла. Бүгүнкү ушул олтуруштун ачылышын ачып берүү үчүн, сөз кезегин Алияга берсек. Жаш кезинде Сурма эле. Алия аталып кеткенин билип турабыз. Бул да жаман ат эмес. Кана Алия, жакшы сөздөрүңдү төгүп кой.



- Ырахмат! Мага сөз бергениңерге. Бул атты маркум кайнатам койгон эле. Ошол боюнча ушундай аталып калдым. Өзүм да ушул атты жакшы көрөм. Эмне деймин, эми бүгүнкү жолугушуубуз менен. Мына карасаң «эки тоо көрүшпөйт, ал эми эки адам көрүшөт» – деген чын тура. Силер менен кайрадан отуз жылдай убакыттан бери эми көрүшүп турабыз. Өңдөрүбүздү карасаң, кыйла токтоолук карыганыбыздын белгиси турат. Балалуу-чакалуу болдук. Алды небере да көрүп калдык. Түркүн тагдырдын оорун, жеңилин да көрдүк. Жакшылык, жамандык да башыбыздан далай өттү. Эми, менин каалоом. Мындан ары, эч жамандыктар болбосун. Тагдыр бизге болгону жакшылыктарды берсин. Ден соолугубуз чың болуп, бакыт алдыбызды тороп турсун. Балдарыбыздын аманчылыгын тилеп, мындан ары дагы дайыма жакындан жолугушуп, жакын адамдардын болуп жүрө берели.

- Кандай жакшы тост! Кана эмесе, Алиянын тостун алып жиберели. – Кадыр мендей алгыла дегендей, түбүнө чейин шыңгыта тартып ийип, алдына көмкөрүп койду. – Ох-х, закуска… - ачыркана алдына коюлган салаттан илик менен сайып колуна алды да, жыттап туруп оозуна салды. – Алия, жолдошуң кайда иштейт? Ал да мугалимби?

- Ооба. Ал экөөбүз пединститутту чогуу бүттүк. Азыр бир мектепте чогуу эмгектенебиз. Жолдошумдун аты Мурат. Ошол мектептин завучу.

Чай көтөргөн бала дагы эки чайнек чайды алып келип коюп, чыгып кетти. Таттуу болгон палоодон жегенче өткөндөргө кайрадан кайрылышып сөз улашты.

* * *

- Э Жибек! Жибе-ек дейим, бери чыкчы! Үйдөсүңөрбү ия?! – Жол тараптан, колуна бир бала көтөрүп, эки бала жетелеген, орто жашап калган аял кыйкырды.

- Үйдөбүз, үйдөбүз! Кимсиңер? Келе бергиле, ит каппайт. – Жибек үйдөн чыга жол жакты карай басты.

- Мына бул силердин балдарыңарбы ия? Оо ылдый жакта, жолдун четинде бара жатсам, ыйлаган эле үн чыгат. Тегеректи жакшылап карасам эч ким деле көрүнбөгөнсүйт. Ботом, чочуп кетип артка кайта бере жаздап, кардын арасынан кичинекей болгон булардын караанын көрүп калбадымбы. «Ай кимсиңер? Силер бул жакка кандай келип калдыңар? Ойнойбуз деп адашып калгансыңар го?» – десем. «Жок биз адашпай эле… - ыйлап да алышкан, - Атабыз

кеткиле апанарга деп, ачык машинада алып келип, ушул жерге таштап койду. Каякка бараарыбызды билбей турабыз» десе болобу. Заманам кууруулуп эмне кылаарымды билбей да калдым. Улуусун канчадасың десем, бештемин дейт. Жакшы дагы чыйрак кыз экен, силердиң атыңарды атап, апам ошол жерде деп айтып берүүгө жарады. Карачы тоңоюн деп калышыптыр.

- А-ай куруюн, мен куруюн! Ооба, менин неберелерим турбайбы. Айланып кетейин алтындарым. Кучагыма келгилечи. Тоңуп калган турбайсыңарбы! Сурма аты өчүп, Алия бизге өз кызыбыз болуп калды. Алия, Алия дешип жүрүшкөн адамдар, эми мынтип кызым аз келгенсип, «биз багып алабыз» – деп талашып алып кеткен неберелеримди кайра алып келип, үйгө да эмес, талаага ташташаны кандай. Өлүңөс-сейиндер десе! Экинчи бала деп келсенер!... - Жибектин ачуусу келе, тээ ылдый жакты карай үнүн катуу чыгарып сүйлөнүп алды.

- Жакшы, үйдө экенсиңер. Мен кетейин. Апам үйдө дешкенсийт. Бул балдар чоң кызыңар Сурманыкы окшойт.

- Ооба, ошол шордуунун балдары болуп жатпайбы! Ал да, эми окуп алайын деп шаарга кеткен эле. Балдарын укса дагы капаа болот экен да, кургурум. Үйгө кир эми Тиллакан, тамак да даяр эле. Кичине олтуруп кет.

- Жок, мен барайын. Бүгүн уюм келбей калгандыгынан издеп көчөгө чыктым эле. Жарыкчылыкта таап алайын.

- Ырахмат сага Тиллакан, сен болбосоң, балдардан айрылып калмак экенбиз. Жакшы бар, чалыңа салам айта бар. Ырахмат! – ыраазылыгын айтып бүтүрө албай ичи жылый Тиллаканды жолго узатты, - киргиле үйгө байкуштарым. Оо Шекер, неберелерин тосуп ал!

- Ким дейсиң, кайсыл неберелерим?! - үйдүн ичинен Шекер зонк этти.

- Кайсыл неберелериң болмок эле, Айзат, Жазгүл жана Бекзаттар келип калышты.

- О-о, айланайын чүрпөлөрүм. Келгилечи, муйдуңардан, муйдуңардан, м...м-м... - неберелеринин мурдунан жыттай өөп, кучагына имерди.

- Тайата, койуңушчу... хи-хи-хи... Шакалыңыз шайып жатат.

- Ыкы, сакал эмес, муруту десең? – эми тили чыгып сүйлөп жаткан Жазгүлдүн сөзүн Айзат ондоп.

Балдарды алып келген Тиллакандын айтканын аялынан угуп, Шекер ачууланганынан муруттары титирей түштү. Көзүнөн жаш



ала кызынын кийинки келечегин ойлонду. «О-о Кудай, ушул кызыма бакыт бере гөр! Ден соолук, тынчтык бер. Ушул кичинекей жетимдери менен бактылуу күндөрдү көрсөт, Кудайым!» – деп Кудайга жалбарып жатты.

- Эмне атаңар силерди урдубу? Ачка болдуңарбы? - жана башка суроолорго Айзат тыкан жооп берип турду.

- Жок атам урган деле жок. Берки эже бар го (Шаанини айтып жатат), ошол нан бербей ачка калып жаттык. Баары ишке кетишкенде бизди көчөгө чыкпагыла деп, нанды оо жогору биз жетпей турган жерге коюп-коюп, анан үйдү сыртынан кулптап кетип калышчуу. Өткөндө эптеп ар нерселерди коюп жүрүп, жетип нан алып жесек, келип алып мени «ушул колуң менен алып жедиңби?» – деп колумду чапкылап урду.

Айзаттын бул сөзүнө көздөрүнө жаш ала тайкелери, Адык менен Шааниге ачуулары келип турушту.

- Шаани го өгөйлүк кылыптыр дейли, а Адык эмне, буларды укпады бекен? Ата сөрөй го. Тигил чоң энеси эмне кылып жүрөт? Аттиң ай! «Бирөөгө кор бала, бирөөгө зар бала» – деген ушул тура. Өз балдарын да батыра алышпай талаага алып келип таштап ташкандары.

Ээктери көгөрүп үшүшүп калган балдарга ысык тамак беришип, эми эле бышырып койгон жылуу сүттөн аларга ичире коюшту. Курсактары ачып калган наристелер беркилердин берген суроолоруна чала жооп бере тамактан сугуна ичип жатышты. Упчудагы сүттүн даамын татып былкылдата соруп ичип алган Бекзат, эми эле кош уйкуга кеткен. Тынч жатсын дешип, бешикке бөлөп коюшту.

* * *

Ашкананын кичинекей тар бөлмөсүндө сөздүн кызыгына бата, палоону «алгыла» - дешип жешип бүтөйүн деп калышты. Узак сөздү баштаган Алия кыйлага дейре унчукпай туруп калды.

- Азыркы күйөөңдүн аты ким? Кечиресиң, катуурак айтып койдум окшойт. Жолдошуңдун аты ким? – Алияга Кадыр суроо берип тарткынчыктап туруп калды.

- Туура айтасың, Кадыр. Күйөөм болуп жаткандан кийин, күйөөң дейсиңер да. Анын аты Мурат деп айттым го. Мектептин завучу деп. Мындан эки балалуу болдук. Айзатты турмушка бердик, эми Жазгүлдү да жакында турмушка берели деп турабыз.

- Сенин эмне мээң айланып калганбы ия?! Ха-ха-ха! Жолдошун ушуну менен эки жолу сурап жибердиң. Бир убакыт болгондо аны менен Кадырды жакшылап тааныштырып кой. – Айша шумдана.

Алган жообуна бушайман жей Кадыр өзүн-өзү ичинен сөгүнүп жатты. «Айша туура айтат. Мен акмак болбосом, эмне эле кайталап күйөөсүн сурап жатам? Андан көрө ылайыктуу суроолордон берсем болбойт беле, мээм жок десе». Кадырдын бушайман болгонун Алия сезе ага сөз узатты.

- Кадыр, эгер мүмкүнчүлүк болсо, мындан кийин биздин жолугушуп туруучу жерибиз ушул жер болуп турсунчу. Силер менен сырдашып сүйлөшүп турсам, кыйла жеңилдей түшүп жаткансыйм.

- Туура айтасың, Алия. Жашыбыз да ортолоп калган чамасы. Эми биздин сырдашып гана жолугушуп көңүл ачуу убактыбыз калып олтургансыйт. Эгер мүмкүнчүлүк болуп калса Мурат менен бизди тааныштырып койсоң. Кадыр дагы келинчеги менен таанышса, бала-чакаларыбыз бири-бири менен жакындан тааныш болуп жүрүшсө, жакшы эле болсо керек деп ойлоюм, - Айшанын айткандарына баары маакул боло жакшы сөзгө ынанышты.

Күн да кечкирип, айлана караңгылашып калган эле. Ашкананын ээси менен Кадыр сүйлөшүп келгенден кийин үчөө шашылбай басышып жолго чыгышты. Май айынын салкын таза абасы менен аралаш келген шамал, алардын чачтарын серпе, ичи-койнунан аралап, беттерин сылай чапкылап өтүп жатты. Кылым көрүп калган чоң дарактардын баштарында жашоонун кызыкчылыгын билгизгендей ар түркүн канаттуу куштар сайрап жатты. Алардын ичинен Алиянын эң жакшы көргөн чымчыгы булбул эле. Булбул көпкө чейин сайрап барып, түрдүү кубулушта үнүн чыгара «Алия, Алия» – деп жаткандай.

## ЧИЕЛЕНГЕН ТАГДЫР

- Салкын ов! Салкын! Бол тезирээк! Ошко кетип жатам, балдарыңа даярдап койгон нерселерди салыштырчы. Тиги Асилбекти билесин го, ошол жөнөп жатыптыр. Даяр машина менен жетип алайын.

Шашылып басып келгендиктен Пазыл чекесинен терлер агып, бет аарчуусу менен кайра-кайра аарчып коюп Салкынга сүйлөп жатты.

- Азыр барып эле кызымын үйүнө барам да, анан кийин көптөн бери сагынышып калган, Маке досумун үйүнө барам го.

- О-ой жинди десе, дагы уйкудан калып, түнү менен сүйлөшүп чыксаңар керек ээ? Менин жумушум болбогондо, мен дагы барып



алар менен сүйлөшүп чер жазып келмекмин. Мейли. Менден сагы-
нып чоң салам айтып кой.
- Саламыңды сөзсүз айта барам. Алар дагы бизди сагынышса
керек? Өткөндө Толик Ошко барып келген экен. "Барсаңар салам
айта баргыла. Айрыкча аяштин бетинен алыңдын жетишинче өөп
кой" деп Майраш айттырып жибериптир, ха-ха-ха! – Пазыл санын
чаап күлүп калды.
- Толик аяшыңдин айтканын орундаттыбы?
- Ай, жинди десе… Аяшыңдин саламын көтөрө албай жүрөм
деп, басып алып өпкүлөп, бетимдин баарын шилекей кылса болобу.
- Жакшы кылыптыр да. Эми Ошко барсаң аяшыңды бирөө аркы-
луу эмес, өзүң жакшылап шилекейлеп коесуң да, ха-ха-ха… - Чогуу
каткырып күлүп калышты. – Бол эми! Даярданып жөнө, экөөбүз күлүп
олтура берсек, Асилбек күтүп олтура бермек беле, кетип калат.
Салкын Ошто жашап турган кызына керектүү буюмдарды чо-
гултуп, эки чоң сумкага салыштырды да, эми жөнө дегендей Пазыл-
дын колуна берди.
- Пазыл, айткандай эле Мырза-Акеге кайрыла келишти унутпа.
- Унутпайым алтыным. Ана, мен күткөн машинанын үнү чы-
гып калды, чыгайын. Тиги орулган жүгөрүнү кайрып койгула, мал
тебелеп койбосун.

Эки сумканы колуна кармап, шашылган боюнча чоң жолго
чыгып кетти.

Пазыл олтурган бул 06 жигулини Асилбек Россияга коммер-
санттык кылып барып келгенден кийин, жакында эле алган. Кол-
дон алса дагы, бир жеринде чийиги жок, таза эле боюнча экен.
Шоферлукту өздөштүрө билген Пазыл, машинанын акыбалын тез
эле түшүнө билди. Машина айдабаганына отуз жылдан ашып кал-
са дагы, бул техниканын баардык тетиктери жана анын айдоо сыр-
лары дагы эле көз алдында, унута элек. Асилбек бүгүн машинаны
айдоону чоң баласына берип, өзү катарына олтуруптур. Баласы
машина айдоонун сырын жакшы өздөштүрүп калгандай, жеңил
айдап тез эле Куршапка кирип келишти.
- Балам, азыраак токтолуп өтөлүчү. Андан көрө чайкана жак-
ка бур. Жарым саат көк чайдан ичип, анан жөнөйлү. Кандай дей-
син Пазыл, шашылбайсыңбы ия?
- Жок. Шашылганым деле жок.
Караңгыга карабастан жетип барсак деп шашылып жатканы
менен Асилбектин сөзүнөн чыга албай, анын артынан ээрчий бас-
ты. Тигинде катарынан салынган дүкөндөрдүн катарында эскили-

ги жетип калган качаңкы чайкана дагы эле иштеп жатыптыр. Жаштыгында ушул жерде училищада окуган кезинде өзү менен чогуу окуган балдар менен келишип чай ичишип турушаар эле. Ашканага ысык тамак ичүүгө акчалары кайдан болсун. Айына берилип туруучу стипендиясы, алардын эки күнүнө да жетпей калчу. Окуу жайда эки маал ысык тамак берилип турганы менен стипендияга деген акчаны чогултуша калышып ушул чайканага келишчүү да, Өзгөн күрүчүнөн палоо демдешип, чер жазылыша олтурушуп жешип алышчуу. Чайкананын ичи мурдагыдан кыйла эле өзгөрүп калыптыр. Алды жаңыдан цемонттолуп түзөлүптүр. Столдор, стулдар ирээти менен коюлган. Жакшына стол жапкычтар менен жабылып коюлуптур.

Оо, ал убакта Шекербек аке иштээр эле. "Менин эң жакын адамдарым келишти. Менин клиенттерим келишти. Менин "Ресторанныма" деп каткырып күлүп "келгиле" деп тосуп алып тураар але. "Эми ал киши кайда болду экен? Же дагы эле иштейби? Ошондо эле кыйлага чыгып калган киши эле, мүмкүн көзү өтүп кеткендир" деген ойдо чайкананын ичине бир сыйра көз жүгүртүп алды. Чай куя турган самоордо толмочунан келген жаашыраак бала олтурат. Толмочтугу эле болбосо Шекербек акенин өзү эле. Аркы бөлмөгө тамак жасоочу жай жасашыптыр. Лагман, мастава, шорпо жана башка тамактардын түрлөрүн алып ичкенге боло турган ашкана болуп калган тура.

- Пазыл эмне ичесиң? Лагманбы же шорпобу?

Шекербектин оюна аралашып чыккан үнүн угуп чочуп кетти.

- Жок, жок... Мен өзүм эле...

- Ушунча кирдик жакшы тамактары бар экен ичкенче кетели ийе?

- Азыр, мен өзүм...

- Жок досум олтура бер. Балам өзү эле алып келет. Лагманды жакшы көрсөң керек эле ийэ? Давай лагман алып ичели. "Пазыл дайым эле "лагман жасачы" деп лагманды эле жасата берет деп аяштин айтканын угуп калдым эле. Бакыт! Оо Бакыт! Бизге лагмандан ал маакулбу. Памыл чайдан бир чайнек, көк чайдан бир чайнек демдеткенче кел.

Асилбек баласына алчууларын айтып коюп кайра Пазылга карады.

- Ээ Пазыл!? Куршапта да кыйла өзгөрүүлөр болгону көрүнүп турат. Жаңы үйлөр көбөйүшүп, көчө бойлоп курулуштар курулуп жатыптыр. Жаңы базар курулуп бүтүп, пайдаланууга берилгенине



кыйла болуп калды. Кара-Кулжа, Өзгөн, Кара-Суу, бул жагы Алай, Ош шаарына биригип чо-оң мал базар иштеп жатат.

Союш керек болуп калганда, кээде ушул жерге келип алып кетем. Ээ Пазыл сен жаштыгында ушул жерде дагы жүрдүң окшойт а?

- Ооба. Училищада окубадымбы.

- Шаферлукту бүттүң беле?

- Бүткөнүм менен ал жагына иштегеним жок. Дагы башка окууга окуп эми мугалим болуп иштеп келе жатам.

- Ээ досум... Турмуш, тагдыр ушул тура. Мен деле жогорку окуу жайын бүтүрүп, эми жакшы бир жерге ишке кирейин десем, иш жок. Эми мына өзүң көрүп турасың чет мамлекеттерде соодагерлик кылып бала-чака багабыз деп жүрөбүз го.

Асилбек сөзүн улантып сүйлөп келе жатты. Пазыл анын сөзүн угуп-укпай тээ жаштыгында өткөн окуя көз алдына тартылды.

* * *

Алар даярдап келген машина керектүү жерге барып токтоду да, Пазыл кеткен жакты карап күтүп калды. Туйгун экөөнүн макулдашуусу боюнча Пазылдын акырын ышкырыгы чыгаары менен Туйгун үйдөн чыкмак. Андан ары экөө жетелешип алып машинага барышмак да, эки күндөн бери даярданып жатышкан Пазылдын ата-энесинин үйүнө карай жөнөшмөк. Короого кире бериши жыгач эргилчек менен тосулган. Эшиктин алдында тирөөчтөр менен тирелип аппак, кызыл аралаш жүзүм асылып бышып турат. Ал жүзүмгө чейин жөө жолдун эки тарабына түрдүү гүлдөр эгилип коюлган. Жүзүмгө жакын эгилген роза гүлдөр бийик өсүшүп жыты кумарды кандырат. Ошол роза гүлдөрдүн далдоосуна көрүнбөй жатып алып, акырын ышкырыкты чалганда, ал белгини уккан Туйгун ата-энесине билгизбестен жыла басып чыгып кетчүү. Бүгүн да ошол жерге гүлдөрдүн далдоосу менен жөрмөлөп барган Пазыл күндөгү ышкырык белгисин кайталай баштады. Бир, эки, үч... Канча белги берсе да Туйгундун уккудай түрү жок. "Туйгунга эмне болду? Ата-энеси билип калып чыгарышпай жатышкан го. Эгер билишкен болсо "сен кимсиң?" дешип бул жактан дагы кабар алышат беле. Мүмкүн досторунун үйүнө кетип жүрбөсүн. Мага үйдө эле болом деди эле" деген ар кандай ойдо калган Пазыл кайрадан көчө жакка чыкты. Жолдун аркы бетиндеги үйдөн башын чыгарып турган кийинекей кызга көзү түштү.

- Оу карындашым, бери келчи!

Көздөрү бакырайган апакай кыз Пазылын алдына чуркап жетип келди да, Пазыл сурай электе эле тез-тез сүйлөп эмне болгонун айта баштады.

- Сизди мен жакшы тааныйым. Туйгун эжеме дайым келесиз го. Апам да сизди көргөндө "Ымандуу жакшы бала экен, Туйгунду алса бактылуу болушат" деп калат.

- Ай, аны кое туруп Туйгун эжеңди айтчы. Ал каякка кетти көрдүңбү?

- Ооба көрдүм. Бир чоң машина келди да, ичинен төрт киши чыкты. Үчөө бул жерде калышып, бирөө кирип кеткен. Көп өтпөй эле тигил үчөө чуркашып кирип кетишти да, Туйгун эжемдин колдорун кайрышып көтөрүшкөн боюнча машинага салышып алып кетишти.

- Ийа-а?! Алып кетишти?!

- Ооба машинага салып кетишти. Чоң машина экен.

- Кайсыл тарапка алып кетишти көрдүңбү ия? - бүткүл денеси диркиреп алапайын табалбай чекесинен тер чыга түштү. Жаш баланын айтканын да чала угуп-укпай, күтүшүп турган жолдоштору тарапты көздөй чуркап жөнөдү. Көп деле убакыт болбоптур, мүмкүн артынан жетип бараарбыз деген үмүт менен Кара-Сууну көздөй машинаны катуу айдап жөнөштү. Алдынан чыккан машиналардын көбүн кууп жеткени менен, биринен да Туйгунду таба алышпады. Тиги кыз чоң машина экен деди эле, бирок бир да чоң машина жолуккан жок. Тигинде Жалал-Абад тарапты көздөй карап турган УАЗ машина турат. Эшиктери ачылган. Ичинде эч ким жоктой.

- Кайсыл тарапка?! - айдоочу жанындагыларга.

- Кара-Суута эле айдай берчи. Жакын эле жерге алып кеткендей элестетип жатам.

- Мүмкүн Кыдырша жакка бурулгандыр ия?

- Жок Кара-Суута айда! - Эч нерсеге көңүлү жок колуна эми тийе турган болуп тургандагы сүйүүсүнөн айрылып, колунан алдырып жибергенине кайгыга батып турган Пазыл, досторунун сөзү да ашыкча болуп тургансыды. Мына, Кара-Сууну аралап да көрүштү. Эч кандай чоң машина көрүнбөйт. Коммунизм айылына чейин үмүттөрүн үзүшпөй келишти да, кайрадан артка кайрылышты.

- Досторум. Менин жакын адамдарым. Мен бактысыз болдум го. Эми Туйгунду таба албаймынбы? Чын эле мен Туйгундан айрылдымбы? Айткылачы?! Эми мен ушундай адам таба аламбы?! Туйгун экөөбүз канча жакшы тилектерди айтышып, атам менен



апама мактанып "Мына сиздерге жакшы келин алып келдим" деп мактанайын дебедим беле. Алар кантип менден озунуп алып кетишти экен. Менден башкага эч чыкпайым дебеди беле. - Пазылдын көзүнөн жаш агып досторуна арманын айтып келе жатты. Досунун бул акыбалын көрүшкөн достору эмне деп сөз айтышарын билишпей, кантип кайгысына ортоктош болушаарына эси кетишип, машинанын ичинде унчугушпай келе беришти.

- Мен айрылдым. Туңгуч сүйүүмдөн айрылдым. Эми бул жерлерде кантип басып жүрөм?! Үйгө да кантип барам. Кана келинибиз деп сурашса эмне дейим. Ай, арман дүйнө ай!

Пазылдын Туйгунга жолукканына кыйла убакыт болуп калган. А дегенде чоочун баланын тамашалап сүйлөгөнүнө тээриге, аны кыйла жаман көрүп жүрдү. Кийин бара-бара экөөнүн мамилеси жакшы болуп, жолугушпай эле калышса сагыныша турган болушуп калышкан. Анда Туйгун али мектепти толук аяктай элек эле. Алардын мектептеги акыркы коңгуроосуна Пазыл барып музыка жагынан жардам берип да турду. Алардын мындай жакын мамилесин Туйгундун ата-энеси байкаганы менен Пазылдын жакшы бала экенин сезишип каршы болбогондой унчугушпады. Бир гана үйдө чогуу жашаган жеңеси көңүлсүз боло сырдуу ойлоно калчуу.

* * *

Мезгил шашат. Убакыт билинбей ай өтүп, жыл да айланды, Быйылкы кыш абдан оор болгонсуду. Кар оор жаап, мал-жандыктардын өлүмү көп болду. Чөп жетишпей колхоз, совхоздор тал-теректердин бутактарына чейин кыркып, чөп ордуна берип жатышты. Пазыл ата-энесинин жанында болуп, аларга жардам берип, эч жакка деле чыккан жок. Үйүнөн жогорураакта коктуга жаз чыгаары менен жерин чийип картошка экти. Аны сугарды, чапты. Жакшы кароодон го, түшүм жакшы алынды. Чөп да жылдагыдан жакшы болуп, эми орумга кире баштады.

- Ээ балам?! Шаар жакка барып базарлык кылып келчи. Кары адамга кант-канделек, чай-пай керек экен. Карыганда мени жөнөтпөй өзүң эле барып келе гой?!

- Жакшы болот ата. Азыр автобус келсе жөнөйүм. - Өзү көптөн бери баргысы келип жүргөн Пазыл тез эле сумкелерин алып даярдана баштады.

Ал олтурган автобус тез эле Өзгөнгө келип калды. Автобекетке келсе Кара-Суута кетебиз дешип даяр турган машинага туш келди. Өзгөндөн эле ала турганын алып кайрылса болмок. Негедир

Кара-Суу жакка барып-келип турду. Мүмкүн Туйгунду көрүп каламбы деген үмүт Пазылдын сезимине орноп туруп алды. Ошол ой менен алышып жатып кетип жаткан машинага чуркап барып түшүп сапар алды. "Мына аз болсо да менин жүргөн жерим. Тигинде Туйгун экөөбүз жашырынып келип өзүбүзгө керектүү буюмдарды сатып алуучу дүкөн. Тигил жол училищага кетчүү жол". Жык толгон адамдары менен алып учуп автобус Кара-Сууга да жетип келди. Кыйма-чийме жүргөн адамдардын көптүгүнөн баш айланат.

Кыйла убакытка чейин базардын кызыгына батып калган Пазыл курсагы ачканын сезип, жакын эле турган ашканага кире калды. Өзү жакшы көргөн лагмандан, чай менен нан алып, ашкананын бурч жагындагы бош жерге барып олтурду. Кызык, катарында олтурган адамдардын ичинен негедир кулагына жагымдуу өзүнө тааныш үн угулгансыйт.

Сабыр, тигил сумканын ичин карачы, Тумарбектин шымы бар бекен.

- Азыр. Мобурекиби ия?

- Жо-ок, дагы карасаң, башкасы.

- Сары шымбы?

- И-и ошол. Бери бер алмаштырып алайын, Тумарбегиң булганып алды.

- Ананай... Тумарбегим!

- Койчу Сабыр,көп эле эркелете бербечи. Уят го, тегеректи карасаң боло?

- Угушса, угушсун.

Тааныш үн угулгандыктан Пазыл акырын мойнун буруп, сүйлөшүп жатышкан эки жашка карады. – Ой! - тамагы да эсинен чыга тиги экөөнө карап туруп калды. Толмочунан келген ак жүздүү, кичинекей мурут коюп алган жигиттин катарынан, бала көтөрүп олтурган Туйгунду көрдү. "Чын эле сенсиңби? Туйгун алтыным менин. Сени жоготуп жибергенден кийин кайгынын канча күнүн өткөрдүм. Эсимден такыр чыкпай койдуң. Балалуу болуп калган турбайсыңбы ээ?" деген ойлор менен алышып жатып, тигил экөөнүн жанына кантип жетип барганын да өзү сезбей калды.

- Па…зыл..., ка... - денесине калтырак баскан Туйгун сөзүн да толук айта албай мукактанып калды.

- Туйгун... Амансыңбы Туйгун? Сен... - Кыйлага чейин унчукпастан Туйгундан көзүн албай, каректеринен жаш тама туруп калды.

- Бул ким Туйгун? Силерге эмне болду деги? Түшүнө албай калдым.



- Сабыр, азыр мен сага түшүндүрүп берем. Билесиңби, сен ушул адамдын колунан мени тартып алып кеткенсиң?! Бул ошол мен сага айткан Пазыл.

- Жашооң кандай Туйгун? Мен дагы эле сени издеп жүрбөймүнбү. Билем, сен дагы мени күтүп жатканыңды. Сенин кайда экениңди эч ким айтпады. Жүр кеттик?! Мен сени алып кетем.

- Жок! Пазыл эми кечиктиң го. Кара балалуу болгонмун. Жашообуз жаман эмес. Бул адам мени сыйлайт. Сен кечир мени..., - Көзүнөн аккан жашы апакай болгон бетинен ылдый куюлуп турду.

- Силер сүйлөшүп тургулачы, мен азыр... - Сабыр жыла басып эшикке чыгып кетти.

- Сени зорлуктап ала качып кетишсе дагы, булар күнөөлүү эместей мамиле кыласың да Туйгун. Буларды каматыш керек эле го. Кантип буларга чыгып бердиң? Же мурда эле сүйлөшүп койдуң беле?

- Кайдан дейсиң. Сага чыгаарымды Махабат жеңем билип жүргөн тура. Ошонун кылганы болуп жатпайбы. Бул бала жеңемин инилеринен болот экен. Жатка кеткиче өзгө кетсин деп, сенин ордуңа келип жатпайбы. Бул да сага окшоп гүлдөрдүн арасынан белги берип калбадыбы. Саатымды карасам жарым саат эрте экен. Мынча эрте келген деп ойлонуп туруп чыга бердим эле. Сени көп күттүрбөйүн дегеним. Үйдүн бурчунан бурула берээримде эле үч бала келип колумдан кайрып эле алып барып машинага салышты. Каршылык деле кылганым жок. Анткени сен экен дебедимби. Машинын ичине карасам сен көрүнбөйсүң. "Пазыл гана" десем азыр барабыз деп коюшат. Чоң жолго чыккандан кийин эле Кара-Суу жакты көздөй салышты. Ошондо билип жатпаймынбы. Токтоткула деп канча сурандым. Сотко берем деп да коркутуп көрдүм. Угуп да коюшпады. Арак ичип алышкан экен. Машинанын ичинде болушунча музыканы коюп алышыптыр, менин кыйкырганым сыртка угулгудай эмес. Кара-Сууга кире бериштен оңго бурду, мүмкүн артымдан келе жатышкан болсо көрүшүп калаар деп, ошол жерге токтоттум. Бошонуп алайын деген шылтоо менен жерге түшкөмүн. Пахта талаасын аралап кыйла бардым да, олтурган болуп жөрмөлөп жөнөдүм. Кыйла эле узап кеткендей болдум эле байкап турушканбы чуркап келе жатышыптыр. Туруп алып качып жөнөдүм. Сабыр гана машинанын жанында калыптыр. Калган үчөө мал кубалагандай кууп жүрүп мени кармап алышты. Ага да болбой талпынып барып катар турган тыттардын бирин кучактадым. Ичип алышкан балдар аны да карашпастан мени сүдүрөп жөнөштү. Мен кучактап турган тыттын кесилген кырдуу чөңөрүнө эки колум тең

туш келип калган экен. Тигилер булкуп тартканда, чыканактан аланыма чейин чөңөр терисин сыйрып кетиптир. Атырылып аккан кандан бара-бара денем талыкшып барып эс-учумду жоготуп коюпмун. Кийин көзүмдү ачсам ооруканада жатыпмын. Сураштырса бир күн өзүмдү билбей жатыпмын. Мына карасаң?

Туйгун Пазылга тыртык болуп калган колун көрсөттү.

- Жок, мен буга чыдабаймын! Мени кечиктиң дейсиң. Ушуларга окшош кара мүртөз адамдарга сени кантип калтырам.

- Кечир мени Пазыл. Чындыгында эми кеч болуп калды. Эми сага кетип калсам Тумарбегим жетим калбайбы?

- Бул бала.. Сабыр дединби атын. Сени капаа кылбайбы деги?

- Ушул убакка чейин бир да капаа кыла элек. Өзүнүн кылган ишине бушайман жеп да жүрөт. Эжесинин кылганына капаа болуп кыйлага чейин сүйлөшпөй да жүрдү. Пазыл… Менин сага деген жакшы көрүүм өмүр бою эсимде калат. Сен эми мага капаа болбо. Сенин дагы бактылуу болушуңду каалаймын. Мына, Сабыр дагы келип калды.

- Атың Пазыл экенин билем досум. Мен бир жаңылып силердин балалык сүйүүңөрдүн отуна кол салып алыпмын. Эгер мүмкүнчүлүгүң болсо кечирим сураймын. Колуңа кайрып берейин десем, арадан бир жыл өтүп калды балалуу да болдук. Туйгун сен сүйгөндөй, сүйгөнгө татыктуу адам экен. мен өмүр бою сыйлап өтөм, урматтайым.

Жүрөгү сыздап. Туйгунду дагы эле бергиси келбей турса да, бул баланын адамгерчилик сапаты жакшы экенин сезген Пазыл, Сабырдын айткан сөздөрүн угуп кыйлага чейин унчукпай турду.

- Туйгун… Мейли, тагдыр мага кайгынын жолун тартуулап келген белем. Сабыр экөөң бактылуу болгула. Сабыр?! Туйгунду жакшы кара.Өзүң айткандай Туйгунду урматта, сыйла. Бул ага татыктуу адам. Кош болгула! – Буттары чалышып араң баскан пазыл ашканадан чыгып кетти.

* * *

- Мына Ошко да келип калдык. Пазыл сен каякка барасың? Эгер бош болсоң биз менен чогуу жүр Черемушкадан үй алып койгомун. Бүгүн бир жакшы сүйлөшүп олтуралы. Кандай дейсиң? - Асилбек жүр дегендей Пазылга карады.

- Ырахмат досум! Батыш микрорайондо кызым бар. Азыр ошол жакка барам го.

- Оо анда таштап эле кеслу, жакын эле го. Алар машинаны шаардын так ортосу менен батышты көздөй салды.



- Азыр үйдү көргөнчө кет. Зээриксең өтүп келеерсиң?

- Убактым болуп калса карап көрөм. Оо Ак-Буранын жанында жакын досум бар. Студенттик кезден чогуу жүрүп дос болгонбуз. Ал менин келгендигимди укса сөзсүз бул жакка кел деп чакырат. Аяшим да жакшы адам.

Асилбек Пазылды кызынын үйүнө чейин таштап койду. Күйөө баласы жумуштан келе элек экен. Кызы менен дасторкондун четинде сагынычы жазылганча сүйлөшүп олтурушту.

- Ата бүгүн үйдө эле болуңузчу?! Күйөө балаңыз да азыр келип калат.

- Жок кызым. Досумдун үйүнө барайын. Телефон чалсам келесиң, даярданып олтурабыз деп калды. Бүгүн ошол досумдукунда болойун, эртең кайра келип, анан кетем.

Колуна керектүү буюмдарын алды да Пазыл досуна баруута аттанды. Күн кыйла кечкире түшкөн. Аялдамада адамдар аз. Анча көп убакыт өтпөстөн эле ага керектүү маршрут жетип келди.

Досунун үйү Ак-Бууранын бойлой жакын эле жерде дөңсөөдө жайгашкан. Алды бак. Үйүнүн алды кеңири. Эшиктин алдында сөөрүсү бар. Келген мыймандарга ыңгайлуу болуп, эс алып кеткендерине да жөндүү. Досу менен аяшы Пазылдын жаркырап тосуп алышты. Аяшиң келет экен деп Майраш көптөн бери даярдык көрүп жаткан. Дасторконго олтураары менен чай тамактарын алып келе баштады. Бири-биринин аманчылыгын сурашып, чыгармачылыктарынын кантип жатканын да сурашып, сагынычтары тарай сыр чечише олтурушту.

* * *

Фрунзе шаарынын орто жеринен орун алган көчөлөрдүн биринде орус кемпирдин бир бөлмөсүн батирге алган. Оштон келгенден бери шаарда иш таппай кыйла жүрүп калды эле. Акыры бир тааныш таап филармонияга ишке кирди. Даярдык көрүшүп күндө тыным жок. Анча-мынча жакын жерлерге концерт коюшуп барыпкелип турушту. Өзү жашаган көчөнүн орто ченинде азык-оокат дүкөнү жайгашкан. Ошол дүкөндөн жумуштан кайтып келе жатканда керектүү буюмдарды алып үйүнө келет. Кээде акчасы болбой калганда насия да жаздырып алып жүрдү. Мына бүгүн да күндөгүдөй эле күнүмдүк тамагына ылайыкташкан керектүү нерселерди алууга дүкөнгө баш бакты. Дүкөндөгү жайгашкан азыктарга бирсыйра көңүл буруп карап өттү.

- Келиңиз?! Сизге эмне берейин?! - деген назик сүйлөгөн кыздын үнү Пазылга жагымдуу угулду.

- Мен, азыр... - мукактана, маңдайында жаркырап күлүп турган, апапакай, тегерек бет. Бетинен нур чачып турган, өрүм чачы менен сулуулугу артып турган кызды көрүп, денесине калтырак басып туруп калды.

- Кечиресиз, сизге эмне болду? Ооруп турасызбы?

- Жо-ок..., Аз-з..., на-нан бериңизчи? - дүкөнчү кыздан сүрдүгө барып араң сөз узатты. Кыз Пазылдын азыркы акыбалын көрүп таңдана нанга бурулду. "Ой кандай татынакай кыз ия! Кыргызымда ушундай сулуу, жакшы кыздар көп ээ?! Тиги Туйгунум да жайдары сулуу кыз эмес беле. Арман ай! Мен бактылуу болоор бекенмин?" - деген ойго чөмүлө түштү.

- Мениз, дагы эмне керек? - деген кыздын үнүнөн чочуй.

- И-и, о-оба дагы келем. Мына акчасы, - дегенге араң жарап жыгыла тургандай теңселип басып сыртка жөнөдү.

- Хи! Кызык эле киши экен. Оорулуу эмеспи?.

Ошол күндөн баштап Пазыл бул дүкөнгө тез-тез келе турган болду. Эч нерсе албаса деле кандайдыр бир шылтоо менен кирип чыгуу ага адат болуп калды. Максаты эле ал кыздын караанын бир көрүп алуу эле. Кийин бара-бара жакындап сүйлөшүп да калышты. Жумасына бир жолу кинога же концертке барып келишет. Баланын көңүлүн кыз билгендей анын койгон талабына каршы болбостон аткарууда. Чындыгында эле Пазыл Айгүлгө жагып калган эле. Пазыл гастролго кеткен убакта Айгүл "тез келсе экен" деп күтчүү да болду.

- Айгүл алтыным. Мен бул жашоомдо мага керектүү болгон ардактуу адамымды таап алдым десем жаңылышпаймын. Ал сенсиң. Менин мындан кийинки болгон жашоом сени менен болсо деген тилегим бар. Мага турмушка чыгууга макулсуңбу? Эгер макул болсоң, ушул жума ичинде биздин айыл тарапка гастрольго кетип жатабыз. Сени ала кетейин. Сен тууралуу аларга кат аркылуу билдиргемин. Алыс эле болбосо мейли өзүң бил дешкен.

Пазылдын айткан сөзүнө Айгүл кыйлага чейин унчукпай туруп калды. «Эмне дээр экен? Мен бара албаймын деп койсо эмне болом?» деген кыялда Пазылдын жүрөгү уйгу-туйгу болуп жатты.

- Дүңкүлдөгүм... - Пазылды ушинтип эркелете сүйлөп коер эле, - Айткан сөздөрүңө мен маакул болгон менен үйдөгүлөрүм маакул болоор бекен? Алыс кетип калдың дешпесе эле болду.

- Ала качып кетти деп эле кетсек эмне болот. Азыр кыргыздын бир салты эмеспи?



- Атам го анча маани бербейт го, ал эми апам катуу таарынып каларын сезип турам. "Турмушка чыгам десең менин маакулдугумсуз турмушка чыкчуу болбо" деген сөзү бар.

- Мен билип турам, баары бир биз жакка сени турмушка бербейбиз деши мүмкүн. Тиги Орто-Алыштагы тайакең да экөөбүздү көргөндө анча деле кабыл ала бербесе керек. Өткөндө билесиңби? "Оштуксуңбу?!" деп кыңгырана жактырбай сүйлөп басып кеткенин.

- Анын теги эле башынан мүнөзү ошондой. Ага эч капаа болбой деле койсо болот. Өзүнүн апасы менен атасына да ошондой мамиле кылат. - Айгүл кыйлага чейин унчукпай туруп калды да анан Пазылга, - Мейли алтыным, даярдана бер. Мен ошол сен айткан тайакеме түшүндүрүп айтып коем. Ал мага жакшы түшүнөт.

Ошол сөздөн кийин бир жума тез эле өтүп кетти. Кечээ тайакесинин кичинекей кызы келип Айгүлгө кат таштап кетти. Апасынан экен. Ал катта төмөндөгүлөр жазылыптыр.

"Балам тез келип кетпесең болбойт. Атаң катуу ооруп төшөктө жатат. Кокусунан кечигип калып жүрбө. Сакайып кетишине көз жетпей турат. Төшөктө жатып алып сени эле сурап жатат, саламым менен апаң".

Мындай катты окуганда Айгүлдүн көзүнөн жашы кандай акканын билбей калды.

- Катуу кайгырбачы Айгүл. Сөзсүз атаң жакшы болуп кетет. Кой андай болсо сени автобекетке алып барып жөнөтүп келейин - деген Пазыл шашылып автобекеттеги Нарын деген автобуска Айгүлдү салып узаткан боюнча калды.

Алардын маакулдашуусу боюнча эртесинде Ошко жөнөшмөк. Болгону "тез келип калсаң, менин артымдан Ошко учуп бара бер, сени күтүп алам" деп гана маакулдашышты. Эртеси гастроль менен Пазыл Ошко учуп келе берди.

* * *

Достун да досу бар дегендей. Бул экөө окуу жайда окуп жүргөндөн баштап эле ысык дос болушкан. Бири Шаит-Дөбөдө, бири Шелк комбинаттын катарында квартирада турушат. Күнүнө болбосо да, эки күндө бирден жолугушпаса курсагы тойбой калган адамдай бири-бирин издешип калышчуу. Окуп жүрүшүп, бала-чакасы менен жашап, окуп жатышса да, кыйналгандарын эч кимге билгизишпегенге аракет кылышаар эле.

Алган стипендиялары олтурушкан батирге гана арaң жарачуу. Жумасына эки же үч күн поезд вокзалга кара жумуш кылууга барышып, келген вагондордон картошка, пияз жана башкаларды түшүрүшүп, андан түшкөн акчаны коротпостон үйгө керектүү нерселерди алып келишчүү.

Кээде бир тыйын да акчалары калбай ачка калган күндөрү да болгон. Ошол күндөрүн көп эстешип Пазыл Ошко келген сайын дайыма досунукуна келип сырдашып сүйлөшө черин жазып кетет.

Бүгүн да чекесинен терин агыза, аяшинин жасап берген палоосунан бурдап жеп, чайдан чайпалта ичип коюп, каткырып күлө сүйлөп олтурду.

- Жашоо бара-бара кыйындап бараткандай болот досум,- Пазыл улутуна тигилерди тигиле тиктеп, - Кечээ Өзгөнгө келип кеттим. Биз менен иштеген тааныштардын бири «Жүр мени менен шерик болуп барып келчи? Биздин бир тааныш келин бар эле, ошол каза болуптур» деп калбадыбы. Маакул деп барып бата кылып келдик. Байкуш колунда жок келин экен. Балдарын багыш үчүн күндө кошуналарынан нан сурай берип тажаткан го. Же, туугандары жардам бербегенби? Балдарын көчөдөн үйүнө чакырып алыптыр да, балдарына уксус ичирип өлтүрүп, андан кийин өзү ичип алыптыр. Ошол убакта кошунасы бир нерсе сурап кире коеюн деп алардын акыбалын көрүп туруп тез жардамды чакыра коюптур.

- Ай-и-ий, аяш. Эмне болду анан? Жок дегенде келин аман калыппы? Балдарына жаман болуптур да ка-ап!, - Майраштын өңү бозоро түшүп кейинип калды.

- Кайдан тирүү калсын! Догдурга жетпей эле каза болуптур кургур. Ыйлабаган адам жок. Туугандарына элдер наразы болуп жатышты. Мүмкүн алар көңүл бурушуп жардам берип турушса, албетте мындай нерсе болмок да эмес.

- Мындай жаман сөздөрдү айтпагылачы?! Азыр эле каткырып күлүп жатып эле «Мажордон», «Минорго» өтө каласыңар да?

- Ха-ха-ха! Азамат кызым, музыканттын баласы да музыкант болот. Карачы досум? Бул кичинекей кызың музыкалык терминдерди да эмитен жатка билет тура. Сен экөөбүз студент кезибизде, жарым жылдап окуп жатып да мажор менен минорду зорго айырмалаганбыз. Минор болуп баратка용ыбызды дароо сезип, күлкү менен мажордун жолуна салып койду. Ээ кызым?, - кыздардын эң кичинесине карап. - чоңойгондо ырчы болосуңбу?

- Ооба!



- Айланайын алтын кызым келчи бери, мурдуңдан бир өөп коеюн. Муйдушу, муйдушу, муйдушу.., мм-ох!, - кызынын мурдунан сүйө Мамат эркелетип калды.

- Ооба эми, каадалы кызы барчылап! Мурду эмне, сеникиндей эле барбайган мурду бар да. Тигине?.. – Майраш аларды тамашалап калды.

- Ата.

- Оо-у кызым угуп жатам.

- Сиздерге бир кызыктуу окуя айтып берейинби?

- О азамат десе кана айтчы? Чогуу угалы. – Пазыл бапылдап сала берди.

- Айт кызым, айта гой! – Майраш аяшин коштоп.

Чын эле баары мени угуп жатабы дегендей тегеректе бир сыйра көңүл буруп карап алды да, быйтыйган колдорун сербеңдетип сөзүн баштады.

- Өткөндө Айжамал досумдун үйүндө кызыктуу окуя болуптур да. Алардын оо жогору жактагы үйү бар го? Атасы ошол үйдө жүрсө бир чо-оң келер чычкан үйүнүн ичинде 100 сомдук акчаны көтөрүп келе жатат дейт. «Бул эмне деген акча болду экен» деп Айжамалдын атасы кызыгып калыптыр. Өзү жаткан дивандын алдына алып келип таштап коюптур да, кайра кетип калыптыр. Ошол боюнча эртеси да ошол эле убакытта дагы бир 100 сомдукту алып келип таштаптыр. Буга кызыккан Айжамалдын атасы күнүгө ошол убакта карап олтура турган болуптур. Чычкан да адамдан качпай үйрөнүшө баштаптыр. Айжамалдын атасы акырындап бир кесындырымдан нан берип койчуу болуптур. Чычкан акча алып келет экен да, нанды сүдүрөп алып кетет экен. «Бул чычкан мынча акчаны кайдан алып келип жатты экен?» - деп кызыгып ойлонуп көрсө. Ал үй дүкөнгө жабышып түшкөн үй экен. Ошол дүкөндөгү акчадан бирди сууруп алып келе бериптир. Бир күнү ал киши шаарга түшүп келүүгө жөнөптүр. Жөнөөрдө үйүнө аркы жактагы кошунасын киргизип, «чычкан акча алып чыгат, акчаны алып туруп нандан бир сындырым берип кой» – дейт. Айжамалдын атасы кеткенден кийин, беркы кошунасы чычкан чыкканда нандан берет, бирок акча алып келбей коет. Эртеси дагы күтөт. Дагы эле акчасы жок нанды алып кетип калат. Акыры чыдабай киши чычканды өлтүрүп коюптур.

- Эмне бүттүбү? Оо азамат десе. Чындап эле кызыктуу окуя тура. Э Пазыл мурда ушундай окуяларды уктуң беле? Көрдүңбү?

Менин кызым кандай сонун аңгеме айтып берет экен? Айланайын кызым? Келчи бери, дагы бир жолу «муйдуңдан, муйдушу»...

- Ии ата болдучу эми! Мен чоңоюп эле калдым го. Дагы эле эркелете бересизби?

- Сени эркелетпей кимди эркелетем кызым.

- Сүйүп жүрүп тапкан кызың да, туурабы досум?, - Пазыл кепке кирип.

- Аяшимди эгер сен алып албаганыңда, анда мен алып келет элем. Бул менин алтын аяшим. Муну сыйла досум. Сен бактылуусуң. А мен... Пазыл ойлуу боло токтоп калды.

Фрунзеден чыкканына эки сааттай болуп калды. Ал олтурган автобус эч жерге токтобостон шашылгандай Нарынды көздөй жол салып келүүдө. Машинаны башкарып келе жаткан шофер тегерек бет, калың кара кашы бар. Сербейген мурут коюп алган орто жаштагы киши. Катарында олтуруп келе жаткан чийкил сары жаш бала менен бир нерсени чечише албай жаткандай тез-тез сүйлөп келе жатышты. Автобустун артында бир топ жаш балдар менен кыздар олтурушат. Жолдун узактыгын билишпей каткырыша күлүшүп келе жатышты.

Автобус улам өрдөп баруудa. Асман тиреген тоолор. Тээ бийикте зоолордун устарына асылышып жаай жылышкан булуттар.

Айлананын сулуулугуна көз артып келе жатканы менен Пазылдын оюу Айгүлдө. «Экөөбүздүн жолукпаганыбызга бир айдан ашып калды. Бара бериңиз атамын акыбалын сурап коюп барып калам», деген сөзү али кулагында. Гастрольдо жүргөндө да келип калат деп аэропортко көп жолу кайрылып келип кетти. «Кой сага Ошко эмне бар, ушул эле жерге турмушка чыгып ал?!» – дешип турмушка берип коюшту бекен. Ошондой болушу да мүмкүн. Тиги шаардагы тайкеси да Ош дегенде анча жактыра берген жок эле.

- Мына Нарынга да келип калдык. Силер кайсыл айылга барасыңар? Тогуз-Торого эмеспи ия?

- Аа келдикпи? Жок мен ал жакка эмес. Кечиресиз Кочкорго бара турган жакты айтып коерсуз?,- Пазыл катарында шаардан чыкканда эле үргүлөп ошол боюнча уктап келген адамга жооп бергенче кайрылды.

- Макул, жакшы болот. Сизди бекетке барганда автобуска салып да коем. Сүйлөгөнүңүзгө карагандабизге келген мейман окшойсуз?



- Ооба Фрунзеден келе жаттым эле.

Айткандай эле бекетке келгенде Кочкорго бара турган жолун түшүндүрүп айтып автобуска салып койду.

- Сиз келип калдыңыз, - арт жагындагы олтургучта олтурган кырдач мурун, сары кыз Пазылдын далысынан таптап.

- Ырахмат карындашым!

- Мобуреки жак менен түз барсаңыз мектеп бар, ошол жерден сурасаңар айтып беришет, - деп тигил кыз колун жаңсап тоо тарапты булгалады.

- Ырахмат сезге, жакшы болот, - Пазыл тигил кыз көрсөткөн жакты көздөй бет алды. Көчөлөрү таза, үйлөрү тыкан салынган, көзгө жагымдуу көрүнгөн, кирпичти ирети менен тегиз коюп койгондой көчөсү асфальт менен төшөлгөн чоң айыл экен. Пазыл мектепке жакындап калганда алдынан орто жашап калган, ичке мурутту бар, арык-чырай киши алдынан чыкты.

- Саламатсызбы байке!

- Саламатчылык!, - бул ким экен дегендей тааныш эмес бул адамды бүшүркөй карай Пазылга, - силерге ким керек эле?

- Кечиресиз, мен Фрунзеден келе жатам. Эгер мүмкүн болсо мага Айгүл деген кыздын үйүн айтып кое аласызбы? Бир ай болуп калды деги эле андан дайын жок.

- Кайсыл Айгүл болду экен? Калдыбайдын кызы эмеспи? Ал...
- Бир нерсени айтайын деп барып тиги киши токтоп калды.

- Оо-ошол Калдыбайдын кызы.

- Ии андай болсо мобуреки жак менен түз барасыңар да тоого жакындап калганда экинчи көчөдөн солго буруласыңар. Ошол жерден сурасаңар айтып беришет.

- Ырахмат сизге, чоң ырахмат! – ыраазы боло чуркап жөнөгөн Пазылдын артынан сырдуу тиктеген тиги киши бир аздан кийин башын чайкай мектеп жакка бурулду.

Айгүлдүн үйү бышык кыштан салынып, үстү тунике менен жабылып, катарында алма бак тигилиптир. Быйыл жемиши жакшы болгудай. Мөмөлөлү кыйла чоңоюшуп калыптыр. Үйүнө кириште эки тарабына көк арча эгилиптир.

- Силерге ким керек?, - деген 6-7лер чамасындагы кыз чоң эшикти ача Пазылга тигилди.

- Мага Айгүл керек эле.

Ал кыз тез бурулду да эч жооп айтпастан үйүнө карап чуркап кирип кетти. Көп өтпөстөн эле, орто жашап калган тегерек көз, орто бойлуу аял эшиктен баш бакты.

- Силер кимсиңер? Кайдан келдиңер?
- Мен Бишкектен келдим эле.
- Киргиле. Үйгө кирип сүйлөшөлү. Мейман турбайсыңбы? Сен Айгүлдү кайдан тааныйсың? Же чогуу иштедиңер беле.
- Эмне болду айткылачы Айгүл эмне чыкпайт? Ал каякка кеткен? - Жүрөгү бир нерсени туйгандай уйгу-туйгу болуп жатты.
- Мен куруюн балам, Айгүлдөн айрылып калганбыз…
- Эмн-ее! Кандайча?!, -бирөө келип башына чоң муштум менен уруп жибергендей көздөрү караңгылаша түштү.
- Сен Айгүл айткан бала окшойсуң балам? Кеч калдың… Ооба кеч калдың. Сенден алып келип алам деп кызымдан айрылып калбадымбы, - аял ыйлап жиберди.
- Кантип?! Айткылачы эмне болду? Оорудубу?
- Ооруган деле жок. Сага ачыгын айтайын балам. Силердин бактыңарга кол салам деп ойлоп, кызымдын өмүрүнө кол салыптырмын.
- Тигил чоң келиним бир күнү келип муну айтып калбадыбы. «Апа менин угушума караганда кызыңыз Ошко кете турган болуп жатыптыр. Ал жакка берип эмне кылабыз. Алардын салты да жаман. Кызыңыз кыйналып калат. Алыс да болсо. Андан көрө чакыртып келип өзүбүзгө качыртып жиберейлиби» – деп. Кургур жаным, кашайып ошого маакул көрбөдүмбү… Ал экөөбүз олтуруп алып жалгандан эле «атаң ооруп жатат» деп кат жаза койдук. Байкуш кызым, - үү-ү! – ыйлап алып кайра сөзүн улантты, - кат барганда эле жөнөгөн тура. Келээри менен биз сүйлөшүп койгон жогору жактагы малчынын баласы Талипти чакырдык. Экөөнө бир үй даярдап ошол жерде тааныштырмак болгонбуз. Айгүл келип атасынын жакшы эле экенин көрүп сүйүнгөн эле. Кайра эле эртеси кайта турган болгон. ошол күнүн жеңеси экөөнү бириктирген көрүнөт. Койгула дегенине да көнбөй койбодукпу-у-у…

Апасы кыйлага чейин бышыктап ыйлап барып, кайра сөзүн улады, - Таң атып калган эле. «Эне жүрүңүз тигил кыз төркү үйгө кирип алып эшигин ачпай жатат. Мен өлөм дейт»., - деп келиним чуркап келип калды. Ансыз деле түнү менен уктай албай чыккан жаным, бул сөздү укканда ордуман кантип атып туруп барганымды билбеймин. Айгүл, айткандай эле эшиктин ичинен жаап алып эч кимге ачпай жатыптыр. Атасы да, мен да «кызым эшигинди ач, эмне оюң бар. Тентектик кылбачы» деп жакшы эле айттык. Болгону, «Мен жазган катты ээсине берип койгула» – деп айтты да онтогон үн чыгып барып унчукпай калды. «Айгүл, Айгүл!!» – деп канча ча-



кырсак да үнүн чыгарбагандыгынан эшикти талкалап кирдик. Айгүлдүн оозунан ак көбүк келип… Уксуз ичиптир анан… көзү аңтарылган боюнча о дүйнөгө кете берген тура. Байкуш кызым ай!! Уу-у!

Эненин азыркы акыбалы көргөндөрдүн жанын кейитээрлик, көздөрү киртейип калган, Жоолугун да эптеп салган акыбалда эле. Кызынын азабынан, толмоч келип, оору-сыркоо менен иши жок, тамакты да жакшы ичкен, чарчоону да билбей жумушту кылып жүргөн аял, эми арыктап, тамак өтпөй. Көздөрү шишимек тарта кыйналып турган убагы экен. Көзүнө жашын ала, маңдайында турган баланын арманын кантип жубатаарын билбей кыйлага чейин унчукпай турду да, кайрада сөзүн улантты.

- Эмне кылабыз анан кийин? Ыйлап-ыйлап Айгүлүмдү кайра таба албадык. Атасынан токмокту да жедим. Столунун үстүндө мына бул кат турган экен. Көрсө сага берип кой деген тура балам. Эгер кудуретиң жетсе мендей билими жок адамды кечирээрсиң балам. Айгүлдөн айрылдым балам. Ага күндө куран окутуп, жок дегенде арбагы кечирээр деп тилек тилейим. Көзүмдөн жашым тыйылбай келүүдө. Мындан кийинки балдарымды мындай акыбалга таштабаймын деп өзүмдү-өзүм каргадым. Пазыл катты колуна алып эчкирип ыйлап алды.
- Айтыңызчы Айгүлдүн мүрзөсү каерде? Өзүн көрбөсөм да, жаткан оордун көрүп кетейин.

Мүрзө айылдан анча деле алыс эмес, тоо тараптагы дөңсөөгө жайгашыптыр. Тизеге жетип өсүп калган чөптү аралай жакында эле казылып маркумдарды койгон жайга келишти. Тиги четтегисинин топурагы жаңы экен. Аны жакында эле койгондой. Анын катарында да ошондой эле бирөө турат. Араагыракта топурагы кичине жай болуптур. Жаш бала коюлганы билинип турат. Анын жанын да бир жай турат. Ээрчитип келген бала Айгүлдүн жайы ушул деп, дал ошол жайды көрсөттү. Пазыл жерден терип алган гүлдөрдү жайдын үстүнө койду да. Күбүрөп бир нерселерди өзүнчө айтып кыйлага чейин олтурду.

Ооба! Анын азыркы акыбалын сүрөттөш кыйын эле. Бирөө келип, Пазыл сага эмне болду? – десе эле ыйлап жибере тургандай. Көзүнүн жашы Айгүл жаткан жайдын топурагына агып сиңип кетип жатты. Ал бактылуу болгусу келген. «Ошко барып ата-энеңе бактылуу келин болом. Сен экөөбүз көп балалуу болобуз» – деген сөзү Пазылдын кулагына жаңырып тургансыды. «Ыйлабачы Пазыл, Дүңкүлдөгүм менин. Сен кайраттуусуң го ээ?» – деп жаткан-

дай. Сенден айрылгандан кийин мага каяктагы бакыт болсун деген оюнда Пазыл көзүнүн жашын тыялбай турду. Бир топтон кийин топурактан кочуштап алды да «жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун» – деп жайдын үстүнө чачып койду. Олтурган калыбында Айгүлгө арналган куранды окуду да ордунан турду.

* * *

Оо, андан бери көп убакыт өтүп кетпедиби. Эми мына Салкын менен үйлөнүп бала-чакалуу болдум. «Өлбөгөн жанга жаз келет» – дегендей тагдырымдын чиеленишкен мезгили да өз нугу менен өтүп келе жатат. Маматка окшогон досторду күттүм. Окуу жайды аяктап көп жылдардан бери мугалим болуп эмгектенип, эл катары иштеп келе жатам. Ачуу менен таттуу катарлаш жүрөт тура. Экөөнү тең көтөрө билген адам, бул жашоонун жолунан адашпай өз нугу менен жашап келе берет турбайбы. Көп убакыт өтсө дагы, жашоосундагы бир жылт өтүп кеткен Туйгун менен Айгүл тууралуу окуяны, алар жөнүндөгү балалык сүйүүсүн жүрөгүнө сактап келет.

- Чарчадың окшойт досум. Анда эс алалык. Жакшы жат.
- Маакул досум?! Өзүң дагы жакшы-ы түш көрүп жат. Эртең калганын сүйлөшөбүз. Аа-а... - оозун кеңири ачып эстей Пазыл акырын уйкуга кетти.

## ЖАЙЛООДО

- Оо, Майрам, Майрам ов. Үйдөсүңбү, бери карачы?
- О-оба, үйдөмүн. Эмне болду?
- Уксаң, тиги Алымбек аке жайлоого жөнөп жатат. Жайлоого барасыңбы? Барсаң чогуу шерик болуп чыгып кетели.
- Эрте менен эле кетпейлиби ия? Күн да айнып турат. Жамгыр жаап жиберсе кыйналып калабыз го?
- Алымбек аке барында кыйналбай эле жетебиз. Жүр кеттик, тез эшегиңди даярда! – шаңк эте жайдарылана сүйлөп такылдаган Сакендин кызы Айгүл, Майрамды шаштыра коюп, өзү да даярдангани үйүнө кирип кетти. Айгүл экөө мектепте бир класста окушат. Кичинесинен көңүлдөрү жакын болушуп, кайда барса да чогуу жүргөнгө аракет кылышат.

Майрам айткандай эле, көп өтпөй асманды кара булут каптап, шамал уйгу-туйгу боло жамгыр да себелеп кирди. Алар даярданып тоо таяна бергенде катуулап жамгыр жаай баштады.



- Кана, тез-тез бастыргыла! Жамгыр катуулай электе тээ ашуудан ашып кетишибиз керек, - деп Алымбек кыздарды шаштыра эшегине камчы урду.

Улам өрдөп барган сайын алардын жүрүшү кыйындап бараткандай. Жамгырдын суусу барып-барып катуу селге айлана баштады. Далдоого туруп туралы десе, ылайыктуу далдоолой турган жерлер артта калып калган эле. Өтүүгө кыйын жер деп коркуп келе жаткан кыяга да жетип келишти.

- Айгүл, алдыңды карап бастыр. карасаң кыян чоң-чоң таштарды агызууда. Майрам, сен да тездетип бастыр. Ча-ап эшекти! – Алымбек күйүп-бышып, беркилердин артына өтүп алып, алдындагы эшектерди камчылайт.
- Хы, хы, эш-ш! Алымбек аке, токтой туруңуз! Карасаңыз чоң таш келатат. Алымбек аке-е-е...

Майрам айткандай, жогортодон кыян менен тоголонуп келген чоң таш тегеренип келип Алымбек минген эшектин капталына тийди. Жыгылып бараткан эшектен Алымбек чапчаңдык кыла тууралап секире, жар боорунда өскөн жыгачтын бутагына жармашып кыздардын жанына келди.

- Кыздар болоору болду окшойт. Силерди чокуга чыгарып коеюн. Анан келип эшегимен кабар алайын, - деп кыздарга жардам берип, жаман жолдордон өткөрө чокуга чыгарды да, кайра төмөн түшүп кетти.
- Айгүл, Алымбекти күтө туралы. Мүмкүн эшеги өлбөгөндүр ия?

Суу денесине жабышкан, калтырак баскан боюнча, ээриндери суукган көгөргөн Айгүл чыдай албай, - Кете береличи, - деп Майрамды жалооруй карады.

- Кичине чыдай турчу. Мен деле үшүп турам. Аны жалгыз калтырган болбойт го, - калтырап үшүп турса да, Майрам кайраттана.

Айткандай эле, көп өтпөй Алымбек эшегин тарткылап жогору чыгып келди.

- Өлбөгөнү жакшы болуптур да? – Майрам сөз ката унчукту.
- Эмне болуптур, өлбөгөнү жакшы болуптур да? – Майрам сөз...

Алымбек эшегинин токулгаларын бир сыйра оңдоду да, «Кеттикпи?» – деп эшегин жорголотуп алдыга жүрдү. Ушул эле убакытты күтүп тургансып дүпүйгөн кара булуттар чыгышты карай тездеп сүрүлө баштагандыктан, жамгырдын да жаашы сээлдеп барып токтоп калды. Күн кечкирейин деп калыптыр. Жамгыр токтогондон кийин айланадагы түркүн куштардын үнү чыгып, айланы кубулжута сайрай баштады. Көйнөктөрүнүн суусунан калтырашып үшүп турушкан кыздар, аздан соң кийимдери кургагандыктан денелерине жылуулук тарап, үшүгөндөрүн билбей калышты. Күн караңгылап калганда анча-мынча жерден көрүнгөн чырактын жылтылдагын караандап бара турган жайлоого да кирип келишти. Катуу кыян, жайлоодогу боз үйлөргө да залакасын тийгизиптир. Алымбектердин боз үйүн кыян алып кетиптир, Сайкал эженин боз үйү да чогултулуп коюлуптур. Аны да жыккан окшойт. Тигинде Шербет эненин да боз үйү чачылып жатат. Деги бүтүн боз үйлөр калдыбы? – деген ойдо алар тээ арыраакта чырактын жарыгы түшкөн тарапты көздөй жөнөштү. Дөң жерде жайгашкан эки гана боз үй, бир боз чатыр гана аман калыптыр. Бирөөсү Майрамдын үйү эле.

- Ай, айланайындар! Бул кайдан, мындай жамгырда кеч, силерге эмне бар? Капырай ботом, деги эсен-аман келдинерби ия? Кеч чыгыпсыңар да иэ? Силерден кийин жөнөгөн эч ким жок болду бекен? Артыңарды карап келдинерби? – дешип катар-катар суроолорду беришип, камтама болуп жатышты. Артында эч кимди көрбөгөндөрүн, эсен-аман келгендерин жобурашып, ысык оттун жанында жылынып олтурушту. Айылдагы кыян алып кеткен үйлөрдүн ээлери Майрамдардын үйүндө чогулушуп олтурушкан экен.

Эрте менен кайрадан боз үйлөрүн көтөрүшө жайлоонун шаңы өз нугуна келгендей, кереге-ууктарын түзөшүүдө. Жакында эле боз үйүн жаңылаган Шербет эне, сынган ууктарына нааразы боло эптештирип көтөрүп жатты.

- Эки-үч күндөн бери бул төөлөр аябай жинге тийип жатат. Өлүңөссейиндер десе! Тиги төөлөрдүн буурасы кирип калгандай көрүнөт. Оозунан ак көбүгүн чачыратып калыптыр. Көзү да кызаргандай түрү бар. Булкунушуп үйгө чейин кирип келип да жатышат. Бири жинденип алса, калгандары да кошула берет окшойт. Кечээ үйгө кирип келгенинен чыбык менен башка чаап араңдан чыгарбадымбы, ботом. Ана, карасаңар дагы үйлөргө кире калып жатат. Ачуусу бир келгенде буларды токтотуш да кыйын тура.



Күн бийикке кыйла көтөрүлгөндө, балдардын бир тобу өөндү (кыштакты) көздөй жөнөп калышты.

- Апа мен да кошулуп кете берейин. Атам тиги Ойурманын башында жүгөрүдө. Барып чай, тамактарын кылып берип турайын. - деп Майрам да балдарга кошулган. Алар чогуусу менен төөлөр турган коктуга кире калышканда, оро-пара келе калышкан төөлөр үн сала айкырып аларга тап салышты. Коркуп кетишкен балдар кантип эшектердин үстүнөн кулап түшүшүп, буттары айрыла, беттери сыйрыла карагандуу токойго кирип кеткендерин да билишпей калышты. Кууган төөлөрдүн алдында эшектер ачуу айкырык менен качып жүрүшөт. Аларга жете келген төөлөр ачуу тиштери менен капталдап тиштегенде чыдабаган эшектер бакырышып талпас ура качышууда. Эми эле бел боолорун бышытышып көтөрүшкөн боз үйлөргө кире качышкан эшектердин артынан төөлөр киришип, ун-чайларды, каймактарды, сүттөрдү төгүп, чачышкандыктан, боз үйлөр талкаланып жараксыз болгонун көрүштү.

- Бул окуянын жүрүшүн карап турушкан адамдар эч нерсе кыла алышпай, аркы жайлоодогу малчыларды жардамга чакырганы кетиришти. Көп өтпөстөн келген малчылар, атчан узун укуруктары менен төөлөрдү кууп жүрүшүп, жерге жыгышып, буттарынан чырмап байлоого мажбур болушту.

«Кирген буураны союп койбосо болбойт. Төөлөрдүн баары жинденип алышкан тура» – дешип, курч бычак даярдашканда, аны көргөн төөлөр андан бетер ачууланышып булкунушат. Акыры бууранны туура тартып союшканда аны көргөн башка төөлөрдүн жиндери таркагандай бошошуп, унчугушпай калышты.

Карагандардын арасында жатышып, бул окуяны көрүп турушкан балдар, коркунуч артта калганын сезишип кайрадан качып жүрүшкөн эшектерин кармашып кыштакты көздөй жолго чыгышты.

* * *

Эртеси Майрам атасы жүгөрү өстүргөн Ойурманын башына барды.

- Кел кызым, айланайын. Келе муйдуңан… муйдуңан… - оозун чормойто, өөп коеюн деп кызынын мурдуна жакындады.

- Коюңузчу ата, чоңоюп калсам деле муйдуңан дей бересиз да? – Кытылдап күлө мейличи дегендей атасына мурдун тосту. – Ата, кечээ жайлоого барып келдим.

- Ии, анан... ал жактагылар тынч, аман бекен? Апаң койлорду кыркып алыптырбы? Шербет энең демдүү жүрөбү?

- Жакшы, баары тынч. Сизге чо-оң салам айтышты. Апаң Турдунун төөсүн союшту.

- Ооруппу?

- Жо-ок кириптир. Үйлөрдү талкалап, эшектерди тиштегилеп.

- Деги адамдар тынч элеби?

- Баары эле тынч. Болгону Шербет энемдин үйүн талкалап кетти.

- Ай, ай, ай! Ал боз үйдү жакында эле жасатып алышпады беле. Абдирайимдин жини дагы келет экен да. Өткөндө бир уугун сындырып алса «Апа, ушундан көрө өзүң сынбайсыңбы» - десе болобу,

- Ата, карасаңыз? Оо ылдый жакта келе жаткан Акыл энемби?

- Ошол окшойт, эшегинин чоңдугуна караганда. Бозбу?

- Ооба. Чоң, боз эшек го.

- Анда ошол Акыл энең. Жүгөрүсүнөн кабар алып келе коеюн деп келе жатса керек да, кургур. Балдары да борборго кетип окуп-чокуп жүрүшөт окшойт. Тиргилик өзүнүн мойнунда калыптыр.

Кыя жол менен жүрүп, Арстан турган түзөнчөгө чыга берээрде Акыл эненин эшеги айкырып жүрө берди.

- Эш-э! Эш! О, өлүк тиригинди көрөйүн десе. Болду эми э-эш! - деп араң токтоткон эне, чатырдын жанына келгенде Арстандын жетеги менен эшектен жерге түштү.

- Арбагыла! Кандай олтурасыңар? Ээ Арстан, ме! Эшекти өзүң эле аркандап байлап келе койчу?

- Каерге байлайын? – Арстан Акыл энеге суроо бере.

- Жогору жактан чочколор көп келет. Ошондуктан жүгөрүнүн ылдыйкы бурчуна аркандап кое сал. Чөбү да жакшы окшойт. Эшегим бир тое жесин байкушум.

Акыл эненин көрсөткөн жерине Арстан алып барып аркандап келди.

- Силер жүгөрүдөн кабар алып олтуруп тургула. Мен тээ Бекечал тарапка барып келе коеюн. Кичине жумуштарым бар эле. Тез эле келип калам. – Арстан тышкы кийимин моюнуна иле жол тартты.

Бара-бара күн караңгылашып айлана да көрүнбөй түнт болуп келе жатты. Айлана тынч. Акыл эне менен Майрамдын уйкусу келе баштагансыды. Бир мезгилде «хрю-хрю» деп кошкургансыган үндөрү бар талаа чочколору, алар олтурушкан чатырчага жакындап кирип келишти. Чатырдын тегерегин казыша, чатырды түрткүлөп да жатышты. Кичинекей балдары чатырдын ичине да кирип келгендиктен, мурдатан даярдап алышкан таштар жана чыбыктар менен ургулашып чатырдын ичине жакындатпай кубалап турушту. Арт жактан тумшугу менен челип чатырды айрып, тумшугун салган каманды Майрам кичинекей колу менен «Күш-ш, күш-ш!» деп түрткүлөп айдагансыйт. Аны тигил каман тоготуп да койбойт.

Аңгыча «о-о, гууйт!» деген адамдын үнү угулду. Ал Арстан эле.

- Ата-а, бул жакта чочколор жүрөт! – Майрамдын үнүн уккан Арстан – Коркпо балам, азыр кубалайым! – деп мынтыгын жаңырта эки жолу асманга атты эле, мылтыктын үнүнөн жалтанган чочколор акырындан арттарына кайтыша алыстап кетишти.

- Ох! Тынчсыңарбы деги. Кичине эле жок болуп калсам. Кысталактар... Жүгөрүлөрдү челишпеди бекен, - Арстан тигилерге суроолуу карап.

- Челишти окшойт. Бизди эрмектешип жатышканда, жүгөрү тарап да шатырап эле жаткан. Ай Арстан дагы бир карап койчу, оо ылдый тарабы да шатырап жатат. Атып эле салчы.

- Эне сиздин эшегиңиз болуп жүрбөсүн?

- Жок балам, менин эшегим ал жакта эмес, Атып сал балам.

- Мүмкүн...

- Жок ат! Ошол чочко эле, атып сала бер. Бол тез, кетип кала элегинде. Мына кулагыма угулуп эле жатпайбы, ал чочко эле.

- Э мейли, аттым.

Тарс-с! деген мынтыктын үнүнөн кийин шытыраган үн да «оор онтогондой» үн менен тынчып калды. Андан кийин түн тынч өттү. Караңгы түн Майрамдын уйкусу келип, чарчагандыктан кыйгачынан жатып уйкуга кетти.

Эртеси, эрте менен, - Ой Арстан! Бул эмне кылганың ботом! Эми кыштакка кантип кетем! Эшегимди атып салган турбайсыңбы?! А-ай! – деп кыйкырып жаткан Акыл энесинин үнүнөн кийин ойгонуп кетти.

- Өзүңүз кылдыңыз. Эне эшегиңиз болуп жүрбөсүн деп жакшы эле айттым. Жоо, ат эле ат! деп жатып аттырган өзүңүз. Туурабы?!

Байкуш эшек бир атканда эле, илгертен бери атагы чыгып келген мергенчи Арстандын огунан жан берген экен да.

## ОК... КАРА ЖЕРГЕ КИРГИР ДЕСЕ...!

Кумардын атасына каза болгонуна бир жума болуп калды. Атасынын үйүнөнө өз үйүнө келгенинен кийин. тез аранын ичинде кошуна-колоңдоруна куран окутууга даярдыгын көрө баштады. Алып келген союшун союп даярдаганга жана бөкөлдүк кылуу үчүн да, анын үстүнө мейман тосконго көзү жетик болуп калган. атасы менен бир тууганынын баласы Манасты чакырышкан эле.

Түнү менен көз ирмешпестен союштарды даярдашып, күрүч менен аш демдегенге сабиздерди тууралп даярданып чыгышкан.

Канча күндөн бери уйку көрбөгөн Кумар эрте менен кынтая жатып уктай түшүптүр.

- Кумар! Оо Кумар, тур адамдар келе жатышат!

Кулагына шаңк эткен Манастын үнүн укканда тездик менен ордунан турду да, бети-колун жууганы ваннага кирип кетти.

Кумардын атасы өтүп кеткенин уккан кошуналары, чогуу иштеген кесиптештери агылып келе баштакан эле.

Эки бөлмө, экинчи кабаттагы үй. Кире бериштеги мандайда жайгашкан бөлмөдө Кумардын эки эжеси менен келинчеги олтурушат. Ал жерде көңүл айтылып, куран окулгандан кийин, катардагы бөлмөгө меймандарды жайгаштырууда. Андан башка дагы төртүнчү кабаттагы тааныштарынын үйүн дагы суранышкан.

Куран окутуу эсине келгени менен, куран окуп турганга молдону чакыруу эсинен чыккан бейим, Кумар бөкөлчүлүк кылып чуркап жүргөн Манасты жардамга чакырып турду. Манас үчүн чындыгында эле экинчи жана төртүнчү кабатка чуркап чыгып куран окуу, кайрадан сырттагы бакта жайгашкан казандын башына баруу кыйындыкта болгонсуду.

Мына Кумар менен чогуу иштеген ишкананын чоңдору да келип калышты.

- Туруш, бол колго суу куй! Келиңиздер, бул жакка. Кара тору келген арык чырай, жапалдаш бойлуу жаш бала келгендерди экинчи кабаттагы Кумарлар отурушкан бөлмөдө ээрчитип кирди.

- Ээ Салийма! Чакырчы Манасты, тез! Куран окуп койсун!

- Маакул азыр. Балкондон башын чыгарып, бактын арасында иш кылып жаткан Манаска үн чыгарды. - Ава-а сизди чакырып жатат! Тез келсин дейт.

- Мына кетип жатам! Азы-ыр...

Эми эле төртүнчү кабаттан чуркап келген Манас, кайрадан экинчи кабатка шашыла чуркап чыгуусу аны кыйла энтиктире койду.



- Ав... Аву... ауз-з...

Күлкүсүн араң тыйган Сарыбай, - Шашылбай, дем алып алып окучу, - деп айтканга араң жарады.

- Кечирсиздер. Аузу биллаиминашайтоон ирражиим. Бисмилла иррахмоониррахи-им,- деп куран окуусун улантып кетти. Куран окуп бүткөндөн кийин күнөөлүү адамдай аш демделген казан тарапка шылкыйа басып жөнөдү.

- Кечке эл үзүлбөй келип жатты. Кечээ эле күн суук болуп турган. Бүгүн негедир күн чайыттай ачык болуп, күндүн нуру жылуу болуп турду. Бир да булуту жок асманды аралай өз жолу менен «болду эми, мен дагы өз кызматымды кылдым» дегенде күн да батыш тараптагы тоолордон ашып, алардын далдоосуна бекинди. Келген элдердин аягы тыйылгандай болгондо. Кызмат кылгандар Кумар болушуп чогуу дасторконго олтурушту. Көзү өткөн атасына багыштап куран окулгандан кийин дасторкондогу дүйүм тамактан жешкенче узун сөзгө киришти.

- Кудайга шүгүр. Элди жакшы узатып алдык окшойт. Эт менен күрүч шорпо баардыгына кеңири жетти.

- Туура айтасың Манас. Ошонун баарына жеткирип жакшы кызмат кылган сен болдуң. Тууган адам экенсиң, сага ыраазыбыз, - Гүлсана Манаска ыраазычылыгын айтып.

- Оо... Кара жерге кир десе!

- Ийе! Сага эмне болду? Тынччылыкпы?!, - Кумардын сөзүнө таңдана карашты.

- Мен ит эле болбодумбу. Атайы менин чоңдорум келсе, ав! ав! деп иттей каап салбадыбы. Ошонун эмнеси жакшылык деги.

- Ха, ха, ха... - дуу күлүп жиберишкен үйдөгүлөрдөн сүрдүгө Манас, Кумар мага капа болбочу. Куран окуйум деп төртүнчү кабат менен экинчи кабатка чуркап жүрүп энтигип калган экенмин. Чыгып эле баштап жибериш кыйын болуп, «ав, ав» деп калбадымбы, - деп күнөөсүн мойнуна ала беркилерге кошула күлүп калды.

Эки күндөн кийин өзүнүн начальниги жумуштары чыгып борборго алып барып келүүнү сурады. Машинанын тетиктерин бир сыйра каpоодон өткөрүп алуу Кумардын сөзсүз иштеринин бири эле. Бир сааттан ашык алды артын чукулап карап чыккандан кийин машинанын өз жайында экенин сезип, үйүнө кирди да, колго алуучу буюмдарын даярдап койду. Көп өтпөстөн телефон шыңгырап начальник чакырып жатат дегенин уккандан кийин машинаны айдап жолго чыкты. Борбордо үч күн иштерин бүтүрүп жүрүштү. Кайра кайтканда күндүн түрү суук болуп асманга кара булут то-

луп, катуу шамал менен аралаш жамгыр да жаап кирди. Төө-Ашуу менен Ала-Белде кар жаап турат. Чычкан суусун бойлоп төмөн түшө баштаганда гана жылуулук илеби келип, жамгыр да сээлдеп калган эле. Түн бир убакыт болуп калган. Кыйла жол жүрүп калгандан кийин начальник Кумарды токтото турушун өтүндү. Тормузун акырындай басып жолдун жээгине бурду. Көп өтпөстөн арткы эшик «тарс» жабылгандыктан. Кумар маңдайдагы күзгүдөн начальнигинин башында кийип жүргөн шляпасын көрүп, «ии келген турбайбы» деген ойдо машинасын от алдырып жөнөй берди. Алыс жол жүргөндүгүнөнбү байкуш начальник үргүлөп келе жатат» деген ойдо Кумар да унчукпастан жолун улап келет. Мына келе турган жерине да келип жетишти. Эч жакты карабай эле начальниктин үйүнө буруп эшигине келип токтоду.

- Жолдош начальник, биз келдик! – артта эч ким унчукпайт. «Кызык ушундайдагы катуу уктайбы» деген ойдо артын карап түртүп ойготуп коеюн десе. Мына кызык эч ким жок. Үстүңкү текчеде болгону начальниктин шляпасы турат. Эмне кылаарын билбей башы маң боло «болоор иш болду, өзү эптеп жетип келээр» деген ойдо үйүнө барып жатып алды.

Өз иши менен алек болуп бүткөндөн кийин келсе азыр эле турган машинасынын жоктугун көргөн начальник, карандай талаада калганын сезип «мүмкүн кайра кайрылып келип калаар» деген үмүттө жол жүрүп жөө келе берди. Же бир машина болсочу. Үч сааттан ашык жүргөндөн кийин гана жүк ташыган машинага кезигип ага олтурду.

Кумар эртеси күнү жумушуна барса начальниги кабагым-кашым дебестен ордунда олтурат. Мени таштап койдун да деген жок. Кийин жакшылап ойлонсо катуу шамал болгондо эшик жабылган тура. Ал эми Кумар начальнигим олтурду эми кеттик деген ойдо текчеге койгон шляпасын көрүп алып машинаны айдап жолго түшүптүр.

Болгону, - Оо, кара жерге кир десе! – деп кейинип алыптыр.

## СЕН СУЛУУСУҢ...

Ар адамдын пешенесине жазылган жашоосу да кызык. Кээде көңүлүң куунак тартса, кубанычтын койнунда жүрсөң, кээде кайгынын каарына чалдыгып көзүңдөн салаалап куюлган жашты тыялбай, бөйрөгүңө күч келип, акыбалың жок шалдырап каласың.



Кайгы менен күлкү катарлаш жүргөн макулук тура. Аларсыз, турмуштун кызыкчылыгы жоктой сезилет кээ убакта. Кантип күлбөйсүң? Катарыңда жашоодогу кызыктуу окуялардан, күлкүлүү сөздөрдөн бир үзүмү өтүп жатса. Наристеңдин жайнап күлгөнүн, анын таттуу сөздөрүн угуп, кылык-жоругуна кантип кубанып күлбөйсүң?

Кантип ыйлабайсың? Катарыңда эми эле турган, сени менен ойлорун бөлүштүрүп, жашоонун оор жүгүн бирге тарткан жакын адамыңдан айрылып жатсаң. Кантип ыйлабайсың? Үмүт менен кележекке жакшы тилектерди айтышып, жашоонун гүлүн бирге теришели деп түбөлүктүү кол алышып бирге жашоого аттанаар алдында сүйгөн адамыңдан айрылсаң.

Бешенеге жазылганды көтөрбөскө айла канча. Адам баласы баарын көтөрүп келе жатышпайбы.

Бүгүн сени көрдүм. Кыйынчылыктын эпкини сага да тийген өңдөнөт. Жаш кезиңдеги нурданган жүзүң, боз тарта бешене-жактардагы аралай түшкөн бырыштар, сенин кыйналып жашап жатканыңдын белгисин билдирип тургандай. Арыктапсың. Өрүп ташпап койгондо, боз балдардын далайын «ох-х!» дедирткен чачың жок. Суюлуп түшүп, кыркылып турган жери далыңдан жогору. Көздүн карегин алган сүтү толо «мамагың» да, кыз кезиндегидей көкүрөгүңдү тээп тирелбей калыптыр. Колдоруң оор жумуштун запкысына чыдабай , кармашканда назик сезим тартуулаган «бытыйган» манжаларыңдагы жылуулук жок. Ээк ылдый сылап келсең сулуулуктун көркүн берген, жигиттердин нечөнин какшаттырган «жытыңа кумар» боло арманда калтырган ак куу моюн. Андагы күйөөң жамандык ойлоп кол салуу менен тартуу кылган тыртык белгиси тургандай.

Жайнап, ардайым күлүп турган көздөрүң гана? Таттуу, каткыра күлө тамаша менен гана сүйлөп жүрчүү сөздөрүң гана? Оор басырыктуу болуп, ааз сүйлөөчү болуп калгандайсың?

Ошондой болсо да, сен сулуусуң! Ооба, сен сулуусуң! Катар катар кымбат баалуу кийимдерди кийип, алтын сөйкө, шакектерди тагынып, эки ээли май-упаларды чаптап өздөрүн эптеп алып жүрүшкөндөрдөн, сен сулуусуң. Бетиңде бир да жасалма май, упа менен түрлөп көрбөгөн, жөнөкөйлөгөң менен сен сулуусуң. Көп жыл үстүңдө жылуулук тартуулап жүргөн кийимдериң менен сен сулуусуң. Ичинен көрсөтпөй, тыкан жамоочусу болсо дагы, сага жылуулук тартуулаган кийимдериң менен сен сулуусуң. Өтүккананы көп жолу аралап оңолуп тарпы кете баштаган өтүгүң менен сен

сулуусуң. Тергичтин учу тийбеген кара кашың, көзүңдүн карегин сактап турган кирпигиң менен сен сулуусуң. Ички сезимиң таза. Жүрөгүңдө бирөөгө арнаган кир ойлоруң жок, сен сулуусуң.

Уурутуңда жылуулугуң артылган, мээримдүү карап, адамдарга таза тилек тартуулап турганың менен сен сулуусуң.

Колунун уусун тартуулап,көп жолу жамандыгын көрсөткөн «эр сөрөйдүн» жаман сөздөрүнө чыдап, жашоону улоо үчүн наристе тарттулап, Эне болгонуңдан, сен сулуусуң.

Тогуз ай боюна көтөрүп адамзаттын келечегинин учугун улап келген наристеге «Апа» болгонуңдан, сен сулуусуң.

Ооба, сен сулуусуң! Эне болгонуңдан нечендеген акын, жазуучулар сага сөздөрдүн асылдарын тартуулашып келишет. Обончу, ырчылар Силерди жаратылыштагы баардык сулуулукка теңешип ырларын тартуулашат.

Ошондуктан сен сулуусуң!

Ооба сен сулуусуң!

Жашоонун учугун улап, бир бүлөөнүн очогун жандырып, намыс үчүн тиричиликтин жолун салып келе жатканың. Саартан, кечкейин үй жумушунан сырткары, талаа жумуштарын аткарып келгенге да убакыт тапкан аял заты, сен сулуусуң.

«Курсагың ачтыбы, мына тамак» - деп даярдап келген тамагыңды бүлөңдүн алдына койсоң, албетте Сен сулуусуң!

Терең ойго батып отуруп, сенин кайсыл жерде калып калганыңды да билбей калыптырмын. Катарыңда сени менен кошо чыгып туруп калган, кымбат баалуу кийимдерди кийип алган, алтын билерик, сөйкөлөрдү тагынып болушунча боектор менен шыбанып алып турган аял, тролейбустун терезесин телмире айлананы карап келе жатат. Сенин турмушуңа караганда, бул аялдын турмушу өз деңгээлинде жетишээрликтей эле сезилгенсийт. Акыркы аялдамада түштүм да:

«Эх бири кем дүнүйө» деп улутунуп алдым да «баары бир сен сулуусуң»! деп бүтүм чыгарып үй жакты карай бастым.

## КУРМАНЖАН ДАТКАНЫН ЫЙЫ

Кагылайын балам ай! Жүрөгүм сайышып, эмчегим зырылдап жатат.

Ушул эмчегимди аймалап, сыйпалаган колдоруң, булк-булк этип сүт эмген уурутуң, жайдары мээлүүн тиктеген көздөрүң,



жүзүң... Арман дүйнө! Акыры сапарга узатып бараткан кан менен жүрөктүн согушун токтотпоого жан талбас кылып барып токтодуң го. Ажалдын чеңгелинде чыркырап барып жан берген кургур баламдын сезиминде «ко-ош!» деп шыбырт айтылган сөзүң. « Болду эми апа, бара бериңизчи. Баары бүттү, менден кеткен катачылыктар болсо кечириңиз. Кайраттуу болуңуз. Башыңызды төмөн салбай, элибизге таяныч - тоо болуп жашаңыз» - деп жаткандайсын.

Катаачылык дейсиңби балам!. Кимдин катаачылыгы болбосун. Бул жалган дүйнөдө, чындык менен жалганды, ачуу менен таттууну, катаачылыктарды, кайгы-муңдарды, армандарды койнуна батырып келүү менен, кудайым ошолордун баарын кечирип келе жатпайбы. Мен кантип сени кечирбейин балам. Ак сүтүмдү актадың. Сага ыраазымын.

Оо айланайын балам! Кыргыз элинде ачарчылык болуп, талаатүздө карышкыр менен кузгундарга жем болуп жаткан адамдарыбызды көрүп, бир күйгөмүн!.

Кытай-дунгандардын элинде кул болуп, кыздарыбыздын бир нан үчүн сатылганын угуп, бир күйгөмүн!

Орус падышачылыгы жергебизде жердеп, адамдарыбызды куугунтуктап, өлтүрүшүп, кыздарыбыздын намысын тебелешип, ал эмес сенин өмүрлүк жарыңдын намысына тийип, анын өрүм чачын тыркканын көрүп, бир күйдүм го!...

Оо кагылайын боорум балам ай! Күйүп барам, өрттөнүп турам, чыдабай барам... Сага жардам кыла албадым. Сени ажалдан тартып кала албадым. Мен куруюн.. - «Болору болду апа, кудайдын буйругу»-дегендей, коркпой ажалга тике карап турганың.

Колумдан келгенин кылгым келди. Жоокерлеримди, бир туугандарыңды, сени ажыратып алып калгыла, дегим келди. Арман ай! Анте албадым. Элимди кыргынга учураткым келген жок. Сенин калган бир боорлоруңдун аман калышын тиледим. Кечир мени балам, кечир!.

Атаң да сендей өлүмдөн коркпогон өжөр, бирок эли үчүн күйүп бышкан адам эле. Ал да сага окшоп шейит кеткенин билесин. Сен эми атаңа кеттин. Менден салам айта бар балам. Ичеер суум түгөнгөн күнү, мен да артыңардан барып калам...

Сени ажалга ак жерден түрткөн желдеттер курусун!
Түлкүдөй жойлоп түбүнө жеткен Кара сакалга наалат!
Түшүнбөстөн душмандарга сатылгандарга каргыш!.

Эмне деймин, айла канча, кургур балам ай. Жаткан жериң жайлуу болсун. Бул дүйнөдөн көрбөгөнүңдү, о дүйнөнүн бейишинде көр. Келин, балдарыңдан камтама болбо. Көзүм тирүү турса сени жоктотпойм. Заман да оңолуп кетеер. Атаң экөөбүз элибиз үчүн тынчтык болсун деп, кызмат кылып тилеп келдик.

Ыйык Сулайман-Тоо түбү, Ак-Буура суусунун боюнда шейит кеттиң балам. Ош пирим сенин арбагыңды дайым колдойт. Ызатсыйыңды Мадыга өткөзүп, Сары-Мазарга сөөгүңдү көмөм. Мүрзөңдү көтөртүп, куран түшүрөм. Арбагың ыраазы болсун, кош балам, кош!. Сенин кыргыз элиң үчүн кылган кызматың ак. Чыгаан жоокер экениңди, элиңдин тынчылыгы үчүн жасаган иштериңди кийинки урпактарыбыз унутушпас.

*Ош шаары. 1999-жыл.*

## ЧЫР БАЛА

Көк шибери жайкалган, көркөмүн айтып бүткүс бул жайлоо, тээ жогору бийик тоо тараптан агып түшүп жаткан Туюк-Суунун бойлото, Гепташ, Чүдүмбай айдоо, Сандык таш, Кыяндын оозу, Кой кашаа, Чалкан, Чаар арча, Молонун бели, Тал жана башка түзөнчө жерлерге орун алган боз үйлөр турат. Ошол боз үйлөрдө саартан, кечке чейин тиричилик кылышып, бээлери менен уйларын саашып, кымыз кылыша, сүттүн каймактарын алышып жүрүшкөн энелер. Эрте менен эрте туруп алышып, энелердин:

- Оо-уу Сүлүба-ай! Оо-о Орозмамат! Назарбе-ек! Жылкылар аркы тарапка өтүп кете турушкан болушту-у! Бо-ол тезирээк, чурка-а!! Мады-ый оо Мады-ый! Ылдый жакта койлор турат, айдаганча кел! Соно энеңдин уюн унута көрбө-ө!! - дешип тоону жаңырта, малдарын айдап келиш үчүн кырларга чыгышкан балдарына үн сала кыйкырышып жатышкан энелердин үнү угулат. Малдын топураган басыгы менен келгендерин короого кайра кулун менен торпокторун желеге байлай салышып, көтөрүп алышкан челектерин эмчектерине такай коюша саап жатышты. Бул короонун балдары качан эле турушуп, тоолорго чыгып малдарын айдап келишкен убакта, алар менен тең чамалуу Мырзабек али куш уйкуда жаткан эле. Кемегеге от жагылып, сүт машинанын ызылдап тартылганынан улам уйкусу бузулган өңдүү, колдору менен көздөрүн укалай ордунан козголду. Кемегедеги отто апасы эми жасай баштаган камыр тамак боркулдап кайнап жатат. Ашкананын бурчун ээлеген



сүт машинанын туткасын бурай Салийма эжеси бир калыпта тегерете, агып жаткан каймактын агышына көңүл буруп олтурат.

Мырзабекти достору «чыр бала» деп коюшат. Чындыгында эле Мырзабек ордунан ойгонуп тургандан баштап, уйкуга кеткенге чейин ар кандай кылык-жоруктары менен чырды көп жасап келе жатат. Анын андай кылыгына үйдөгүлөр көнүп калышканы менен, досторy жана короосундагы балдар-кыздар көнүшө албагандай.

- Ап-аа! Апа-а-а дейим?!
- Эмне балам? Сага эмне болду? – апасы баласына жалооруй.
- Кайма-ак жейии-им!!
- Өөй бала! Бул сен кандай баласың деги?! Туралбай жатып эле каймак дейсиң да ия?! Тиги теңтуштарыңды карабайсыңбы? Алар качан эле турушуп, тоолорго чыгыша, малдарын айдап келүүгө үлгүрүштү. Ал эми сени кара, уяты жок десе. Дагы «кайма-ак жейим» деп коет. Биринчи ордуңдан туруп эшикке чыга, бети-колуңду жууп кел да? Анан каймак десең болот, - баласынын кылыгына намыстана атасы борк этип сүйлөнүп алды.
- Бээлердин баары эле келгендей болду. Кулуну менен боз бээ жок. Тиги ашуудан ары ашып кеткен окшойт. Сононун дагы бир бээси жок. Ээ Мырзабек, Мүртаза кетип жатат. Сен дагы кошулуп барсаң го?!
- Ой мунуң каймак жейт элем деп чыр көрсөтүп жаткан бала сенин бээңе кайдан барсын, - Болуш аялына макул болбойт го дегендей сырдуу күлө.
- Барат эле. Оо айтаарым менен ордунан ыргып туруп жөнөйт. Туурабы?

Туура эле дегендей Мырзабек ордунан атып тура боз үйдөн сыртка чыгып. кетип бара жаткан Мүртазага кошулду. Алар бара турган жер Молонун-Бели деген белден ашып, андан ары тууралап басып олтурса тез эле барып кала турган жол. Молонун белинен токой башталат. Ошол токойго жетип калган экөө, айлананын кооздугуна суктанышa, сайрап жаткан ар кандай куштардын үндөрүн угуп рахаттана, сөздүн кызуусуна киришип убакыттын өтүп жатканы эстеринде жок ойноп олтуруп калышты.

- Мүртаза мына бул жакты карасаң эй! Кумурскалардын ийинi окшойт. Тигинде бир кумурска оор жүк көтөрүп келе жатат, о-и-ий! – мындай көрүнүштөргө көп кызыккан Мырзабек, кумурсканын жашоосуна кызыга карап, аларга тегеректеги мөмөдөн терип, чөнтөрдүн дандарынан кумурсканын уясына майдалап салып кыйлага чейин олтуруп калышты. Боз үйдө калышкан атасы менен апа-

сынын аларды чыдамсыздык менен күтүшүп жатышканын да унутуп калышкандай.

- Эй Мырзабек! Эй убакыт болуп калды го?! Карасаң күн кеч кирейин деп калыптыр. Биз көлөкө жерде олтура берип, күндүн кеч болуп калганын да билбей калган турбайбызбы. Жүр андан көрө, тетиги кырга чыгып айлананы бир карайбыз да, жок болсо «таппадык» деп бара беребиз.

Муртазага айткандай, ал көрсөткөн тоонун башына барышып айланага көч чаптырышты. Эч кандай деле мал көрүнбөйт. Чаар-арча тарапта гана бир топ жылкылар көрүнөт. Алар жогору тараптан келишкен жылкылар эле. Издеп жүрүшүп чарчап калган өңдөнүшөө, араңдан басышып үйлөрүнө жакындап калган экөөнүн алдынан апалары кыйкырып уруша алдыларынан бет алышты.

- Аай Мырзабек!! Кана сенин издеп кеткен бээң?! Ушул убакка чейин издеп таба албадыңбы ия?! Эрте менен эле кетпедиң беле!! Токточу сени, - апасы колуна чыбык ала Мырзабекти кубалап калды. Жеткире койбой төмөн жакты көздөй дыр коюп качкан баласына жетпесине көзү жеткен апасы, артына кайтаар деген ойдо чүкөдөй ташты алып баласынын алдын торой ыргытып калды. Кокустукту кайдан деп болбойт эмеспи, ыргып барган таш бет алдындагы чоң ташка урунду дагы, кайрылып келип Мырзабектин оозуна тийди. Катуу тийген таштын заарына чыдабай көздөрү караңгылаша жерге жатып калды.

- Аай! Кагылайын балам, эмне болуп кетти?! Таш урбай калайы-ын! Мен куруюн! Сени урбай эле, о жогору жакка ыргытып койдум эле го. Кана кайсыл жериңе тийди? Коркпо балам, урбай калайын, - өзүнүн кылган ишине бушайман тарта, баласынын кан аралаш жарылып кеткен оозун көрүп, - Темир курмушу күйгүзүп келе калчы, каны токтобой жатат! Бо-ол тез! – деп кыйкырды.

- Азыр апа! – апасы менен инисинин ортосундагы окуяны карап олтуруп мыйыгынан күлө, - кызык өзү таш менен уруп алат да, кайра «алдыңа кетейиним десе» деп жалбарып коет, - деп күңкүлдөп сүйлөнүп алды. Темир күйгүзүп алып барган курмушуну Мырзабектин оозуна басып канды токтотту да, ыйлап жаткан көзүнүн жашын аарчый, канатына ката боз үйгө алып келип төшөккө жаткырды.

- Жер жуткурдуку десе! Ушул колум эле жаман. Өткөндө эле тиги Сакендин малы келе калганынан «оо-ош!» деп чүкөдөй эле таш менен бир койсом, катуу деле урган эмес элем, чыкыйына тийген экен, жыгылып түшүп сойгонго зорго жараса болобу ботом. Мырзабекти деле мээлеп урган эмес элем. Жогору жактагы турган ташка барып тийип, кайрылып келип тийип жатпайбы. Айланайын балам, - Мырзанын башынан сылай, - бээлер келбесе туруп тураар. Эртең Темирди жөнөтөм. Ал билет кайсыл жакка бараарын. Бул дагы эрте менен үйдө болбой кыштактан эми келбедиби.



Оозунун гана кээде ооруганы болбосо, Мырзабек бул окуяны тез эле унутуп, кайрадан балалык оюнга кирип кетти. Бир топ күндөн кийин айрылган жарасы айыгып калды.

Күндөгүдөй эле эрте менен көзүн ачкан Мырзабек, өзү жаткан боз үйдүн ашкана жак тарабында сүттү тарткан машинанын үнүн уга, андагы апакай болуп агып жаткан сүт менен, экинчи чоргосунан агып жаткан каймакка көзү түштү. Өзүнөн кичинекей болсо дагы Жумагүлдүн тыпыйган колу сүт машинаны айлантып жатканын көрүп, каймакты жегиси келип турса дагы, андан көзүн ала кача эшикке чыгып кетти. Күндөгүдөй эле күндүн аптабы жылуулук чачып, күн кыйла бийиктеп калган экен.

Апасы короодогу жандык-малдарды саап бүтүп, бээлер жакка жөнөй тургансып эшегин токуп жатыптыр.

- Кайран бала каза болуп калган тура. Эми жыйырма экидеги жигит эле. Ай, ай, ай!-башын чайкап кайгырып калды апасы.

- Ооба десең. Адамгерчили бар өсүп келе жаткан жигит эле. Машинага чыга коем десе, артка жүрүп кеткен машина тебелеп кеткен тура.

Атасы менен апасынын сүйлөшүп жатканын карап туруп калган Мырзабек,

- Ата, каякка барасыздар?! - деп сурап алды.

- Кыштакка эле түшүп келебиз балам. Тиги Бегиштин баласы Турусбек каза болуптур, ошого барып келе коелу, -эшигинин токумун оңдой, - бол байбиче, тездетелик! - деп кыйкырып калды.

- Мен дагы барам! - алардын эмнеге бара жатканы менен Мырзабек иши да болбогондой. Ээрчимей чырын дагы баштады.

- Сага барышка болбойт. Ал жерде жалаң чоң кишилер болот.

- Жо-ок барам.

- Кой! Антип ээрчүүчү болбо! Акылы жок бала болуп каласың, - боз үйдөн кайра чыгып калган апасы Мырзабекке.

- Эмне, тигил Назарбек деле ээрчип жатпайбы? Ал дагы акылы жок балабы.

- Ооба, ал дагы акылы жок бала. Сен акылдуу эле бала болчу, кагылайыным, - апасы Мырзабектин чачынан сылагылай жалбарды.

- Жо-ок, мен дагы барам! Уу-у-у...

- Кой эми ыйлаба! Карасаң сенин досторуң маскарлап жатышат. Уя-ат, уя-ат! дешип, - атасынын айтканына деле көңүл бурбастан, «мен дагы барам» деп катуулап ыйлай баштады. «Баягыл эле чырын дагы баштады» дешип, ага көңүл бурушпастан даярданып алышкан атасы менен апасы, кыштакка жөнөштү. Темирдин кармап турганына да баш бербей, колунан жулунуп чыга кыштакты карай чуркап жөнөдү. Атасы менен апасы кыйла алыстап кеткен эле. Мырзабектин жакшы көргөнү түз жыгач болоор эле. Сандык-Таш деген жерден өтө берээрде токой башталат. Ошол токойду аралап чуркап келе жатып, сол тарабында өсүп турган түз ыргайга көңүлү түшүп калды. Өзүнүн каякка кетип бара жатканы да эсинен чыга калып, ошол ыргайды сындырып алууга далалат кыла баштады. Суу ыргай Мырзабектин аракетине жеңиле турган түрү жок. Ар кандай тарапка бурап сындырууга аракет кылса дагы сынбагандай. Көктүгүнө сала жерде жаткан кырлуу ташты алып ургулап да кирди. Кээде обон кайрып ышкырып да алат.

Арадан кыйла убакыт өттү белем. Өзүнө коштоп катарында эле бир нерсе ышкыргансып калды. Ишин токтото тегеректи караса эч ким көрүнбөйт. Бир аздан кийин дагы баягы ышкырык кайталанды. Ошол ышкырык чыккан жакка жакшылап караса, кара ала болуп токоч сымал жатып алган, башын бийик кылып чыгарып турган чоң жыланга көзү түштү. . «Эмне болду экен. Жөн эле жерде жаткан жип болуп жүрбөсүн. Же жыланбы?» Деген ойдо «күшш» деп үн салган Мырзабек, башын жерге жакындата кайрылып сойлоп кетип жаткан жыландын узундугун көрүп, корккону нан жыгачын да калтыра үйүн карай качып жөнөдү. Ошондон кийин атасы менен апасын ээрчигенди токтотту.

Улам суук тарта баштаган сайын, жайлоологон адамдар төмөндү көздөй көчүп келе беришет. Мына Мырзабектердин Чөп-Орчууга көчүп келгенине эки күн болуп калган. Алар олтурган жердин анча деле алыс эмес жерде адамдардын атайлап төгө турган күлдөбөсү бар. Андан ылдыйыраак жагы беш-алты гектардай жер түзөңчө. Дайыма жакшы чөп өсүп орулуп тургандыктан жердин аты дагы Чөп-Орчуу деп коюлгандай.

Эч нерседен кабары жок ойноп жаткан Мырзабекти атасы чакырып калды.

- Ээ балам! Бери үйгө келчи?!

- Ии?!



- Чачың аябай өсүп кетиптир. Алып эле койсок бейим. Жүдөп да бара жатасың, - кээде ушул устара менен чоң кишилердин чачын алып жатканын көргөн эле. Азыр да устараны колуна алып кайышка сүртө курчутуп кирди.

- Жок ата. Чачым өсүп эле турсунчу. Гадини досунун чачы деле өсүп турат го. Алдырып койсом «чачы жок таз» деп балдар башымдан муштум ойнотушат. Алдырбайм.

- Оой, өзүңдү күзгүдөн карасаң боло?! Албарстынын эркегиндей болгону калыпсың. Ансыз деле сен жокто көп балдар артыңдан күлүшүп жүрүшөт, - өзү жалган айтып жатканына уялып турса дагы, баласынын чыргоолугунан чачын алдап алдырып салууга болгон аракети экени билинип турат. Атасы устарасын курчутуп болгуча Мырзабек акырын жыла күн батышты көздөй качып жөнөдү.

- Ата-а, балаңызды карасаңыз?! Ал качып кетип жатат, - Темир инисинин качып бара жатканына көңүл бура атасына кыйкырды.

- Чурка тез! Тигини карасаң! Жүдөп жүргөнүнөн кыйналбай калсын десе. Ии кармадыңбы, алып кел чачын алып салалы. Ээ кемпир! Каякта жүрөсүң деги?! Ысык суу даярдап койчу?! Мырзабектин чачын алайын!

- Ала бербейсиңби?! Суу даяр эле, - Мырзабектин ыйлаганына карабай эки колун чыгарбай кармап турган боюнча баардык чачын таза алып коюшту. Жерге түшкөн чачты чогулткан апасы, тигинде турган күлдөбөгө алып барып таштап жиберди.

- Эмнеге менин чачымды алып салдыңар! - деп чыр салган Мырзабек. ыйлаган боюнча күлдөбөгө барып, жерде чачылып жаткан чачты, кайрадан өсүп кала тургандай, башына жармаштыра баштады. Же чачтар жармашып калса гана. Башынан чачын алып жатканда дагы, чырдыгынан чачтары да чала алынып калган эле. Күлдөбөгө барып алып ооналактап жаткан кайнисинин кылыгын көрүп турган чоң агасынын аялы боору катканча күлүп жатты. Мырзабектин азыркы кебетесин көргөн адам, чындап эле бир «мокочо» көргөндөй элестетмек.

- Кичине бала чалабаш! - деп маскарлаган жеңесинин сөзүнө жооп кылып, тилин келтире албай «жеңем деген чамалдаш» деп сөз кайтарып жүрдү.

Баласынын мындай чырлыгын көрүп, атасы менен апасы «мейличи, эптеп аман жүрсө болду» деп мыйыгынан күлүшө тим коюшаар эле.

# КЫЯЛ

Машинкада ойноктогон колдорум алмак-салмак тамгаларды басуу менен алек болуп, көңүлүмдөгү чубуруп келген ар түркүн ойлор кагаз бетине тамгалап чууруп басылып жатты. Күн батышты карап, терезеге катарлаш олтуруп алып, тээ асмандагы топ кара булуттарды чабытып аралагандай, көңүлүм уйгу-туйгу боло не бир таттуу кыялга батып келем.

Карасаң, күн бүгүн да кызарып батты. Кудай буюрса эртең күн ачык болот окшойт. Күндө болуп жаткан катуу шамал да азайып калгандай. Дал ушундай эле булуттар кечээ чогулуп келди да чагылган менен чартылдай кулакты тундура, өткүн катары катуу жамгырын төгүп өткөн эле.

Өткөндө айылга барганымда жааган жамгыр. О-ой! Бармактай болгон мөндүрдү куюп, анын артынан челектеп куйгандай жамгыры. Беш эле минуталык аралыктагы жаап өткөн жамгыр кокту-колотторго сууларын чогултуп, көп өтпөстөн чоң селге айландырып жибербедиби. Кыяндын оозуна жакындашып салынган чоң тамды жаба келип аз жерден алып кете жаздабадыбы. Ошондой болсо да, жакында эле салынып бүтүрүлгөн мал сарай менен өжүрөнү кулатып сүрүп салганын көрүп элдер бушайман жешти го.

Мына бул кара булуттун тобу жогору жактагы тоолорго аралашып жатып калды көрүнөт. Күңгүрөгөн чагылгандын үнү алмак-салмак жаңырып угулуп жатты.

Терезеден жол тарапка көрүнгөн адамдарды карап коем. Тигине жакын эле кошунам өтүп кетти. Жонунда көтөргөн чыптасы бар. Базарга кетти окшойт. Адам жашоо үчүн күрөшүп келет тура. Жаштыгында эч нерсе менен капарың жок, болгону керээлин-кечке оюн менен алек болсоң, эмичи? Эми, турмуш-тиричилик, балдарымды баксам, үй-жайды карасам, жумушка барсам, чыгармаларды жаратсам жана, жана деп жүрүп, а-ай!!...

Мен кыялды жакшы көрөм. Ооба, кыял менен рахаттанып жашап келем. Түнү эшикте жатып тээ быжыраган асмандагы жылдыздарды карайм. Тез эле колдорума канат бүтүп бет алдымдагы көзүмө жайнап көрүнүп турган жылдызды көздөй учуп жөнөйм. Денемде жарытылуу кийим болбосо дагы, үшүгөндү такыр билбей барам – Кызык?!. Жылдыз ушундай болобу ия?. Жаркырап турган нурлары гана? Бүт эле тоо-таш болот тура. Бул жерле жашоо болду бекен? Суулары да көрүнбөйт.



Учтуу келген тоочолорду аралап учуп келем. Жок, дейм – бул, жерде жүрүү кызыксыз экен. Андан көрө коңшу турган жылдызга учайын. Ал деле ушундай чоң жылдыз тура. Кызык?!. Бул жылдыз турушу менен алтынга чөмүлгөн тура. Ушулар толугу менен жерде болсо элдер жыргамак. Кой, жок дегенде көтөрүшүмчө алып алайын. Мен деле жарытылуу байлыгым жок адаммын. Колуман болгону айлык алуу келет. Үй-бүлөмдү айлыгым менен багып келем. Мүмкүн ушул байлык менен жакшы жашап кетээрмин. Элге окшоп жеңил машина алып, үйдү жакшылап салдырып, балдарымды жакшылап окутуп, аларды жакшы иштерге орноштуруп алганга жардамы тийээр. Андан ашып бара жатса, биз тараптагы жолдорду оңдотуп, көпүрөнү жакшылап салдыртсам. Анданда ашса, келинчегим менен чет жактарды дагы көрүп келгенге аракет кылсам... Ий кандай сонун ээ?!

Чабыттаган кыялым алып учуп Индияга алып барат. Менин сүйүүм булардын сүйүүсүнөн эмнеси кем? – дейм. Мен деле келинчегимди ушулардай эле сүйүп келем. Булардын тоолорундай эле Кыргызымдын тоолорунда чогуу чуркашып ырдап жүрүп тапкамын. Эми кара? Менин өмүрлүк жарым. Балдарымдын апасы. Ардактап сыйлаган үйүмдүн куту ушул адамым. Менин тапканым балдарым менен кошо ушул келинчегиме да.

Аксынын тоолору. Экөөбүз аралай чаап кубалашып ойногон дөңсөөлөр. «Лайли менен Мажнун» дешип аташып экөөбүздүн сүйүүбүзгө суктанып карап турушкан адамдар. Алардын карап турушканын кайрадан сезели, махабаттын көлүндө чалкып кеткен эки жаш, күндүн да батып кеткенин эсинен чыгарышкандай кол кармашып алып чуркап жүрөбүз.

- Менин алтыным. Келчи менин кучагыма, көтөрүп алып тээ асманга алып барып келейин.
- Коюңузчу, хи-хи... Асманда үшүп калам да.
- Үшүтпөйүм. Мен жигитмин да алтыным. Каалайсыңбы өзүң каалаган жылуу жерлерге алып барайын.
- Жо-ок мага ушул эле жерим жакшы.

Кайрадан тунжураган тынчтык. Экөөнүн таттуу кыялы каякка гана алып учуп кетпеди. Келечекте жакшы жашасак дейт бала.

Бактылуу болсом экен, жакшы эле бала экен дейт кыз.

Жаман кыялы жок, таттуу кыз тура дейт бала.

Тамаша көй келечекти алдын ала билген бала экен дейт кыз.

- Кетеличи. Шериктер күтүшүп калышты го. Тиги чоңубуз эмне дейт ия. Бизди урушуп жүрбөсүн.

- Ал урушпасына ишенем. Билесиңби, кечээ ал өзү бизге эмне деди?

- Эмне деди?

- Экөөңөр баш кошсоңор бактылуу болосуңар деп жатпайбы.

- Кызык эле! Кечээ биз турган үйдөгү аял дагы ушинтип айткан эле. Мен үшүп калдым окшойт, жүрчү кетели?!.

Айланайын кудай! Ушул адамдан мени айырбасаң экен. Мунсуз жашоо мага кызыксыз эле болот го. Ансыз деле жаштыгымда балалык сүйүүмө жетпей, канча жакшынакай кыялдарымдан айрылып калдым. Аны менен дагы бактылуу болсом деп кыялданлым эле. Ал адам үчүн, жаман жоруктарымды жоготконго аракет кылып келдим. Жашоонун жомоктогудай даамын сезе билип келгенсидим. Ооба, сүйүүнүн даамын таттым го. Уйкудан калып, куру кыялдын бешигинде термелген күндөр. Ал кыялымда, аны менен шаарда чогу окудук. Сени бир күнү апакемди сүйүндүрүп үйүмө келинчек кылып алып келдим. Мен көргөн жакшынакай түрлүү гүлдөр сеники болду. Тээ асманда керилип жаткан түнкү Жетиген жылдыздары. Кичи Жетигенди сен дедим. Жүрөгүң Алтын Казык жылдызы. Ал эми Чоң Жетиген менмин. Өмүр бою бирге жандашып жүрөбүз дедим. Ооба… Кайран кыялдар.

Чабыттаган кыялым Чакан-Таштай тоого барып урунат. Буулугам. Ыйлайым…

Мен олтурган терезеден аз эле убакыт аралыгында жарык чачып турган күн да уясына кирип айлана караңгы тартты. Төрөт үйүнө кетишкен балдарым да келип калышты көрүнөт. Жакында кызым уул төрөп неберелүү болдум.

Айланайын Кенчибегим аман болсун!

## САЛАМ КАТ

Аманчылыгыңды тилеп, алыстан ат арытып кат жазып жаткан агайыңдан деп бил. Арадан канча убакыт болсо дагы, сенин өткөн күндөрдөгү мага жасаган жакшы мамилең эсимден кантип кетсин? Ошол күндөрдүн элеси дале көз алдымда. Ошол боюнча сакталуу. Катарыңда жүргөн досторуңа кээде жолугуп сени сурап калам. «Көрө элекмиз» деп калышат.



Мен болсо, баягы өзүң көрүп жүргөндөй эле турмуш тиричилик менен аракет кылып, сага окшогон балдарды окутуу менен алекмин. Эрте менен кетсем, кечинде чарчап келип жатып калам. Балалык кыялымды жоготуп койгондой, аталык мээрим менен үч баламды эркелете, көкүлдөрүнөн сылагылай орто жашты арытып келүүдөмүн го?

Күндөгүдөй эле сабактын көй-гөйү менен алекет кыла калидордо жүргөмүн. Класска бурула бериш жерде, күзгүнүн катарында студенттердин бири тургандай болгон. «Саламатсызбы агай?!» - деген назик үндү уга, карай салсам сен турупсуң. Көргөн көзүмө ишене бербей «Айгүлсүңбү?» дедим. «Ооба! Агай мени таанып калдыңызбы?» деп тааныш кыткылыктап күлгөн үнүң менен жооп берип калдың. «Өзгөрүп кетипсиң. Амансыңбы?» деп колду берип, жаныңда туруп калдым. Ооба, чындыгында эле кыйла өзгөрө түшүпсүң. Тегерек гана бет, кара тору кыз элең. Мурдагыдан көздөрүң нурдана, беттериң апакай келип, сулуу болуп кетипсиң. Арт жагына түйүп койгон чачың менен, бешенеңдеги кашыңа жеткизе кыркып койгон, салаалаган көкүлүң өзүңө жарашыктуу болуп, сулуулугуңду арттырып тургандай. Саламдашууга колумду берип жатканда, негедир менде сүрдөө пайда болгондой колдорум калтырай түшкөнүн сездим.

Айткандарыңа караганда, ылайыксыз жигитке турмушка чыккан экенсиң. Бөтөлкөнүн ичинен чыкпай сени көп кыйнаган тура. Бир балалуу болгондон кийин ажырашып алыпсың. «Ишенем; баарыбир сен бактылуу болосуң» деп айтчуу элем. Тагдыр деген ушул да…

Пахта терим убагы келип Кара-Сууга барганбыз. Биз жайгашкан шыйпаң бийик дөбөчөгө жайгашкан экен. Катарынан барышып тизилип калган автобустардагы окуучуларды шыйпаңга жайгаштыра баштадык. Күн чыгышты карап турган бөлмөлөргө эки тайпанын окуучуларын жайгаштырдык да, бир тайпанын окуучуларын күн батыш жакты караган бөлмөгө киргиздик. Анын катарындагы бөлмөгө мугалимдер жайгаштык. Автоунааларды жөнөткөндөн кийин окуучуларга пахта терүү үчүн этектерди колдоруна берип. Ашканга тамак жасоочу ашпозчуларды дайындадык. «Агай мени ашпозчу кылып коюңузчу? Мен тамакты жакшы жасаймын» деп алдыма келгениңде маакулдугумду берип колуңа ашканага керектүү буюмдарды бердим. Өтө эле жайдары экенсиң. Кыткылыктай күлүп, келген жигиттердин да көңүлүн өзүңө бура коюп жаткандайсың.

Эртеси пахта терим башталды. Окуучуларды пахта талаасына алып кетип, түшкү тамактануу да талаада болуп жатты. Кечкурун пахта талаасынан кайткандан кийин, атайын даярдалып коюлган тамактануучу бөлмөгө кирип, сен даярдап койгон тамактарды ичебиз. Өзүң айткандай эле, тамакты даамдуу жасаганың туура экен. Окуучулар дагы ыраазы болушуп жатышты.

Эки күн өтпөстөн эле «агай, мен пахта эле терейинчи?» деп калдың. «Ии эмне болду? Тамакты ким жасайт?» десем, «Агай пахта эле терген жакшы окшойт. Пахтаны жакшы эле терип келгемин мектепте» дедиң. Айтканыңа маакул болуп, ордуңа башка кызды дайындап, эртеси пахта талаасына ала кеттим. Чындыгында эле пахта терип жүргөндүгүң билинип турат. Катарыңдагы кыздар менен сүйлөшүп жүрсөң да, эки колуң пахтанын гозосунан айрылбай нормаңдан ашыкча терип коюп жаттың. Силерге тере турган пахта катарын көрсөтүп бергенден кийин, анча алыс эмес дөңсөөгө жанаша өсүп турган тыттардын көлөкөсүнө барып олтурам. Ал жерден окуучулардын кантип пахта терип жатканы даана көрүнүп турат. Мен жакты кылчактай карап, окуучуларга бир нерсени айтып ыткылыктай күлгөнүң менен башкалардан айырмаланып тургандайсың. «Сакенова, көп каткырбай тер!» кыйкырып коем. «Хо-о-оп!» деп баягы күлкүңдү жашырбай терип каласың. Түшкү тамактануу мезгилинде «Агай, сиз менен тамактансам болобу. Уруксат бекен» деп тамагыңды көтөрүп алып жаныма келип каласың. «Мейли келе гой» деп дасторкондун четин көрсөттүм. Тамак ичип жатканда ар кандай суроолорду сурайсың. Кайра унчукпай тээ алыс жакты карап туруп каласың. Бара-бара ойлуу болуп да кеттиң. Күлкүң азыраак чыгып, ойлуу боло баштаганың билинип турду. Окуучулар арасынан мен тарапты сырдуу карашып, өздөрүнчө бир нерсени шыбырашып таркап кетип жаткансышты. Кечки тамактан кийин музыканын коштоосунда саат онго чейин ырдап, бийлеп алганга убакыт беребиз. Андан кийин жатуу мезгили келет. Бир күнү шерик мугалим шаарга кеткен. Зериккенимден китеп окуп олтурам. Эшигимди бирөө такылдаткандай болду. Ачсам сен турасың. «Кирсем болобу? Агай сиз менен сүйлөшөйүн дедим эле» дедиң. Саат он экилер болуп калган эле. «Эмне болду, уктабай? Мейли кир!» деп кирүүгө жол бошоттум. Негедир бошошуп, ооруган өңдүү кабагың салыңкы. Көзүңдүн кирпиги сууланышып, ыйлап алган түрүң бар. Бөлмөгө кирип ортого коюлган столдун алдында турган олтургучту өзүңө тарта олтурдуң. «Агай, билесизби…?» Сөзүңдү толук бүтүрбөстөн туруп калдың. «Ии айта бер. Эмне



бирөө капаа кылдыбы? Кийинки убакта каткырган күлкүң да жоголуп бара жатат. Ойлуу болуп кеттиң. Же бирөөнү…», «Жок агай!» сөзүмдү буза кайра сөз баштадың. «Мен балалыгымдан жетим өстүм. Атам кичинемден каза болуп калган. Апам башкага турмушка чыккан эле. Өгөй атам экөөбүздүн мамилебиз келишпегендиктен, ушул убакта Ошко баса бергемин. Сиздерге да өз күчүм менен аракет кылып жатып өттүм.

Жашай турган жерим жок. Кыздардын үйлөрүндө эптеп барып жүрөм…» Кыйлага чейин унчукпай туруп калдың. «Эми барсаң жатакана алып берейин» сага деген аео сезимимди жашыра албай чачыңдан сылай сөз айттым. Көзүңдөгү жашты аарчып алдың да, эч нерсе болбогондой столдогу турган кагаздарыма көңүл бура «Агай эмне жазып жатасыз? Ыр жазып жатасызбы? Мага эмеспи?! - деп ыткылыктай күлө жайдары боло түштүң. Экөөбүз дагы кыйла олтурдук. Кээ бир өткөн окуялардан айтканча олтурдум. «Кой эми эс ал! Эртең кыйналып каласың!» дегенимде гана «жакшы калыңыз» деп бөлмөңө кирип кеттиң.

Эртеси тамактануудан кийин күндөгү терген пахта талаасынан башка жерге кеттик. Анча деле чоң эмес жерге эгилген пахта «тез эле терилсе керек» деген ойдо болгону менен, тере келгенде көп убакыт алаары бышык экени көрүнүп турат. Талаанын күн чыгыш тарабында жайгашкан өжүрөнүн жанынан бир арык суу агып турат. Өжүрө менен катарлаш өстүрүлгөн алма бак. Келгендер эс алып олтурууга атайы жайланышылган сөөрү даярдалып коюлуптур. «Кел иним! Бул жерге эле олтуруп алып окуучуларды карап олтурсаң болот» деген шыйпаңдын ээсинин сөзү менен сөрүгө барып олтурдум. Айткандай эле, ар бир окуучунун пахтаны кантип терип жатышканы алаканга тегиз салып койгондой эле тегиз көрүнүп турат экен. Тигинде сен дагы терим арасында жүрөсүң. Шыйпаңдан анча деле алыс кетпей терип жаттың. «Ага-ай убакыт болдубу-у!» талаадагы теримчилердин кыйкырганын угуп түшкү убакыт болуп калганын билдим да «чыга бергиле!» деп кол булгаладым. Терилген пахталарды толугу менен тапшырышып бүтүшкөндөн кийин окуучулар түшкү тамактанууга киришишти. Күндөгүдөй эле сен дагы менин жаныма келип олтурдуң. Тамактануу да аяктап калган. Окуучулардын көбү салкын жерге эс алууга бактардын түптөрүнө жайгашып алышкан эле. «Агай, сиз менен сүйлөшкөнчө олтура берсем болобу?» деп кеткиң келбегениң билгизип мага суроо бердиң. «Мейли олтура бер. Канча кило тердиң. Күндөгүдөн аз көрүнгөнсүдү?» деген суроомо, уялгандай жер тиктеп «жыйырма эле тердим» деп

акырын жооп узаттың. Негедир бара-бара мага берилген суроолоруң, жасаган мамилелериң өзгөчөлөнүп бара жаткандай сырдуу болгонсуйсуң. «Агай, аялыңыз өзүңүз менен теңби? Канча балаңыз бар? Сүйүп алгансызбы деги? Башканы сүйүп көрдүңүз беле?». Мындай суроолорду уга «жаштыгы го» деп коюп жаттым. Эми дагы ошондой эле суроолорду берип жаттың. «Ээ карындашым, мынча суроону көп бересиң? Мисалы, окуу жөнүндө суроо берсең болбойбу? десем, арданып кеттиңби, «Агай, мен сизди…» деп көзүңдөн жаш ала башка айтпастан пахта терген этегиңди колуңа кармай чуркаган боюнча пахта талаасын аралай аркы бетке кетип калдың. «Агай, Айгүлгө эмне болду? Уруштуңузбу?». Окуучулардын таң калып карап калганына жооп кылып «Жо-ок, урушканым деле жок. Өзү эле чуркап кетип калды го» дедим. Досторуңдун экөөсү артыңдан кетишти. «Кызык?! Эмне болду бул кызга» деп ойлоном. «Кийинки убакта мага башкача мамиле кыла баштагансыдың. Өзүм жалгыз олтурганымда, бөлмөгө суранып кирип көпкө чейин ар кандай суроолорду берип олтуруп каласың. Көйнөгүңүз кир болуп калыптыр деп айтпасам деле жууп коюп жаттың. Аялымды, балдарымды сурап калчуу болдуң. Кызык. Бул кызга эмне болду. Же…? Болушу мүмкүн эмес да. Билип туруп эле ал жолго барбаса керек. Жакшы көрүү боло берет дечи. Мүмкүн, жакшы көрүп калды бекен? Кой мындай болушу мүмкүн эмес. Буга башкача мамиле кылбасам болбойт го. Билем, жакшы кыз экен. Бирок менин жакшы көрүшүм мүмкүн эмес да. Мен бала-чакалуу болсом. Мындай жакшы көрүүнү башымдан өткөрүп бүттүм окшойт. «Айгүлдү какпай эле коюңузчу? Деген жакын досунун сөзүн эстейим. Эмне үчүн бул сөздү айтты экен деп да жүрбөдүмбү. Чын эле мени жакшы көрүп калдыбы?» деген ойдо олтуруп калдым. Жүрөгүмдө ага деген жылуу сезим болсо дагы, мугалимдик касиетимди туу тутуп ашыкча сүйлөй албай жатканымды кайдан билдиң? Анын үстүнө али жашсың. Балалык жакшы көрүү сезимиңди башкара албай жеңилип жатпайсыңбы. Үй бүлө күткөн адам экенимди ойго алсаң жакшы болмок.

Мен дагы балалык сүйүү менен айрылган болсом дагы, сүйлөшүп алган аялымдын сүйүктүү жарымын. Түшүнсөң?! Сенин көзүңдөн жаш чыгышы керек эмес. Кечир мени «коенегим».

Сөөрүдө олтуруп алып силердин пахта терип жатканыңарды көңүл бура карап олтурдум. Талаанын аркы бетинен кээде гана көрүнө калып тургансыдың. Пахта тапшыруу мезгили келип калды. Этегиңде терилген пахтанын дайыны жок. Көздөрүң шишимек тартып калыптыр. «Сакенова, сага эмне болду?! Пахтаң гана



, тербепсиң го!» менин айткан сөзүмө жер тиктеп унчукпай турдуң. «Жок. Азыртадан эле көңүлүңдү калтырып алыстатпасам болбойт. Мындай болуу мүмкүн эмес» деп ойлоном. Кээде берилген нормасын аткарбаган окуучуларды күнөөлөп караңгы киргенге чейин тердире калган убакыттар да болоор эле. Бүгүн дагы ошону кайталап аз тергендерди талаага калтырып тергизе баштадым. Алардын арасында сен дагы барсың. Кээлери эптемей гана теришкендей, ал эми сен баш көтөрбөстөн терип жүрдүң. Караңгы кирип калды. «Сакенова болду чыга бер! Тергениңди тапшыр» дегениме карабай терүүңдү уланта бердиң. Таразакечти, окуучулар менен жөнөтүп жибердим да Айгүлдү карай аттап, аралай жаныңа бардым. «Айгүл, сага эмне болду карындашым? Пахта тергениңди токтот. Болду ушул жагы жетишет» дегенимде этегиңдеги терилген пахтаны жерге төгүп жатып «Агай! деп мойнумдан кучактай ыйлап жибердиң. «Кой ыйлаба. Болду…» көкүрөгүмө башыңды коюп ыйлап жаттың. Көйнөгүмө тамган жашың менен илебиңдин ысык деми билинип, сезимиме бүлүк салып турдуң го. Бурулуп кетүүгө аргам жок, чачыңдан гана сылагылап оордумдан жылбай кыйла туруп калдым. «Кой. Андай кылба? Этегиңди алып келе бер. Пахтаны алып барууга балдарды айтам. Жүр» деп жатаканга алып жөнөдүм.

Кийинки убакта түнт боло баштадың. Мурдагыдай түнү кирип келүүң жок. Пахтаны деле жакшылап тербей калдың. Караңгыга карабастан, колуңдун учтары канаса да, косектин заарынын ачуусуна чыдай терген түнкү терүүң эсимден чыкпай келет. Андан кийин аз терсең да антип түнү тергизбей калдым.

Пахта мезгили бүтүп сабак да башталды. Эң жакшы билген окуучулардын ичинен, орто окуучулардын катарына кошулуп калдың. Көп өтпөстөн эле турмушка чыктың.

Андан бери он жылдай убакыт болуп калыптыр. Эми кайрадан окуу жайдан жолугуп олтурам. Дипломуңду алганы келген экенсиң. Кайрадан окуумду улантам дедиң. Чындыгында эле өзгөрүп калыпсың. Татынакай келин болуп калган турбайсыңбы? Жөнөкөй эле, айылдын тегерек бет жайдары кызы, эми шаар ичиндеги татынакай ак жумал келген келин болуп калганы мени кыйла ойлонто койгонсуду. Эми кайдан. Эгерде ошол убакта азыркыдай болуп жолуксаң, мүмкүн турмушумдан айнып кетет белем деген жаман ой дагы келе түшөт. Кечир мени, мынтип жазып жатканымды. Бул сенин сүйүүң, менин туйлаган жылуу сезимим. Мындай нерселер келип кете береби? Же...

Ушуну менен катымды аяктайын. Кайда жүрсөң дагы аман болуп, өзүңө тең келген өмүрлүк жарыңды таап бактылуу болушуңду тилеймин. Кош бол! Кош, балалык сезим. Кош!

*Ош шаары. Агайыёдан...*

## НАЗ

Жай мезгили. Тоолордон ээрип түшкөн кардын суулары Тар дарыясын кара-кочкулга боеп, буркан-шаркан түшүрө, ээ-жаа бербей агып жаткан мезгили. Колхоздун чөп оруму гоо этектеп жогорулап калган.

- Ээ, авысын! Киргоокту сайга алып барып чайкап келели, - деген кичине авысынын айтканына Күмүш макул боло, жууганга даярдап койгон кирлерин чогулта баштады.

Кайниси быйтыры күздө үйлөнгөн. Айылда жакшы кыздар көп ошолордун бирин эле алып кел десе болбой, коңшу айылга барып жүрүп жайлоого барганда анча-мынча жолуга калып таанып болуп калган Акылбек деген баланын карындашына көңүлү түшүп калган экен. Көп өтпөй эле жуучуларды жиберип тойго маакулдашып келишкен.

- Ай Жанка кеттикпи! Күмүш буюмдарын көтөрүп алдыга түштү. Эки авысын бири-бири менен мамилеси ысык болуп, үй оокатты да чогуу кылыша үй-бүлөнүн коломтосун жылытып келишүүдө. Алардын мындай мамилесине көңүлдөрү жибиген эрлери, эрте менен чөп орумга кетишип, кеч келишсе да, үйдө күтүшкөн жарларын эңсөө менен тез жетүүгө ашыгышат. Бүгүн да жер жарык болбостон чалгыларын көтөрүшүп чөп орокко кетишкен.

- Э жеңе, сиз акеме турмушка чыга электе башка жигиттерге көңүл бурдуңуз беле? – шыңк эте күлө чоң авысынына тийише сөз узатты.

-Жо-ок кайдан. Согуш мезгили болсо. Жигиттердин баары согушка кеткен. Калса да анча-мынча согушка жараксыз адамдар жана жаш балдар калышкан да. Акең согушта оор жарадар болуп, госпиталда үч жыл жатыптыр. Акыры согуш бүтөөр мезгилде айылга келип калбадыбы. Келгенде эле биргадир болуп калды. Баардыгыбыздын көңүлүбүз эле агаңда. Бир күлүп койбогон, ачуулуу. Кээде туруп эле, «Встать! Марш!» - деп орусчалап бизге кыйкырып калчуу. «Выштаты» эмне? деп түшүнбөй, - ии жоголгула же иштегиле деп жаткан турбайбы деп калаар элек. Анын эмне деп айтка-



нына да кайыл боло иштеп жүрдүк. Бирде Чөп орчу жакка, бирде Ийри суу жакка буудай оргону алып барат. Буудайды кол менен оробуз. Колхоз берген арык ат бизге араңдан жете келчүү. Ал эмес, акең минээрде бели ийиле түшүп барып түзөлөөр эле.

- Сизге кандай көңүлү түшүп калды экен. Башка кыз-келиндер деле көп эле дейсиз.

-Туура айтасың Жанка. Кыздар көп эле болуучу. Айттым го көңүлүн кимге салат экен деп көз кырыбызды салабыз деп. Кара-Тектирдин ары башында буудай оруп жатабыз. Суусагандыгыбыздан идиштерибизди карасак жармаларыбыз калбаптыр. Бугабыздан ... мелакка барып суу алганча ичип келе коелу деп, эки кыз кыя жол менен жүрүп калдык. Булактын көзүнө барсак атын отко коюп, өзү жамбаштап булактын боюнда жатат. Сууга баралбай буйдала түшкөнүбүздү көрө, - Келе бергиле кыздар. Булак тунук болуп турат,- деп үн катканда ордубуздан обдула булакка идиштерди салдык. Идишимди биринчи толтуруп акең жакты карасам, эки көзүн менден албай карап туруптур. Уялганымды айтпа. Колу-буттарым калчылдап эрте кетүүгө ашыгам. Шеригимдин идиши толбой кечигет – Кеттикпи, дейим. Кое турчу, азыр – дейт. Идиштерди толтуруп ордубуздан жөнөй берээрде акең ордунан турду да, алдыбыздан утурлай басты – «Күмүш токтой турчу, сенде сөзүм бар эле», десе болобу. – «Туруңузчу ары», деп айланып өтө бербедимби. Кийин өкүнөм да, бекер эле кылыпмын деп. Ошондон кийин бара-бара мен да акеңди издеп, эңсөөчү болдум. Бир күнү ооруп калыптыр. Анын кылык-жоругун эстеп, жоктугуна көзүмдөн жаш да алып алдым. Түштөн кийин айылга баса бердим. Шериктерим «Түшүндүк» дегендей күбүр-шыбыр боло калып калышты.

Эки күндөн кийин кайрадан жумушка чыкты. Сүйүнгөнүмдү айтпа. Кантип, «жакшы болуп калдыңызбы» дегенимди да билбейм. Ошол күнү эки норма аткардым. Көп өтпөстөн эле, мага турмушка чык деп сөз айттырды. Каршы боло албадым. Анткени акеңди чындап эле жакшы көрүп, жылдызыбыз биригип калган экен.

Чоң авысынын айткандарына көңүл бура Жаркын өзүнүн бала-шынан өткөн күнүн көзүнөн өткөрө жай басып келет. Менде мындай сүйүү кайда. Жашымдан ата-энемеден айрылдым. Атамды согуш дайынсыз кылды. Эки бир тууган агам да согушта набыт болгон. Алардын күйүтүнөн апам көп өтпөй көзү өттү. Бир эжем менен кичинекей иним болуп үчөөбүз эптеп жан багып калдык. Эл бар экен, бизди ачка коюшпады, кабар алышып каралашып турушту. Эжем ошол айылдагы бир жылкычынын баласына тур-

мушка чыкты. Азыр жакшы жашап жатышат, иними өзүнө алып алышкан.

-Э Жанка бас, бул жер жайыраак көрүнөт, ушул жерге олтуралы. Тардын суусу булганыч тура. Тиги булактан суу алып келип тур, мен кирлерди даярдап турайын.

Жаркын челек менен булактан суу ташыганча, чоң авысыны очок жасап, от жагып сууну ысыта, тепшиге суу куюп кирлерин салып жууганга киришти.

Алыстан көргөн адамга Тар дарыясы анча чоң көрүнбөгөнү менен, жээгине келген адамды кыйла сүрдөтүп, шарынын күкүрөгүнө кыйла коркунуч туудураары бышык. Жакында эле тээ жогору жактагы кечүүдөн атчан өтөм деген бир адамды агызып кеткени элдердин үрөйүн учурган. Ал эми мына бул жакын эле жерде жайгашкан көпүрө, жылда оңдолоор менен эптеп турат. «Бүгүнкү күндүн жылуулугун кара, айлана да кооз болуп турат. Турат экөөбүз жаңы үйлөнгөндөн бир жума өткөндөн кийин, жетелешип алып ушул дарыяны көрүп келебиз деп келгенибиз. Ошол көпүрөдөн өтүп бара жатып «боюмду таштайым» деп тамашалашканыбыз. Ууртуңду, ууртуңду… тамагыңды, тамагыңды, деп аймалап өпкүлөгөнү». Беттеринен нур тамылжый түшө жолдошунун кылык жоругун эстейт.

-Э жеңе, бери карасаңыз!

-Эмне болду Жанка?

-О-о аркы бетте отун кыйып жүргөн киши ким?

-Кана, каерде жүрөт? Ии Болуш тура. Кайсыл киши десе.

-Табылгы чогултуп жүрөт да. Аны эмне кылат болду экен?

-Чанач ыштайт го.

Шоктук сезими козголо түшкөн Жаркын, каткырып күлө Күмүшкө:

-Ушул дайрадан адам кечип өтө алабы жеңе?

-Кайдан. Адам эмес, Буура да кечип өтө алгыс болуп турат.

-Болушту кечип өт дейинби? Өзү палван киши го. Э-э Болуш! О-уу Болуш!

-Ай Жанка жинди болбочу? Токтот тамашаңды.

Табылгы кыркып чогултуп жүргөн Болуш келиндер жакка карап туруп калды. Колун булгалап, бери өт дегендей белги берген келиндерди көрүп, «менби?» деп колу менен өзүн жансап көрсөттү. «Ооба» дегендей баштарын ийкеше, «Суудан кечип өт, эгер кечип өтө алсаң…» дегендей кыт-кыт күлө этектерин желпилдете бир белгини бергенсиди. Ушуну эле күтүп тургнадай Болуш үстүндөгү кийимдерин чечип ыргыта дарыяга боюн таштады. Албууттанган дарыя Болушту алып учуп бир топко чейин агызып жээкке сүрүп чыгарды. Буга чейин нечен, коркпостон бул дарыядан кечип өтүп жүргөн кырктын кырына чыгып калган киши тиги авысындардын жанына тез эле жетип барды.



Баятан бери жигиттин намыскөйлүк менен кылган иштерин көрүп, өзүлөрүнүн кылган иштерине кыйыла, аман эле калса экен деген ойдо, кирлери да эстеринде жок кудайдан тилешип олтурушту. Болуштун эсен-аман чыкканын көрүшкөн келиндер, салмактуу үшкүрүнө олтуруп калышты.

-Иэ, башың өскүр десе! Тамашалайым деп, аз жерден муну өлтүрүп ала жаздадың. Эми ушунча болду, көңүлүн суутпай жигитти ыраазы кылып жөнөтпөсөң болбойт. Кудайга да күнөөкөр болуп каласың. Мен кеттим, - деп чоң авысыны үйүн көздөй жол тартты. Ошону эле күтүп тургандай Болуш жаш келинге боюн таштай басып жыгылды.

Үзүлүп-үзүлүп чыккан үнгө: асмандагы күн күбө, желип жорткон жел күбө, шарылдап агып жаткан дарыя күбө. Алардын, ал жерде жатканына, канча убакыт жатканына өзүлөрү гана күбө.

Аркы беттен сайраган булбулдун үнү угулат. Кулакка жагымдуу үнү алардын демине – дем берип, эй адамдар жашоо кызыктуу, таттуу, тагдырдын оор абалына тартылбай, махабаттын ширин ырларын ырдай жүргүлө. Ал өмүрүнөрдү дагы узартат, дегенсийт. Мелүүн соккон жел, экөөнүн жүздөрүнөн аймалай сылап өтө «көрүп калдым, мен башкаларга айтып барам» дегендей сапар тартат.

-Кой эми, мен кетейин жолдошум келсе издеп калып жүрбөсүн, - деп Жаркын, Болуштун кучагынан бошой үйүнө жөнөдү.

Жаркындын караанын кыйлага чейин карап турган Болуш, аркы өйүздөгү калган кийимдери менен терип койгон табылгысына барууга кайрадан албууттанган дарыяга боюн таштады.

## ЧОЛОК БАЛА

Кыйма-чийме өтүп жаткан машиналар менен кошо жарышып араба түртүшүп, күнүмдүк тиричилигин өткөрүшүп жатышкан кишилер менен кошулушуп, алдарынын жетишине жараша жүк тарыша чуркап жүрүшкөн балдар. Чоң жолду бойлой суунун аркы өйүзүнө жайгашкан базарга өтө берчүү көпүрөнүн үстүндөгү бир бурчегидеги, колунда өтүк майлоого щетка алып, кремдин күрөң

жана карасынан ары-бери өтүп жатышкан адамдардын бут кийимдерин майлоого, алардын беттерине тике карай, «келиңиздер, майлап берем» – деп илгери үмүт менен кыймылдап келет.

Кылган ишине бир сом алса да канааттанып, келген адамдарды качырбастан кызмат кылууга даяр тургандай.

Өзү теңдү балдардын бир тобу базардын жогору тарабынан орун алышкан эле, анткени ал тараптан адамдардын келип кетчүү жолунда жайгашкан. Ал эми бул Чолок бала, алардан бөлүнүп өзү жалгыз эле бул жерден орун алып алган. Кичинесинен эле бир бутуна сылтып басат. Себеби тоодо жүргөндө кой кайтарам деп жүрүп жардан кулап кеткен эле. Буту сынып догдурда эки ай жатып чыккан. Ошол себептен Асый деген аты калып Чолок бала делип аталып калды.

-Бол эй! Эмне шылкыйасың?! Ылай болуп калды, тазала өтүктү! – кышылдап зорго баскан ичи чоң жалпак бет, кара тору адам өктөм сүйлөй Чолок баланын алдындагы олтургучка көчүк баса өтүгүн ага тосту.

-Мына азыр! Тез эле боло коем. – Колунда даяр турган щеткасы менен тазалаганга даярданып барып, өтүктүн ылай экенин көрө кайра чүпүрөктү колуна алды. Чүпүрөк менен нымдап алып өтүктү бир сыйра ылайларын арчып алды да, андан кийин щетканы колуна алып, кремди сыга өтүктү майлап кирди. «Мынча копол адам бул? Жөн эле жакшы сөз менен айтса деле болот эле го. Кызык…» – деген ойдо ишин улантып жатты. Чолок балага буга окшогон адамдар көп келишет. Кээлери жакшы мамиледе болушуп, акчаларын ашыкча таштап кеткендер да болушкан. Кээлери акча беришпей урушуп ыйлаткан күндөрү да болгон. – Эми экинчи өтүгүңүздү бериңиз.

-Таза болдубу бул жагы деги?! Энеңдурайын десе!! Арт жагын жакшы кара, кир болуп калса менден көрөсүң!! – негедир бир нерседен кыжаалат болгондой түрү бар бул кишинин. Күчүн Чолок баладан чыгарып жаткандай.

-Ооба жакшы эле тазаладым. Камтама болбоңуз, өзүңүз айткандай эле болот, - «Кой майды калыңыраак берип жакшы майлабасам бул кишиден уруш угуп калгыдаймын» – деген ойдо майды көбүрөөк сыйпап шыпылдап щетка менен сүртүп кирди. Кылдаттык менен көңүл буруп тазалаган иши ал адамдын көңүлүнө жага турган болуп калды го дегендей ойдо, - мына бүттүм – деп ал кишини карады.



-Эмне, тез эле болуп калдыңбы ия?! Кана көрөйүнчү? Жок, болбойт! Мобу жери боз болуп калыптыр. Акча бербеймин! Бул иш эмес!

- Аке-е, таза эле болду го? Жакшылап карасаңыз? Өтүгүңүздүн ал жерине, канча майласа да ошондой болуп тура берет экен.

- Турчу эй, ары! Албайсың!.. - Чолок баланын сунган колун силке салып тиги киши жолго түштү.

- Аке-е, акчасынчы-ы...

Көзүнөн кылгырып аккан жашын сүртө, өзүнө ылайыкташтырып жасап алган олтургучуна кайрадан отурду.

Күнүмдүк тиричилик үчүн чуркап иш кылып жүрүшкөн адамдар. «Пош-ш! Пош-ш! Ой ка-ач!» Кол арабасына толтура жүк жүктөлгөн, кабыргасынын издери көрүнүп калгандай арык жыйырмалардагы бала илебин тиштене арабасын түртүп келет.

- Э-эй Чолок бала! Андагы олтургучуңду артыраак тартып койсоң болбойбу ия?! Өткөн адамдарга жолтоо болуп жатасың, - азыраак убакытка дем ала калган арабакеч, чекесиндеги терди аарчый үн салды.

- Арагыраактан өтө бербейсиңби? Жол кеңири эле го. Батпай жатасыңбы?! - өзү да буулугуп араң турган Чолок бала тигиге кыйкырып кое берди.

- Жо-о батам го дечи, деги айтам да. Кичине эле жылдыра койсоң мен кеңири батып калам дегеним. Анын үстүнө ары-бери жүргөн адамдар көп... - Тайсалдай жооп берди.

-Ээ тууган! Ичиңди кеңири кыл. Ошондо бардык жерден батып кете бересиң...

Базар турмушу ушинтип эрте мененден кечки караңгыга чейин уланып келет. Чолок баланын катарында буюмдарын сатышып олтурган орто жашап калышкан аялдар... Көпүрөдөн өткөндөн кийин базардын кызуу жерине келесиң. Кире бериште музыкалык аспаптарын колдоруна алышып ойноп, ырдап жатышкан көздөрү азиз бир аял менен бир эркектин кечке садака алып жатышканы. Алардан ылдыйраак жылганда, катарынан тизилип алышып, үй жылытуу үчүн жасалган зым спиралдарын сатып жатышкан аялдар менен эркектер. Эки тараптан катарынан тизилип жасалганган текчелердеги жайма базарчылар өткөндөрдү үмүт менен тиктей ээрчип калышат.

Чолок бала турган жерден анча деле алыс эмес жерде ашкана бар. Ошол ашканадан үч маал тамак ичип жүргөн Чолок баланы ашпозчулар да таанып бүтүшкөн. Ал күндөгүдөн бүгүн тамакты

көбүрөөк алды. Ак-Буура суусу тараптагы бош турган сөрүгө ташып барып, тамактанып кирди. «Бүгүн канча акча таптым экен, санап көрөйүнчү» - деген ойдо, айлананы бир карап алды да, чөнтөгүндөгү акчаларын сууруп чыгып алдына койду. 27 сом 50 тыйын экен. Тигил киши берип кеткенде отуз сомго жакындап калат эле. Ээ мейличи! Дагы кечке чейин кыбырасам, дагы ушунча болуп калаар...

Чолок бала шаардын чыгыш тарабында Махамаджан деген өзбек кишинин үйүндө батирде турат. Анын томолой жетим экенин уккан батирдин ээси, Чолок баладан үй акыны албастыгын айтып: «өзүңдү эптеп багып кет» - деп боору ооруп үйгө киргизген. «Балам, чоңоюп деле калыпсың. Алиги ооруган бутуңду догдурга көрсөтсөң, мүмкүн операция менен жакшы болуп кетер беле. Бутуң чолок болгону менен али жашсың. Андан көрө бекер олтурбастан мына бул стулду колуңа ал да, базардын бир бурчуна олтуруп алып өтүк майлаганды үйрөн. Ата-бабабыз ушундай кесип менен эле өздөрүн багып келишкен» - деп эс үйрөткөн.

Бул ишти баштагандан бери ичкен-жегенден сырткары чогулткан акчасы да бир топ болуп калган. «Мен төрөлгөнгө чейинки мезгилде догдурлар оорулууну бекер карашчу экен. Эмнеге азыр төлөмөй болуп калган? Азыр деле бекер көрүнсө болбойбу? Жок дегенде мага окшогон жетимдерге жардам беришсе...» - өзүн жетим деп ойлонуп алып, көзүнөн жашы тамчылай тамагы буулуга түштү. «Чындыгында эле жетим калдымбы? Атам өлгөндө мен абдан эле жаш экемин. Өзүн асып өлүп алды деген элдердин сөзүн уксам да, анча маани берген эмес экемин. «Асынган» деген сөзгө түшүнүгүм болбоптур. Эми атаң эмне болуп өлгөн деп сураса «асынып алган» дегенден намыстанып, «авариядан өлгөн» дегенге туура келип олтурбайбы. Атабыздын бир туугандарынан да эч ким калбаптыр. Алысыраак гана туугандарынан айылда эки үйлүү бар экен. Алардын колуна батышпадым.

Уруштарын угуп, анан шаарга баса берген чолок бала шаар аралап жүрүп, Эркинбек деген бала менен көңүлү жакын болуп калган эле. Ошол аркылуу ушул батирди таап алган.

Кээде апасын эстейт. Анын кылган кылыктарын сезип ирээнжип жүрчү. Атасы ишке кеткенде апасы баласын ээрчитип алып үйүнөн алысыраак жерде токтоп турган жеңил машинага түшүп кеч киргенче ар жакта жүрүп келээр эле. Айрыкча, апасынын ичкилик ичип алгандан кийин, эркек кишилер менен кучакташып өбүшө калып, баласын «бара турчу ары, ар-рам сийдик десе» деп түртүп



салганы, аз убакыттан кийин эч нерсе болбогондой, унутуп калгандай «и-ий, сен бар белең, келчи, келегой» деп эркелеткен болуп: «Атаңа унчукпай эле койчу. Сен жакшы баласың да ээ? Айтсаң менден бирди көрөсүң» - деп эркелете, коркутуп койчу. «Кайсыл жакка барып келдиңер», -деген атасына: «Тигил Уулкандын эле үйүндө чай ичип олтурдук. Чай ичип кеткиле деп чакырып калбадыбы» - деп жойпуланып калаар эле. Апасынын каякта жүргөнүн Чолок бала өзү да билбейт. Атасы өлгөндөн кийин эле, ал борбор жакка кетип калган. Эки жылдан кийин Карасуунун базарынан капысынан жолугуп калды.

-Асый... Асый! Сен Асыйсыңбы?

Колунда кичинекей сумкасы бар. Оозун кызарта боёп алган. Тармалдантып алган чачы, жаш балдарды коркутуучу бөкөчөдөй көрүнүп, денесине чыптала кийинген кийимин көрүп, «ушул апамбы?» дегендей таң кала тиктеп туруп калды.

-Ой! Бул сиз белеңиз?! Ап-п...- өзүнүн айткан сөзүнө өзү уялып кеткендей, кетенчиктей берип тегеректи карап туруп калды. Аларга көңүл бурган деле эч ким жок. Башка адамдар өзүнүн иши менен алек.

-Кагылайын Асыйым, аман жүрөсүңбү деги? Сени көрөм деп ойлободум эле. Мен куруюн балам. Сени таштап кеткенден кийин, көп эле жолу сени алып кетсем деп ойлондум. Убакыт болбой келалбай жатпадымбы. Кыйла чоңоюп калыпсың. Кыйналбадыңбы?

Апасынын эбиреп-жебиреп сүйлөп жатканына анча деле көңүл бурбастан андан тезирээк алыстап кетүүнү каалап турду. Апасы кетип калгандан кийинки анын көргөн кордугу, балдардын «Сенин апаң бузулуп кеткен. Апаң Бишкектин көпөлөгү болуп калыптыр» деген ачуу сөздөрү кулагынан такыр кетпей койгон. Азыр да ошол ачуу сөздөр кулагында жаңырып туруп алды. Апасына көңүлү ирээнжий түшкөн бала артына шарт бурулуп чуркап жөнөдү. Каяка чуркап бара жатканы да белгисиз. Өпкөсү көөп күйүккөнү агаары бирдей эле. «Кы-ыйк!» Тормуздун ачуу үнүнөн чочуп кеткен Чолок бала жалт карай салып, катарындагы чала тийип барып токтогон машинаны карап туруп калды.

-Эй бала, сен эмне жинди эмессиңби?! Машина келе жатканын көзүң көрбөдүбү ия?! Жолдун ортосуна өтүп алып мас немедей кетип бара жатканың кандай? Аз жерден тебелеп кете жаздадым, - деген шофердун сөзү да анын кулагына кирбегендей. Андан кийин апасын көрө элек. Кайда, эмне кылып жүргөнү ал үчүн кызыксыз.

Кечкурун батирине чарчап келген Чолок бала, ошондогу апасы менен жолуккан күнүн эстеп кетти. Негедир көңүлү суз болуп тамак ичкенге да табити тартпай тургансыйт. Ным жыттанган батиринин бир бурчунда «чы-ыйт» деп чычкандардын ойноп жүргөнүнө да көңүл бөлбөдү. «Бүгүн эртерээк эле төшөккө жатайын. Эртең, эрте менен өз жумушума барам. Анан...» Оюн жыйып алгычакты үй ээсинин:

-Асыйжан, барсыңбы? - деген үнү чыгып калды.

-О-оу, бармын!

-Жалгыз олтура бербестен бери чык, шахмат ойнойбуз.

-Мен эс алайын дедим эле?

-Анда жарым саатка убактыңды бөлчү. Тамак да бышып калды. Тоюнуп алып анан эс ал, макулбу?

-Жо-ок, тамак ичким келбей турат. Ырахмат сиздерге. Убара болбой эле коюңуздарчы.

-Ай, Асыйжан. Ичкериден сүйлөй бербей бери чыксаң. Сага эмне болду? Ооруп калбадыңбы? Бир нерсеге капа болгон өңдөнөсүң.

Махамаджан чынында эле Асыйдын кабагы бүркөлүп турганын байкаган эле. Чолок баланы болбогонуна койбой өздөрү олтурчу бөлмөгө ээрчитип кирди.

-Лолахан, тамагың барбы? Биздин кыргыз жигиттин уйкусу келип калыптыр. Тамагыңдан берип туруп бешикке бөлөп коелу. Ха-ха-ха! - каткырып күлө Чолок балага «жогору өт» дегендей белги берди.

-Ийа-а Асыйжан балам. Карниңиз хам ачса керак. Махамаджан акең тугри айтябти. Оукаттан ичишип алып анан ятарсиз. - Лолахан азыр алып келем дегендей кол жаңсай ашкана жакты көздөй басты...

-И-ий, кыйла убакыт өтүп кеткен тура, Эртерээк ордума барып олтурайын. Мындай иште убакытты бекер кетирсем догдурга акча чогулталбай калам го. Чолок бала ичилген тамактарынын идиштерин чогултуп, атайы коюла турган столго алып барып койду да ашканадан чыгып, ишине шашыла жөнөдү.

Күн батышка карай сызылып, кеч киришине жакындап калган экен. Кое турган стулдарын жайынан алды да кайрадан көнүмүш тиричилигин баштады.

-Келиңиздер. Өтүк майлайм. Арзан эле, келиңиздер...



## МАЗМУНУ

Кан тамган терлер ........ 3
Мезгил сапары ........ 63
Алия ........ 99
Чиеленген тагдыр ........ 122
Жайлоодо ........ 140
Ок... кара жерге киргир десе...! ........ 146
Сен сулуусуң... ........ 148
Курманжан датканын ыйы ........ 150
Чыр бала ........ 152
Кыял ........ 158
Салам кат ........ 160
Наз ........ 166
Чолок бала ........ 169

БОСТОНКУЛОВ Маматибраим

МЕЗГИЛ САПАРЫ

*Повесттер жана аңгемелер*

Редактору *Жумадин Кадыров*
Тех. редактору *Жумагул Сооронкулова*
Компьютердик калыптоочу *Табылды Жаныззаков*

Форматы 60x84¹/₁₆. Көлөмү 11 басма табак
Заказ №____. Нускасы 500 даана.

Бишкек шаары
басмаканасы

100e